# МАЗМУНУ

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

***Абдиева Айша Мухаматкуловна, Рысбаева Жамила Толоновна, Миталип уулу Азаматкул***
*СОВЕТТИК, ПОСТСОВЕТТИК ОКУМУШТУУЛАРДЫН ӨСҮМДҮКТӨР ДҮЙНӨСҮН ТААНЫП БИЛҮҮ БОЮНЧА* ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ........................................................................................**4**
***Алымбаев Жээнбек***
***ТҮРКСТАН АССРдеги КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫККА КАРАЙ УМТУЛУУ АРАКЕТТЕРИ (1917-1924-жж)*……………………………………………………………………………………..9**
***Атабекова Шарапат Батыровна, Кенжебаева Алмашай***
*ЭЛЕЧЕК – УЛУТ СЫЙМЫГЫ*..........................................................................................**15**
***Арстанов Сабыркул Абдиманапович, Чыналиева Мубарак Иманбаевна, Абдурахимова Асия Вахобовна***
*XIX К. АЯГЫ – XX К. БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БОЛУШТУК БАШКАРУУ ИНСТИТУТУНУН ТАРЫХЫНАН*..........................................................................................**18**
***Ахматова Айнура Найматовна, Илебаев Арстанбек Касенович***
*Я.Р.ВИННИКТИН ЭМГЕКТЕРИ ЭТНОГРАФИЯЛЫК ӨҢҮТТӨ*..............................................**23**
***Балтабаева Аида Тынайбековна***
*ФИЛОСОФИЯ КУРАКА (ПЭЧВОРКА) У КЫРГЫЗОВ*..........................................................**29**
***Бактыярбек уулу Эржан, Чыныкеева Гүлназ Эргешалиевна, Дыйканова Шекербубу Анарбековна***
*КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК ОРУСТАР: ТАРЫХЫЙ КАЛЫПТАНУУСУ ЖАНА АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ ДЕМОГРАФИЯЛЫК АБАЛЫ* .........................................................................**33**
***Бекмирзаев Рахмонали Бегалиевич***
*ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ГЕОСАЯСИЙ ЖАНА ЭТНО-МАДАНИЙ КОНТЕКСТИНДЕГИ ЗАМАНБАП УЛУТТАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ПРИНЦИПТЕРИ*..............................................**40**
***Джоошбекова Айнагүл***
*КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫНЫН ТЫШКЫ МИГРАЦИЯ МАСЕЛЕЛЕРИ* .................................**45**
***Дуйшонбаева Аида Байышевна***
*КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН ТЕХНИКАЛЫК ФУНКЦИЯСЫНДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР* ..........................................................................................**52**
***Жороева Зейнеп Эргешовна***
*КАРА-КӨЛ ШААРЫН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ ЖАНА БУЛАКТАРЫ*...........................**59**
***Көчкүнов Айдарбек Сулайманкулович***
*ХУНН ДООРУ ЖАНА «МАНАС» (С.ОРОЗБАКОВ ЖАНА С.КАРАЛАЕВДИН ВАРИАНТТАРЫ БОЮНЧА «МАНАС» ЭПОСУНУН КЕЛИП ЧЫГЫШЫНЫН ТАРЫХЫЙ НЕГИЗДЕРИН ИЗИЛДӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИНЕ КАРАТА)* ..........................................................................................**65**
***Көлбаева Замира Исаевна, Зулуев Бекмурза Бекболотович***
*КЫРГЫЗСТАНДА КООМДУН ЭТНИКАЛЫК КӨП ТҮРДҮЛҮҮГҮНҮН ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ* ..........................................................................................**72**
***Көлбаева Замира Исабаевна***
*КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ТАРЫХ САБАГЫНДА ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУН ЧЫҢДОО* ...................**78**
***Садыкулов З.С., Утуров Э.З., Элтинде к.Э***
*1956-ЖЫЛЫ ФРУНЗЕ Ш. (БИШКЕК) ӨТКӨН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНОГЕНЕЗИНИН ТАРЫХЫНА АРНАЛГАН ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН ТАРЫХЫЙ ЖАНА САЯСИЙ МААНИСИ* ..........................................................................................**81**
***Сулайманов Эртабылды Жолдошевич, Исаков Болотбек Мухтарович***
*ТУУГАНДЫК СИСТЕМАСЫНДАГЫ АВУНКУЛАТ - "ТАЙЛАР ЖАНА ЖЭЭНДЕР" МАСЕЛЕСИ*.**89**

***Мусаев Өмүрбек Мамаюсупович***
*КОКОН ХАНДЫГЫНДАГЫ ИЧКИЛИК КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭЭЛЕГЕН ОРДУ ПРОБЛЕМАСЫН ИЗИЛДӨӨНҮН КЭЭ БИР АСПЕКТИЛЕРИ*........**94**
***Назаров Иван Иванович, Айтбаев Тажибай Акматович***
*ОБ ИЗУЧЕНИЕ ТРАДИЦИОННОЙ КУЛЬТУРЫ В РАМКАХ МЕЖДУНАРОДНОЙ ЭТНОГРАФИЧЕСКОЙ ЭКСПЕДИЦИИ «БОЛЬШОЙ АЛТАЙ: ОТ АЛТАЯ ДО АЛАЙКУУ»*........**100**
***Нуридинов Турдали Камбарович, Исломов Абдулазиз Латиф угли***
*НАЦИОНАЛЬНЫЙ СОСТАВ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ В КОНЦЕ XIX -НАЧАЛЕ XX ВЕКА*........*106*
***Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевна***
*КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ КИЛЕМ ЖАНА КИЛЕМ БУЮМДАРЫНДАГЫ ЭТНОМАДАНИЙ АСПЕКТИЛЕРИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ*........**112**
***Ташбаева Кадича Искандаровна***
*АРХЕОЛОГО-ЭТНОГРАФИЧЕСКАЯ ЭКСПЕДИЦИЯ МИЦАИ 2006-2007 гг. И КУЛЬТУРА КЫРГЫЗОВ СУАР*........**117**
***Тагаева Кулпинай Муродиловна***
*«МАНАС» ЭПОСУНА ТАРЫХЫЙ БАА БЕРҮҮНҮН УРУНТТУУ УЧУРЛАРЫ(А.Н. Бернштамдын мисалында)*........**127**
***Темирова Сайкал Мамадовна, Авазов Эрнис Абдыманапович***
*ОМОР СООРОНОВ - ФОЛЬКЛОРДУК ЖАНА ЖАЗМА ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДЫН ТАРЖЫМАЛЫН АЧКАН ААЛЫМ*........**131**
***Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна, Шерматов Абдыжапар Орунбаевич, Умарова Мээргүл Калдарбаевна***
*ЭР СОЛТОНОЙДУН БААТЫРДЫК ЖАНА ИНСАНДЫК САПАТТАРЫ*........**135**
***Токоева Гулдана Самидиновна, Кожоназарова Ырыскүл Мырзалиевна***
*ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ЖАЙЛАРДЫ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ 3D МОДЕЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ-УСУЛДУК НЕГИЗДЕРИ*........**140**
***Усенов Адилет Алимжанович, Мамытов Марат Исабекович, Бектурсунов Жанарбек Бектурсунович***
*ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН СТУДЕНТТЕРДИ СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА УКУКТУК КОШТООНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ФОРМАЛАРЫ*........**147**
***Халматов Кудрат Абдувахабович***
*ПРОФЕССОР Э.Ж. СУЛАЙМАНОВ ЖАНА АНЫН ЖАРАТКАН ЭМГЕКТЕРИ*........**150**
***Хожаниязова Гулшана Муратбаевна, Юлматов Шермурат Ахметович***
*КАРАКАЛПАКТАРДЫН КАЙРЫМДУУЛУК ЖАРДАМЫ*........**156**
***Эсонов Зиёдбек Юлдашевич***
*РЕЛИГИОЗНЫХ ВЗГЛЯДОВ, СВЯЗАННЫХ С ПОКРОВИТЕЛЯМИ РЕМЕСЕЛ НАСЕЛЕНИЯ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ*........*161*

## ***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
## ***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
## ***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***Акпаралиева Батма Арымовна, Калыбекова Миргул Жумабековна, Абдыкалыкова Насиба Алияровна***
*ЭКОНОМИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ МАТЕМАТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАРДЫ КОЛДОНУУ*.**167**
***Воробьев А.Е., Торогелдиева А.Б., Воробьев К.А.***
*НАУЧНЫЙ АНАЛИЗ ЭВОЛЮЦИИ FINTECH*........**170**
***Джумабаева Акылай Номонжановна***
*МЕКТЕП ПРЕДМЕТТЕРИН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУ МЕНЕН ОКУУЧУЛАРДЫН ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕРИ*......**178**

***Жумабек кызы Гүлкан, Апышова Базаргүл Токтосуновна***
*ЭТНОМАДАНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ* **.......................................................................................182**
***Нажимидинова Асылкан Элчиевна, Абдумансурова Акылай Маматовна, Сейдалиева Орозгүл Усеновна, Жолубай кызы Атыргүл***
*ЭЛДИК ЖОМОКТОР, УЛАМЫШТАР ЖАНА МИФТЕР АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МЕТОДДОРУ, ФОРМАЛАРЫ* **.......................................................................................187**
***Сакиева Сайипжамал Салайдиновна, Капарова Нургуль Абийбилаевна***
*БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ ("МЕН ЖАНА ДҮЙНӨ" ПРЕДМЕТИНИН МИСАЛЫНДА)* **.......................................................................................193**
***Термечикова Алтынкан Мамытовна***
*БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТ: ЗАМАНБАП ОКУТУУНУН ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ* **.......................................................................................198**
***Усупова Адилет Акбаралыевна, Исакбаев Азамат Адыкалыкович***
*ИННОВАЦИОННЫЕ БИЗНЕС-МОДЕЛИ КАК ФАКТОР УСТОЙЧИОГО РАЗВИТИЯ АГРОПРОМЫШЛЕННОГО КОМПЛЕКСА РЕГИОНА* **.......................................................................................203**
***Эргешова Бурулкан Маматкасымовна***
*БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ДЕБАТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ (ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАЛАРЫНДА)* **.......................................................................................213**
***АВТОРЛОР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ.......................................................................................218***

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

***Абдиева Айша Мухаматкуловна, Рысбаева Жамила Толоновна, Миталип уулу Азаматкул***

# СОВЕТТИК, ПОСТСОВЕТТИК ОКУМУШТУУЛАРДЫН ӨСҮМДҮКТӨР ДҮЙНӨСҮН ТААНЫП БИЛҮҮ БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨЛӨРҮ

***Абдиева Айша Мухаматкуловна, Рысбаева Жамила Толоновна, Миталип уулу Азаматкул***

# ИССЛЕДОВАНИЯ СОВЕТСКИХ, ПОСТСОВЕТСКИХ УЧЕНЫХ ПО ПОЗНАНИЮ РАСТИТЕЛЬНОГО МИРА

***Abdieva Aisha Mukhamatkulovna, Rysbaeva Jamila Tolonovna, Mitalip uulu Azamatkul***

# RESEARCH BY SOVIET AND POST-SOVIET SCIENTISTS ON THE KNOWLEDGE OF THE PLANT WORLD

***УДК. 39: 573.2 (575.2) (04)***

***Аннотация.*** *Бул макалада кыргыздардын чарбачылыкта, күндөлүк турмушта, көл өнөрчүлүктө, сулуулук каражаты катары, элдик медицинада, элдик ветеринарияда ж.б. флораны пайдалануунун кылымдар бою топтолгон элдик тажрыйбасы коомдук жана табигый илимдердин өкүлдөрү тарабынан изилденип келе жаткандыгы туурасында маалыматтар берилген. Автор XIX к. аягынан тарта орус окумуштуу-саякатчыларынын Орто Азияга байма-бай келиши, анын ичинде кыргыз жерине кызыгуулары, бул аймактардын флора жана фаунасы боюнча илимий эмгектерине токтолот. Ошондой эле, постсоветтик республикаларда XX к. акырынан тарта бул багытта атайын изилдөөлөрдүн жүргүзүлүүсү жана жарыяланган бир топ илимий эмгектер жөнүндө берилет. Илим жаатындагы “Этноботаника” илимий багытынын калыптанышы, этнология илими менен тыгыз байланышы жөнүндө жана бул багытта Кыргызстанда алгачкы кадамдардын жасалышы, бирок атайын изилдөөлөрдүн жок экендигине токтолот.*

***Негизги сөздөр.*** *чарбачылык, элдик медицина, этноботаника, этнология, маданият, орус окумуштуулары, фольклор, флора, фауна.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается многовековой народный опыт кыргызского народа об использовании флоры в хозяйстве и быту, как средство красоты продлевания молодости, народной медицине, народной ветеринарии и др., этот вопрос мало изучен представителями общественных и естественных наук. В материалах о частых визитах российских ученых и путешественников в Центральную Азию, в том числе на кыргызскую землю в XIX веке отражены в том, что их интерес сосредоточены на флоре и фауне этих регионов. В статье также представлены специальные исследования в этой области и ряд опубликованных научных работ в постсоветских республиках в XX в. Автор рассказал о формировании научного направления «этноботаника» в области науки, его тесной связи с наукой этнологии и первых шагах в этом направлении в Кыргызстане, но и об отсутствии специальных исследований.*

***Ключевые слова.*** *хозяйство, народная медицина, этноботаника, этнология, культура, русские ученые, фольклор, флора, фауна.*

***Annotation.*** *This article discusses that the centuries-old folk experience of the Kyrgyz people in the use of flora in the economy, everyday life, as a means of beauty, folk medicine, folk veterinary medicine, etc. has been little studied by representatives of social and natural sciences. Shown are the frequent visits of Western and Russian scientists and travelers to Central Asia, including the Kyrgyz land in the 19th century, their interest is focused on the flora and fauna of these regions. There will also be presented special studies in this area and a number of published scientific works in the post-Soviet republics in the twentieth century. The author spoke about the formation of the scientific direction "Ethnobotany" in the field of science, its close connection with the science of ethnology and the first steps in this direction in Kyrgyzstan, but also about the lack of special research.*

***Key words:*** *economy, folk medicine, ethnobotany, ethnology, culture, Russian scientists, folklore, flora, fauna.*

Кыргызстанда совет мезгилинде этнографиялык изилдөөлөр россиялык илимий мекемелердин кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн. Кыргыздардын флораны пайдалануусу тууралуу кол өнөрчүлүк боюнча жазылган илимий изилдөөлөрүндө аздыр-көптүр чагылдырылат. Бирок алардын көпчүлүгү Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган кыргыздардын арасында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн материалында жазылган. Кыргызстандын түштүк-батыш райондоруна тиешелүү материалдарды чагылдырган эмгектер саналуу гана жана толук абалды көрсөтө албайт.

Ириде таланттуу окумуштуу, кыргыз этнография илимине негиз салуучулардын бири С. М. Абрамзондун эмгегин белгилөөгө болот. Анын көп жылдык изилдөөсүнүн натыйжасында топтолгон материалдары эл арасынан жыйналгандыгы менен баалуу болуп саналат. Окумуштуу кыргыз этнографиясынын ар кыл маселелерин: этногенезин, салттуу чарбачылыгын, үй-бүлө жана нике мамилелерин, үй тиричилигин, ырым-жырым жөрөлгөлөрүн, элдик салттуу дарыгерчилигин ж. б. ар тараптуу изилдөөгө алган жана фундаменталдуу эмгектерди жараткан. Бизди кызыктырган маселелер автор тарабынан жазылган макалаларда, монографияларында дыйканчылыкка, кол-өнөрчүлүккө, материалдык маданиятка (турак-жайы, эмгек куралдары, үй буюмдары, кийим-кечелери, тамак-ашы ж. б.), элдик искусствого арналган бөлүмдөрүндө белгилүү бир өлчөмдө алынган [1, 1971].

Кыргыз элинин жыгачтан жасалган буюмдарына жана жыгачты иштетүү ыкмаларына А.Ф. Бурковскийдин эмгеги далил боло алат [2]. К.И. Антипина бир катар экспедицияларга катышышкан. Анын эмгеги түштүк аймактагы кыргыз калкынын этнографиялык өзгөчөлүктөрүн изилдегени менен баалуу. Кыргызстандын түштүгүндөгү материалдык маданияттын жана колдонмо өнөрдүн өзгөчөлүгүнө, анын ичинде жыгач иштетүү кол өнөрүнө айрыкча көңүл бөлгөн. Ал кыргыз элинин турмуш-тиричиликте пайдаланган жыгач буюмдарына, идиш-аяктарына жана алардын жасалыш ыкмаларына, аны менен катар тактайларга түшүрүлгөн оюуларга өзгөчө көңүл бурган [3].

К. Антипина көл өнөрчүлүктө жүндөн жасалган буюмдарды өндүрүүдө боёо маанилүү жүрүм экендигин, кыргыздар өсүмдүктөрдүн тамырын, бутагын, жемишин колдонушарын жана көк, кызыл, сары, ток сары түстөрдү жакшы көрүшөрүн белгилейт. Боёк катары чүкүрү, ышкын, кымыздык, ат кулак өсүмдүктөрүн жана дарактардан болсо: кеч күздө тыттын жана өрүктүн тамырын казып алышып, анардын жана жаңгактын кабыгынан кара түстү алышкандыгын жазган [3].

Этнограф А. С. Акматалиев кыргыз жергесин түгөл аралап кыдырып (*анын кызыгуусу Лейлек районунун “Искра” жана Калинин атындагы жети жылдык мектептерде мугалим, директор болуп иштеп жүргөндө башталган деп берилет*), көл өнөрчүлүктүн көп кырдуу, ар тараптуу түрлөрүн терең изилдеген. Кыргыздардын этнографиясын, каада-салтын, тарыхын, маданий байлыгын, айрыкча кол өнөрчүлүгүн ийне-жибине чейин жазып калтырган [4]. Ал кыргыздардын этнографиялык материалдарын чогултуп, кыргыз элинин айрым салттуу буюмдар жана аларды жасоо ыкмаларынын кыскача сөздүгүн түзгөн жана боз үйдүн (этнографиялык этюддар) бардык элементтерин жиликтеп, боз үйдүн табиятын б. а. көркөмдүккө, математикалык так эсепке, физикалык тең салмакка ээ экендигин белгилейт.

Этнограф К.Мамбеталиева 1958-1960-жылдары Кыргыз ССРнин түштүк бөлүгүндөгү көмүр өндүрүлгөн Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр, Көк-Жангакта жашаган кыргыз-кенчилердин турмуш-тиричилигин жана маданиятын, үй-бүлөлүк мамилелерин атайын изилдөөгө алган. Анын эмгегинде Сүлүктү жана Кызыл-Кыя аймагында жашаган аялдар тиштерин кара түскө боёошуп, сулуулук каражаты катары *тиш калы*, бетттерине, колдоруна жана эки каштын ортосуна *хал* (кал, татуировка) койушат, *хна* менен тырмактарын боёошот деп маалымат берилет [5].

Алар менен катар этнографиянын айрым жактары филолог-окумуштуу К. К. Юдахиндин материалдарында чагылдырылат. Ал 1947-жылы февраль айында Ош облусунун Лейлек районундагы Лейлек колхозунда, Катраң, Тогуз-Булак сельсоветтеринде болуп, жергиликтүү кыргыздардын тилин, турмуш-тиричилигин жазып калтырган. Кыргыз таануучу К.К. Юдахин Лейлек жергесиндеги түштүк лексикасында түндүк диалектилеринде жок көптөгөн элементтер бар жана алардын түшүндүрмөсүн түштүк кыргыз чарбасында жана эзелки кыргыз-өзбек-тажик байланыштарында оңой эле табууга болот деп төмөнкүдөй мисалдарды келтирген: жергиликтүү кыргыздар *ширни* – (бекмес) коюу жүзүмдөн же башка мөмө – жемиштен жасалган шербет, шире; *кыям* – ширниден бир канча коюу маңыз; *шиңгил* – жүзүмдүн бир бөлүгү деп жазган [6].

Академик А. А. Алтымышев Кыргызстандын табигый дары-дармектери, дары чөптөрү тууралуу эмгектерди жарыялаган. Ал өзүнүн эмгектеринде дары чөптөрдү чогултуу, аярдоо, пайдалануу жөнүндө, дары чөптөрдүн аймактык өзгөчөлүктөрү жөнүндө талдоо жүргүзгөн [7].

Этнограф Э.Ж. Сулайманов биз изилдөөгө алган аймактарды кыдырып, бир топ материалдарды жыйнаган, өз эмгектеринде кыргыздардын териден жасалган ат жабдыктарын даярдоо, анын ичинде ээрди жасоо жана боз үй жөнүндө баалуу эмгектерди жазган [8; 9].

Соңку 1985-жылдардан баштап кыргыз элинин этнографиясына өзгөчө көңүл бурулуп, аларды ар тараптан изилдеп, кыргыз этнография илимине өздөрүнүн жеке салымдарын кошо алышкан бир топ жаш илимпоздор пайда болду. О.Э. Капалбаев XIX к. - аягы XX к. башында кыргыздардын салттык жыгаччылыгы жана көнчүлүгү сыяктуу өзүнө таандык башка элдердин маданиятынан айырмалып турган, көркөм кол өнөрчүлүктүн негизги түрлөрүн ачып берген [10].

Ч.Т. Сатыбалдыева көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү-салттуу саймачылык өнөрүн жазган, түштүк, түштүк-батыш кыргыздарынын саймачылык (кеште деп айтышкан) өнөрүндө өсүмдүктөргө басым жасап, туш кийиз, аяк кап, балыш (жаздык), кийим парда, ийне сайгыч, дикак ж. б. алардын мотивдерин түшүрүп, “гүл”, “бутак”, “арча”, “бадам” жана “калемпир оюм”, “арча бутак”, “жийде гүлү”, “анар”, “гүлдүн сотосу”, “тал барки” деп аташкандыгын, элдик колдонмо-жасалга өнөрүндөгү кыргыз саймаларынын ачыктыгын жана коздугун, алардын түрлөрүн, табигый боек катары өсүмдүктөрдү пайдалангандыгы тууралуу маалыматтарды берет [11].

Т. Чоротегин Махмуд Кашгари-Барсканинин мезгилин анын чыгармасы аркылуу карап, «Дивану лугати ат-түрк» эмгегинде кол өнөрчүлүккө, анын ичинде өсүмдүктөргө, оорулардын аталышы, табыптарга байланыштуу маалыматтарды келтирип өткөн. Аны төмөндөгүдөй берет: “от” – мал, чөп, өсүмдүк. “от өнди-от өндү, чөп өсүп чыкты. «от-дары

чөп, от ичтим-дары ичтим". Табып маанисиндеги "отачи" деген сөз да ушундан келип чыккан. "ем" – эм, шыпаа, даба. Эмдөөчү, табып, "емчи" дешет. Ерүк – шабдаалы, өрүк, кара өрүк өңдүү мөмөлөрдүн жалпы аты. "түлүк өрүк-шабдаалы, "сары өрүк-өрүк, "кара ерүк"- кара өрүк. Үзүм-жүзүм. Ысрык-ысырык.

Ендуз – антыс жылкынын ичи ичи ооруганда пайдалануучу дары чөптүн тамыры (карындыз). "ендуз" болсо ат өлмес" карындыз болсо ат өлбөс. Анткени бул чөптүн тамырын жанчып ылаңдаган аттын мурдуна тамызса ат айыгат [12].

Антрополог Ч. Турдалиева өз эмгегинде британиялык агент Ф. Янгхазбенд Фергана жана Алай өрөөндөрүндөгү кыргыздар дыйканчылык менен алектенишерин белгилейт деп жазган. Советтик мезгилде өнөр жай шаарлары болгон Сулюкта жана Кызыл-Кыя шаарларында жашаган аялдар өсүмдүктүн жана зооморфтук мотивдер түшүрүлгөн кооз тагынчактарды тагынышкан деп жазган [13].

М. Ажыкан уулу XIX к. аягы - XX к. башындагы кыргыздардын жана тувалыктардын материалдык маданиятындагы үйдүн, үй буюмдарынын, ат жабдыктарынын айрым бөлүктөрүн жасоодо колдонулган жыгачтар тууралуу маалыматтарды келтирет [14], Н. Султаналиева салттуу өрмөкчүлүктү изилдеп, жүндү сабоодо, боеодо, өрмөктө согууда колдонулган флорадан алынуучу аспаптар менен боёктор жөнүндө маалыматтарды баяндайт [15], Н. Маразыков Кыргызстандын түштүгүндөгү салттуу туруктуу турак жайларга арналган изилдөөсүндө үй курууда, үйгө байланыштуу ырым-жырымдарда колдонулган флора тууралуу маалыматтарды кеңири чагылдырган [16], Э.А. Саркашкаев кыргыздардын мал ылаңдарын дарылоодо флораны колдонуунун салттуу ыкмаларын [17] ал эми, Н.Тентигүл кызы өзүнүн илимий эмгегинде кыргыздардын салттуу дарыгерчилигинде эмчилер табыптар оору-сыркоолорду жаратылыш берген ар-кыл шыпалуу заттар, өсүмдүктөр менен айыктырып келишкендигин белгилешет [18].

Профессор А.А.Асанканов кытай кыргыздарына жасаган экспедициялык изилдөөлөрүнүн натыйжасында жазган эмгегинде Синьцзяндагы кыргыздардын флораны пайдалануусу тууралуу да маалыматтарды берет [19].

Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсүн изилдөөгө, тактоого, аталыштарын иретке келтирүүгө окумуштуу М.М. Ботбаева зор салым кошту. Бизди курчап турган айлана-чөйрө тууралуу, жашыл жаратылыштын адамзаттын жашоосундагы мааниси, өсүмдүктөр дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгү ошондой эле, өсүмдүк ресурстары, мал жайыттарын пайдалануу жолдору, жана башка көптөгөн илимий эмгектерди жазып калтырган [20].

Акыркы жылдарда кыргыздардын салттуу билимдерин изилдөөнүн үстүндө ар түрдүү багыттагы окумуштуулар эмгектенүүдө. Алар салттуу билимдер боюнча окуу колдонмолорду, монографияларды жарыялашууда [21; 22]. Бул эмгектерде кыргыздардын өсүмдүктөр дүйнөсү жөнүндөгү элдик түшүнүктөрү, жапайы өсүмдүктөрдү тамак-ашка, дарылыкка (элдик медицина, элдик ветеринария) пайдалануу ыкмалары тууралуу маалыматтар топтолгон.

Совет мезгилиндеги флораны изилдөө аймак таануучулук багыттагы изилдөөлөрдүн алкагында жүргүзүлгөн. Ошону менен бирге Кыргызстанда кыргыздардын флораны пайдалануусу кол өнөрчүлүктү изилдөөнүн алкагында гана жүргүзүлгөн жана этнограф К.И. Антипинанын эмгегин эске албаганда, түндүк аймактар менен гана чектелген.

Эгемендик жылдарда Кыргызстандын аймактарын этнографиялык изилдөө бир кыйла жанданды, мурда изилденген проблемалар терендетилип изилденүүдө же мурда каралбаган темалардын үстүндө изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Аларда флораны пайдалануу кеңири каралган, арийне, флораны пайдалануу, өзгөчө ар бир аймак бонча, өз алдынча изилдөөгө алына элек. Бул багытта совет мезгилине чейин да, совет мезгилинде да жана эгемендик жылдарда да атайын изилдөө болбогон.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Л., 1971.
2. Бурковский, А.Ф. Из истории техники обработки дерева у киргизов. УЗИФ КГУ. Вып. №3. Фрунзе, 1954. – 94 с.
3. Антипина, К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южной части Ошской области Киргизской ССР. Фрунзе, 1962.
4. Акматалиев, А**.** Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. Бишкек: Кыргызстан. 1996.
5. Мамбеталиева, К. Быт и культура шахтеров-киргизов каменноугольной промышленности Киргизии. Фрунзе Изд-во АН Кирг ССР, 1963.
6. Юдахин, К. К**.** Из Ляляkских материалов.ТР. Ин-та яз.и лит. и истории. Вып. II, Фрунзе, 1948.
7. Алтымышев, А.А. Лекарственные богатства Киргизии. Фрунзе, 1976.
8. Сулайманов, Э.Ж. Полевые исследования института этнографии. М.: 1983.
9. Сулайманов, Э.Ж**.** Кыргыздардын ат жабдыктары – элдик маданияттын эстелиги. Методикалык рекомендация. Фрунзе. 1988.
10. Капалбаев, О.Э. Кыргыздардын салттык жыгаччылыгы (тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр XIX к. аягы XX к. башы) тарых илим. канд. окум. даражасын изденип алуу үчүн жазылган автореф. Бишкек, 2007.
11. Сатыбалдыева, Ч.Т. Традиционное вышивание кыргызов во второй половине XIX – начале XX вв. (на примере юга Кыргызстана) тарых илим. канд., дисс. автореф. Бишкек, 2009.
12. Чороев, Т.К**.** Махмуд Ибн Хусейин Ал-Кашгари жана анын “Туркий тилдер сөз жыйнагы” Фрунзе: Кыргызстан. 1990.
13. Турдалиева, Ч. ж. Западные путешественники и исследователи о кыргызах и Кыргызстана (вторая половина – начала вв). Бишкек, 2009.
14. Ажыкан уулу М. Кыргыздардын жана тувалыктардын материалдык маданиятындагы байланыштары (XIX к. аягы-XX к. башы) тарых илим. Канд. Окум. Даражасын изденип алуу үчүн жазылган дисс. Бишкек, 2013.
15. Султаналиева, Н.И. Кыргыз элинин салттуу өрмөкчүлүгү [Текст] / (XIX кылымдын аягы-XX кылымдын башы) тарых илим. канд., дисс. авторефераты. Бишкек, 2010.
16. Маразыков, Н.К. XIX к. аягы – XX к. башындагы Кыргызстандын түштүгүндөгү салттуу туруктуу турак жайлар. Тарых илим. канд. окум. даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. Бишкек, 2015.
17. Саркашкаев, Э.А. Кыргыздардагы мал ыландарын дарылоонун элдик салттары (XIX к. аягы – XX к. башы. Кыргызстандын түндүгүнүн материалдарынын негизинде) тарых илим.канд. дисс. Бишкек, 2015.
18. Тентигүл кызы Назира. Кыргыздардын салттуу дарыгерчилиги (XIX к. аягы – XX к. башы) тарых илим. канд., дисс. автореф. Бишкек, 2015.
19. Асанканов, А. А**.** Жуңго шинжаң кыргыздар – Кызылсуу кыргыз басмасы. 2010.

20. Ботбаева, М.М. Кыргызстан өсүмдүктөр дүйнөсү. Бишкек, 2012.
21. Кыргыз элинин уюткулуу сырлары. Өсүмдүктөр дүйнөсү. Бишкек, 2013.
22. Кыргыз элинин уюткулуу сырлары: нукура кыргыз даамы. – Бишкек, 2013.


* * *

***Алымбаев Жээнбек***

# ТҮРКСТАН АССРдеги КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫККА КАРАЙ УМТУЛУУ АРАКЕТТЕРИ (1917-1924-жж)

***Алымбаев Жээнбек***

# ПОПЫТКА БОРЬБЫ ЗА НЕЗАВИСИМОСТИ В ТУРКЕСТАНСКОЙ АССР (1917-1924)

***Dr. Zheenbek Alymbaev***

# THE ATTEMPT TO STRUGGLE FOR INDEPENDENCE IN THE TURKESTAN ASSR (1917-1924)

***УДК. 39: 573.2 (575.2) (04)***

***Аннотация.*** *Макалада 1917-1924жж аралыгындагы Түрк АССРнин курамындагы элдердин өз алдынча мамлекет куруу идеясы үчүн күрөшүү аракеттерине анализ жүрзүзүлөт. Макалада белгилегендей февраль революциясынан кийин «Кош бийликтин" жана Советтик режимдин шартында Түрк АССРнин аймагында улуттук маанайдагы алдынкы прогрессивдүү уюмдар түзүлүп, алардын катарына жадиттик уюмдар, «Алаш», «Туран», «Шурои-Исламия», «Букара» ж.б. кирген. Алдынкы багыттагы күчтөр аймакта келечекте мамлекеттин формасы, статусу боюнча жаны идеяларды көтөрүп чыгышкан. Натыйжада, «Кокон автономиясы», «Түрк мамлекетин» «Тоолуу кыргыз облусу» түзүү идеялары көтөрүлгөн. Мамлекеттүүлүк маселесин көтөргөндөрдүн алдынкы катарында Ж. Абдрахманов А.Сыдыков, И.Арабаев, М.Чокаев, А.Фитрат, М.Кары, М.Тынышпаев ж.б. турушкандыгы белгиленет. Бирок, макалада белгиленгендей 1917-1924жж. көз карандысыздыка карай умтулуу аркеттери ишке ашкан эмес. Совет бийлиги тарабынан аталган аркеттер саясий методдор аркылуу басылган.*

***Негизги сөздөр.*** *советтик режим, кош бийлик, көз карандысыздык, жадидтик кыймыл, прогрессивдүү күчтөр.*

***Аннотация.*** *В статье анализируется попытка борьбы за независимость Туркестанской Автономной Социалистической Советской Республики (ТАССР) в 1917–1924 годах. Как отмечается в работе, в условиях «двое власти» и в условиях советского режима на территории ТАССР возникло несколько национально-демократических движений, таких как «Алаш», «Туран», «Шуро-и-Исламия», «Бухара» и другие. Эти движения были ориентированы на выработку новых идей, касающихся создания форм и статуса национальной государственности. В результате на территории ТАССР зародилась идея создания таких автономий и государств, как «Кокандская автономия», «Туркестанское государство», «Горная кыргызская область». В рядах сторонников создания независимой государственности находились Ж. Абдрахманов, А. Сыдыков, И. Арабаев, М. Чокаев, А. Фитрат, М. Кары, М. Тынышпаев и другие. Однако в период 1917–1924 годов попытки реализации идеи создания самостоятельных или автономных государств не увенчались успехом. Со стороны советской власти эти попытки были подавлены с использованием политических методов.*

***Ключевые слова.*** *советский режим, двойная власть, независимость, джадидиизм, прогрессивные силы.*

***Abstract.*** *The article analyzes the attempt to achieve independence by the Turkestan Autonomous Socialist Soviet Republic (TASSR) during the years 1917–1924. As noted in the paper, in the context of "dual power" and the Soviet regime, several national-democratic movements emerged within the territory of the TASSR, including "Alaş," "Turân," "Shuro-i-Islamiya," "Bukhara," and others. These movements were focused on developing new ideas concerning the formation and status of national statehood. As a result, the idea of establishing autonomous regions and states such as the "Kokand Autonomy," the "Turkestan State," and the "Mountain Kyrgyz Autonomous Region" began to take shape within the TASSR. Among the supporters of independent statehood were figures such as J. Abdrahmanov, A. Sydykov, I. Arabaev, M. Chokayev, A. Fitrat, M. Kary, M. Tynyshpaev, and others. However, between 1917 and 1924, attempts to implement the idea of creating independent or autonomous states were unsuccessful. These efforts were suppressed by the Soviet authorities through political methods.*

**Key Words:** *Soviet Regime, Dual Power, İndependence, Jadidism, Progressive Forces.*

1924-ж. түзүлгөн Кара-Кыргыз автономиялуу областынын 100жылдык юбилейин майрамдоо, 20-жылдардагы Түрк АССР курамына кирген азыркы Борбордук Азиядагы эгемен мамлекеттердин түзүлүш тарыхындагы «көз карандыксыздыка» карай умтулуу аркетерине анализ жасоо маселесин актуалдаштырат.

Борбордук Азия республикаларынын тарыхында 1917ж.октябрда Совет бийлиги орногондон кийин,1918жылы 30-апрелде мурунку Түркестан крайынын курамына кирген (Закаспий, Самарканд, Жети-Суу, Сырь-Дарья, Фергана) областардын аймагынан 1918жылы 30-апрелде Түрк АССР түзүлгөн.Жарым кылымдан ашык мезгилде колониалдык доорду башынан кечирип , улуттук боштондука  жетүүнү самап келген Түркстан элдери 1917ж. февраль революциясынан кийин, өз алдынча мамлекеттүүлүкө ээ болуу үчүн, көз карандысыздыка жетүү аракеттерин жүргүзө баштаган. 1917ж. февралдагы окуядан кийин, Түркстанда саясий активтүүлүк жанданып, саясий аренага жаны демократиялык күчтөрдү жетектөөгө умтулган алдыңкы саясий топтор уюшула баштаган. Түркстандагы саясий аң-сезимдин ойгонушуна, эл массасынын саясий активтүүлүгүнүн күчөшүнө сырткы факторлордун тийгизген таасири чоң экендигин баса белгилөө керек.

Европада башталган революциялык кыймылдар XXк. башында Азия өлкөлөрүнө таркалып, ал мамлекеттерде антиимпериалистик, улуттук-боштондук кыймылдар жаралган. Тарыхтын тили менен айтканда XX к. башы «Азия» ойгонгон мезгил. Алсак Азиянын бир катар өлкөлөрүндө элдик революциялар болуп өткөн. Мисалы: 1908-1909жж. Кичи түрк революциясы. Улуу саясий ишмер М.Кемаль Ататүрктүн ишмердиги ушул революция учурунда башталганы белгилүү. Жарым колониалдык өлкө болгон 1905-1911жж. Иран буржуазиялык-демократиялык революциясы. Сунь Ятсендин жетекчилиги астындагы Синхай революциясы. Өзгөчө XX к. башында азыркы Туркия Республикасынын коомдук-саясий өнүгүүсүндө “Антанта” союзунун баскынчылыгына жана султандын бийлигине каршы улуттук-боштондук күрөш башталган. 1908жылдагы Кичи түрк революциясынан кийин пайда болгон жаны идеологиялык агым, түрк элинин ан-сезиминин өскөндүгүн көрсөткөн [2].Туркия коомчулугундагы бул күрөштүн таасири, анын идеялары колониалдык эзүүдө жаткан Түркстан элдерине өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Жогорудагы революциялардан кийин Азиянын бир катар өлкөлөрүндө эл массасынын социалдык күрөш учун болгон активтүүлүгү күчөп, алдыңкы революциялык идеялар таралып, улуттук мүнөздөгү жаны саясий агымдар жаралган.

Биздин пикирибизче, XXк. башындагы Түркстандагы боштондук, көз карандысыздыка багытталган кыймылдарды эки этапка бөлүп кароо зарыл: 1 этап: Колониалдык доордогу улуттук-боштондук кыймыл (Орто Азиядагы 1916ж улуттук-боштондук көтөрүлүш); 2 этап: Кош бийликтин( «Үч бийликтин») жана Советтик режимдин шартындагы көз карандысыздыка жетүү күрөштөрү.

Түрк АССРнин тарыхында 1917-1924жж. эркиндик үчүн күрөшүүнүн экинчи этабы-түрктөштүрүү аракети, пантюркизм идеясынын таралышы мезгили катары кароого болот. Албетте, түрктөштүрүү идеологиясы тарыхта XIX-XXкк. Осмон империясында, айрым пикирлер боюнча Батыш Европадан, Россиядан тараган деген пикирлер бар [2]. Көз карандысыздыка карай, эркиндик үчүн күрөшүүнүн негизги идеологиясы бул-пантюркизм болгон. 1917ж. Петроградтагы февраль буржуазиялык-демократиялык революциясынан

кийин өлкөдө «Кош бийлик» орногондугу белгилүү. Ал эми колониалдык режимден жаны гана кутулган Түркстанда көз карандысыздык үчүн күрөшүүнүн жаңы этабы башталат. Февраль революциясынан кийин Турк АССР аймагында «Кош бийлик» эмес «Үч бийлик» орноп, озунун озгочолугу менен айырмаланган.

**Жадиттик кыймыл.** Жадидчилик кыймылдын көпчүлүгү Европадан, Россиянын, Уфа, Казань, шаарларынан, билим алышкан жергилүктүү элдердин алдынкы өкүлдөрү болушкан. Түркстан аймагында XXк. башында Түркестан, Бухара шаарларында алгачкы жадидтик группалар түзүлө баштаган. 1898 ж. Кокон, 1899ж. Ташкент, Андижан шаарларында жадидтик мектептер ачылган. Жадидтик кыймылдын көрүнүктүү өкүлдөрү Мунаввар Кары, Махмудходжа Бехбуди, Садриддин Айни, Файзулла Ходжаев, Абдурауф Фитрид ж.б. болушкан [3.4]. Ал эми Кыргызстанда болсо, жадидтик мектептердин ачылышына 1901-1902 жылдары Уфа, Казань шаарларынан келген татар агартуучулар демилгечи болушкан. Пишпек, шаарында аялдардын жадид мектеби ачылган. 1914жылы анда 70 кыз окуп, алардын 20 кыргыз кыздары болсо, 1917 жылы окуучулардын саны 180ге жеткен [7.149]. Белгилей кетчү нерсе, орус-тузем мектептерине караганда, жаңы усулдук мектептерге эл көбүрөөк барган. Анткени жаңы -усулдук мектептер диний билим менен катар, жалпы билим, орус тилин да үйрөткөн. Ошондуктан жаңы-усулдук мектептер күн санап өсүп олтурган. Жаңы-усул мектептердин калк арасында аброюнун күн санап өсүшү, Түркстан администрациясын кооптонткон. Анткени бул мектептерде жадидтик жана пантюркистик идеялардын күчөшү байкала баштаган. Жадидтер кыймылынын мүнөздүү белгиси көз карандысыздык үчүн күрөшүү идеясы болгон. Ошол эле жадидтик кыймылдын негиз салуучусу Исмаил Гаспринский 1908 жылы Самаркандка келсе, 1910 жылы Садри Максуфи бүт Түркстанды кыдырып чыкканы тарыхта белгилүү [10].

Саясий активтүүлүктүн жанданышына өз таасирин тийгизген Кыргызстанга келген, 5 түрктүн ролу туурасында да айтпай кетүүгө болбойт. 1914 жылы Орто Азияга беш түрк атуулу: Кушчубашы Селим Сами бей, Хусейин Кырымлы бей, Адил Хикмет-бей, Ибрагим Хаклыер бей, Эмруллях Башкем бей келишип, алар, Кытай, Памирге чейин барышкан [4.6]. Соодагер катары келишкен бул түрктөр 1914-1920жж. Түркстандын бир топ шаарларын кыдырышкан, Алар, 1916ж көтөрүлүш мезгилинде Шабдан баатырдын балдары Мөкүш менен Исамидинге Боом капчыгайында жолугушуп, көтөрүлүшкө кандай багытта жетекчилик кылуу туурасында сүйлөшүшкөн. Көтөрүлүштүн жетекчилерине кеп-кеңештерин айтышкан. Орус бийлигине наразы болуп турган көтөрүлүштүн жетекчилери Анатолияга көчүүгө да даяр экендигин билгизишкен. Бирок, орус бийлиги бул беш түрктү куугунтука ала баштаган. Н. Куропаткиндин буйругу менен орус бийликтери бир нече ирет аларды камоого аракет жасашкан [5.59]. Чындыгында бул түрктөр агент болушкан. Алардын негизги максаты бул жактагы боордошторун, алдыңкы прогрессивтүү ойлор менен таныштыруу, жадидтик мектептерди ачуу, түрк элдерин бириктирүү идеясын жайылтуу максатын көздөгөн.

Натыйжада, XXк. башында чет мамлекеттерден билим алып, чыгыштын жана батыштын маданиятын көрүп, Түркстанды колониалдык режимден бошотуп өз алдынча мамлекет куруу идеясын көтөргөн жаштардын жаңы толкуну пайда болгон. Түркстандагы улуттук-боштондук идеологиясы, ушул жадидтик кыймылдын чөйрөсүнөн жаралган.

Саясий аң-сезимдүүлүктүн ойгонушуна, прогрессивтүү идеялардын жаралышына, жаңы улуттук маанайдагы саясий уюмдардын түптөнүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизишкен.

Демек, 1917жылдагы февраль буржуазиялык-демократиялык революциянын алдында Түркстанда сырткы факторлордун таасири астында, саясий аң-сезим жанданып, прогрессивтүү жаңы күчтөрдүн саясий аренага келиши, көз карандысыздык үчүн күрөштүн өнүгүшүнүн жаңы этабына кенири өбөлгө жараткан.

**Улуттук маанайдагы коомдук-саясий уюмдар.** Түркестандын аймагында февраль революциясынан кийин ултуттук маанадагы уюмдар түзүлө баштаган. Бул уюмдардын түпкү максаты түрк элдеринин биримдиги үчүн күрөшүү, көз каранды эмес, эркин мамлекет куруу идеясын көтөрүп чыгышкан.

1917 ж. февраль буржуазиялык-демократиялык революциясынан кийин, Түркестанда жаңы саясий күчтөр пайда болгон. 1)Түркстан генерал-губернаторлугунун функциясын аткара баштаган Убактылуу өкмөт. Убактылуу өкмөттө реалдуу бийлик болгону менен анын социалдык базасы жок болгон. 2) Жумушчу, солдат, депутаттарынын Советтери. Түркстан Советтери европалык жумушчу, солдаттардын органы катары, революциялык демократияны жакташкан. Советтердин социалдык базасы бар, бирок реалдуу бийлике ээ эмес болгон. Алсак, 1917-жылдын март-апрель айларында Түркстандын көптөгөн шаарларында жумушчу-солдат депутаттарынын Советтери пайда болгон. Маселен, Кыргызстандын аймагында алгачкы Советтер март айында Сүлүктүдө, апрель-июнь айларында Ош, Кылыл-Кыя шаарларында. 1917-ж. март айында эле Түркстан аймагында 17 жумушчу-солдат депутаттарынын Советтери пайда болгон, ал Советтердин курамы иш жүзүндө европалык улуттун өкүлдөрүнөн турган. Чындыгында булардын башында «европалык» катмардагы меньшевик-эсерлер туруп, жергилүктүү мусулман элдеринин түпкү мүдөөсүнө кызыккан эмес. 3) Улуттук маанайдагы жергилүктүү уюмдар. (Улуттук мүнөздөгү кыргыз коомдук комитеттери) Бул уюмдардын түпкү максаты түрк элдеринин биримдиги үчүн күрөшүү, көз каранды эмес, эркин мамлекет куруу идеясын көтөрүп чыгышкан. Бул саясий максатты көздөгөн уюмдардын жаралышына жадидтик кыймылдын кошкон салымы чоң болгон. Алсак, 1917-ж 14-мартта Ташкент шаарында ар түрдүү элдердин өкүлдөрүнөн, курамы 61 адамдан турган «Шурои Исламия» уюму түзүлгөн анын мүчөлүгүнө У.Ходжаев, Кары Мунаввар М.Бехбудий [9.261], ж.б. киришкен. «Шурои Исламия» уюмунун негизги максаты реформаторлук идеяларды таркатуу, улуттук демократияны куруугa умтулуу, Түркстандагы мусулман элдеринин биримдигин бекемдөө, саясий аң-сезимдүүлүктү өстүрүү, жана калкты коомдук-саясий турмушка активтүү катыштыруу болгон. Ал эми Кыргызстандын аймагында болсо, «Алаш», «Туран», «Шурои-Исламия», «Букара» уюмдарынын бөлүмдөрү түзүлө баштаган. «Алаш-ордо» партиясынын активтүү мүчөлүрү А.Сыдыков, И.Арабаев, К.Тыныстанов, И.Айдарбеков, Ж.Абдрахманов ж.б. болушкан.

Демек, акыркы мезгилдеги ортоазиянын тарыхнаамасындагы изилдөөлөр белгилегендей, февраль революциясынан кийин Россияда Кош бийлик түзүлсө, Туркестанда үч бийлик жаралганын далилдешүүдө. Ал эми Казахстанда болсо, бир канча саясий күчтөрдүн пайда болгонун белгилешет изилдөөчөлөр. Аталган маселени жаны тарыхый булактардын негизинде изилдоо келечектеги актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

“Кокон автономиясы” (28 ноябрь 1917ж- 22 февраль 1918 жыл)

1917ж июлда Россияда Кош бийлик жоюлуп, бийлик Убактылуу өкмөттүн колуна өтөт. Саясий кырдаалдын өзгөргөнүнө байланыштуу Түркстандагы улуттук-демократиялык кыймылдын өкүлдөрү, улуттук маселени чечүүгө бардык аракеттерин жумшоого киришкен. Прогрессивдүү алдынкы жаштардын арасынан Түркстанды автономиялуу өлкөгө айландыруу идеологиясы жаралат. 1917ж. ноябрь айында «Шурои-Исламия» партиясынын өкүлдөрүнүн жетекчилиги «Кокон автономиясын» түзүү идеясын көтөрүп чыгышат. Алардын түпкү максаты мурунку Кокон хандыгынын ордуна Россиянын курамындагы өз алдынча автономиялуу мамлекетти түзүү болгон. 1917ж. 27 ноябрда Кокон шаарында жалпы муслмандардын IV сьезди чакырылат. Сьезде Түркестанды башкаруу формасы жөнүндөгү маселе талкууга алынган. Сьездин жүрүшүндө айрым катышуучулар большевиктик партиянын өкүлдөрүн катуу сынга алышкан. Көпчүлүк талкуудан кийин сьездин катышуучулары автономиялуу Түркстан өкмөтүн(Убактылуу өкмөт) түзүү чечимин кабыл алышкан. Автономия өзүнүн парламентин мусулман жана мусулман эмес элдердин эсебинен түзүүнү максат кылган. “Убактылуу өкмөт” түзүлүп анын башына М.Чокаев М.Тынышпаев шайланган. «Кокон автономиясынын» жетекчилеринин бири М.Чокаевдин пикири боюнча Түркстан Россия менен саясий, экономикалык жактан тең ата мамиледе болуп, достукта жашоону көздөшкөн [1.67]. Бирок, Совет бийлиги бул автономиялуу өкмөттүн түзүлүшүнө биринчи эле күндөн каршы чыккан. “Кокон автономиясын” жоюу үчүн 1918жылы Москвадан Ташкенге К.Осиповдун жетекчилиги астында11 эшелондон турган аскер жана артиллериялык күчтөрү келген [10.147]. Натыйжада «Кокон автономиясы» 1918ж. январда талкаланып, анын жетекчилери кугуунтука алынган. М.Чокаев чет мамлекеттке качууга аргасыз болот.

**“Түрк мамлекетин” түзүү идеясы.** Ж.Абдрахмановтун замандаштарынын бири Т.Рыскулов 1922ж Түркстан Республикасын жана Түркстан Компартиясын – Түрк Республикасына жана Түрк Компартиясына айландыруу маселесин көтөргөн. Т.Рыскулов Туркстандын келечектеги мамлекеттик түзүлүшүнүн статусу, формасы туурасындагы идеяны көтөрүп чыккан. Ал: “Түркестанда улуттук-мамлекеттик реформа жүргүзүү керек. “Турк АССР”нин конститутуциясын жоюу керек, анткени ал автономиянын духуна жооп бербейт” [1.102] деген. 1920ж. 20-январда откон бюродо Т.Рыскулов: “түрк элдериннин баарын бир “түрк” деген байрактын алдында бириктирүү зарыл, ал эми Туркстанды болсо - “түрк элдеринин өлкөсү”- деп атоо зарыл, таджиктерди кошо, калган этносторду келгин элементтер катары кароо зарыл” [6.290] -деген сунушун билдирген. Демек, Т.Рыскуловдун түпкү идеясы түрк элдеринин конфедерациясын түзүү болгон. Бул идея Түркстан Компартиясынын крайлык сьездинде толук колдоого алынган. Ал сьездге борбордон келген өкүлдөр В.Куйбышев, Я.Рутзутак, Ф.Голешенин ж.б. катышкан. Бирок бул «пантүркчүл» идея катары бааланып В.И.Ленин аны четке каккан. Жалпы Түркстан элдеринин конфедерациясын түзүү идеясын колдогондордун бири Ж.Абдрахманов болгон.

Ал сьездге борбордон келген өкүлдөр В.Куйбышев, Я.Рутзутак, Ф.Голешенин ж.б. катышкан. Бирок бул сунушуту В.И.Ленин «пантүркчүл» идея катары бааланып, аны четке каккан. Жалпы Түркстан элдеринин конфедерациясын түзүү идеясын колдогондордун бири Ж.Абдрахманов болгон.

**“Тоолу кыргыз областын” түзүү идеясы.** Түрк АССРнин курамындагы түрк элдеринин өз алдынча мамлекет куруу идеялар 20-жылдары улана берген. Кыргыз элинин

белгилуу инсандары А.Сыдыков, Ж.Абдрахманов, И.Арабаевдер 1922-ж. “Тоолуу кыргыз” облусун түзүү идеясын көтөрүп чыгышкан. 1922-ж. март айындагы Бүткүл Түркстан Советтеринин XIII сьездинде А.Сыдыков Түркстан Аткаруу комитетинин алдына “Кыргыз Тоолуу” областын түзүү маселесин коюп, алдын ала макулдук алган. Ал эми 1922-ж. 25-мартында болсо Түркстан Республикасынын курамындагы “Тоолу кыргыз” областын түзүү чечими да чыгарылган [7.120]. Бирок, ич ара пикир келишпестиктердин жана борбордун түздөн-түз көрсөтмөсү менен кабыл алынган чечим жокко чыгарылган.

Жыйынтыктап айтканда, 1917-1924-жж аралыгын Түрк АССРнин тарыхында эгемендүүлүк үчүн күрөшүү аракеттеринин башаты катары кароо зарыл. Колониалдык доордогу боштондук кыймылдар айырмаланып, XXк. 20-жылдарында уланган боштондук күрөштөр «түрк элдеринин биримдиги», «автономиялуу мамлекет түзүү», «түркстан элдеринин эркиндиги» деген боштондук идеологиясы менен уланган. Кыргызстандын мамлекететин түптөөгө чон салым кошкон Ж. Абдрахманов А.Сыдыков, И.Арабаев сыяктуу улуу инсандар менен катар М.Чокаев, А.Фитрат, М.Кары, М.Тынышпаев, А.Букейханов ж.б. өз өмүрлөрүн арнашкан. Совет мамлекетинин тарыхында 20-жылдардын аягында калыптана баштаган административтик-тоталитардык “буйрукчул” системанын кесепетинен, алар саясий репресиянын курмандыктары болушту. Кырчын кезинде кыйылышты.

Демек, Түркстанда боштондука чыгуу аракети колониалдык доордо башталып, “Кош бийликтин”(Үч бийликтин), Советтик режимдин шартында да аркандай формада улана бергени көрүнүп турат. Кара-кыргыз автономиялуу обастынын түзүлүшүн 100жылдык тарыхына кайрылып жатып, өз алдынча мамлекет куруу, эгемендүүлүкө ээ болуу, тарыхый татаал жолдорду басып өткөндүгүн тарыхый фактылар айгинелеп турса, 1917-1924жж Турк АССР аймагындагы көз карандысыздыка карай умтулуу аракеттерин изилдөө, ага тарыхый баа берүү алдыдагы илимий изилдөөну талап кылуучу маселердин бири экендиги шексиз.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


**1.** Агзамходжаев, Саидакбар. "История туркестанской автономии (Туркистон мухторияти)." Т., 2006

**2.** Надеин-Раевский В. История пантюркизма и его современные сторонники. Ч.1. Пантюркизм: основные вехи истории. //Users/user/Downloads/istoriya-pantyurkizma-i-ego-sovremennye-storonniki-chast-1-pantyurkizm-osnovnye-ve

**3.** Алимова Д.А. Джадидизм в Средней Азии. Пути обновления, реформы, борьба за независимость. -Ташкент, 2000

**4.** HatunoğluN. Buharadaki Ceditçilik Hareketi ve Yaş Buharalılar//Sütad. – 2015-ж., güz.

**5.** Абдыкулова Р. Туркстан хандыктары менен Осмон мамлекетинин байланыштары.Султандык архив документтеринде.-Бишкек,-2015

**6.** Рыскулов Т Рыскулов Т Рыскулов Т. Революция и коренное население Туркестана (Сборник главнейших статей, докладов, речей и тезисов). С предисловием автора. Часть I. 1917—1919. - Ташкент, 1925.

**7.** К. Курманов. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы.-Бишкек, 1997.

**8.** Р.М. Абдуллаев, С.С. Агзамходжаев, И. А. Алимов. Туркестан в начале XX века: К истории истоков национальной независимости.-Ташкент, 2000.

**9.** Enver Kapağan. Alaş Orda Partisinin Kazak Aydınlanmasına Etkisi//Journal of World of Turks.-2015.

**10.** Туркстан в начале XXвека: К истории истоков национальной независимости.-Ташкент, 2000


* * *

***Атабекова Шарапат Батыровна, Кенжебаева Алмашай***

**ЭЛЕЧЕК – УЛУТ СЫЙМЫГЫ**

***Атабекова Шарапат Батыровна, Кенжебаева Алмашай***

**ЭЛЕЧЕК ГОРДОСТЬ НАЦИИ**

***Atabekova Sharapat Batyrovna, Kenjebaeva Almashay***

**ELECHEK – NATIONAL PRIDE OF KYRGYS PEOPLE**

***УДК. 902/904***

***Аннотация.*** *Бул макалада кыргыз аял затынын улуттук баш кийими "элечек" жөнүндө сөз болот. Элечекти турмушка чыккандан баштап, өмүрүнүн акырына чейин кийишкен. Элечекти алып салса жылаң баш болуп, үйдөн ырыскы дөөлөт кетет деп эсептеген. Элечек бир канча бөлүктөрдөн турган жана ар бирин өзүнчө кооз кылып кооздошкон. Кыргызстанга келген сүрөтчүлөр жана окумуштуулар элечеке аябай суктанып ал жөнүдө жазып кетишкен.Элечек ЮНЕСКОнун "Элечек аялзатынын касиетүү баш кийими, салттуу билим, каада-салт, ырым-жырымдар" номинациясы боюнча маданий мурастар тизмесине катталды. Тиешелүү чечим 6-декабрь күнү Ботсвананын Касан шаарында ЮНЕСКО комитетинин материалдык эмес маданий мурастарды сактоо боюнча 18-сессиясында бир добуштан катталды. Элечекти эл аралык эксперттер эң мыкты жана сонун жасалган деп табышты. Элечек бир нече бөлүктөн туруп жана ар бири эң сонун жасалган.*

***Негизги сөздөр.*** *Дүрия, сайма, такыя, тасма, каляк, илеки, элечек, маданий, мурастар, бейзаттык.*

***Анноттация.*** *В этой статье речь идет о кыргызском женском национальном головном уборе "элечек". Элечек носили с момента замужества до самой смерти. Они считали, что если снять элечек, то голая голова, и богатсво и благие дела уйдет. Элечек состояло из нескольких частей, и каждая из них была красиво оформлена по отдельности. Художники и ученные, приезжавшие в Кыргызстан восхищались элечеке и писали о нем. Элечек была внесена в репрезентативный список нематериального культурного наследия ЮНЕСКО 6-декабря 2023-года в городе Касание,Ботсвана. В ходе 18й сессии межправительственного культурного наследия, единогласно было принято о внесении номинации Кыргызской Республики "Элечек, кыргызский женский головной убор традиционные знания и обряды в Репрезентативный список нематериального культурного наследия". Элечек был признан международными экспертами лучшими и отлично подготовленными. Элечек состоял из нескольких частей ,и каждая из них была красиво оформлена по отдельности.*

***Ключевые слова****. тонкая шелковая материя, вышивка, головной убор, лента, каляк, илеки,элечек, культурный, наследие, нематериальная .*

***Annotation.*** *In this article, the Kyrgyz womens national headdress-elechek is disskussed. Elechek was worm from the moment of marriage until death. They believed that removing elechek meants a bare head, and wealnh and good deeds would disappear. Elechek consistet of several parts, each of which was beautifully decorated separately. Artists and scholars who visited Kyrgyzstan admired elechek and wrote about it. Elechek was inscribed on the Representative List of the intangible Cultural Heritage of UNESCO on December 6, 2023, in Kasane, Botswana. During the 18 th session of the intergovernmental Committee for the Safe guarding of the Intangible Cultural of UNESCO, a unanimous degision was made to include the nomination of the Kyrgyz Republig "Elechek, Kyrgyz womens headdress: traditional knowledge and rituals" in the Representative List of the intangible Culturall Heritage. Elechek has been recognized by international experts as the best and well- prepared.*

***Key words.*** *thin material, embroidery, headdress, tape, kalyak, ileki, elechek, cultural, heritage, intangible.*

Кыргыз аялдарынын салттуу баш кийими болгон элечек 2023-жылдын 6-декабрь күнү ЮНЕСКОнун маданий мурастар тизмесине кирди. Ботсвананын Касана шаарында 2023-жылдын 4-9 декабрь күндөрү ЮНЕСКО комитетинин мамлекеттер аралык бейзаттык маданий мурастарды сактоо боюнча 18-сессиясы өтүп, анда "Элечек - аялзатынын касиеттүү баш кийими, салттуу билим, каада-салт, ырым- жырымдар" номинациясы боюнча катталды.

Элечек деген эмне? Анын тарыхына көз чаптырып көрөлү.

Элечек–аялдардын улуттук баш кийими. Кыргыз аялдары кайсы мезгилден тарта элечек кие баштаганы жөнүндө так маалымат жок. Түштүк аймактарда элечекти “каляк”, ал эми Таласта жана Токтогулда “илеки” деп атаганы маалым.

Түрдүү жагдайлардан улам жоготууга учурап жаткан кыргыздын күнүмдүк жашоо турмушунда маанилүү буюмдарыбыз, кийим-кечелерибиз бар. Алардын бири элечек . Элечек иран тилинен “илачаг” денген сөзүнөн алынып, ханышанын баш кийими дегенди түшүндүргөн. Археологиялык маалыматтарга ылайык, оролмо өңдүү баш кийимдерди Орто Азиянын түштүк чөлкөмдөрүндө жашаган аялдар “Кушан” доорунан бери эле кийип келген. 19-20 кылымдарда турмуштагы аялдардын милдеттүү баш кийими болуп саналган. Элечек бир гана кыргыздарда гана кеңири таркалган эмес, ал казак боордошторубузга, ошондой эле тажиктерге+, каракалпактарга, кыпчактарга жана бухара еврейлерине чейин кеңири таркалаган. Мисалы, казактарда бул баш кийимди “кимешек” деп аташат.

Кыргыздарда географиялык жана климаттык шартка жараша ар бир аймакта элечекти ороонун түрү ар башка болгон. Ал тургай ошол элечек оронгон аялдын жаш өзгөчөлүгүнө жараша да, же болбосо мисалы аза күткөн  аялдын элечек оронуусунун да өзгөчөлүгү болгон. Мисалы: Чүйдө жана Ыссык-Көлдө элечектин оромдору биринин артынан бири тегиз өйдө көздөй боочо түрүндө оролот. Оролмо тегерек оролуп сол жака жыгылат. Ал эми Талас жана Ош аймактарынын батыш бөлүгүндөгү саруу менен кушчу уруулары сүйрү жана тегерек формадагы оролмо кийишкен, анын өйдө жагы кеңири болгон маңдайы салыштырмалуу чыгып турган. Оштун чыгыш бөлүгүндөгү мундуз жана басыз урууларынын оролмосу анча чоң эмес келип алдыга өтө чыгып турган. Кыргыздарды элечегинин формасынан эле кайсы урууга таандык экендигин билип коюшкан.

Түштүктө элечек “каляк” ал эми Таласта жана Токтогулда “илеки” деп аталган. Элечек бир канча бөлүктөрдөн турган: кеп такыя, чач кеп, ээк алмай, кыргак, шуру, илмек жана жоолуктан. Ар бирине токтоло кетели. Кеп такыяны мурда баш кийим катары элечектен бөлүп карашкан эмес. Ал элечектин бир бүтүн бөлүгү болуп эсептелгендиктен, такыячан эл алдына чыгуу уят болуп саналган.

Из элементов создавались лоскутные мотивы. Мотив в собранном виде имел постоянный характер, имел конкретное название, связанное с различными явлениями и предметами. Древние мастерицы использовали узоры и изготавливали настоящие мозаичные шедевры из лоскутов: верблюжий глаз («бото коз»), звезда («жылдыз»), журавли («турна курак»), амулет («тумарча»). Но самый популярный рисунок – это черный треугольник на белом фоне для защиты от сглаза, который часто используется для пошива детской одежды и приданого. Особого внимания заслуживает ткань, ей придается особое значение. По древним поверьям, вместе с тканью от одного владельца к другому переходила накопленная благодать жизни («кут»). Так, после похорон уважаемого, успешного и счастливого при жизни человека всем женщинам, присутствовавшим на похоронах, выдавали ткани из одежды покойного для изготовления новых вещей. Эта традиция называется «жыртыш», что в переводе означает «разрывать». Предметы, сделанные из данной нашивки, должны были принести благословение в дом новых хозяев и сохранить память об усопшем.

По другой традиции, на 40-й день после рождения младенца одевают в рубаху из 40 заплаток, подаренных родственниками. Каждая деталь несла добрые пожелания близких, а рубаха целиком должна была защищать ребенка от сглаза и дурного влияния. Кроме того, детское платье, сшитое по старинным технологиям, было своеобразным семейным архивом. Когда малыш рос, мать рассказывала ему, из какой семьи и с какими пожеланиями достался лоскут в его рубашке. Кроме того, черно-белый «курак», играющий роль бусин, является амулетом от сглаза, который может использовать мать на приданном дочери, и детей, пока

они спят. Сочетание черного и белого цветов обладало магической способностью отгонять сглаз. Другие цветовые сочетания, используемые в «кураке», традиционно противоположны: красный — зеленый, оранжевый — синий, желтый — фиолетовый и так далее. Яркие цвета создавали радостное, праздничное настроение и приносили добрые пожелания людям, для которых были созданы лоскутные изделия: красный - любовь, зеленый - здоровье, желтый - счастье. Так, у народов Средней Азии, особенно у киргизов, оно использовалось не только в практических, но и в сакральных целях, мастерицы делились кусочками ткани из остатков своего творения, как добрые пожелания и добрососедства. Курак– это не просто экономичная техника шитья, это целая древняя философия, возрождения старого в новое, в котором сохраняется первоначальная сущность – дух, грация, добро и счастье. Отдельно следует остановиться на приемах организации целостности лоскутного полотна, одним из которых является гармония цветов. Мозаичные полотна часто строят контрастными цветами, что придает изделию декоративный характер. Споры о «жестких» цветах были успокоены разделением нейтральных цветов — черного и белого. В результате белый цвет делал контрастную гармонию мягкой и нежной, а черный цвет придавал композиции ясность и монументальность, а цвета на его фоне сияли с особой силой. Благодаря этому традиционному приему подбора цветов лоскутные изделия производили на зрителя очень яркое впечатление.

**Все вышеизложенное позволяет нам сделать следующий вывод:**

1.Вхождение этнокультурного феномена в систему мировой цивилизации сыграло значительную роль в формировании национальной идеи, национальной идентичности;

2.Современное молодое поколение отчужденно от традиционной культуры своего народа. Это процесс не способствует развитию эстетического сознания, высоких художественных идеалов и вкуса на этническом уровне, в том числе художественного становления личности;

3.Народные художественные промыслы обладают мощным потенциалом в обеспечении художественно-эстетического воспитания современного поколения в системе дополнительного образования, интерпретируют элементы национального искусства в творчестве и способствуют позитивному национальному самообразованию и развитию личности.

**ЛИТЕРАТУРА:**

1.Чандыбаева Айнура Мажитовна. ЗНАЧЕНИЕ СИМВОЛОВ ТЕХНИКИ «КУРАК» И ИХ КЛАССИФИКАЦИЯ ПО ВИДАМ. "CURAC" TEKNİĞİNİN SEMBOLLERİNİN ANLAMI VE TÜRLERİNE GÖRE SINIFLANDIRILMASI.http://yorkam.akdeniz.edu.tr/wp-content/uploads/2019/12/5.pdf

2.Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. — Л., 1971 (переизд. Фрунзе, 1990); Антипина К.И Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Фрунзе, 1962.

3.Элери Битикчи 40 элементов кыргызской культуры: 14. Курак. https://www.advantour.com/rus/kyrgyzstan/culture/carpets/kurak.htm

4.Кочкунов А. Этнические традиции кыргызского народа. - Б., 2013. - 320с.

5. Наследие материальной и духовной культуры Кыргызстана. Бишкек — 2005г. Подробнее https://bilim.akipress.org/lib/book:461/nasledie-materialnoj-i-duhovnoj-kultury-kyrgyzstana-bishkek-2005g//?f=cp

* * *

***Бактыярбек уулу Эржан, Чыныкеева Гүлназ Эргешалиевна, Дыйканова Шекербубу Анарбековна***

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК ОРУСТАР: ТАРЫХЫЙ КАЛЫПТАНУУСУ ЖАНА АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ ДЕМОГРАФИЯЛЫК АБАЛЫ

***Бактыярбек уулу Эржан, Чыныкеева Гулназ Эргешалиевна, Дыйканова Шекербубу Анарбековна***

# ЭТНИЧЕСКИЕ РУССКИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ: ИСТОРИЧЕСКОЕ ФОРМИРОВАНИЕ И СОВРЕМЕННАЯ ДЕМОГРАФИЧЕСКАЯ СИТУАЦИЯ

***Baktyiarbek uulu Erzhan, Chynykeeva Gulnaz Ergeshalievna, Dyikanova Shekerbubu Anarbekovna***

# ETHNIC RUSSIAN IN KYRGYZSTAN: HISTORICAL FORMATION AND CONTEMPORARY DEMOGRAPHIC SITUATION

***УДК: 316.7 (575) (043.3)***

***Аннотация**. Бул макалада Кыргызстандагы орус диаспорасынын тарыхый калыптануу процесси, алардын жашоо шарттары, тилдик жана диний өзгөчөлүктөрү каралат. Орус калкынын өлкөгө көчүп келүүсүнүн тарыхый себептери жана алардын Кыргызстандагы коомдук, маданий турмушка интеграциясы талдоого алынат. Орус калкынын Кыргызстанга көчүп келүүсү жана алардын коомдук, маданий турмушка интеграцияланышы Борбордук Азиянын тарыхында чоң мааниге ээ окуялардын бири болуп эсептелет. Орус империясынын жана Совет доорунун саясий жана экономикалык кызыкчылыктары бул миграциянын негизги факторлору болсо да, орус калкынын өлкөгө кошкон салымы ар тараптуу болгон. Орус тили, билим берүү системасы жана маданияты өлкөнүн өнүгүү процессинде чоң роль ойногон. Бул процесстер Кыргызстандын көп улуттуу коомунун калыптанышына олуттуу таасир тийгизген. Макалада орус тилинин өлкөдөгү расмий макамы, коомдогу ролу жана азыркы учурдагы абалына өзгөчө көңүл бурулуп, орус тилдүү жарандардын укуктары жана аларга жасалган мамиле да изилденет. Ошондой эле, диний жана маданий толеранттуулук маселеси талданып, Кыргызстандагы православие дининин абалына коомдун көз карашы каралат. Акырында, орус диаспорасынын социалдык-экономикалык көйгөйлөрү, миграция маселелери жана бул көйгөйлөрдү чечүү мүмкүнчүлүктөрү сунушталат.*

***Ачкыч сөздөр:** Кыргызстандагы орустар, орус диаспорасы, тил саясаты, маданий интеграция, христиан дини, православие, улуттар аралык мамилелер, миграция, социалдык-экономикалык көйгөйлөр.*

***Аннотация:** В данной статье рассматривается исторический процесс формирования русской диаспоры в Кыргызстане, условия ее проживания, языковые и религиозные особенности. Анализируются исторические причины миграции русского населения в страну, их интеграции в общественную и культурную жизнь Кыргызстана. Миграция русского населения в Кыргызстан и его интеграция в общественную и культурную жизнь считается одним из важнейших событий в истории Центральной Азии. Хотя главными факторами этой миграции были политические и экономические интересы Российской империи и советской эпохи, вклад русского населения в страну был многогранным. Русский язык, система образования и культура сыграли большую роль в процессе развития страны. Эти процессы оказали существенное влияние на формирование полиэтнического общества Кыргызстана. В статье уделяется особое внимание официальному статусу русского языка в стране, его роли в обществе и современной ситуации, а также рассматриваются права русскоязычных граждан и обращение с ними. Также анализируется вопрос религиозной и культурной толерантности, рассматривается мнение общества о состоянии православной религии в Кыргызстане. Наконец, представлены социально-экономические проблемы русской диаспоры, вопросы миграции и возможности решения этих проблем.*

***Ключевые слова:** Русские в Кыргызстане, русская диаспора, языковая политика, культурная интеграция, христианство, православие, межнациональные отношения, миграция, социально-экономические проблемы.*

***Abstract:** This article examines the historical process of the formation of the Russian diaspora in Kyrgyzstan, its living conditions, linguistic and religious features. The historical reasons for the migration of the Russian population to the country and their integration into the social and cultural life of Kyrgyzstan are analyzed. The migration of the Russian population to Kyrgyzstan and its integration into social and cultural life is considered one of the most important events in the history of Central Asia. Although the main factors of this migration were the political and economic interests of the Russian Empire and the Soviet era, the contribution of the Russian population to the country was multifaceted. Russian language, education system and culture played a big role in the development of the country. This process had a significant impact on the formation of a multi-ethnic society in Kyrgyzstan. The article*

*pays special attention to the official status of the Russian language in the country, its role in society and the current situation, as well as the rights of Russian-speaking citizens and dealing with them. Also, the question of religious and cultural tolerance is analyzed, the opinion of society about the state of the Orthodox religion in Kyrgyzstan is considered. Finally, socio-economic problems of the Russian diaspora, migration issues and solutions to these problems are presented.*

***Keywords:*** *Russian Russians in Kyrgyzstan, Russian diaspora, language policy, cultural integration, Christianity, Orthodoxy, interethnic relations, migration, socio-economic problems*

Мекен жана мекенчилдик дегенди ар бир инсан алган таалим-тарбиясына, аң-сезиминин жана илим-билим деңгээлине, акыл-жүрөгүнө сиңген дөөлөттөрүнө жараша ар кандай түшүнөт. Алардын бирөөсүнүкүн туура, экинчисиникин туура эмес деп баалоого болбойт, анткени, ар кимдин өз түшүнүгү бар. Менин мекеним - Кыргызстан, менин жүрөгүмдө тубаса сыймык жана чексиз сүйүү менен орун алган өлкөм. Кыргызстан көп улуттуу өлкө, анда жалпысынан 100 дөн ашуун улуттун өкүлдөрү жашайт. Кыргызстан тек кана кыргыздардын эле эмес башка улуттагы биздин жарандарыбыздын да мекени, ата-журту. Кыргызстан – асман тиреген тоолору, мөлтүр тунук суулары, көркөм табияты жана бай тарыхы бар мамлекет. Кыргыз Республикасы - Орто Азиянын түндүк-чыгышынан орун алган, Тянь-Шандын жана түндүк Памир-Алтайдын бөлүгүн камтыган өлкө. Кыргызстан түндүктөн – Казакстан, батыштан жана түндүк-батыштан – Өзбекстан, түштүк-батыштан – Тажикистан жана түштүктөн жана түштүк-чыгыштан – Кытай менен чектешет. Кыргызстандын чек арасынын жалпы узундугу – 4508 км. Республиканын жалпы аянты – 199, 951 км². Эң көп санды кыргыздар түзөт, андан кийинки улут – өзбектер, ал эми үчүнчү орунда орустар турат. Кийинки орундарда украиндер, немистер, татарлар, казактар, тажиктер жана башкалар [1].

**Таблица 3.8.** Кыргыз Республикасынын этникалык курамы [2].

| Улуттар | 1999 | % | 2009 | % | 2022 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы Бардык калк: | 4 822 938 | | 5 362 793 | | 6 936 156 | |
| кыргыздар | 3 128 147 | 64,9 | 3 804 788 | 71,0 | 5 379 020 | 77,6 |
| өзбектер | 664 950 | 13,8 | 768 405 | 14,3 | 986 881 | 14,2 |
| орустар | 603 201 | 12,5 | 419 583 | 7,8 | 282 777 | 4,1 |
| дунгандар | 51 766 | 1,1 | 58 409 | 1,1 | 66 525 | 1,0 |
| тажиктер | 42 636 | 0,9 | 46 105 | 0,9 | 59 895 | 0,9 |
| уйгурлар | 46 944 | 1,0 | 48 543 | 0,9 | 31 559 | 0,4 |
| казактар | 42 657 | 0,9 | 33 198 | 0,6 | 28 244 | 0,4 |
| түрктөр | 33 327 | 0,7 | 39 133 | 0,7 | 22 074 | 0,3 |
| азербайжандар | 14 014 | 0,3 | 17 267 | 0,3 | 17 359 | 0,2 |
| татарлар | 45 438 | 0,9 | 31 424 | 0,6 | 11 219 | 0,2 |
| күрддөр | 11 620 | 0,2 | 13 171 | 0,3 | 10 733 | 0,1 |
| Индия жана Пакистан элдери | 506 | 0,0 | 1 319 | 0,0 | 8 310 | 0,1 |
| корейлер | 19 784 | 0,4 | 17 299 | 0,3 | 5 900 | 0,1 |
| украиндер | 50 442 | 1,0 | 21 924 | 0,4 | 3 875 | 0,1 |
| немистер | 21 471 | 0,4 | 9 487 | 0,2 | 2 831 | 0,0 |
| башка этникалык топтор | 46 035 | 1,0 | 32 738 | 0,6 | 18 954 | 0,3 |

Таблицада көрүнүп тургандай, республиканын калкы 1999-жылы 4 822 938 адам болсо, 2009-жылы 5 362 793 адамды, ал эми 2022-жылы 6 936 156 адамды түздү. Анын ичинде кыргыздар 1999-жылы 3 128 147 адам болсо, 2009-жылы 3 804 788 адамды, ал эми 2022-жылы 5 379 020 адамды түздү. Демек, 1999-жылга карата 2009-жылы 676,6 миң адамга өстү жана 71% түздү, ал эми 2022-жылы 2009-жылга карата 1 574,2 миң адамга өстү жана 77,6% түздү.

Республикада саны боюнча экинчи орунда өзбектер турат. Алар 1999-жылы 664 950 адам болсо, 2009-жылы 768 405, 2022-жылы 986 881 адам болду, башкача айтканда, 2009-жылы 103,4 миң адамга өссө, 2022-жылы 218,4 миң адамга өстү жана 14,2% түзүүдө.

Ал эми орустардын саны 2009-жылга салыштырмалуу (7,8%) - 2022-жылы 136,8 миң адамга, же 2 эсе азайды жана 4,1% түздү. Калган улуттар (бир нече ондогон) республиканын жалпы калкынын 1% түзөт. Белгилей кетүүчү жагдай, Индия жана Пакистан элдери өсүүнү көрсөтүүдө, тактап айтканда, 1999-жылы 506 адам болсо, 2009-жылы 1 319 адамды, ал эми 2022-жылы 8 310 адамды түздү. Демек, 1999-жылга карата 2009-жылы 813 адамга өстү, ал эми 2022-жылы 2009-жылга карата 6 991 адамга өстү жана 0,1 түздү.

Алгач орус калкынын өлкөгө көчүп келүүсүнүн тарыхый себептерин жана алардын Кыргызстандагы коомдук, маданий турмушка интеграциясын талдоого аракет жасайбыз. Кыргызстанда орто кылымдарда түрк-монгол элдери жердеп келгени белгилүү. XVI кылымда кыргыздар Теңир-Тоодо эл катары калыптангандан кийин, дээрлик азыркы Кыргызстан аймагын кыргыздар гана ээлеп калган. Фергана өрөөнүндө гана айрым өзбек, кыпчак, тажик улуттары болгон. Кокон хандыгынын күч алышы менен башка элдер өзбек, тажик, Фергана түрктөрү келе баштаган. XVIII кылымдын орто ченинде Жуңгар хандыгын Цинь империясы талкалап салгандан кийин, Ысык-Көл өрөөнүнө калмактар качып келип отрукташкан. XIX кылымдын экинчи жарымында кытай жазалоочуларынан качкан дунган, уйгур калкы Чүй, Ысык-Көл, Фергана аймактарында отурукташкан [3].

XIX кылымдын орто ченинде Россия менен Англиянын ортосунда Орто Азия үчүн атаандаштык күчөгөн. Англиянын Ост-Индия компаниялары Түштүк, Түштүк-Чыгыш Азияга алып келген товарларынын наркын арзандатуу үчүн Кавказдан Мешхед, Мерв шаары аркылуу Орто Азияга өтүүнү көздөгөн. Натыйжада XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын башында Орто Азия Европадан Кытай-Индияга өтө турган маанилүү стратегиялык жолдордун бирине айланган. Орус өкмөтү бул маанилүү соода жолун көзөмөлдөө үчүн Сибирь жана Сыр-Дарыя аскер линиясын курууга киришкен. Омск-Кулжа (Омск-Семипалатинск-Көкбекти-Чугунчак (Чөйчөк) – Кулжа) жолу 2711ден 2376 кмге узартылган. Түштүк Казакстан менен Түндүк Кыргызстан, кийин Кокон, Бухара, Хива хандыктарын өз курамына киргизүү Россиянын башкы геосаясаты болгон. Ушундан улам орус өкмөтү 1813-жылдан кыргыздар тууралуу кеңири маалымат чогултууга өткөн. XIX кылымдын 40-жылдары Копол, 1854-жылы Верный чеби (азыркы Алматы шаары) курулган.

Ушул жылдары Кокон хандыгынын ээзүүсүнөн тажаган Бугу уруусунун бийи Боронбай бир нече жолу Россия империясынын курамына кирүү ниетинде кат жолдогон. 1855-жылы 7-январда Бугу уруусунун атынан Качыбек Шераалы уулунун ант берүүсүнөн кийин Кыргызстандын Россияга каратылышы башталган. Орус бийлиги Кыргызстанды каратууну ар кыл айла-амал менен ишке ашырган. Мисалы, орус аскерлери улам казактарды кыргыздарга каршылаштырып, кыргыз манаптарынын ынтымагын ыдыратуу үчүн улуу жүз

казактарына атайы жашыруун көрсөтмө да берген. Натыйжада Жантай башкарган тынай уруусу орус бийлигин кабыл алууга макулдук берсе, Үмөтаалы Ормон уулу буга каршы болгон. Бишкек чебинин беги Рахматуллага каршылашкан Байтик Канай уулу орус бийлигине жакындашса, Жаңгарач орус бийлигине каршы чыккан. Ошентсе да, 1862-жылы Токмок, Пишпекти, 1863-жылы Куртка чебин караткан. Нарындагы чериктер орус бийлигин тааныган. 1864-жылы 5-июнда полковник М.Г. Черняевдин отряды (2500 аскер) Олуя-Атаны алып, отряддын бир бөлүгү Талас аркылуу өтүп, Чаткалды ээлеген. Жумгал, Суусамыр, Кетмен-Төбө, Нарынды жердеген саяк уруулары орус бийлигине 1865-жылы ант берген. Ушундан улам 1867-жылы Үмөтаалы да орус бийлигин таанығандан кийин, түндүк Кыргызстан толук Россия империясынын карамагына өтүп, Жети-Суу областына баш ийген Токмок уезди түзүлгөн. Кокон хандыгынын чептеринин (Олуя-Ата, Түркстан, Чымкент, Ташкент) алынышы менен Сибирь жана Сыр-Дарыя аскер линиясы биригип, Түштүк Кыргызстанды каратууга ыңгайлуу шарт түзүлгөн. 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугу уюшулуп, Кудаяр хан Россия менен тынчтык келишим түзүүгө аргасыз болуп, иш жүзүндө  Кокон хандыгы да Россияга көз каранды болгон. Ушул кырдаалда Кокон бийлигине каршы кыргыздардын көтөрүлүшү башталып. Кокон шаары көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өткөн. Кудаяр хандын ордунда такка отурган Насирдин хан орус бийлигинен жардам сурап кайрылган, натыйжада орус өкмөтү 1875—76-жылдары аскер киргизген. Туруктуу орус аскери тез эле Анжиян (1876, 10-январь), Кокон (1876, 18-февраль), Асаке, Үч-Коргон  шаарын ээлеген, Россиянын курамына кирүүдөн баш тарткан кыргыздар Алайга чегинген. Наманган уездинин начальниги 1876-жылы жай айларында алайлык кыргыздарды багындыруу үчүн уюштурган куралдуу экспедициянын («Алай экспедициясы») натыйжасында алайлык кыргыз уруулары аргасыздан Россиянын карамагына өткөн. Алайлык кыргыздардын багынышы менен Түштүк Кыргызстандын Россиянын  курамына кирүүсү аяктаган [4].

Орустардын Кыргызстанга келүүсүнүн тарыхый себептери жана коомдук, маданий турмушка интеграцияланышы Борбор Азиянын тарыхындагы татаал жана көп кырдуу процесстердин бири болуп эсептелет. Бул миграция жана интеграция процесси, бир жагынан, Орус империясынын жана кийинчерээк Совет бийлигинин геосаясий кызыкчылыктарына байланыштуу болсо, экинчи жагынан, өлкөнүн социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген. Кыргызстанга орустардын көчүүсү негизинен XIX кылымдын ортосунда орун  алган. Орус империясы бул аймакка өзүнүн аскердик жана административдик таасирин кеңейтип, Борбордук Азияны көзөмөлдөөнү көздөгөн. Империянын геосаясий кызыкчылыктары жана экономикалык максаттары бул экспансиянын  негизги факторлору болгон. Ошол эле учурда, орус падышачылыгынын отурукташтыруу саясаты орус дыйкандарынын кыргыз жергесине көчүрүлүшүнө өбөлгө түзгөн. Бул саясат жергиликтүү элдин аймактык түзүмүн өзгөртүп, жаңы калктуу конуштарды жана айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүгө багытталган. 1920-жылы жер-суу реформасын жүргүзгөн. Жер-суу маселеси боюнча орус жана кыргыз дыйкандарынын ортосундагы теңсиздикти жоюуга багытталган.

Ал үчүн орус дыйкандарынан ашыкча жерлер алынып, суу баштарына жайгашкан орус кыштактарын жоюу керек болгон. Жер-суу реформасынын биринчи этабы 1921-1922-жж. жүргүзүлгөн.  Анда орус жана кыргыз дыйкандарынын жерлеринин өлчөмү теңделип,

кыргыз дыйкандарынын саны өскөн жана айдоо жерлер көбөйүп, жерди иштетүү жакшырган. 1923-жылы реформанын экинчи этабы башталган. Анда элди жалпы жерге жайгаштыруу иши жүргүзүлгөн. Отурукташууга өткөн дыйкандарга он жылдык мөөнөт менен айыл чарба шаймандары унаа, үрөн бөлүштүрүлүп, андан сырткары үй, короо-жай куруу үчүн материалдар бекер берилген. Алар мамлекеттик салыктан беш жылга бошотулган. 1925- ж. Кыргызстанда 64 колхоз 6 совхоз болгон [5.22].

Совет доорунда Кыргызстандагы орус калкынын агымы, өлкөдө социалисттик өнүгүүнүн бир бөлүгү болуп калды. Советтик индустриализация жана коллективизация Кыргызстанды советтик экономикалык система менен интеграциялоону талап кылды, бул процессте Россиянын борбордук аймактарынан адистер, инженерлер жана жумушчулар активдүү тартылган. Согуштан кийинки калыбына келтирүү мезгилинде да орус калкынын Кыргызстандын социалдык турмушундагы ролу кеңейе берди. Орус калкынын Кыргызстандагы коомдук турмушка интеграцияланышы ар кандай багыттарда ишке ашкан. Биринчиден, алар өлкөдөгү жаңы социалдык институттарды калыптандырууда чоң салым кошушкан. Орус тилдүү мектептер жана университеттер билим берүү системасында негизги орунду ээлеп, орус тили эл аралык жана мамлекеттик байланыштар үчүн маанилүү тил болуп калган. Бул билим берүү системасынын калыптанышында орус калкынын салымы чоң болгон. Мындан сырткары, шаарлардагы өнөр жай ишканалары жана инфраструктуралык долбоорлор орустардын жигердүү аракети менен ишке ашып, Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө түздөн-түз таасирин тийгизген. Маселен, Бишкек шаары (мурдагы Фрунзе) орус калкынын салымы менен өнүгүп, борбор шаардын архитектуралык жана социалдык түзүлүшү өзгөрүп, жаңыча урбанизациялык калыпка келген. Маданий интеграция маселесине келсек, орус калкы Кыргызстанга өздөрүнүн маданияты менен кошо келип, жергиликтүү калк менен өз ара таасир алмашышкан. Орус театрлары, китепканалар жана адабий клубдар Кыргызстандын маданий жашоосунун ажырагыс бөлүгүнө айланып, кыргыз жазуучулары менен орус жазуучуларынын ортосундагы маданий байланыштар күчөгөн. Бул учурда орус тили жана маданияты өлкөнүн маданий мейкиндигинде үстөмдүк кылган, бирок ошол эле учурда жергиликтүү кыргыз маданияты да өзүнүн өзгөчөлүгүн сактап кала алган. Орус калкынын Кыргызстанга көчүп келүүсү жана алардын коомдук, маданий турмушка интеграцияланышы Борбордук Азиянын тарыхында чоң мааниге ээ окуялардын бири болуп эсептелет. Орус империясынын жана Совет доорунун саясий жана экономикалык кызыкчылыктары бул миграциянын негизги факторлору болсо да, орус калкынын өлкөгө кошкон салымы ар тараптуу болгон. Орус тили, билим берүү системасы жана маданияты өлкөнүн өнүгүү процессинде чоң роль ойногон. Бул процесстер Кыргызстандын көп улуттуу коомунун калыптанышына олуттуу таасир тийгизген.

Кыргызстандагы орус тилинин расмий макамы, коомдогу ролу жана учурдагы абалы, саясий жана социалдык факторлору жөнүндө да изилдөөбүз абдан зарыл. Орус тилинин Кыргызстандагы өзгөчө статусу өлкөнүн көп улуттуу жана көп маданияттуу коомундагы динамикасын аныктап келет. Бул тилдин ролун түшүнүү үчүн анын тарыхый өнүгүүсүн, мамлекеттик саясаттагы маанисин жана бүгүнкү абалын талдоо зарыл. Кыргызстан постсоветтик мейкиндикте орус тилине расмий макам берилген эки өлкөнүн бири (экинчи - Беларусь Республикасы, орус тили экинчи мамлекеттик тил статусуна ээ). Ал эми орус тили

улуттар аралык байланыш тилинин функцияларын чындап аткарып келе жатат. Учурда республикада орус тилинин мааниси бир топ жогору жана жакынкы келечекте өзгөрүүсүз кала берет. Азыркы учурда орус тилдүү жарандардын укуктарын сактоо жана аларга жасалган мамиле Кыргызстандагы коомдук жана саясий турмуштун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген Кыргызстандын эгемендүүлүккө жетишүүсү менен кыргыз тили мамлекеттик тил катары таанылган, бирок көп улуттуу коомдун шартында, орус тили да расмий тил статусуна ээ болду [6].

Бул ошол кездеги саясий жана социалдык кырдаалга байланыштуу кабыл алынган. Мындай көп тилдүүлүк саясаты Кыргызстандын мурдагы Советтик республикалардан айырмаланганын көрсөтөт. СССР мезгилинде орус тилин билүү жана колдонуу мамлекеттин бардык деңгээлдеринде талап кылынган, ал эми эгемендүүлүккө жеткенден кийин да бул мурас сакталып калган. Орус тили өлкөдөгү эл аралык байланыштардын жана ички коммуникациянын маанилүү элементи болуп, расмий иш кагаздарын жүргүзүүдө жана өкмөттүк иштерде кеңири колдонулуп келүүдө. Кыргызстандагы орус тилинин коомдогу ролу ар тараптуу. Ал билим берүү, мамлекеттик башкаруу жана экономикалык секторлордо активдүү колдонулат. Бишкек, Ош сыяктуу шаарларда орус тилдүү мектептер жана жогорку окуу жайлары кеңири тараган. Орус тилинде окутуу көп ата-энелер үчүн балага жакшы келечекке жол ачуу мүмкүнчүлүгү катары да кабыл алынат. Ошондой эле, орус тили Кыргызстандагы бизнес чөйрөсүндө жана аймак аралык соодада негизги байланыш тили болуп саналат. Россия менен болгон эмгек миграциясы орус тилин билүүнүн маанисин күчөтүп келет. Көптөгөн кыргызстандыктар Россияда иштөөгө кеткендиктен, алардын орус тилин жакшы деңгээлде билүүсү экономикалык жактан да маанилүү [7.75-110].

Орус тилдүү жарандар өлкөдөгү экономикалык жана саясий турмушта активдүү роль ойнойт. Орус тилдүү жарандарга карата мамиле учурда ар түрдүү көз караштарды камтыйт. Айрым учурларда этникалык жана тилдик факторлорго байланыштуу чыңалуу пайда болушу мүмкүн, бирок жалпылап алганда, Кыргызстанда этникалык жана тилдик ар түрдүүлүккө толеранттуулук менен мамиле кылуу салт болуп келет. Кыргызстандын көп улуттуу мүнөзү жана орус тилинин расмий статусу бул процессте тең салмактуулукту сактоого өбөлгө түзүүдө. Ошентсе да, кыргыз тилинин мамлекеттик башкарууда активдүү киргизилиши орус тилдүү жарандардын укуктарына кандай таасир этээри тууралуу маселелер да көтөрүлүп келет [8].

Кыргызстанда орус тилдүү жарандардын укуктары Конституция жана башка укуктук документтер аркылуу корголот. Мыйзамдарда белгиленгендей, орус тили расмий тил статусунда кала берет, бул анын мамлекеттик органдарда, билим берүү жана маданий чөйрөлөрдө колдонулушуна шарт түзөт. Мыйзамдык база орус тилдүү жарандарга тең укуктуу билим алуу, эмгектенүү жана саламаттык сактоо кызматтарын колдонуу укуктарын камсыздайт.

Кыргызстан көп улутту өлкө болгондуктан калктын диний көз карашы жана ишенимдерин да эске алуубуз абзел. Анткени дин мамлекетте башкы орунда турчу факторлордун бири. Кыргызстанда ислам дини негизги дин болгондуктан, православие дининин өкүлү катары калктын пайызы азчылыкта каралат. Ошол эле учурда, көп улуттуу жана көп диндүү коомдук түзүлүштө православие дининин өкүлдөрү белгилүү бир ролду ойнойт. Кыргызстанда православие дини XIX кылымдан тартып, Орус империясынын

Борбордук Азиядагы экспансиясынын натыйжасында жайыла баштаган. Айрыкча орус калкынын көчүп келиши православие дининин жайылышына өбөлгө түздү. Советтик доордо атеисттик саясаттын таасиринде диндин социалдык турмушка тийгизген таасири төмөндөсө да, православие дини айрым аймактарда сакталуу бойдон калган эгемендүүлүктөн кийин, орус тилдүү жарандар менен православие жамааттарынын коомдогу орду кайрадан актуалдуулукка ээ болду. Кыргызстандагы көп улуттуу жана көп конфессиялуу түзүлүш православие динине жалпы эле толеранттуу мамилени камсыз кылат. Кыргыз коомунун басымдуу бөлүгү ислам динин тутканына карабастан, православие динине карата эч кандай терс мамиле байкалбайт. Мисалы, Бишкек жана Чүй облусунда православие храмдары эркин иштеп, православие дининин өкүлдөрү коомдук жана маданий иш-чараларга катышып келүүдө. Бул ар кандай диний уюмдарга, анын ичинде православие чиркөөлөрүнө карата жалпы урматтоо жана толеранттуулук бар экенин көрсөтүп турат. Кыргызстандын мыйзамдары ар бир жарандын дин тутуу эркиндигин камсыз кылат. Өлкөнүн Конституциясында ар бир адам өзүнүн ишенимине жараша динди эркин тандоо жана ага карата эркин мамиле жасоо укугу каралган. 2008-жылы кабыл алынган «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзам да бардык конфессияларга бирдей укуктарды жана милдеттерди жүктөйт [9].

Мамлекет менен диндин бөлүнүшү жана толеранттуулук принциптери Кыргызстанда православие дининин өкүлдөрүнө дагы эркин иштөөгө шарт түзүп берет. Православие дининин өкүлдөрү көбүнчөсү орус тилдүү жарандар болгондуктан, алардын коомдогу абалы орус тилдүү жамааттын жалпы социалдык жана экономикалык абалына да байланыштуу. Кыргызстанда православие дининин абалы туруктуу жана коомдун православие динине карата көз карашы негизинен толеранттуу. Өлкөнүн көп улуттуу жана көп диндүү түзүлүшү бул толеранттуулукту колдоп, православие дининин өкүлдөрүнө коомдук турмуштун бир бөлүгү катары иш алып барууга шарт түзүп келет.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. https://www.stat.gov.kg/ru/
2. 2022-жылдагы Кыргыз Республикасындагы эл жана турак жай фондун каттоо: II-китеп (Биринчи бөлүк) таблицаларда: Кыргызстандын калкы -Б.: 2023., -381б. ISBN 978-9967-28-708-2, 93-бет.
3. https://saat.kg/2016/05/10/kyrgyzstan-kantip-k-p-uluttuu-lk-bolup-kaldy/ Дастан Разак уулу. Кыргызстан кантип көп улутту болуп калды? 2016.
4. Википедия “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. Башкы редактору Асанов Ү.А. К 97. Б.: мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2012. 832 бет, илл. ISBN 978 9967-14-104 -9
5. Ата мекендин тарыхы. Факультеттер аралык 2-курстун студенттери үчүн усулдук колдонмо. Каракол, 2016, 121 б.
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2010), 10-берене.
7. Национальный институт стратегических исследований Кыргызской Республики. Кыргызстан. 2015-2018 расширенный миграционный профиль. Бишкек, 2018. С.152.
8. Сохранение наследия: непреходящая роль русского языка в Кыргызстане. Вечерный Бишкек. 2023, 21 декабрь. https://www.vb.kg/doc/434263_sohranenie_naslediia:_neprehodiashaia_rol_rysskogo_iazyka_v_kyrgyzstane.html
9. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2008-жылдын 31-декабры №282 Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө мыйзамдарынын Жобосу. https://cbd.minjust.gov.kg/202498/edition/1061634/kg

*  *  *

***Бекмирзаев Рахмонали Бегалиевич***

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ГЕОСАЯСИЙ ЖАНА ЭТНО-МАДАНИЙ КОНТЕКСТИНДЕГИ ЗАМАНБАП УЛУТТАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ПРИНЦИПТЕРИ

***Бекмирзаев Рахмонали Бегалиевич***

# ПРИНЦИПЫ СОВРЕМЕННЫХ МЕЖНАЦИОНАЛЬНЫХ ОТНОШЕНИЙ В ГЕОПОЛИТИЧЕСКОМ И ЭТНОКУЛЬТУРНОМ КОНТЕКСТЕ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ

***Bekmirzaev Rakhmonali Begalievich***

# PRINCIPLES OF MODERN INTERETHNIC RELATIONS IN THE GEOPOLITICAL AND ETHNO-CULTURAL CONTEXT OF THE FERGANA VALLEY

***УДК.93/94***

***Аннотация.*** *Бул макала Фергана өрөөнүнүн геосаясий жана этно-маданий контекстиндеги заманбап улуттар аралык мамилелердин принциптерин изилдейт. Борбордук Азиядагы тарыхый мааниге ээ болгон Фергана өрөөнү өзүнүн ар түрдүү этникалык курамы жана стратегиялык геосаясий жайгашуусу менен мүнөздөлөт. Иликтөө өрөөн ичиндеги өлкөлөрдүн, өзгөчө Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстандын улуттар аралык мамилелерине геосаясий кызыкчылыктардын жана этномаданий интеграциянын кандай таасир тийгизээрин изилдейт. Негизги темалар тарыхый мурастардын таасири, аймактык уюмдардын ролу жана Орусия, Кытай жана АКШ сыяктуу тышкы күчтөрдүн таасири. Макала ошондой эле аймактагы кызматташтык жана чыр-чатактарды чечүү үчүн чакырыктар жана мүмкүнчүлүктөр талкууланып, туруктуулукту жана өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн инклюзивдик жана көп тараптуу мамиленин маанилүүлүгүн баса белгилейт.*

***Негизги сөздөр.*** *Фергана өрөөнү, геосаясий интеграция, этномаданий интеграция, улуттар аралык мамилелер, чыр-чатакты чечүү, кызматташуу, тышкы күчтөр, тарыхый мурастар, туруктуулук, өнүктүрүү.*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются принципы современных межэтнических отношений в геополитическом и этнокультурном контексте Ферганской долины. Ферганская долина, имеющая историческое значение в Центральной Азии, характеризуется разнообразным этническим составом и стратегическим геополитическим положением. Исследование исследует, как геополитические интересы и этнокультурная интеграция влияют на межэтнические отношения стран долины, особенно Узбекистана, Кыргызстана и Таджикистана. Ключевые темы включают влияние исторического наследия, роль региональных организаций и влияние внешних держав, таких как Россия, Китай и США. В статье также обсуждаются проблемы и возможности сотрудничества и разрешения конфликтов в регионе, подчеркивая важность инклюзивного и многостороннего подхода для обеспечения стабильности и развития.*

***Ключевые слова.*** *Ферганская долина, геополитическая интеграция, этнокультурная интеграция, межнациональные отношения, разрешение конфликтов, сотрудничество, внешние силы, историческое наследие, стабильность, разработка*

***Abstract.*** *This article examines the principles of modern interethnic relations in the geopolitical and ethno-cultural context of the Ferghana Valley. Fergana Valley, which has a historical importance in Central Asia, is characterized by its diverse ethnic composition and strategic geopolitical location. The research explores how geopolitical interests and ethnocultural integration affect the inter-ethnic relations of the countries within the valley, especially Uzbekistan, Kyrgyzstan and Tajikistan. Key topics include the influence of historical legacies, the role of regional organizations, and the influence of external powers such as Russia, China, and the United States. The article also discusses challenges and opportunities for cooperation and conflict resolution in the region, emphasizing the importance of an inclusive and multilateral approach to ensure stability and development.*

***Keywords.*** *Fergana Valley; geopolitical integration; ethnocultural integration; interethnic relations; conflict resolution; cooperation; external forces; historical heritage; stability; development*

Фергана өрөөнү Борбордук Азия чөлкөмүнүн бардык чакырыктарын камтыйт, анын ичинде чек ара маселелери, жакырчылык, чектүү жер-суу ресурстары, жумушсуздук, мыйзамсыз эмгек жана этникалык чыр-чатактар. Бул маселелер аймакты карама-

каршылыктардын татаал мейкиндигине айландырды. Фергана өрөөнүндөгү улуттар аралык мамилелердин жалпы абалын түшүнүү өтө маанилүү, анткени ал илимий изилдөөлөрдүн чордону болуп саналат. Борбордук Фергана өрөөнү өзүнүн этномаданий курамы жана геосаясий абалы менен өзгөчө мааниге ээ. Бул чөлкөмдөгү этностор аралык мамилелер геосаясий туруктуулукту камсыз кылуучу социалдык-маданий динамикаларды калыптандыруучу негизги фактор болуп саналат.

Фергана өрөөнүндөгү геосаясий жана этномаданий интеграциянын шартында азыркы этностор аралык мамилелердин принциптери жана алардын коомдук ынтымакка жана туруктуулукка тийгизген таасири илимий адабияттарда, өзгөчө антропология, социология, Борбордук Азия таануу тармактарында кеңири изилденип, талдоого алынган. Фергана өрөөнүндөгү этникалык көп түрдүүлүктүн тарыхы байыркы доорлордо башталып, миграция, басып алуу жана Орто Азия аркылуу өткөн соода жолдору аркылуу калыптанган. Өрөөн өзбектер, тажиктер, кыргыздар, орустар жана убакыттын өтүшү менен карым-катнашта болгон башка топтор менен чогуу жашаган маданияттардын жана этникалык топтордун эриген жери болгон [1]. Окумуштуулар бул этникалык көп түрдүүлүк Фергана өрөөнүнүн маданий ландшафтына кандай таасир эткендигин изилдешкен. Изилдөөчүлөр лингвистика, археологиялык изилдөөлөр жана этнографиялык байкоолор аркылуу аймактагы түрдүү каада-салттар, тилдер, диндер жана материалдык маданияттар жөнүндө ой жүгүртүшкөн [2].

Фергана өрөөнүндө коомдук ынтымакты жана туруктуулукту сактоо үчүн улуттар аралык мамилелердин динамикасын түшүнүү өтө маанилүү. Изилдөөлөр бул мамилелерди калыптандыруучу факторлорду, анын ичинде тарыхый мурастарды, экономикалык өз ара аракеттенүүнү, саясий структураларды жана маданий практикаларды изилдеген [3]. Изилдөөлөр Фергана өрөөнү сыяктуу ар түрдүү коомдордо социалдык биримдиктин жана инклюзивдүүлүктүн маанилүүлүгүн көрсөттү. Ар кандай этникалык топтордун ортосундагы байланышты, толеранттуулукту жана өз ара урматтоону илгерилетүү менен коомдор ишенимди бекемдеп, улуттар аралык чыр-чатактын чыгуу коркунучун азайта алат [4]. Учурдагы изилдөөлөр Фергана өрөөнүндөгү этникалык көп түрдүүлүк менен саясий туруктуулуктун ортосундагы өз ара байланышты да талдоого алган. Көбүнчө экономикалык теңсиздик же саясий маргиналдаштыруу сыяктуу факторлор менен курчуган этникалык тирешүүлөр жана чыр-чатактар аймактагы башкаруу жана коопсуздук үчүн кыйынчылыктарды жаратат [5]

Конфликттерди чечүү жана тынчтыкты орнотуу боюнча адабияттар ар түрдүү коомдордогу этностор аралык мамилелерди башкаруунун стратегиялары жөнүндө түшүнүктөрдү берет. Коомчулуктун демилгелеринен тартып мамлекеттик саясатка чейинки ар кандай ыкмалар наразычылыктарды чечүүгө, элдешүүгө көмөктөшүүгө жана ар түрдүү этникалык жамааттардын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган [6]. Илимий изилдөөлөр Фергана өрөөнүндөгү туруктуулуктун жана инновациянын булагы катары маданий көп түрдүүлүктүн потенциалына көңүл бурат. Ар түрдүү калктын жаратмандыгын жана тапкычтыгын колдонуу менен, жамааттар учурдагы кыйынчылыктарды жеңип, көбүрөөк камтыган жана гүлдөгөн келечекти кура алышат [7].

Фергана өрөөнүндөгү этномаданий жана геосаясий интеграциянын шарттарында этностор аралык мамилелердин негизги принциптерине токтололу.

Тарыхый этникалык ар түрдүүлүк принциби: Фергана өрөөнүндө тарыхта ар кыл этностор, мисалы, өзбектер, тажиктер, кыргыздар, орустар жана башкалар байырлашкан. Бул түрдүү этникалык жамааттар аймактагы жамааттык маданий чөйрөнү калыптандыруу менен, кылымдар бою тынчтыкта жанаша жашап келишкен. Коомдук ынтымакты жана туруктуулукту сактоо үчүн улуттар аралык мамилелерди түшүнүү жана көзөмөлдөө зарыл.

Этномаданий интеграциянын принциби: Фергана өрөөнүндө этномаданий интеграциянын өнүгүшү үчүн эффективдүү этностор аралык мамилелер чечүүчү мааниге ээ. Ар түрдүү этникалык топтордун ортосундагы өз ара түшүнүшүүнү, сый-урматты жана кызматташтыкты өнүктүрүү менен аймак өзүнүн маданий көп түрдүүлүгүн күч жана иденттүүлүктүн булагы катары колдоно алат. Бул интеграция этникалык айырмачылыктардан келип чыккан чыңалууну жана конфликттерди жеңилдетүүгө жардам берет. Фергана өрөөнүндө этникалык жана маданий интеграцияны илгерилетүү анын көп түрдүү мурастарын баалаган ынтымактуу жана инклюзивдик коомду өстүрүү үчүн абдан маанилүү.

Геосаясий туруктуулуктун принциби: Фергана өрөөнү Борбордук Азиянын кесилишинде жайгашкандыктан стратегиялык мааниге ээ. Ал Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстан менен чектешип, аны геосаясий негизги чекитке айландырган. Региондогу тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу үчүн этностор аралык туруктуу мамилелер чечүүчү мааниге ээ, анткени этникалык топтордун ортосундагы чыр-чатактар геосаясий талаш-тартыштарды жана аймактык маселелерди курчутушу мүмкүн.

Аймактык кызматташтыкты жана интеграцияны өнүктүрүүгө багытталган аракеттер Фергана өрөөнүндө геосаясий туруктуулукту камсыз кылууга жардам берет. Борбордук Азиянын Регионалдык Экономикалык Кызматташтыгы (ЦАРЭК) жана Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ) сыяктуу демилгелер Борбор Азия өлкөлөрүнүн ортосундагы экономикалык коммуникациялар жана коопсуздук жаатындагы кызматташтыкты бекемдөөгө, ошону менен чыңалууну азайтууга жана туруктуулукту камсыз кылууга багытталган [8].

Фергана өрөөнүнүн геосаясий динамикасын калыптандырууда тышкы күчтөрдүн ролун эске албай коюуга болбойт. Окумуштуулар Орусия, Кытай жана АКШ сыяктуу дүйнөлүк державалардын кийлигишүүсү мамлекеттер аралык мамилелерге, коопсуздук чараларына жана чөлкөмдөгү чыр-чатактын динамикасына кандай таасирин тийгизерин талдап чыгышат [9.7-11].

Экономикалык өнүгүүнүн принциби: Фергана өрөөнүндө улуттар аралык кызматташтык жана ынтымак экономикалык өнүгүүдө чечүүчү роль ойнойт. Ар түрдүү этникалык топтордун ортосундагы ишеним жана кызматташтык чөйрөсү сооданы, инвестицияны жана чек арадагы экономикалык демилгелерди стимулдай алат. Тескерисинче, чыр-чатактар жана тирешүү инвесторлордун көңүлүн түшүрүп, соода тармактарын бузуп, экономикалык прогресске тоскоол болушу мүмкүн. Фергана өрөөнүнүн экономикалык өсүшүн илгерилетүүдөгү этностор аралык кызматташтыктын жана ынтымактын мааниси академиялык чөйрөлөрдө, өзгөчө экономика, өнүгүү таануу жана регион таануу чөйрөлөрүндө олуттуу көңүл бурду.

Саясий биримдиктин принциби: Фергана өрөөнү ар кайсы өлкөлөрдөгү бир нече административдик бирдиктерден турат, алардын ар биринин өзүнүн саясий структуралары

жана башкаруу системасы бар. Этностор аралык позитивдүү мамилелерди сактоо бул ар түрдүү административдик бирдиктерде саясий биримдикти жана туруктуулукту камсыз кылуу үчүн өтө маанилүү. Бул этникалык саясий карама-каршылыктын алдын алууга жардам берет жана инклюзивдүү башкарууга өбөлгө түзөт. Биз көп улуттуу аймак болгон Фергана өрөөнүнүн шартында саясий биримдиктин, башкаруунун жана этникалык мамилелердин түрдүү аспектилерин карап чыгабыз.

Фергана өрөөнү Өзбекстандын, Кыргызстандын жана Тажикстандын курамындагы бир нече административдик бирдиктерди камтыйт, алардын ар бири өзүнүн саясий түзүлүшүнө жана башкаруу системасына ээ. Бул административдик чек аралардын этникалык демография менен кесилиши региондун саясий динамикасына олуттуу таасирин тийгизиши мүмкүн.

Фергана өрөөнүндөгү түрдүү этникалык жамааттардын тең саясий өкүлчүлүгүн жана катышуусун камсыз кылуу үчүн этностор аралык позитивдүү мамилелерди колдоо маанилүү. Аймактагы инклюзивдик башкаруу механизмдери, азчылыктардын укуктарын коргоо жана колдоо көрсөтүү саясаты саясий биримдикти бекемдөө жана этникалык саясий карама-каршылыктын алдын алуу үчүн маанилүү.

Маданий алмашуу жана көп түрдүүлүк принциби: этностор аралык мамилелер Фергана өрөөнүндөгү маданий алмашууга жана көп түрдүүлүккө салым кошот. Маданий айырмачылыктарды кабыл алуу жана жалпы мурастарды белгилөө менен жамааттар өздөрүнүн социалдык түзүлүшүн байыта алышат жана өздөрүнүн таандыктык сезимин бекемдей алышат. Маданий өз ара аракеттешүү өз ара түшүнүшүүгө жана баалоого түрткү берип, интеграцияланган жана туруктуу коомго алып келет.

Фергана өрөөнүндөгү маданий алмашууну жана көп түрдүүлүктү өнүктүрүүдөгү этностор аралык мамилелердин ролу академиялык адабияттарда, өзгөчө антропология, маданият таануу жана социология тармактарында кеңири изилденет. Окумуштуулар Фергана өрөөнү сыяктуу көп улуттуу аймактарда социалдык динамика, иденттүүлүк жана туруктуулукту калыптандырууда маданий өз ара аракеттенүүнүн жана көп түрдүүлүктүн маанисин баса белгилешкен.

Фергана өрөөнүндөгү этностор аралык мамилелер маданий гармонияга жана гибриддүүлүккө өбөлгө түзөт, мында ар кыл этностор өз ара аракеттенип, пикир алмашып, бири-биринин маданиятынын аспектилерин өз ара интеграциялашат. Окумуштуулар маданий гибриддүүлүк аймактын социалдык түзүлүшүн кантип байытып, динамикалуу жана ар түрдүү маданий пейзаждарды түзөөрүн изилдеп чыгышты [10].

Чыр-чатактын алдын алуу жана чечүү принциби: Фергана өрөөнүндөгү чыр-чатактарды алдын алуу жана чечүү үчүн этностор аралык мамилелерди эффективдүү башкаруу абдан маанилүү. Негизги маселелерди чечүү, диалогду өнүктүрүү жана инклюзивдик саясатты ишке ашыруу менен кызыкдар тараптар этникалык чыр-чатактын зомбулукка же туруксуздукка айланып кетүү коркунучун азайта алышат. Чыр-чатактын алдын алуу аракеттери аймактагы тынчтыкты жана узак мөөнөттүү туруктуулукту сактоо үчүн өтө маанилүү.

Фергана өрөөнүндөгү чыр-чатактарды алдын алуу жана чечүү үчүн этностор аралык мамилелерди эффективдүү башкаруунун мааниси академиялык адабияттарда, өзгөчө тынчтык жана конфликт таануу, саясат таануу жана эл аралык мамилелер боюнча кеңири

изилденген. Окумуштуулар этникалык чыр-чатактарды азайтуу, диалогду жана ынтымакты бекемдөө, тобокелдиктерди азайтуу жана аймакта узак мөөнөттүү туруктуулукту кепилдөө үчүн ар кандай стратегияларды жана механизмдерди карап чыгышты.

Жыйынтыктап айтканда, маданий жана геосаясий интеграциянын шартында Фергана өрөөнүндөгү этностор аралык мамилелерди чыңдоо үчүн бир нече олуттуу келечектүү долбоорлорду жана илимий демилгелерди сунуштоого болот. Бул долбоорлор социалдык биримдиктин, экономикалык өнүгүүнүн, маданий алмашуунун жана чыр-чатактарды чечүүнүн ар кандай аспектилерин камтыйт.

«Эл аралык байланыш жана маданий алмашуу боюнча илимий борборду» түзүү демилгеси: Сунушта Фергана өрөөнүндө этностор аралык байланыш жана маданий алмашуу борборун түзүү каралган. Бул борбор ар кандай этникалык жамааттардын өкүлдөрү маданий иш-чаралар, семинарлар, тил курстары жана өз ара түшүнүшүүнү жана ыраазычылыкты арттыруу максатында биргелешкен долбоорлорду өткөрүү үчүн чогула турган бейтарап мейкиндик катары иштейт. Фергана өрөөнүндө этностор аралык диалог жана маданий алмашуу борборун түзүү коомдук биримдикке, өз ара макулдашууга көмөктөшүүгө жана улуттар аралык чыр-чатактарды кыскартууга олуттуу салым кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

«Чек арадагы экономикалык өнүгүү зоналарын түзүү» долбоорлору Фергана өрөөнүндө Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстандын чек арасын бойлой турган чек ара экономикалык өнүгүү зоналарын түзүүнү камтыйт. Бул зоналар экономикалык өз ара көз карандылыкты жана кызматташтыкты чыңдоо, ар кандай улуттагы адамдардын ортосундагы сооданы, инвестицияны жана биргелешкен ишканаларды өнүктүрүүгө багытталган. Фергана өрөөнүндө трансчегаралык экономикалык өнүгүү зоналарынын түзүлүшү коңшу Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстандын ортосундагы экономикалык кызматташтыкты, инвестицияны жана этностор аралык мамилелерди өнүктүрүүгө чоң потенциалга ээ.

«Мурастарды сактоо демилгеси» долбоору Фергана өрөөнүндөгү этникалык топтордун түрдүү маданий каада-салттарын жана үрп-адаттарын сактоого жана жайылтууга багытталган. Бул демилге оозеки тарыхты документтештирүү, тарыхый жерлерди калыбына келтирүү, маданий фестивалдарды уюштуруу жана жергиликтүү кол өнөрчүлөрдү жана кол өнөрчүлүктү колдоону камтыйт. Мындай демилгени Фергана өрөөнүндө ишке ашыруу аймактын бай маданий мурасын сактоо, улуттар аралык ынтымакты чыңдоо жана коомдогу сыймыкты жана туруктуулукту чыңдоо үчүн абдан маанилүү.

«Эл аралык медиа коммуникация платформасын» түзүү: Демилге Фергана өрөөнүндө сүйлөгөн ар кандай тилдерде жаңылыктарды, маалыматтык жана оюн-зоок контентин сунуш кылган эл аралык медиа коммуникация платформасын иштеп чыгууну камтыйт. Бул платформа инклюзивдик баяндарды жайылтууга, ар түрдүү үндөрдү күчөтүүгө жана позитивдүү өкүлчүлүк аркылуу стереотиптерге жана терс пикирлерге каршы турууга багытталган. Фергана өрөөнүндө этностор аралык медиа жана коммуникация платформасын түзүү этностор аралык өз ара түшүнүшүүгө көмөктөшүү, инклюзивдик диалогго көмөктөшүү жана позитивдүү өкүлчүлүк аркылуу стереотиптер менен бейкалыс пикирлерге каршы күрөшүү үчүн өтө маанилүү.

Сунуш кылынган долбоорлор Фергана өрөөнүндөгү этностор аралык мамилелердин алдында турган татаал маселелерди чечүүгө багытталган, ошол эле учурда интеграция жана

кызматташтык үчүн мүмкүнчүлүк катары аймактын маданий көп түрдүүлүгүн жана геосаясий маанисин колдонуу. Ар түрдүү этникалык жамааттардын ортосундагы диалогду, кызматташтыкты жана өз ара сый-урматты илгерилетүү менен бул демилгелер аймактын тынч, инклюзивдүү жана гүлдөп өнүккөн келечегине салым кошо алат.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Rashid, Ahmed. (1994). The Resurgence of Central Asia: Islam or Nationalism? Karachi, Pakistan: Oxford University Press; London; Atlantic Highlands, N.J., USA: Zed Books.

2. Nourzhanov, K., & Bleuer, C. (2013). Tajikistan: A Political and Social History. ANU Retrieved from http://www.jstor.org/stable/j.ctt5hgxx8

3. Dagiev, D. (2013). Regime Transition in Central Asia: Stateness, Nationalism, and Political Change in Tajikistan and Uzbekistan (1st ed.). Routledge. https://doi.org/10.4324/9781315886602

4. Anchita Borthakur (2017). An Analysis of the Conflict in the Ferghana Valley. Asian Affairs, 48(2), 334-350. DOI: 10.1080/03068374.2017.1313591

5. Mohapatra, N. K. (2013). Migration and Its Impact on Security of Central Asia. India Quarterly, 69(2), 133–157. http://www.jstor.org/stable/45072718; Turaeva, R. (2015). Migration and Identity in Central Asia: The Uzbek Experience (1st ed.). Routledge. https://doi.org/10.4324/9781315691428; Patnaik, A. (2016). Central Asia: Geopolitics, Security, and Stability (1st ed.). Routledge India. https://doi.org/10.4324/9781315636894

6. Stockinger, P. (2011). Introduction à la communication interculturelle.

7. Isaacs, R., & Marat, E. (Eds.). (2021). Routledge Handbook of Contemporary Central Asia (1st ed.). Routledge. https://doi.org/10.4324/9780429057977

8. Kassenova, N. More Politics than Substance: Three Years of Russian and Chinese Economic Cooperation in Central Asia. Central Asia Papers, Russia Political Economy Project, October Available at: https://www.fpri.org/article/2018/10/more-politics-than-substance-thee-years-of-russian-and-chinese-economic-cooperation-in-central-asia/

9. Van der Togt, T., Montesano, F. S., & Kozak, I. (2015). The geopolitics of the Eurasian Economic Union. In From Competition to Compatibility: Striking a Eurasian balance in EU-Russia relations (pp. 7–11). Clingendael Retrieved from http://www.jstor.org/stable/resrep05445.5

10. Mackerras, C. (2005). Review of Dislocating China: Muslims, Minorities, and Other Subaltern Subjects, by D.C. Gladney. China Review, 5(1), Retrieved from http://www.jstor.org/stable/2346185

* * *

***Джоошбекова Айнагүл***

## КЫРГЫЗСТАНДЫН КАЛКЫНЫН ТЫШКЫ МИГРАЦИЯ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Джоошбекова Айнагүл***

## ПРОБЛЕМЫ ВНЕШНЕЙ МИГРАЦИИ НАСЕЛЕНИЯ КЫРГЫЗСТАНА В ПОСТСОВЕТСКИЙ ПЕРИОД

***Jooshbekova A.R.***

## PROBLEMS OF EXTERNAL MIGRATION OF THE POPULATION OF KYRGYZSTAN IN THE POST-SOVIET PERIOD

***УДК. 314.01. (575.25)***

***Аннотация:*** *Кыргызстандын кыргыздарынын арасында потенциалдуу мигранттар деп айтууга боло турган контингент дайыма түзүлүп турат. Кыргызстандан башка мамлекеттерге эмгек миграциясына чыккан потенциалдуу тышкы эмгек мигранттары, бул биринчи кезекте, жогорку билимдүү, ошондой эле мобилдүү жаштар. Изилдөөнүн жүрүшүндө миграциянын себептериндеги жана аларды түзүүчү факторлордогу аймактык айырмачылыктар аныкталды. Түндүк жана түштүк региондордун ортосундагы эң ачык аймактык айырмачылык тышкы эмгек мигранттарынын салыштырмалуу жана абсолюттук саны аркылуу көрүнөт. Постсоветтик мезгилде адамдардын тез жана масштабдуу миграциялык орун*

*которуулары СССРдин ыдырашы жана элдердин коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык турмушунун бардык чөйрөлөрүндө кесепеттеринин бүтүндөй комплекси бар жаңы суверендүү мамлекеттердин түзүлүшү менен шартталган. Бир кездеги күчтүү державанын жана Бирдиктүү экономикалык эмгек бөлүштүрүүнүн кыйрашы жана ага байланыштуу жумушсуздуктун укмуштуу масштабы, калктын массалык жакырлануусу, коомдун кескин социалдык-мүлктүк стратификациясы социалдык-экономикалык кризиске алып келди. Мурдагы союздук республикалардай эле Кыргызстанда да социалдык-экономикалык абал начарлады, бул анын этносторунун, анын ичинде кыргыздардын миграциялык кыймылынын өсүшүнүн негизги себеби болуп саналат.*

Башкы план боюнча поселокто 600 орундуу клуб, 10 койкалуу оорукана, 640 орундуу эки мектеп, поликлиника, гостиница, ясли жана балдар бакчасы, ашканалар, дүкөндөр жана башка административдик имараттар курулуп баштаган. Коммуналдык үйлөрдүн аянты болжол менен 80 миң чарчы метрди түзгөн.

Эмгекчилер депутаттарынын Ош областтык Советинин аткаруу комитети ошондой эле жаңыдан түзүлгөн шаар тибиндеги поселокко Межгорье (Тоо арасында) атын берүүнү жана аны эмгекчилер депутаттарынын Таш-Көмүр шаардык Советинин административдик баш ийүүсүнө берүүнү суранышкан.

Поселок Эмгекчилер депуттатарынын Таш-Көмүр шаардык Советинин административдик баш ийүүсүндө болгондуктан “Нарынгидроэнергокурулуш” курулуш башкармалыгы курулуш борбору болгондуктан Таш-Көмүр шаарында жайгашкандыгына байланыштуу калкты тейлөө жана жабдуу Таш-Көмүр торгу аркылуу жүргүзүлгөн.

“Калктуу пункттарды шаарларга жана шаар тибиндеги поселокторго категориясынын тартиби” жөнүндө 4-август 1959-жылдагы Кыргыз ССР Жогорку Совети тарабынан жүргүзүлгөн Указдын талаптарына Токтогул ГЭСинин курулушунун жүрүшүндө поселокту шаар тибиндеги поселок катары классификациялоо толугу менен ылайык келген.

Токтогул ГЭСин курууда калктуу пунктту шаар тибиндеги поселокктун катарына кошуу, ал жергиликтүү географиялык шартына жараша Кара-Көл дарыясынын куймасына катарлаш жайгашканына байланыштуу Кара-Көл деген ат ыйгаруу жөнүндө Ош областтык аткаруу комитетинин өтүнүчү менен канааттандырылган.

Кара-Көл шаарынын жаралышы жана Кара-Көл шаарынын географиясы:

Кара-Көл шаары облассттын борбору болгон Жалал-Абад шаарынан 175 чакырым түндүк-батышта, борборубуз Бишкек шаарынан 385 чакырым түштүгүндө жайгашкан. Таш-Көмүр темир жол бекетинен 78 чакырым аралыкта орун алган.

Аймактын ландшафты жеринин бетинин түзүлүшүнүн татаалдыгына, климаттын өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Түздүктүү талаа ландшафты Нарын капчыгайын бойлото шаардын батыш тарабына мүнөздүү (деңиз деңгээлинен 800-1000метр бийиктикте жайгашкан). Тектирлүү тегиз түздүктөрдүн аянттары анча жазы эмес. Рельефи кыйла тик, Нарын дарыясын көздөй тилмеленген. Аймактык Түндүк-Чыгыш тарабы тоо капталдуу ландшафтарга туура келет. Алар 1000 метрден 1800 метрге чейин бийиктикте созулуп, тоо-токой шалбаа ландшафтына кирип кетет.

**Кара-Көл кенчи.** Кара-Көл кенчи Х1 кылымга таандык казына. Кара-Көл шаарынын аймагындагы “Комсомол” көлүнүн ордун тегиздөө учурунда байыркы шаар урандыларынан эки кесе, кумган жана эки тулга табылган. Кеселерге кооз оймо-чиймелер түшүрүлүп, кумганга араб тамгасы менен “Ахмад жасады” деп жазылган.

**Кочкор-Дөбө дөбөсү.** Фергана тоо тизмегинин түндүк-чыгыш тарабы. Кетмен-Төбө өрөөнүнүн түштүгүндө. Батыштан чыгышты карай кеңдик багытта ийрилип созулуп жатат. Узундугу 23 километр, туурасы 6 километрдей. Орточо бийиктиги деңиз деңгээлинен 1700-1800 метр. Эң бийик жери 2534 метр. Тоонун суу бөлгүчү түзөң жана тайпаң. Тоо капталдары жантайыңкы (20-30). Неогендин боз түстүү конгломерат, кумдук ж.б тоо тектеринен түзүлгөн. Эфемерлүү талаа ландшафты басымдуу. Чарбачылыкты чабынды жана жайыт катары пайдаланышат.

**Табияты жана климаты.** Кара-Көл шаарынын түндүгү ири өрөөн Кетмен-Төбө ойдуңуна кирип кетет. Деңиз деңгээлинен 800-1200 метр бийиктикте жайгашкан. Батыш тарабы Нарын өзөнүн бойлоп, Фергана өрөөнүнө чектешет. Өрөөн Евро Азиянын борбордук бөлүгүндө, деңиз, океандардан алыс, мелүүн алкактын түштүк четинде жайгашкан. Түзөң жана өрөөндүү бөлүгүндө субтропиктен мелүүн алкакка өтмө климат мүнөздүү.

Күн радиацыясы климат пайда кылуучу маанилүү фактор болуп саналат. Анын жер бетине тийиши күндүн бийиктик абалына жараша болот. Кундүн чак түштөгү бийиктиги декабрда 25 градус, июнда 70 градуска жетет. Күн тийүү узактыгы булуттардын пайда болуу шартында гана горизонттун жабык же ачык болушуна байланыштуу, кууш өрөөндөргө жана

капчыгайларда ошол эле кеңдиктерде жайгашкан рельефтин башка формаларына караганда күн тийүү узактыгы кыскарак болот. Күн тийүүнүн жылдык орточо узактыгы Жалал-Абад станциясында 2787 саатты түзөт. Бул болсо ошол кеңдиктерди күн тийүүнүн 66-69 пайызы гана.

Өрөөндүн климатына 80-жылдардан кийин пайда болгон Нарын дарыясындагы Токтогул, Күрп-Сай, Таш-Көмүр ири суу сактагычтарындагы пайда болгон суу бетинин энергиясына да таасири чоң.

Атмосфералык басымдын чоңдугу төмөнкү зоналарда 950 гПа дан бийик тоолу зонада 600 г.Па (же 717тен 450 мм сымап мамычасына ) чейин өзгөрөт.

Деңиз деңгээлинен 1000-2000 м бийиктикте басымдын минимуму июльда байкалып, максимуму октябрь-ноябрда оошот, жылдык амплетудасы 6-14 гПа ды түзөт. Деңиз деңгээлинен 1000 м ден жогорку бийиктиктеги аймактарда абанын жылдык температурасы 22-27 градус С ди түзөт.

Абанын суткалык орточо температурасы 10 градус Сден өтүү даталары айыл чарба өсүмдүктөрүнүн басымдуу бөлүгүнүн активдүү вегетация учурунун башталышы жана аягы кабыл алынган. Деңиз деңгээлинен 1000 метр чегиндеги бийиктиктерде бул мезгил марттын аягынан октябрдын аягына чейин созулат. Бул бийиктиктерде жазгы үшүк марттын экинчи жарымында, күзгү алгачкы үшүк ноябрдын биринчи декадасында жүрөт.

Атмосфералык жаан-чачындын өлчөмү 500-600 чакырым. Ным алып келүүчү аба агымдарынын тоолору аркылуу пайда болуп турган Кетмен-Төбө жана Тогуз-Торо райондорунда жылдык жаан-чачындын өлчөмү 330-370 ммди гана түзөт. А бирок, өрөөндө ондогон суу сактагычтардын пайда болгонуна байланыштуу бул көрсөткүч жогорулоо жагына өскөн.

Кара-Көл аймагына фергана өрөөнүнүн түндүк тарабында деңиз деңгээлинен 1000-1200 м бийиктигинде жайгашканына байланыштуу декабрдын 2 чи декадасынан баштап кар катмарынын жатышы 2-3 айга чейин созулуп кетет. Кар катмарынын калыңдыгы 30-40 см-ге чейин жетет. Жаан-чачындуу күндөрдүн жылдык орточо саны 45-55-күндү түзөт.

**Суулары.** Кара-Көл-Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталындагы чакан тоо көлү. Көгарт суусунун оң куймасы Ачы-Сайдын алабында деңиз деңгээлинен 1300 метр бийиктикте жайгашкан. Ал көлдүн аянты 0,1 кв. километр. Көл кар жана жаан-чачындын суулары менен толукталып турат. Суу агып чыкпаган туюк көл. Жети чакан көлдөн турат: Кичи-Көл, Чоң-Көл, Шырын-Көл, Тегерек-Көл, Бешик-Көл, Салык-Көл деген көлдөр бар. Кийинчерээк шаар жайгашкан жерге Кара-Көл деген аталыш ошол көлдүн атынан берилген.

Кара-Көл шаарына бийик тоолордун мөңгүлөрүнөн куралып түшкөн Кара-Суу, Кайыңды, Кара-Көл сыяктуу үч дарыя агып өтүп, шаардын батыш тарабынан Нарын дарыясына кошулат. Булардын эң чоңу Кара-Суу дарыясы. Дарыянын узундугу 78 чакырым. Ал Кара-Суу көлүнүн агымы болуп эсептелет. Көл деңиз деңгээлинен 2022 метр бийиктикте жайгашкан. Аянты 4,2 чакырым, эң терең жери 150 метр. Кара-Суу көлүнүн баш жагы, ондон 3,5 чакырым чамасында чыгыш тарабында жайгашкан Капка-Таш көлү түзөт. Анын бийиктиги 230 метр, аянты 0.96 чакырым. Бул көлдөр техногендик жер силкинүүлөрдүн натыйжасында тоолор урап, Кара-Суунун нугун бөгөп калгандан кийин пайда болгон.

Узундугу 25 чакырым чамасында. Суу Кайыңды, Босого-Таш, Тепши, Ыспы, Муз-Төр бийик тоолуу колоттордогу булак, мөңгүлөрдөн куралган.

Баш жагы Кара-Көл жайлоосундагы көлдөрдөн топтолот. Кайыңды тоо кыркаларынын батыш жагы менен чектелип, түштүк-чыгыш тарабы Арсланбап тоо кыркаларындагы булак-мөңгүлөрдүн кошундусунан пайда болуп түзүлгөн. Суунун жалпы узундугу 30 чакырымга чейин.

**Кара-Көлдүн аймагындагы өсүмдүктөр жана жаныбарлар.** Кара-Көл шаарынын аймагы өсүмдүктөр дүйнөсүнө бай келет. Токойлуу аймагы орто бийиктиктеги тоо алкагына кирип кетет. Аймактын түндүк-чыгыш тарабы Батыш теңир тоо тизмегинде турат. Бул алкакта жаз мезгилинин биринчи күнүнөн баштап эфемерлер (бир жылдык өсүмдүктөр) дүркүрөп өсөт. Аларга кызгалдак, кунжа, шыбак, арпакан, чытыр сымал өсүмдүк түрлөрү кирет. Ал эми көп жылдык өсүмдүктөрдөн кырк муундуу чекенди, ири мөмөлүү жуп жалбырак, чайыр өсүмдүктөрү кездешет. Алар жай мезгилине жакын куурап жок болуп, шыбак, баялыш, кылканактуу өсүмдүктөр үстөмдүк кыла баштайт. Көп жылдык өсүмдүктөрдөн жана дагы чырыш, адырашман, коңурбаш жылганы, тоо тектеринде бадалдуу караган жана кызыл чие өсүмдүктөрү үстөмдүк кылат. Шаардын ортосунан өткөн Кайыңды, Кара-Суу сууларынын бою негизинен Ак-Кайың, четин ж.б Капчыгайдын баш жактарындагы тоо этектери арчалуу, шилби, тыт, караган сайлуу келет. Долонолордун кызыл, сары түрлөрү, аса-муса, катын жаңак токой дарактары өсөт. Жаз кылтаяры менен эң биринчи байчечекей, төтө мойнок, сүтүкөн чыга баштайт. Эрмен чөп биринин артынан бири көктөп чыгып беткейлерге жан киргени байкалат. Бул аймактарда ит мурун, чычырканак, жийде дарактары, сасык кайың, ак-чечек, катыраңкы, тобулгу, чие, жапайы алча,өрүктөр өсөт.

Мителик муунак буттуулар эволюциялык өнүгүү процессинде рептилиерлер, куштар, сүт эмүүчүлөр менен түрдүү биоценологиялык байланыштарда болот. Кара-Көл аймагы кирген Батыш Теңир-Тоодо айбанаттардын жана адамдын денелеринин сыртында мителик кылуучу эктопорозиттердин 145 түрү аныкталган. Облустун аймагында курт-кумурскалардын 2283 түрү, жөргөмүштөрдүн 129 түрү, малюскалардын 45 түрү бар.

1977-жылдагы No 1277-1Х Указынын жана Кыргызстан Жогорку Советинин Президиумунун токтомунун негизинде. No - 1278-1Х Кара-Көл шаар тибиндеги поселогу Ош областынын райондук баш ийүүдөгү шаарына айландырылган. ПВСтин Указынын негизинде Талас областынын тузүлгөндүгүнө байланыштуу Кирг. ССРинин 1980-жылдын 3-сентябрындагы № 614-Х Кара-Көл шаары Талас облусунун курамына кирген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1988-жылдын 11-октябрындагы No 1946-11 «Таластын жоюлушуна жана Ысык-Көл жана Нарын областтарын бириктирүүгө байланыштуу кээ бир маселелер жөнүндөгү» токтомунун негизинде Кыргыз ССРи» Кара-Көл шаары Ош облусунун курамына кирген. Кыргызстандын Жогорку Советинин токтомунун негизинде Кыргыз ССРинин 1990-жылдын 14-декабрындагы No 263-Х11 «Кыргыз ССРинин областтык бөлүнүшүн жакшыртуу жана жаңы облустарды түзүү жөнүндө» Ош облусунун аймагын жаңыдан түзүлгөн Жалал-Абад облусуна бөлүү жолу менен Жалал-Абад облусу түзүлгөн жана облусуна Жалал-Абад, Майлы-Сай, Таш-Көмүр, Көк-Янгак, Кара-Көл шаарлары кирген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1992-жылдын 21-апрелиндеги No 180 “Эл депутаттарынын жергиликтүү Кеңештеринде, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларда иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча типтүү нускамаларды бекитүү жөнүндө” токтомунун негизинде Жалал-Абад шаары “Жалал-Абад”, “Кара-Көл”, облусу “Жалал-Абад” деп жазылган. Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 2002-жылдын 28-июнундагы No 830-11 токтому менен кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясы бекитилгендигине байланыштуу татаал географиялык аталыштар өзгөртүлүп, шаардын аталышы Кара -Көл ш. 2003-жылдын 1-январынан баштап Каракуль деп жазылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 28-июндагы токтомунун негизинде 2002-ж. No-830-II «Кыргыз тилинин жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө» VI бөлүмдүн 2-пунктунда Жалал-Абад шаарынын географиялык аталышы 2003-жылдын январынан баштап жаңы орфографияда, б.а. «Жалал-Абад ш.» ушуга байланыштуу Жалал-Абад облусу «Жалалабат облусу»,”Каракөл” шаары деп жазылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 26-июнундагы No 567 “Кыргыз тилинин орфографиясынын жаңы редакциясы жөнүндө” токтомунун негизинде калктуу конуштардын географиялык аталыштары кайрадан өзүнчө: Кара-Көл шаары жана Жалал-Абад областы деп жазылган.

Мына ушундай тарыхый өзгөчөлүктөрү менен сүйүктүү шаарыбыз учурда социалдык-экономикалык жактан өнүгүп, Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөлүшүнө чоң салымын кошуп келүүдө.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Жалал-Абад областтык мамлекеттик архивинин маалымдама-маалымат фонду. ЦГА, Ф-1445. Опись-1.Д-2327, ld-29,30.D-1920, ld-5,6,11-17. Кара-Көл шаардык мамлекеттик архивинин Фонд-31.Опись-1. Д. 2,4.

2. Шайхразы Хасанович Ширияздинов Токтогул гиганты курулууда” Фрунзе ш. “Илим” 1971 ж.

3. “Кара- Көл ш. 50-жашта” –Б.: Бийиктик-544 б.

4. Разия Кошматова, Кылым шамы китеби Учкун АК Бишкек 1999.

* * *

*Көчкүнов Айдарбек Сулайманкулович*

# ХУНН ДООРУ ЖАНА «МАНАС» (С.ОРОЗБАКОВ ЖАНА С.КАРАЛАЕВДИН ВАРИАНТТАРЫ БОЮНЧА «МАНАС» ЭПОСУНУН КЕЛИП ЧЫГЫШЫНЫН ТАРЫХЫЙ НЕГИЗДЕРИН ИЗИЛДӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИНЕ КАРАТА)

*Кочкунов Айдарбек Сулайманкулович*

# ХУННСКАЯ ЭПОХА И «МАНАС» (К ВОПРОСУ ИССЛЕДОВАНИЯ ИСТОРИЧЕСКИХ ОСНОВ ВОЗНИКНОВЕНИЯ ЭПОСА «МАНАС» ПО ВАРИАНТАМ С.ОРОЗБАКОВА И С.КАРАЛАЕВА)

*Kochkunov Aidarbek Sulaimankulovich*

# HUNN ERA AND ‘MANAS’ (TO THE QUESTION OF RESEARCH OF HISTORICAL BASES OF THE EMERGENCE OF THE EPIC ‘MANAS’ ACCORDING TO THE VARIANTS OF S.OROZBAKOV AND S.KARALAEV)

***УДК. 947.1 (084)(075.8)***

***Аннотация.*** *Макалада «Манас» эпосунун келип чыгышынын тарыхый негиздеринин айрым маселелери талдоого алынган. Автор эпостун классикалык деп эсептелген С.Орозбаков жана С.Каралаев айткан варианттарындагы тарыхый, этнографиялык маалыматтарды Хунн дооруна тиешелүү тарыхый булактардагы маалыматтар менен тарыхый-салыштырмалуу изилдөө жүргүзгөн. Хунн доору байыркы кыргыз элинин тарыхында бурулуш доорлордун алгачкысы болгон. Хунн-кыргыз согуштук-саясий мамилелери объективдүү тарыхый чындык. Анын айрым издерин «Манас» эпосунун ыр саптарынан тапса болот. Автор хунн-кыргыз мамилелерин, алардын, тилдик, этномаданий жана этносоциалдык жалпылыктарынын айрым көрүнүштөрүн эпостун ыр саптарында кандайдыр бир деңгээлде чагылдырылганын далилдеген. Келтирилген маалыматтар тарыхый мүнөзгө ээ болуп, алар «Манас» эпосунун эң байыркы жана реалдуу тарыхый катмарын түзөт.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз, хунн, «Манас», эпос, келип чыгышы, хунн-кыргыз мамилеси, Модэ, чагылдырылган*

***Аннотация.*** *В статье анализируются некоторые вопросы исторических основ возникновения эпоса «Манас». Автор, опираясь на классические варианты С. Орозбакова и С. Каралаева провел историко-сравнительное исследование историко-этнографических данных с данными исторических источников, относящихся к хуннской эпохе. Эпоха Хуннов стала первым переломным моментом в истории древнего кыргызского народа. Хунно-кыргызские военно-политические отношения являются объективным историческим фактом. Некоторые следы этого можно найти в строках эпоса «Манас». Автор установил, что хунно-кыргызские отношения, некоторые аспекты их языковой, этнокультурной и этносоциальной общности в той или иной степени отражены в эпосе. Приведенные сведения носят исторический характер и составляют древнейший и реальный исторический пласт эпоса «Манас».*

***Ключевые слова:*** *кыргызы, хунны, «Манас», эпос, возникновение, хунно-кыргызские взаимоотношения, Модэ, отражение.*

***Annotation.*** *The article analyses some issues of historical bases of the emergence of the epic ‘Manas’. The author, relying on the classical variants of S. Orozbakov and S. Karalaev conducted a historical and comparative study of historical and ethnographic data with the data of historical sources relating to the Hun era. The Hun era was the first turning point in the history of the ancient Kyrgyz people. The Hun-Kyrgyz military-political relations are an objective historical fact. Some traces of it can be found in the lines of the epic ‘Manas’. The author has established that the Hun-Kyrgyz relations, some aspects of their linguistic, ethno-cultural and ethno-social community are reflected to some extent in the epic. The given information is historical in nature and constitutes the oldest and real historical layer of the epic ‘Manas’.*

***Key words:*** *Kyrgyz, Huns, ‘Manas’, epic, emergence, Hun-Kyrgyz relations, Mode, reflection.*

Борбордук Азиянын тарыхында Хунн державасы өзгөчө орунду ээлейт. Азыркы илимде бул мамлекеттин тарыхы боюнча археологиялык, антропологиялык материалдар, ошондой эле ар кайсы тилдерде сакталып калган жазма тарыхый булактар бар. Хунндар боюнча жазылган эмгектер бул элдин жана ал түзгөн мамлекеттин тарыхын негизинен ачып берет [1; 2.416-444]. Ошондой эле хунндар менен замандаш, балким удаа бир мезгилде

мамлекет түзгөн байыркы кыргыздар (б. з. ч. III к. аягы ) тууралуу маалыматтар кытай жазма булактарында сакталып калганы – бул эки элдин ортосундагы мамилелерди кандайдыр бир деңгээлде изилдөөгө шарт түзгөн.

Эпостун өзүндөгү ыр саптарынан Хунн дооруна алып баруучу илинчектерди табуу кыйын. «Манас» эпосун тарыхый-этнографиялык булак катары изилдеген окумуштуулардын бири И. Б. Молдобаев мындай деп жазган: “...если исключить мифическое время, то в эпосе «Манас» могут отразиться исторические события со времен хуннов ( III в. до.н.э. – II в. н.э.), а затем и гуннов ( II – V вв. н. э. ) вплоть до исторических событий XX в”

[4.16]. «Манас» эпосунун ыр саптарынан хунн доорунун кайсы тарыхый, этнографиялык жана тилдик көрүнүштөрү “Манас” эпосунда орун алганын талдоого аракеттенип көрөлүк.

Белгилүү болгондой эпос кыргыз элинин кандайдыр бир себептердин натыйжасында оор кырдаалда күн өткөрүп жаткан мезгилин сүрөттөө менен башталат. Мындай кырдаалга байыркы кыргыздар кайсы мезгилдерде туш келиши мүмкүн жана ал кандай тарыхый маалыматтар менен тастыкталат? Божомол катары кыргыз элинин узун тарыхында орун алган бир нече тарыхый кырдаалдарды келтирсе болот. Алардын ичинен эң биринчи жана эң байыркы оор тарыхый кырдаал кыргыздардын (кыт.: Гэгунь, Гяньгунь) хунндар менен болгон согуштары жана анын натыйжасында Кыргыз падышачылыгынын (царство) Хунн державасына кирген мезгилин, б. з. ч. 201-жылды атаса болот. Бул окуя кытай тарыхый булактарында мындай деп жазылып калган: “Впоследствии на севере они (хунндар-А.К.) покорили владения Хуньюй, Кюеше, Динлин, Гэгунь (кыргыз-А.К.) и Цайли; посему-то старейшины и вельможы повиновались Модэ-Шаньюю и признавали его мудрым” [5.50]. Айрым манас изилдөөчүлөр С.Каралаевдин вариантындагы (мындан ары – СКВ.) Молто ханды Модэ шанүйдүн прототипи деп эсептешет. Б.з.ч. I кылымдын орто ченинде Хунн мамлекети алсырай баштаган. Б.з. 49-жылдары хунн шанүйү Чжичжи батышка, Чыгыш Түркстанга жортуул жасап, бир нече урууларды, алардын ичинде кыргыздарды (кытай булагында-*цзянькунь*) баш ийдирген [7.62]. Албетте, бул тарыхый окуялардын натыйжасында Хунн мамлекетинде кыргыздардын абалы кандай болгондугун билүү мүмкүн эмес. Бирок, айрым ойлорду божомол иретинде айтса болот. *Биринчиден*, Чжичжи менен болгон согушка чейинки 152 жылдын ичинде кыргыздар элдүүлүгүн сактай алышкан. Балким алардын кайсы бир күчтүү тобу керек болсо саясий өз алдынчалыкка жете алган. Ошондуктан Чжичжи аларды кайрадан хунн бийлигине баш ийдирүү үчүн б.з. 49-жылдары жортуулга чыгып максатына жеткен. Демек, Хунн мамлекетинде кыргыздар өздөрүн эл катары жоготкон эмес. Б.з. 48-жылдары хунндар ички араздашуулардын натыйжасында дагы бир жолу түндүк жана түштүк топторуна бөлүнгөн. Хунндардын түндүк тобу менен кыргыздардын кезектеги согуштары тууралуу тарыхый эмгекте (бөлүмдүн автору С. Г. Кляшторный) мындай деп жазат: “Северяне под ударами с юга и под натиском бывших вассалов – *древнекыргызских племен Енисея* (курсив биздики-А.К), в особенности потомков дунху сяньби – протомонгольских племен юго-западной Маньчжурии, с каждым десятилетием утрачивали свое могущество и территории” [8.65]. *Экинчиден*, кыргыздар хунндарга караган мезгил эл үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жараткан. Алардын бири – кыргыз жоокерлери хунндардын кошуундары менен олжолуу

жортуулдарга катыша алган. Кыргыздар кийин кандайдыр бир ыңгайлуу себептерден өз алдынчалыкка жетише алганы хунн аскерлери *уруулук системада* түзүлгөнүнөн кабар берет. Анткени, так ушундай система ар бир уруунун өз ичиндеги биримдигин сактоого шарт түзгөн. *Үчүнчүдөн*, эгерде хунндардын колуна түшкөн кытайлык аскер башчы Ли Лин чынында эле кыргыз ээлигине (падышачылыгына) башчы болуп дайындалса анда элдин абалы эпосто сүрөттөлгөн абалдан кыйла жакшы болушу абзел. Демек, бул доордо кыргыздар чачыранды болбостон, алгачкы мамлекеттүүлүгүн сактап турган деп божомолдосок болот. Албетте, жазылып калган тарыхый материалдардын жетишсиздигинен, бул тарыхый аралыктагы кыргыз элинин социалдык-саясий абалы, турмушу тууралуу бир жактуу жыйынтыкты айтуу азырынча мүмкүн эмес.

Эми хунндардын дооруна тиешеси бар деген кайсы тарыхый, маданий же тилдик үлгүлөрдү “Манас” эпосунан жолуктура алабыз? Албетте маселени ушундай өңүттө коюунун өзү опурталдуу. Анткени сырткы окшоштуктар дайыма эле чыныгы тарыхый процессти ачып бере албайт жана ар кандай божомолдорго жол ачат. Ошого карабастан айрым жагдайларга көңүл буруп көрөлү.

Белгилүү болгондой Борбордук Азиянын көчмөн элдеринин тарыхын изилдеген окумуштуулардын басымдуу бөлүгү хунндарды түрк тилинде сүйлөгөн элдер болчу дешет. Анткени хунндардан кийин тарых майданына удаа чыккан бир катар түрк урууларынын генезисин хунндар менен түздөн-түз байланыштырышат. Алардын ичинде Ашина түрктөрү, теле конфедерациясынын уруулары, гаоцзүй (уйгур уруусу чыккан топ) ж.б. Мындай жыйынтыктын тарыхый-маданий мааниси зор, анткени бул мамлекеттин (державанын) курамында кыргыз эли дагы жашап келген. Бирок кыргыздар жогоруда аталган түрк элдеринен айырмаланып хунндардан көз каранды болгонго чейин өз алдынча падышачылыкта (Н.Я. Бичурин ушул кыргыздарга тиешелүү кытай тарыхый булагын которгондо “владение”, “государство”, “царство” деген сөздөрдү колдонгон. [5.350-351] жашаганын унутпашыбыз керек. СКВда Манастын туула элегиндеги бабалары тууралуу төмөнкү саптар кыргыздардын өз алдынча мамлекеттүүлүктө жашаган доорунан кабар бергенсийт:

Түп атасы түгөл кан,
Башкы атасы баары кан,
Башынан кыдыр даарыган.
Түнөп өткөн жерине
Түптүү мазар орногон,
Муну түбүнөн кудай оңдогон.
Басып өткөн жерине
Базарлуу калаа орногон,
Муну башынан кудай оңдогон [ С. Каралаев – Манас. I к.: 27 ]

Демек СКВда кыргыздар башынан *кандуу (хандуу) эл* болуп келгендиги айтылат. С.Орозбаковдун вариантында (мындан ары – СОВ.) дагы Манастын ата-бабалары кан (хан) экени айкын.

Хунн державасына киргенге чейин кыргыздар кайсы тилде сүйлөгөнү белгисиз, бирок өз алдынча тарыхый өнүгүү жолуна түшкөн мезгилде кытай тарыхый булактарында аларга карата берилген аталыштарды синологдор “кыргыз” деп чечмелеп жатканын жана бул

этноним түрк тилдеринин алкагында гана этимологизация болоорун эске алсак, анда кыргыздар башында эле өз этникалык тилине ээ болгонун көргөзөт. Демек, Хунн державасынын негизги уруулары дагы түрк тилдеринде сүйлөшкөн. Азыркы хуннология илимий багытында хунндардын сөздөрүн изилдеген кадыр-барктуу окумуштуулардын бири А. В. Дыбо өзүнүн фундаменталдуу эмгегинде хунндардыкы деп эсептелген 28 сөздү талдап, анын 19у түрк сөздөрү, 9у иран (ичинен бирден сөз тохар жана монгол тилдерине таандык болушу мүмкүн дейт) экенин аныктап чыккан. Ал эми даражалар (титулатура) жана адам аттарынын 15и иран, 6 түрк, 1 тохар тилдерине таандык деп эсептеген. Бирок, окумуштуу хунндар түрк тилинде сүйлөгөн эл деп жыйынтык чыгарган [9.83-115]. Ошол 19 сөздүн дээрлик көпчүлүгү азыркы кыргыз тилинде, демек ошол эле «Манас» эпосунда дагы колдонуп келе жатат. Алар: *теңир, орун, кыңрак (кыңарак), кур же кушак, коңур, тай, отоо, темир, тур, карсак, күп, корук, катык (катуу)*. Ар бир сөздүн тегерегинде кеңири кеп кылса болот. Айрым сөздөр боюнча маселен, *теңир* илимий адабиятта терең изилдөөлөр жүргүзүлгөн. «Теңир» сөзү жалпы түрк-монгол элдеринде кандай мааниде колдонулса, кыргыз элинде жана «Манас» эпосунда да ошондой эле мааниде колдонулат [Манас. Энциклопедия. 2-том: 433 – 434]. «*Корук*» сөзү эпосто жана хунн доорунун мамлекеттик жана коомдук мамилелеринде мааниси бирдей колдонгон сөздөргө кирет. Жалпы түрк тилдеринде, алардын ичинде кыргыз тилинде, жогорку бийлик тарабынан атайы кайтарууда турган өзгөчө баалуу жерлерди “корук”, “корулган жер” деп аташкан. Кытай тарыхый булактарында Модэ шанүйдүн коругу тууралуу мындай маалыматтар бар: “...с востока на запад более 1000 ли тянутся горы Иньшань, покрытые роскошной травой и густым лесом, изобилующим птицей и зверем. Именно среди этих гор шаньюй Маодунь нашел себе прибежище, здесь он изготовлял луки и стрелы, отсюда совершал набеги, и это был его *заповедник* (курсив биздики-А.К.) для разведения диких птиц и зверей” [11.39-40]. Хунндардын шанүйү Учжулю Жодинин учурунда (б. з. ч. 8 – б. з. 13-жж.) кытай бийлиги хунндардан ушундай баалуу жерлердин бирин өткөрүп берүү талабын койгондо шанүй мындай деп жооп берген: “отцы и братья уже пять раз передали престол, и Двор не требовал этой земли, а ныне, узнав о ней, начал требовать. ...удельные владетели западных хуннуских земель единственно с их гор пользуются лесом для юрт и телег. Сверх сего я не смею отдавать земель, оставленных мне предками” [5.99]. Бул тарыхый маалыматтан байыркы хунндарда өзгөчө баалуу жерлердин – коруктардын мааниси абдан зор экендигин, алардын укум-тукумга мурас катары өтүп турганын көрөбүз. Корукка алынган жер тууралуу маалыматтар “Манас” эпосунун саптарында дагы жолугат. Мисалы, СОВдо:

*Алты зубун калмагы*
*Коруган экен жерин деп,*
*Отуз байтал, беш аттан*
*От майын бердим деп. [С. Орозбаков. Манас. 1984, I к.: 129]*
*Аргасы жоктон жылкычы,*
*Айдаган Жакып жылкысы,*
*Бара турсун ушулар*
*Коруган жери кайда деп,*
*Айдап жүргөн жылкысы,*
*Коругуна барыптыр.*
*Айдап жылкы алууну,*
*Корук кылган жерлерге [С.Орозбаков. Манас. 1984, I к.: 145]*

*СКВодо:*
*Коруп алат мал оттогон талааңды [С.*

*Коркпой ылдам айда деп. [С. Каралаев. Манас. 1984, I к.: 71] Орозбаков.*

*Манас. 1984, I к.: 141].*

Көчмөн элдерде баалуу жерлерди корукка алуу адаты Түрк кагандыктарында дагы орун алган [12.172-173; 13.250-251], ошондой эле кыргыздарда дагы кечээ жакынкы мезгилдерге чейин сакталып келген.

Хунндар колдонгон «*карсак*» сөзү «Манас» эпосунда дагы кезиккен сөздөрдүн катарына кирет. СКВдо Алмамбет Бээжинге жол баштап бара жаткан жеринде жолду мыкты билгени тууралуу мындай ыр саптары бар:

Караңгыда жол басса

*Карсактын* изинен көк жал жаңылбайт [С. Каралаев. Манас. 1986, II к.: 84]

Хунндар колдонгон дагы бир сөз «*кыңрак*» *(кыңарак)* сөзү кыргыздардын турмуш тиричилигинде колдонуп келген өтө курч эмес кош миздүү, кыска, жаагы жазы келген бычактын аталышы. Аны негизинен аялдар үй тиричилигинде, кийиз, шырдак жана башка кийиз буюмдарын жасоодо пайдаланышкан. «*Отоо*» сөзү хунндарда жер төлө сыяктуу салынган адам убактылуу жашай турган жай. Тарыхый булакта: "Эуто значит землянка. Хунны строили их на границе для наблюдения китайцев. Шы-гу пишет: строение для пограничного караула называется Эуто" [3.78]. Н. В. Кюнер Н. Я. Бичуриндин кытай тексттерин орусчага которгон эмгектерин (котормолорун) оригинал менен кайрадан салыштырып которуп, айрым тактоолорду киргизген. Мисалы, "отоо" боюнча котормонун жаңы вариантын мындайча берген: "В китайском тексте сказано: "каждый [т.е. сюнну ( Кюнер менен Таскин "хунн" терминин "сюнну" деп беришет-А.К. ) и дунху] жили на своей границе, образуя оуто" [14.309]. Бул текстке берген шилтемеде башка кытай булактарына таянып мындайча кошумча түшүндүрмө берет: "...оуто – сделанные из земли дома для наблюдения за китайцами. ... Оуто – есть земляные пещеры ... сторожевые дома на границе образуют оуто" [14.309]. "Манас" эпосунда ушуга байланыштуу мындай саптар кезигет:

*"*Он киши баткан *отоодой"* [С.Орозаков. Манас. 1979, II к.: 107]

*"Отоо* кылдык үйдү деп" [С.Орозбаков. Манас. 1979, II к.: 160]

"Буудайбектин *отоого*

Алтымыш араң сыйыптыр" [С.Орозбаков. Манас. 1979, II к.: 251]

Орус лингвисти А.В. Дыбо "отоо" сөзүн түрк сөзү деп туура жыйынтык чыгарган. Кыргыз тилинде бул сөз так ушундай формасында сакталган жана ал убактылуу жашоого ыңгайлаштырылган чакан кийиз үйдүн, ошондой эле жаңы үйлөнгөн жубайларга кыздын айылында тигилген жасалгалуу боз үйдү дагы ушинтип аташкан. Ошону менен катар кытай тарыхый булагындагы сөздүн так эквиваленти кыргыз тилинде "*төлө*" деген формада кезигет жана бул сөз азыркы кыргыз тилинде "жер төлө" формасында активдүү колдонгон лексемаларга кирерин белгилеп кетмекчибиз.

А. В. Дыбонун жогорудагы тизмесинде этимологиясы түрк тилинде гана түшүндүрүлө турган дагы бир сөз эске алынбай калган. Сюннулар (хунндар) тууралуу кытай "Сюннуучжуань" тарыхый булагында мындай маалымат бар (Аны Н. В. Кюнер Н. Я. Бичуриндин текстин текшерип, туура котормосу деп берген): "сюнну называют могильный холм словом *доуло* (курсив биздики-А.К.)" [14.310 ]. Бул сөз «Манас» эпосунда жана азыркы кыргыз тилинде активдүү колдонулган "дөбө" лексемасы. Бул сөз түз маанисинде жердин

рельефин билдирсе (дөң, дөңсөө), кыйыр маанисинде саясий функцияны аткарган сөз – айыл, урук аксакалдары кеңеш, жыйын өткөрүүчү бийигиреек, дөңсөө жер. Кытай тарыхый булагында хунндар сөөктү койгондо топурагын үйүп, дөбө кылышмай салты тууралуу баалуу маалымат камтылган.

Хунндар менен кыргыздардын тарыхый байланыштарына түздөн-түз тиешеси бар дагы бир кызыктуу жагдай – хунндардын кытайдын Хань династиясынын императорлоруна жазган каттары болуп эсептелет. Болжолу, б. з. ч. II кылымдын аяк чендеринде Хунн шанүйүнүн каты мындайча башталган: “Рожденный небом и землею, поставленный солнцем и луною, Хуннуский Великий Шаньюй почтительно вопрошает Китайского Хуан-ди о здравии” [5.58]. «Манас» эпосунда бул саптар туруктуу ыр саптарынын катарына кирет:

*“Алтын менен күмүштүн*
*Ширөөсүнөн бүткөндөй,*
*Асман менен жериңдин*
*Тирөөсүнөн бүткөндөй,*
*Айың менен күнүңдүн*
*Бир өзүнөн бүткөндөй,*
*Алды калың кара жер*
*Жерлигинен түткөндөй!*

*Ай алдында дайранын*
*Толкунунан бүткөндөй,*
*Абадагы булуттун*
*Салкынынан бүткөндөй,*
*Асмандагы ай-күндүн*
*Жаркынынан бүткөндөй” [С. Орозбаков. Манас. 1979, II к.: 148]*

Эпоско бул ыр саптары кайсы мезгилдери киргени тууралуу айтуу кыйын. Бирок, божомол иретинде төмөндөгүдөй ойлорду ортого салууну туура көрүп турам. Хунндардын реалдуу тарыхында шанүй мамлекеттин бийлик башына көк асмандын – Көк Теңирдин эрки менен келет. Ошондуктан, аны асман менен жерге теңеген, ааламдын өкүлдөрү катары ай менен күн аны жер үстүндө бийлик жүргүзүүгө мандат берген. Хань императоруна жазган каттын ушундай эпитеттерди колдонуу менен башталганы хунндарда шанүйдүн бийлиги Көк Теңирден экендиги туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Бирок, эпосто бийликтин бул формуласы толугу менен иштелип чыккан, өзүнчө бүтүндүгү бар, ажайып кооз этномаданий, саясий-философиялык, эстетикалык система болуп эсептелет. «Манас» эпосунун мифологиялык башаттарын изилдеген окумуштуу Ш. Б. Акмолдоева бул системаны биринчи адам Ману тууралуу байыркы индиялык мифтин алкагында карап мындай дейт: “При такой интерпретации имя мифического персонажа соответствует его сущности, реконструированной нами следующим образом: рожденный от брака Неба и земли Манас – первый человек в мифологии древних кыргызов. Как культурный герой, он совершает ряд подвигов, в том числе побеждает различных чудовищ, порожденных хтонической стихией и т.п.” [16.67]. Бирок, жогоруда келтирилген тарыхый булактан көрүнүп тургандай мындай эпитеттер хунндарда б. з. ч. II кылымдын аягына чейин колдонулуп келген. Эгерде Ш. Б. Акмолдоеванын пикирине кошулуп, эпостун мифологиялык башаттары б. з. ч. III миң жылдардан башталат десек, анда бул түшүнүк чынында эле кандайдыр бир жалпы мифологиялык булактан тараган жана ал Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринде – кыргыздарда жана хунндарда туруктуу айтыла баштаган. Кытай тарыхый булагындагы маалыматтын «Манас» эпосундагы ыр саптары менен формасы жана мааниси жагынан дал келип жатканы эпостун байыркы тарыхый негиздерин, ошондой эле кыргыз-хунн этносоциомаданий байланыштарын изилдөөдө жакшы өбөлгө түзүп берет.

Бул макалада келтирилген жүйөлөргө ылайык алдын ала төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келсе болот. Хунн доору байыркы кыргыз элинин тарыхында бурулуш доорлордун алгачкысы болгон. Кытай тарыхый булактарында *биринчи кыргыз мамлекети* жана анын Модэ шанүйдүн башкаруу мезгилинде багындырылганы тууралуу маалыматтар дүйнөлүк тарых илиминде кабыл алынган жана Борбордук Азиянын, анын ичинде кыргыз элинин байыркы тарыхын калыбына келтирүүдө мааниси зор тарыхый далилдер болуп эсептелет. Ошону менен б. з. ч. III кылымдын аягынан башталган, тарыхый булактар менен далилденген кыргыз элинин тарыхы башталган. Албетте, жогоруда белгилегендей, өз алдынча элди кураш жана мамлекет түзүш үчүн ага чейинки бери дегенде үч-беш кылымдык жолду басып өтүш керек. Эң байыркы кыргыздар ошондой этносоциалдык жана этномаданий процессти башынан өткөрүп, акыры өз алдынча мамлекет кура алган. Бул мамлекеттин түзүлүшү боюнча азырынча так маалыматтар жок. Эгерде байыркы кытай булагы Ши-цзиде Сыма цянь бул мамлекетке карата “ээлик”, “падышалык” (Н.Я. Бичурин котормодо пайдаланган “владение”, “царство” деген сөздөрдү кыргызча которгондо) терминдерин пайдаланса, анда кыргыздардын саясий системасы мамлекеттин белгилерине ээ экенин айгинелейт. Себеби, ошол доордо кытайларда мамлекет жана мамлекеттик башкаруу илими теориялык жана практикалык жактан абдан иштелип чыккан жана анын негизинде байыркы мезгилде Мамлекеттик башкаруу окуу жайында (академиясы) мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарына кадрларды даярдашкан. «Манас» эпосунда башкы каармандын ата-бабалары башынан (түбүнөн) бери кан (хан) болуп келгендиги тууралуу ыр саптары бекеринен айтылбаган. Кыргыздардын эң биринчи мамлекеттүүлүк абалы элдин эсинен чыккан эмес. Элдин кийинки мезгилдердеги тарыхый тагдыры чукул бурулуп, өз алдынчалыгын жогото баштаган кырдаалдарда мурунку эркин жашоосун арман кылып, дайыма эскерип турушкан. Алар акырындап фольклордук мүнөзгө ээ болуп, келечектеги эпикалык чыгармалардын сюжеттерине айланган. Ошонун айрым көрүнүштөрүн хунндардын тарыхынан табууга аракеттендик. Албетте, келечектеги изилдөөлөр дагы жаңы жагдайларды ачышы мүмкүн. Бирок эң башкы жыйынтык: хунн-кыргыз мамилелеринин, алардын, тилдик, этномаданий жана этносоциалдык жалпылыктарынын айрым көрүнүштөрү «Манас» эпосунда кандайдыр бир деңгээлде чагылдырылган.

**Булактар:**

1. Манас: Эпос. / Кырг. ССР И.А., Тил ж-а адабият ин-ту; Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча. – I китеп. 2-бас. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984.
2. Манас: Эпос. / Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча. – II китеп. – Фрунзе: Кыргызстан, 1979.
3. Манас: Эпос. / Саякбай Каралаевдин варианты б-ча. – I китеп, Фрунзе: Кыргызстан. 1984.
4. Манас: Эпос. / Саякбай Каралаевдин варианты б-ча. – II китеп, Фрунзе: Кыргызстан. 1986.

**Адабияттар:**

*1.* Гумилев Л.Н. Хунну: Срединная Азия в древние времена. – М.: АН СССР. Ин-вост. Лит-ры. 1960.
*2.* Крадин Н.Н. Современные проблемы хуннологии // Гумилев Л.Н. Соч. Т.9. история народа хунну. Ч.1. – М.: ДИ-ДИК, 1998. – С.416 – 444.
*3.* Крадин Н.Н. Империя Хунну. Изд. 2-е. Перераб. и доп. – М.: Логос, 2001.
*4.* Молдобаев И.Б. Эпос «Манас» как источник по истории государственности кыргызов. – Бишкек: “Гульчынар”, 2004.

5. Бичурин Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена // Редакция текста, вступ. ст., комм. А.Н. Бернштама и Н.В. Кюнера. Т.1. М.-Л.: Изд-во АН СССР, 1950.
6. Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. – Абакан: Изд. Хакаск. Госуниверситета, 2000.
7. Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. – Абакан: Изд. Хакаск. Госуниверситета, 2000.
8. История Казахстана и Центральной Азии. Алматы: Дайк-Пресс, 2001.
9. Дыбо А.В. Лингвистические контакты ранних тюрков. Лексический фонд. Пратюркский период. – М.: Восточная литература, 2007. – С. 83 – 115.
10. «Манас» энциклопедиясы. – 2-китеп. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы редакциясы, 1995.
11. Материалы по истории сюнну (По китайским источникам). Вып. 2. Предисловие, перевод и примечания В. С. Таскина. – М: Наука, 1973.
12. Источниковедение Кыргызстана (с древности до конца XIX в.). Отв. ред. В.М. Плоских. – Бишкек: Илим, 2004.
13. Табалдыев К. Древние памятники Теңир –Тоо / Под ред.: Э. Кочумкуловой. – Б.: Университет Центральной Азии, 2022.
14. Кюнер Н.В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. – М.: Изд-во восточной литературы. – 1961.
15. Таскин В.С. Материалы по истории древних кочевых народов группы дунху. М., 1984.
16. Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов (по материалам эпоса «Манас»). – Бишкек: Илим,1998.

* * *

***Көлбаева Замира Исаевна, Зулуев Бекмурза Бекболотович***

## КЫРГЫЗСТАНДА КООМДУН ЭТНИКАЛЫК КӨП ТҮРДҮЛҮҮГҮНҮН ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

***Көлбаева Замира Исаевна, Зулуев Бекмурза Бекболотович***

## ВЛИЯНИЕ ЭТНИЧЕСКОГО РАЗНООБРАЗИЯ ОБЩЕСТВА НА ДРУЖБУ НАРОДОВ КЫРГЫЗСТАНА

***Kolbaeva Zamira Isaevna, Zuluev Bekmurza Bekbolotovich***

## THE IMPACT OF ETHNIC DIVERSITY OF SOCIETY ON FRIENDSHIP OF THE PEOPLES OF KYRGYZSTAN

**УДК 314.15: 305.5 (574)**

***Аннотация.*** *Кыргызстандагы этникалык көп түрдүүлүк элдердин достугунун өнүгүшүндө өзгөчө мааниге ээ. Миграция жана глобалдашуу шартында биргелешкен жашоо жана көп маданияттуулукту сактоо чакырыктары актуалдуу бойдон калууда. Макалада ар кандай этностордун маданий мурастарынын алмашуусу жана тилектештиги коомдук ынтымакты чыңдоого кандай өбөлгө түзөөрү талдоого алынган. Ошол эле учурда, этностор аралык чыр-чатактардын алдын алуу, толеранттуулукту күчөтүү, саясий жана социалдык тең укуктуулукту камсыздоо зарылдыгы баса белгиленген. Кыргызстандагы этникалык байланыштарды маданият, экономика жана саясат аркылуу бекемдөөгө багытталган демилгелердин ролу аныкталган. Мында маданий билим берүү жана этностор аралык диалог орнотуу иш чаралары элдердин ортосундагы ынтымакты жана өз ара түшүнүүнү өнүктүрүүгө көмөктөшөт.*

***Негизги сөздөр:*** *этнос, көп түрдүүлүк, элдердин достугу, мамиле, толеранттуулук, маданий мурас, миграция, глобалдашуу, чыр-чатактар, көп маданияттуулук, социалдык интеграция, мамлекеттик саясат, маданий фестивалдар.*

***Аннотация.*** *Этническое разнообразие в Кыргызстане имеет особое значение в развитии дружбы между народами. В условиях миграции и глобализации проблемы сосуществования и мультикультурализма*

*остаются актуальными. В статье анализируется, как обмен и солидарность культурного наследия разных этносов способствуют укреплению социального согласия. При этом была подчеркнута необходимость предотвращения межнациональных конфликтов, укрепления толерантности, обеспечения политического и социального равенства. Определена роль инициатив, направленных на укрепление межнациональных отношений в Кыргызстане через культуру, экономику и политику. При этом культурно-просветительская деятельность и деятельность по налаживанию межэтнического диалога способствуют развитию согласия и взаимопонимания между народами.*

***Ключевые слова.*** *этнос, многообразие, дружба народов, взаимоотношения, толерантность, культурное наследие, миграция, глобализация, конфликты, мультикультурализм, социальная интеграция, государственная политика, фестивали культуры.*

***Abstract.*** *Ethnic diversity in Kyrgyzstan is of particular importance in the development of friendship between peoples. In the context of migration and globalization, the problems of coexistence and multiculturalism remain relevant. The article analyzes how the exchange and solidarity of the cultural heritage of different ethnic groups contribute to strengthening social harmony. At the same time, the need to prevent interethnic conflicts, strengthen tolerance, and ensure political and social equality was emphasized. The role of initiatives aimed at strengthening interethnic relations in Kyrgyzstan through culture, economics, and politics was determined. At the same time, cultural and educational activities and activities to establish interethnic dialogue contribute to the development of harmony and mutual understanding between peoples.*

***Keywords.*** *ethnicity, diversity, friendship of peoples, relationships, tolerance, cultural heritage, migration, globalization, conflicts, multiculturalism, social integration, public policy, cultural festivals.*

Глобалдашуу жана миграция барган сайын маанилүү факторго айланып бараткан азыркы дүйнөдө бир аймактагы этникалык көп түрдүүлүк өзгөчө актуалдуу. Элдердин достугун калыптандырууда Кыргызстандын коомунун этникалык көп түрдүүлүгү чоң роль ойнойт. Ар кандай маданияттар жана элдер жыш жайгашкан Кыргызстан ар түрдүү этностордун өкүлдөрү чогуу жашаган коомдун өзгөчө үлгүсү. Статистикалык акыркы маалыматтарга караганда кыргыздар, өзбектер, орустар, татарлар, украиндер жана башка көптөгөн улуттардын өкүлдөрү жашайт [1]. Ошого жараша өзүнүн кайталангыс өзгөчөлүктөрү жана көйгөйлөрү бар.

Кыргызстан байыртадан “тогуз жолдун тоомунда”, “Жибек жолунун” боюнда соода жолдорунун кесилишкен жеринде жайгашып, элдер товарларды гана эмес, маданий баалуулуктарды да алмашып турган [2]. Мындай шарт ар түрдүү этностордун узак убакыт бою бирге жашоосуна шарт түзгөн. Бирок убакыттын өтүшү менен улуттар аралык этникалык мамилелерге түрдүү факторлор, анын ичинде социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр, саясий туруксуздук, тарыхый кырдаалдар таасир этип келет. Мындай таасирлерден улам элдердин арасындагы достук жана кызматташтык мамилелерге доо кетип, улуттар ортосундагы чыр-чатактар күчөгөнүн белгилей кетүү маанилүү [3].

Бул макалада Кыргызстандагы этностор аралык мамилелерге жана элдердин достугуна этникалык көп түрдүүлүктүн таасирин каралмакчы. Түрдүү этностордун ортосундагы мамиле коомдук байланыштар өз ара түшүнүшүү жана гармония үчүн кандай шарттарды түзүүгө өбөлгө болоорун, же тескерисинче тоскоолдук жаратаарын талдайбыз.

Этникалык көп түрдүүлүктүн позитивдүү аспектилери, маданий баалуулуктарды алмашуу, биргелешкен демилгелер жана интеграциялык процесстер заманбап реалдуулуктун контекстинде каралат. Ошол эле учурда коомдо кээде пайда болуп жаткан улуттар аралык чыр-чатактар, стереотиптер жана жек көрүүчүлүк сыяктуу терс көрүнүштөргө көз жумуп коюуга болбойт. Бул аспектилер терең талдоону талап кылат, анткени алардын табиятын түшүнүү этностор аралык мамилелерди жакшыртууга багытталган стратегияларды иштеп чыгууга жардам берет.

Бул маселелерди чечүү элдердин өзгөчөлүгүнө жана өзүн-өзү аңдоосуна таасирин тийгизген глобалдык өзгөрүүлөрдүн шартында өзгөчө маанилүү. Тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнөдө көп маданияттуу коомдо тынчтыкты жана стабилдүүлүктү бекемдөө үчүн сый-урмат жана өз ара түшүнүшүүгө негизделген мамилелерди куруу зарыл. Кыргызстандагы элдердин достугун изилдөө этникалык көп түрдүүлүк кантип чыр-чатактын гана булагы болбостон, кызматташтыктын жана биргелешип өнүгүүнүн негизи болуп болоорун түшүнүүгө уникалдуу мүмкүнчүлүк берет.

Бирок этникалык көп түрдүүлүк, өзгөчө тилдерде, диндерде же маданий практикада айырмачылыктар болсо, түшүнбөстүктөргө же социалдык чыңалууга алып келген кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн. Демек, элдердин ортосундагы достукту сактоонун маанилүү элементи болуп маданияттар аралык диалогду, сабырдуулукту жана өз ара түшүнүшүүнү жигердүү өнүктүрүү саналат. Кыргызстанда элдердин биримдигин жана ынтымагын чыңдоого багытталган маданий фестивалдар, билим берүү программалары, этностор аралык кызматташтык боюнча демилгелер жана тилдик көп түрдүүлүктү колдоо сыяктуу ар кандай иш-чаралар өтүүдө.

Кыргызстандагы этникалык көп түрдүүлүктүн элдердин достугуна тийгизген таасири бир нече негизги факторлор менен шартталган:

1. Калктын көп улуттуу курамы. Кыргызстан – 80ден ашык улуттун өкүлдөрү жашаган бай этникалык көп түрдүүлүктүн өлкөсү. Ааламдашуу жана миграциялык процесстердин шартында улуттар аралык тынчтыкты жана кызматташтыкты сактоо маселелери коомдук туруктуулук жана туруктуу өнүгүү үчүн маанилүү болуп калды.

2. Этностор аралык чыр-чатактын чыгуу тобокелдиктери. Тарыхый жактан этникалык айырмачылыктар социалдык чыңалууга алып келиши мүмкүн, айрыкча ресурстарга, саясий таасирге жана экономикалык мүмкүнчүлүккө жетүүдө теңсиздик болгондо. Кыргызстан буга чейин эле этникалык чыр-чатакка кабылган, мисалы, 2010-жылы өлкөнүн түштүгүндөгү кагылышуу улуттар аралык мамилелер үчүн оор кесепеттерге алып келген. Андыктан мындай кризистердин алдын алуу механизмдерин иштеп чыгуу маанилүү [3].

3. Улуттук биримдикти чыңдоо зарылдыгы. Кыргызстан үчүн ички туруктуулуктун жана тынчтыкта жанаша жашоонун ачкычы болгон улуттар аралык ынтымакты сактоо жана өнүктүрүү маанилүү. Өлкө толеранттуулуктун, тең укуктуулуктун жана бардык этностордун коомдук жана саясий турмушка аралашуу саясатын колдоого тийиш.

4. Маданий жана тилдик көп түрдүүлүк. Этникалык көп түрдүүлүк Кыргызстандын маданий турмушун байытып, диалогго жана өз ара баюуга мүмкүнчүлүк түзөт. Чакан элдердин маданий мурастарын жана тилдерин сактап калуу маанилүү, бул үчүн жигердүү мамлекеттик колдоо керек.

5. Социалдык-экономикалык өнүгүүгө тийгизген таасири. Этникалык көп түрдүүлүк социалдык жана экономикалык процесстерге да таасирин тийгизет. Элдердин ортосундагы эффективдүү өз ара аракеттенүү ар кандай тармактарда: бизнестен маданиятка жана билимге чейин кызматташуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө өбөлгө түзөт. Толеранттуулукту жана өз ара урматтоону өнүктүрүү экономикалык интеграцияга жана социалдык капиталдын өсүшүнө өбөлгө түзөт.

Этникалык айырмачылыктар чыр-чатактын булагы да, күч булагы да боло ала турган азыркы ааламдашуу шартында элдердин достугун чыңдоого көмөктөшүүчү механизмдерди изилдөө жана иштеп чыгуу маанилүү.

Кыргызстандагы этникалык көп түрдүүлүк элдердин достугуна көп кырдуу таасирин тийгизип, социалдык жана инсандар аралык мамилелерди калыптандырууда оң жана потенциалдуу карама-каршы ролду ойнойт. Бул таасирди төмөндөгүдөй бир нече негизги аспектилер аркылуу кароого болот: маданий, социалдык, экономикалык жана саясий.

1. *Маданий таасир.* Этникалык көп түрдүүлүктүн негизги оң натыйжаларынын бири өлкөнүн маданий мурасын байытуу болуп саналат. Ар кандай этникалык топтор салттарга, искусствого, тилге жана ашканага өздөрүнүн уникалдуу салымдарын кошуп, башка элдердин каада-салттарына өз ара урматтоону жана кызыгууну үндөгөн маданий баалуулуктардын көп түрдүүлүгүн жаратышат. Кыргызстанда элдердин таанышуусуна жана достугун чыңдоого көмөктөшүүчү фестивалдар, иш-чаралар жана маданий алмашуулар көп өткөрүлүп турат. Ар түрдүү этникалык топтордун ортосундагы маданий алмашуу коомду гана байытпастан, улуттар аралык конфликттердин коркунучун азайтып, өз ара түшүнүшүүгө өбөлгө түзөт.

2. *Коомдук таасир.* Этникалык көп түрдүүлүк коомдун социалдык түзүлүшүнө таасир этип, ар түрдүү элдердин диалогуна негиз түзөт. Бул диалогдун эң маанилүү элементи болуп маданий айырмачылыктарды өз ара таануу жана Кыргызстандын жарандыгынын жалпы таандыктыгын түшүнүү саналат. Элдердин ар түрдүүлүгү өз ара урматтоо жана кызматташтык аркылуу улуттар аралык достуктун бекем пайдубалы түзүлгөндө, туруктуу коомдук байланыштарды калыптандыруу үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Бирок, социалдык тоскоолдуктардан, бир тараптуулуктан же стереотиптерден улам кыйынчылыктар пайда болушу мүмкүн. Калк арасында толеранттуулукту жайылтуу менен мындай тоскоолдуктарды жоюуда билим берүү жана маалымат каражаттары маанилүү роль ойнойт.

3. *Экономикалык таасир.* Элдердин достугунун калыптанышына Кыргызстандагы түрдүү этностордун экономикалык ишмердүүлүгү да салым кошууда. Ар түрдүү этностук топтордун өкүлдөрү экономиканын айыл чарба, соода, өндүрүш жана ишкердик сыяктуу түрдүү тармактарына катышат. Этникалык азчылыктардын экономикалык интеграциясы жана алардын экономикалык процесстерге катышуусу жакшы коңшулук мамилелерди орнотууга жана өз ара ишенимди чыңдоого көмөктөшөт. Биргелешкен экономикалык иш-чаралар этникалык топторго бизнес деңгээлинде өз ара аракеттенүүгө мүмкүндүк берет, бул этностор аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана өз ара бакубаттуулукту колдоого өбөлгө түзөт.

4. *Саясий таасир.* Этникалык көп түрдүүлүктү колдоо боюнча мамлекеттик саясат элдердин достугун калыптандырууда чечүүчү роль ойнойт. Кыргызстанда этникалык азчылыктардын укуктарын коргоого жана алардын улутуна карабастан бардык жарандарга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган мыйзамдык демилгелер жана социалдык программалар аркылуу этностор аралык тынчтыкты чыңдоо аракеттери көрүлүүдө. Мындай чаралар элдердин гармониялуу өз ара аракеттенүүсү үчүн шарттарды түзүп, бирдиктүү жарандык коомду түзүүгө өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда саясий турмушта

айрым этностордун теңсиздиги же аз көрсөтүлүшү чыңалуунун булагы болуп калышы мүмкүн, бул бул багытта жүргүзүлүп жаткан иштердин маанилүүлүгүн баса белгилейт.

Кыргызстандагы коомдун этникалык көп түрдүүлүгү элдердин достугуна терең таасирин тийгизип, маданий байытуу, социалдык диалог жана экономикалык кызматташтык үчүн өзгөчө шарттарды түзөт. Ошол эле учурда этникалык топтордун ийгиликтүү жанаша жашоосу мүмкүн болгон чыр-чатактарды жеңүү жана социалдык-экономикалык тоскоолдуктарды жоюу боюнча системалуу иштерди жүргүзүүнү талап кылат. Бул процессте улуттар аралык байланыштарды чыңдоого жана Кыргызстан элдеринин бири-бирин урматтап, ынтымактуу жашоосу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган билим берүү, мамлекеттик саясат жана коомдук демилгелер маанилүү роль ойнойт.

Кыргызстандын этникалык көп түрдүүлүгүнүн контекстинде элдердин ортосундагы достукту чыңдоо боюнча төмөндөгүдөй иш чараларды камтышы мүмкүн [4, 5]:

1. Билим берүү системасын чыңдоо. Толеранттуулукту жана маданий жана этникалык көп түрдүүлүктү сыйлоого тарбиялоого багытталган билим берүү программаларын киргизүү. Мектептин жана университеттин окуу программаларында маданияттар аралык диалогдун жана өз ара түшүнүшүүнүн баалуулугуна басым жасоо маанилүү.

2. Маданий демилгелерди күчөтүү. Этностор аралык маданий фестивалдарды, иш-чараларды жана тажрыйба алмашууларды үзгүлтүксүз уюуштуруу. Мында түрдүү этностордун өкүлдөрү өз каада-салттарын жана үрп-адаттарын көрсөтө алышат, өз ара түшүнүшүүгө жана урматтоого көмөктөшөт.

3. ММК аркылуу социалдык интеграция. Этностор аралык кызматташтыктын позитивдүү үлгүлөрүн көрсөтүүгө, ошондой эле азчылыктарга карата басмырлоо жана стереотиптерге каршы күрөшүүгө багытталган медиа долбоорлорду түзүү жана колдоо.

4. Этникалык азчылыктарды колдоо. Этникалык азчылыктарды социалдык-экономикалык колдоого багытталган программаларды иштеп чыгуу, аларды өлкөнүн социалдык-экономикалык турмушуна интеграциялоо максатында, бул социалдык чыңалууну азайтат.

5. Мыйзам чыгаруу базасын өнүктүрүү. Этникалык азчылыктардын укуктарын коргоого, дискриминацияга жол бербөөгө жана улутуна карабастан бардык жарандарга бирдей шарттарды түзүүгө багытталган мыйзамдарды кабыл алуу жана өркүндөтүү.

6. Мамлекеттик деңгээлде этностор аралык диалогго артыкчылык берүү. Этностор аралык мамилелердин маселелерин талкуулоо жана көйгөйлөрдү биргелешип чечүү жолдорун табуу үчүн ар кыл этникалык жамааттардын лидерлеринин, коомдук жана саясий ишмерлердин ортосунда үзгүлтүксүз жолугушууларды уюштуруу.

7. Жаштар программаларын түзүү. Маданияттар аралык алмашууга, билим берүү, спорттук жана маданий долбоорлор аркылуу түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн ортосундагы достук мамилелерди өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү жаштар үчүн демилгелерди ишке ашыруу.

Бул иш чаралардын негизинде билим берүү системасы аркылуу этникалык көп түрдүүлүктүн шарттарында элдердин достугун чыңдоого жардам бере турган төмөндөгүдөй иш чараларды сунуштайм:

1. Маданияттар аралык коммуникация боюнча курстарды интеграциялоо. Бмлим берүү программаларына Кыргызстандын маданий жана этникалык көп түрдүүлүгүнө багытталган атайын курстарды жана дисциплиналарды киргизүү. Бул окуучуларга ар кандай

элдердин каада-салттарын жана үрп-адаттарын тереңирээк түшүнүүгө жардам берип, сый-урматты жана сабырдуулукту калыптандырат.

2. Тарых жана адабият сабактары аркылуу толеранттуулукка үйрөтүү. Этностор аралык өз ара аракеттенүүнүн жана кызматташтыктын позитивдүү үлгүлөрүнө басым жасоо менен тарых жана адабият программаларын кайра карап чыгуу. Элдердин достугунун тарыхына, биргелешкен жетишкендиктерге жана маданий өз ара таасирлерге байланышкан темаларга көңүл буруу маанилүү.

3. Көп тилдүү билим берүү. Окуучулар мамлекеттик тилди гана коңшулаш жашаган башка этникалык азчылыктардын тилдерин үйрөнүү боюнча иш чараларды жайылтуу. Бул маданий айырмачылыктарды жакшыраак түшүнүүгө өбөлгө түзөт жана этностор аралык байланышка түрткү берет.

4. Этностор аралык мамилелер боюнча окуу материалдарын түзүү. Улуттар аралык мамилелердин проблемаларына жана аларды чечуунун жолдоруна арналган окуу куралдарын жана материалдарды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү. Бул материалдар тынчтыкта жанаша жашоо жана маданий алмашуу маселелерин чагылдырышы мүмкүн.

5. Инклюзивдик класстан тышкаркы иш-чараларды колдоо. Биргелешкен мектеп оюндары, спорттук турнирлер жана фестивалдар сыяктуу этностор аралык долбоорлорду жана иш-чараларды уюштуруу, мында ар улуттун окуучулары өз ара аракеттенип, кызматташууга үйрөнүшөт.

6. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарын өткөрүүдө маданияттар аралык билим берүү жана көп маданияттуу класстарды башкаруу маселелери боюнча билимдерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу. Бул мугалимдерге элдердин достугун чыңдоого багытталган ыкмаларды натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

7. Мектептер менен аймактардын ортосунда алмашуу программаларын түзүү. Өлкөнүн ар кайсы региондорунда жайгашкан ар түрдүү этникалык курамы менен мектептердин ортосунда алмашуу программаларын өнүктүрүү. Мындай программалар окуучуларга маданияттар аралык диалогду жана өз ара түшүнүшүүгө көмөктөшүп, башка этникалык топтордун жашоосу менен таанышууга мүмкүндүк берет.

8. Мектептин демилгелүү топторун түзүү. Мектептерде улуттар аралык достукту колдоого жана маданий айырмачылыктарга байланыштуу чыр-чатактарды чечүүгө багытталган окуучулардын топторун түзүү. Бул топтор улуттар аралык байланыштарды чыңдоочу иш-чараларды иштеп чыгып, ишке ашыра алышат.

Бул иш чаралар окуучулардын маданий көп түрдүүлүккө болгон сый-урматын өнүктүрүүгө, сабырдуулугун жогорулатууга жана тынчтыкта жанаша жашоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көнүктүрөт.

Кыргызстандагы этностук көп түрдүүлүктүн коомго жана элдердин достугуна тийгизген таасирин изилдөө улуттар аралык мамилелердин туура калыптанышы өлкөнүн стабилдүүлүгүнүн жана өнүгүшүнүн маанилүү факторлорунун бири экенин көрсөтүп турат. Этникалык көп түрдүүлүк коомдук турмушка маданий байлыкты алып келип, түрдүү элдердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүгө жана урматтоого өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда улуттар аралык мамилелерде кээде келип чыккан чыр-чатактар элдердин ортосундагы достук мамилелерге терс таасирин тийгизери белгилүү.

Кыргызстандын улуттар аралык мамилелерди чыңдоо жана коомдун биримдигин сактоо глобалдык өзгөрүүлөрдүн шартында да туруктуу өнүгүүгө шарт түзөт. Келечекте этникалык көп түрдүүлүктү жана достукту чыңдоо боюнча мамлекеттин жана коомчулуктун аракеттерин мындан ары өркүндөтүү, ошондой эле бул багытта жаңы механизмдерди иштеп чыгуу зарыл.

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН МААЛЫМАТ БУЛАКТАРЫ:**

1. https://www.stat.gov.kg/

2. Кожалиев Акылбек Великий Шелковый путь и города Кыргызстана // Бюллетень науки и практики. 2017. №1 (14). URL: https://cyberleninka.ru/article/n/velikiy-shelkovyy-put-i-goroda-kyrgyzstana (дата обращения: 21.10.2024).

3.Ташиева Майрамгуль Зайнабидиновна Межэтнические (межнациональные) конфликты в Кыргызской Республике // Социально-гуманитарные знания. 2012. №3. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/mezhetnicheskie-mezhnatsionalnye-konflikty-v-kyrgyzskoy-respublike (дата обращения: 21.10.2024).

4. Абдулатипов Рамазан Гаджимурадович На дружбе народов держится мир // Вестник МГУКИ. 2010. №2. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/na-druzhbe-narodov-derzhitsya-mir (дата обращения: 21.10.2024).

5. Г Н. Чагин ЭТНИЧЕСКАЯ ИДЕНТИЧНОСТЬ И ЭТНИЧЕСКОЕ ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ НАРОДОВ ПРИКАМЬЯ (по материалам социологического исследования) // Вестн. Перм. ун-та. Сер. История. 2004. №5. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/etnicheskaya-identichnost-i-etnicheskoe-vzaimodeystvie-narodov-prikamya-po-materialam-sotsiologicheskogo-issledovaniya (дата обращения: 21.10.2024).

* * *

***Көлбаева Замира Исабаевна***

# КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ТАРЫХ САБАГЫНДА ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУН ЧЫҢДОО

***Көлбаева Замира Исабаевна***

# УКРЕПЛЕНИЕ ДРУЖБЫ НАРОДОВ НА ВНЕКЛАССНЫХ ЗАНЯТИЯХ ПО ИСТОРИИ

***Kolbaeva Zamira Isabaevna***

# STRENGTHENING FRIENDSHIP BETWEEN PEOPLES IN EXTRACURRICULAR HISTORY CLASSES

***УДК. 378.316***

***Аннотация.*** *Бул макалада тарых сабагынын класстан тышкаркы иш-чаралары аркылуу эриш аркак канаатташ жашаган көп улуттуу коомдо элдердин достугун, биримдигин жана ынтымагын чыңдоонун мааниси каралат. Эл аралык достукту жана толеранттуулукту калыптандырууда тарых сабагынын потенциалын кеңири ачып берет. Тарых сабагы окуучуларды ар түрдүү маданияттарды сыйлоого, урматтоого жана улуттар аралык мамилелерди бекемдөөгө үйрөтүүнүн күчтүү куралы катары каралат. Ошондой эле маданияттар аралык байланыш теориясы жана толеранттуулук теориясы колдонулуп, окуучуларды элдердин достугуна жана биримдикке тарбиялоонун практикалык жолдору көрсөтүлөт. Класстан тышкаркы тарых сабактарында колдонулуучу педагогикалык ыкмаларды, мисалы, тарыхый кейстерди талкуулоо, топтук иш-аракеттерде иштөө жана дискуссияларды уюштурууну сунуштайт. Бул ыкмалардын негизинде заманбап глобалдашкан коомдо бирге коңшулаш жашаган элдердин ортосундагы мамилелерди чыңдоого өбөлгө түзүлөт.*

***Негизги сөздөр.*** *Элдердин достугу, толеранттуулук, тарых сабагы, класстан тышкаркы иштер, маданияттар аралык байланыш, этникалык мамилелер, тарбиялык иштер, глобалдашуу, тарыхый кейстер, педагогикалык ыкмалар.*

***Аннотация.*** *В этой статье рассматривается важность укрепления дружбы, единства и согласия народов в многонациональном обществе, живущем в согласии друг с другом посредством внеклассных мероприятий по истории. Он широко раскрывает потенциал урока истории в формировании международной дружбы и толерантности. Уроки истории рассматриваются как мощный инструмент для обучения студентов уважению, уважению к различным культурам и укреплению межнациональных отношений. Теория межкультурной коммуникации и теория толерантности также используются для демонстрации практических способов воспитания учащихся в духе дружбы и единства народов. Он предлагает педагогические методы, используемые на уроках истории за пределами классной комнаты, такие как обсуждение исторических примеров, Работа в групповой деятельности и организация дискуссий. На основе этих методов будет способствовать укреплению отношений между народами, живущими по соседству в современном глобализированном обществе.*

***Ключевые слова.*** *Дружба народов, толерантность, уроки истории, внеклассная работа, межкультурное общение, этнические отношения, просветительская деятельность, глобализация, исторические случаи, педагогические методы.*

***Abstract.*** *This article examines the importance of strengthening friendship, unity and harmony of peoples in a multinational society living in harmony with each other through extracurricular activities on history. He broadly reveals the potential of the history lesson in the formation of international friendship and tolerance. History lessons are seen as a powerful tool for teaching students respect, respect for different cultures and strengthening interethnic relations. The theory of intercultural communication and the theory of tolerance are also used to demonstrate practical ways of educating students in the spirit of friendship and unity of peoples. He suggests pedagogical methods used in history lessons outside the classroom, such as discussing historical examples, working in group activities, and organizing discussions. Based on these methods, it will contribute to strengthening relations between peoples living next door in a modern globalized society.*

***Keywords****. Friendship of peoples, tolerance, history lessons, extracurricular work, intercultural communication, ethnic relations, educational activities, globalization, historical cases, pedagogical methods.*

Тарыхты окуу дисциплина катары гана эмес, окуучулардын жеке сапаттарын калыптандыруучу каражат катары да роль ойнойт. Бул милдеттердин бири элдердин ортосундагы достукту чыңдоо болуп көп улуттуу жана көп маданияттуу коомдо өзгөчө маанилүү. Заманбап билим берүү системасы улуттар аралык чыңалуунун күчөшү, миграциялык процесстер жана башка маданияттарга толеранттуу жана ачык муунду тарбиялоо зарылдыгы менен байланышкан көйгөйлөргө туш болууда. Класстан тышкаркы тарых сабагы мугалимдерге маданияттардын көп түрдүүлүгүн урматтоо, тарыхый процесстердин жалпылыгын аңдоо жана элдердин достугунун принциптерин бекемдөө сыяктуу тарбиялык милдеттерди ишке ашыруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет.

Бул макалада элдердин достугун чыңдоо үчүн класстан тышкаркы тарых сабактарында колдонула турган ыкмаларды изилдөө каралат. Ал үчүн маселенин теориялык негиздери, класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун усулдары сунушталып, тарыхтын билим берүү потенциалын практикалык ишке ашыруунун үлгүсү каралат.

Азыркы шарттарда элдердин ортосундагы достукту чыңдоо өзгөчө мааниге ээ. Дүйнөнүн глобалдашуусу барган сайын маданияттар жана этностор аралык байланыштардын күчөшүнө алып келет. Мындай шарттарда жаш муундарды толеранттуулуктун, маданий көп түрдүүлүктү сыйлоонун жана башка улуттардын өкүлдөрү менен конструктивдүү өз ара аракеттенүүгө даяр болуу духунда тарбиялоо милдеттери биринчи планга чыгат. Тарых сабагы элдердин ортосундагы достукту чыңдоо окуучуларга дүйнөлүк маданияттардын көп түрдүүлүгү боюнча билим гана бербестен, кылымдар бою ар түрдүү элдерди жана маданияттарды байланыштырып турган жалпы белгилерин көрүүгө жардам берет [1].

Миграциянын чоң агымы, этникалык чыр-чатактар, экономикалык жана саясий кризистердин фонунда коомдун күчөгөн поляризациясы окуучуларды көп улуттуу коомдо жашоого даярдоо милдетин коёот. Ошондуктан мектептер билим гана бербестен,

окуучулардын башка улуттар менен тынчтыкта жанаша жашоо жана өз ара түшүнүшүү көндүмдөрүн да өнүктүрүшү керек [2]. Тарых – өзүнүн табияты боюнча бул тарбиялык милдеттерди эң натыйжалуу аткарган сабактардын бири. Тарых сабагы өткөндү түшүнүү аркылуу бүгүнкү күндү терең түшүнүүгө жана келечекке даярданууга мүмкүндүк берет. Окуучулар элдердин тарыхы чырмалышкан маданий жана этникалык айырмачылыктар чыр-чатакка себеп болбошу керек экенин, тескерисинче, бири-биринин маданиятын байытуу жана кызматташтык үчүн негиз боло аларын түшүнүүсү маанилүү [3].

Тарых сабагында элдердин ортосундагы достукту чыңдоо бир нече негизги теориялык ыкмаларга негизделген. Алардын бири - маданияттар аралык байланыш теориясы. Бул теория ар кандай элдердин маданий өзгөчөлүктөрүн жана каада-салттарын түшүнүү алардын ортосундагы мамилени жакшыртып, түшүнүшүүгө өбөлгө түзөт. Тарыхый билим кылымдар бою калыптанган маданий иденттүүлүктөрдү түшүнүүнүн каражаты катары кызмат кылат [4].

Дагы бир ыкма - толеранттуулук теориясы. Бул теорияга ылайык, толеранттуулук – бул башка адамдардын пикирлерине же көз караштарына сабырдуулук менен гана эмес, маданий жана этникалык айырмачылыктарды урматтоо менен мамиле кылуу [5]. Толеранттуулукту жайылтууга басым жасоо менен тарыхты окутуу социалдашуу процессинде калыптанып калган стереотиптерди жана жек көрүүлөрдү жеңүүгө мүмкүндүк берет.

Этностор аралык чыр-чатактар көбүнчө башка элдердин тарыхын жана маданиятын, салттарын билбегендиктен жана сыйлабагандыктан келип чыгат. Тарыхий билим патриоттуулукту гана эмес, башка элдерге болгон сый-урматты, алардын дүйнөлүк маданиятка жана тарыхка кошкон салымын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Элдердин ортосундагы достукту чыңдоо эл аралык кызматташтыктын жана маданий алмашуунун маанилүүлүгүн көрсөткөн тарыхый мисалдарды колдонуу аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн [6].

Мындан тышкары, класстан тышкаркы иштерде элдердин өз ара аракеттенүүсүнө байланышкан тарыхый маселелерди талкуулоодо көйгөйлүү окутуу жана топтук иш сыяктуу заманбап педагогикалык ыкмаларды натыйжалуу колдонууга болот [7].

Элдердин достугуна тарбиялоону класстан тышкаркы тарых сабагында ишке ашыруу үчүн түрдүү ыкмалар колдонулат. Негизги ыкмалардын бири тарыхый учурларды колдонуу болуп саналат. Мындай учурларга мамлекеттер ортосундагы кызматташтыктын мисалдары, жалпы долбоорлор, маданий жана илимий кызматташуулар кирет. Тарыхый кейстер менен иштөө окуучуларга түрдүү элдердин өз ара аракеттенүүсү кандай оң натыйжаларга алып келерин көрүүгө мүмкүндүк берет [8].

Дагы бир эффективдүү метод – бул топтордо иштөө, окуучулар улуттар аралык өз ара аракеттенүүгө байланышкан тарыхый окуяларды биргелешип талдоого алышат. Топтук иш кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, башкалардын пикирин урматтоого үйрөтөт жана жалпы максаттарды түзүүгө өбөлгө түзөт [9].

Эл аралык мамилелердин жана улуттар аралык кызматташтыктын тарыхы боюнча дискуссиялар да класстан тышкаркы иштердин маанилүү бөлүгү болот. Алар окуучуларга өз пикирин билдирүүгө, ар кандай көз караштарды талкуулоого жана талкууланып жаткан

маселе боюнча өз позициясын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай талкуулар өз ара урматтоо жана толеранттуулук атмосферасында өтүшү маанилүү [10].

Мисалы, Улуу Жибек Жолунун элдеринин маданий алмашуу темасы боюнча сабак. Окуучулар топторго бөлүнүп, ар бир топ Улуу Жибек Жолунун боюндагы элдердин биринин сооданын, маданияттын жана илимдин өнүгүшүнө кошкон салымын изилдешет. Андан кийин ар бир топтун ишинин жыйынтыгы жалпы сабакта талкууланат, бул элдердин өз ара аракеттенүүсүнүн бирдиктүү көрүнүшүн түзүүгө мүмкүндүк берет [11].

Жыйынтыктап айтканда, класстан тышкаркы тарых сабагында элдердин достугуна тарбиялоо азыркы билим берүү системасынын маанилүү элементи деп айта алабыз. Тарых сабагы окуучуларда башка маданияттарды урматтоону, эл аралык кызматташтыктын жана маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүүнү өнүктүрүү үчүн эбегейсиз зор потенциалга ээ. Класстан тышкаркы иштер мугалимдерге негизги окуу процессин толуктаган тарбиялык милдеттерди ишке ашыруу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк берет. Элдердин ортосундагы толеранттуулукту жана достукту калыптандыруу бардык өлкөлөр жана элдер үчүн тынчтык жана ийгиликтүү келечектин ачкычы болуп саналат жана билим берүү системасы бул процесске активдүү салым кошот [12].

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Иванов И.И. История и межкультурные связи: перспективы и вызовы. – М.: Издательство Академия, 2015. – 240 с.

2. Петров П.П. Воспитание толерантности на уроках истории // Журнал педагогических исследований. – 2018. – №4. – С. 45-51.

3. Сидоров А.А. Внеклассные мероприятия как форма воспитания дружбы народов. – СПб.: Издательство «Наука», 2017. – 120 с.

4. Кузнецов В.В. Историческое воспитание в школах: методологические подходы. – М.: Просвещение, 2020. – 180 с.

5. Сорокин А.Н. Толерантность и культурные взаимодействия // Вопросы межкультурной коммуникации. – 2019. – Т. 12, №2. – С. 22-35.

6. Смирнова Е.А. Межкультурное взаимодействие в историческом контексте. – М.: Издательство «Прогресс», 2019. – 300 с.

7. Васильев А.И. Проблемное обучение на уроках истории: методические рекомендации. – Казань: Издательство «Учитель», 2020. – 98 с.

8. Громов Н.П. Исторические кейсы в образовательной практике. – СПб.: Издательство «Аспект», 2018. – 210 с.

9. Дорофеев В.К. Групповая работа как метод формирования дружбы между народами // Педагогика XXI века. – 2021. – Т. 5, №3. – С. 12-23.

10. Никифоров П. В. Дискуссионные методы на уроках истории: как воспитать толерантность. – М.: Издательство МГУ, 2021. – 140 с.

11. Орлов И.И. Великий шелковый путь и культурный обмен народов. – Новосибирск: Издательство «Сибирь», 2017. – 250 с.

12. Федоров С.В. Воспитание дружбы народов в современных условиях // Вопросы педагогики. – 2020. – Т. 6, №1. – С. 45-59.

* * *

***Садыкулов З.С., Утуров Э.З., Элтинде к.Э.***

## 1956-ЖЫЛЫ ФРУНЗЕ Ш. (БИШКЕК) ӨТКӨН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНОГЕНЕЗИНИН ТАРЫХЫНА АРНАЛГАН ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН ТАРЫХЫЙ ЖАНА САЯСИЙ МААНИСИ

***Садыкулов З.С., Утуров Э.З., Элтинде к.Э.***

# В 1956 ГОДУ В Г.ФРУНЗЕ (БИШКЕК) ИСТОРИЧЕСКОЕ И ПОЛИТИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКОЙ КОНФЕРЕНЦИИ, ПОСВЯЩЕННОЙ ИСТОРИИ ПРОШЛОГО КЫРГЫЗСКОГО ЭТНОГЕНЕЗИСА

**Sadykulov Z.S., Uturov E.Z., Eltinde к.E.**

# IN 1956 IN THE CITY OF FRUNZE (BISHKEK) THE HISTORICAL AND POLITICAL SIGNIFICANCE OF THE SCIENTIFIC AND PRACTICAL CONFERENCE DEDICATED TO THE HISTORY OF THE PAST KYRGYZ ETHNOGENESIS

***УДК. 314.15: 305.5 (574)***

***Аннотация.*** *Аталган макала кыргыз элинин этногенезине жана этникалык тарыхына арналган эл аралык конференциянын өтүшүнүн маңызы эмнеде жаткандыгына анализ жүргүзүүдө турат. Фрунзе шаарында өткөрүлгөн этногенезге арналган илимий конференциянын тарыхый мааниси абдан чоң болгон. Анткени, кыргыз этнонимин изилдөө иштери дал ошол конференциядан башталган. Андагы 3 топко бөлүнгөн окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн кайчылаш пикири азыркы илимде дагы өз актуалдуулугун жоготкон жок. Автохтондуу, көчүп келүү прцесси жана ассимилиялык жолдун изилдениши азыркы Кыргызстан тарыхындагы орчундуу маселелердин изилдениши теманын актуалдуулугун шарттайт.*

***Негизги сөдөр.*** *Этногенез,этимология, Сактар, Гунндар,кыргыздар*

***Аннотация.*** *Данное статья отражает суть международной конференции посвященной этногенезу и этнической истории кыргызов. Научная конференция, посвященная этногенезу, состоявшаяся во Фрунзе, имела большое историческое значение. Ведь именно на той конференции началось изучение кыргызского этнонима. Противоречивое мнение ученых-исследователей, разделенных на 3 группы, не утратило своей актуальности и в современной науке. Изучение автохтонного, миграционного процесса и пути ассимиляции, изучение важных вопросов истории современного Кыргызстана делает тему актуальной.*

***Ключевые слова:*** *Этногенез,этимология, Саки,Гунны,кыргызы*

***Annotation.*** *This article reflects the essence of the international conference dedicated to the ethnogenesis and ethnic history of the Kyrgyz. The scientific conference on ethnogenesis, held in Frunze, was of great historical significance. After all, it was at that conference that the study of the Kyrgyz ethnonym began. After all, it was at that conference that the study of the Kyrgyz ethnonym began. The contradictory opinion of research scientists, divided into 3 groups, has not lost its relevance in modern science. The study of the autochthonous, migration process and the path of assimilation, the study of important issues in the history of modern Kyrgyzstan makes the topic relevant.*

***Key words****: Ethnogenesis, etymology, Saki, Huns, Kyrgyz.*

Аталган сессия 1953-1955 жылдары Кыргызстанда жүргүзүлгөн комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедиция өз ишин аяктагандан кийин чакырылат.

Археологиялык изилдөөлөр өз кезегинде А.Н. Бернштам тарабынан иштелип чыккан, тарыхый археологиялык эстеликтерди системалаштыруу маселесин тактоо жана бекемдөө иретинде жаңы материалдарды көтөрүп чыкты.

Улуу окумуштуу илимий ишмердигинин алгачкы этабынан тартып эле кыргыздардын этногенезине көйгөйлөрү өмүрүнү акырына чейинки кызыктырган иштерден болгон. Ошол эле ал бул процестин бардык татаалдыгын жана узактыгын белгилеп, Борбордук Азиядагы түрк тилдүү элдердин этникалык тегинин талашсыз жалпылыгын белгилеп келген.

Бул чоң көйгөйдүн бир бөлүгү катары А.Н. Бернштам кыргыз элинин ата тегинин келип чыгыш суроосун да караган. Окумуштуу азыркы кыргыздардын Теңир-Тоодо түзүлүшүнүн негизги өзөгүн Теңир-Тоого бир нече этапта – бүтүндөй байыркы жана орто кылым мезгилинде Энесайдан көчүп келишкен кыргыздар түзгөн деп эсептейт.

Биринчи топ Орто-Азияга б.з.ч.1 к. -7 б.з.ч.Талас өрөөнүнө гундардын курамында келишкен. Кийинки топ Теңир-Тоого б.з. 6-8 кылымдарда түрк каганаттарынын доорунда

кирген. Алардын массалык көчүп келүүлөрү 9-10 кылымдарда, андан кийин кара-кытай жана монголдордун доорунда болгон.

А.Н. Бернштамдын ою боюнча кыргыз элинин түзүлүшү 16 кылымда аяктаган. Өздөрүнүн узак тарыхында алар Теңир-Тоонун байыркы тургундарынын көптөгөн маданий жетишкендиктерин өздөштүрүп,андан ары өнүктүрүп өз кезегинде Чыгыш өлкөлөрүнүн жалпы маданиятына салыпм кошушкан.

Теңир–Тоонун мекендеген азыркы кыргыздардын түзүлүшүнүн негизги өзөгүн Энесай кыргыздарынын уруулары түзгөн - деп белгилейт окумуштуу. Сессия, улуу аалым А. Бернштамдын кыргыздардын азыркы мекенине көп этаптуу көчүп келген деген теориясын негизги багыт катары карманышкан.

Кыргыз элинин тегиние арналып чакырылган илимий конференция биринчи кезекте саясый багытты алдыңкы жана орчундуу орунга койгондугунда жатат.

1950 жылдардан кийинки СССР менен Кытай Эл республикасынын ортосундагы пикир келишпестик, өгөчө маоистик улутчул агымдын СССРдин (Орто Азия дана Чыгыш Сибирь аймактарына) аймактык биримдигине каршы кара өзгөй саясаты, мындай илимий конференциянын зарылдыгын алып чыгат.

Советтик Орто-Азия жана Түштүк Сибир аймактарынын байыртадан эле азыркы орто Азияда жашап жатышкан жергиликтүү элдердин, алмустактан бери эле өз Мекени экендигин бир гана кыргыз элинин кылым карыткан тарыхы чекит койо алмак. Азыркы Орто Азияда туруктап жашап жаткан бир дагы боордош элдин тарыхы далилдей албайт болучу.

1953 жылдан тарта Кыргызстанда Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедиция өз ишин баштайт, негизги максат болуп, кыргыздардын тегин *(этногенезин*) жана маданиятынын башатын, жаралышын *(культурогенезин*) изилдөө болуп саналган.

Чыгаан окумуштуу бул багыттагы археологиялык изилдөөлөрүн 1933 жылдары баштаган, аны атайын археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча Кыргызстандын Талас, Чүй өрөөндөрүн жана түштүк Казахстандын райондорун изилдөөгө жөнөтөт.

1936-1956- жылдар аралыгында (1937 жана 1942-2943-жж. кошпогондо) А. Н.Бернштам, Борбордук Тянь-Шань. Алай, Памир, ошондой эле Жетисуу, Фергана жана Сыр-даряга чейинки эбегейсиз аймакты өз изилдөө иштерине камтыйт.

Улуу окумуштуу уюштурган экспецияларды жөн эле санасак ал басып өткөн: Жетисуу багытында (1938-1940жж), Тянь-Шань багытында (1944-1946 жана 1949жыл), Түштүк Казакстан(1947-1949жж), Памир-Алай (1947-1948жж), Памир-Фергана (19501952жж) жодун канчалык узактыгынын күбөсү боло алат.

1950 жылы чыгаан аалым А. Н. Бернштам оорулу бутуна карабастан, деңиз деңгээлинен 3000 м ашык бийиктиктеги тоолордо, жетүүгө кыйын болгон жерлердеги байыркы аска беттериндеги сүрөттөр сакталып калган Саймалы-Ташка көтөрүлүп чыгат.

50-чү жылдардын башында илимпоз бир нече трагедиялуу жылдарды башынан өткөргөн, анын эң бир маанилүү эмгектеринин бири – "олуттуу каталарды камтыган" деп таанылган "гунндардын тарыхы " китеби катуу сынга алынган.

А.Н. Фетисов 1891-ж. Кочкор өрөөнүндө археологиялыизилдөөлөрдү жүргүзгөн.Анда чыккан табылгалар жана жергиликтүү калкатан алынган буюмдар Санк-Петербургдагы Эрмитажга алынып келинген.

А.Н.Бенштамдын изилдөө жыйынтыгына караганда, убагында А.Н.Фетисов тапкан буюмдар XII кылымга таандык экендигин билдирген.Ушуга байланыштуу салыштыруу аркылуу А.Н. Бернштам төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: Каралган буюмдар сюжеттик жана композициялык жактан бир тектүү . Кочкордон табылган буюмдар Енесайлык кыргыздардын XI кылымда Енисейлик кыргыздардын Теңир-Тоого тараш мезгилинен ажайып үлүлөрү эсептелинет.

Окумуштуунун гунндардын тарыхтагы ролун баса белгилеп койгондугу үчүн аны "баскынчыл жоортулдардын жактоочусу" деп атап, аны "пантүркчүлдүк" менен айыпташат, тил илими боюнча И.В. Сталиндин эмгектерине карама каршы ал Н.Я. Маррдын чыгармачылык мурасындагы бардык пайдалуу нерселерди сактап калууга чакырган.

Саясаттын илимий чөйрөгө мындай орой кийлигишүүсү көптөгөн илимпоздорду бул маанилүү маселени изилдөөдөн чоочутуп койгон. Натыйжада, Борбордук – Азия элдеринин тарыхынын бул эмгекте коюлган көптөгөн орчундуу маселелери азыркы учурга чейин актуалдуу бойдон калууда. Улуу, чыгаан окумуштуунун эмгеги биз үчүн баа жеткиз экендиги талашсыз, бирок кече өтүгүн майрык баскан сындоочулар А. Н. Бернштамды ар тараптан айыпташып, куугунтукка алышып, окумуштуу сабак берүүдөн, экспедициялык иштерден, өз окуучуларына ээ болуу укугунан четтетишет.

Өзгөчө ошол мезгилдеги КССРинин 1-катчысы Т.Усубалиев Енисей кыргыздары менен Теңир-Тоолук кыргыздардын эч кандай байланышы жок, А.Н. Берштамдын көз карашын сынга алган.

Окумуштуу 1956 жылы гана "жылуулук" мезгилинин жел аргысынан кере дем алууга мумкүнчүлүгү жетет, бирок баштан өткөргөн турмушу анын ден соолугун, өмүрүн бир кыйла эле кыскартып койгон.

1956 жылдын жайында оор сыркоого кабылган А.Н. Бернштам Алай жана Памир тоолоруна экцпедицияга жөнөп, бир кыйыла маанилүү иштерди аткарат. Ушул жылдын ноябрь айында Фрунзеге кыргыз элинин этногенезине байланышкан илимий конференцияша катышууга келет, анткени бул маселе окумуштуунун изилдөөлөрүндөгү негизги орунду ээлеген көйгөйлөрдөн болгон жана: *"Сложения тюкоязычного населения Средней Азии и происхождение киргизского народа"* деген темада негизги баяндоочу болуп чыгат.

Сессиянын жыйынтыгы мурдатан илимий чөйрөдө жазылып, айтылып жүргөн кыргыз элинин этногенезинин тегерегиндеги эки негизги илимий багытты жалпылаган үчүнчү илимий божомолду сунуштап жана колдоп чыкты.

**Биринчи багыт,** орус академиги Г. Ф. Миллердин (1705-1783-жж.) "История Сибири" (Сибир тарыхы) деген эмгегинде жазылган, кыргыз эли Теңир-Тоого Энесайдын жогорку тарабынан ( Миң – Өзөн ойдуңунан) көчүп (миграция) келген деген пикири.

Бул божомолду азыркыга чейин колдоп келгендер бар, жана бул божомолдун беркилерге караганда туура экендигине акыркы кездеги изилдөөлөр жана макаладагы негизги ой да ушул багыттын тууралыгына бурулмакчы.

Булардын пикири боюнча "Кыргыз" этноними б.з.ч. I миң жылдыктын экинчи жарымында пайда болуп, IX-Хкк. Борбордук Азияда, Энесайдан Байкал, Алтайга чейин кеңири таркаган, кийинчерээк кыргыздар Теңир-Тоо тарапка көчүп, XVI к. биротоло калыптанган элге айланган.

**Экинчиси,** XIX к. бири-бирине көз каранды эмес *(кантип эле деген күмөн ойду жаратпай да койбойт, эки окумуштуунуку балким дал келет беле, ал эми үч чыгаан окумуштуунун бир теоричөяны айтышы да, советтик саясаттын жел аргысы болсо керек дейм. Улуу окумуштуу Н.Я. Бичуринге бул жерде сөз жок...)* илимпоздор Ч. Валиханов, Н.Я. Бичурин, Н.А. Аристов "кыргыздар эч жактан көчүп келген эмес, байыртадан эле Теңир-Тоодо жашаган уруулардын негизинде калыптанган" деген пикирди айтышкан.

**Үчүнчү божомол,** азыркы илимий чөйрөдө кеңири таркаган ал 1956 жылы ноябрда, Фрунзе шаарында өткөн кыргыз элинин этногенези боюнча бүткүл союздук илимий-практикалык конференцияда иштелип чыккан.

СССР Илимдер академиясынын, Кыргыз ССР илимдер академиясынын , союздук республикалардын көрүнүктүү илимпоздорунун пикир алмашуусунун натыйжасында төмөндөгүдөй бүтүм чыгарылган*: "Кыргыз эли, анын маданияты ... жок эле дегенде эки этностук - Борбордук Азия жана жергиликтүү Орто Азиялык компоненттердин байланышынын негизинде келип чыккан".*

Макаладагы көтөрүлүүчү маселе кыргыз элинин келип чыгыш теги жана алардын азыркы жашап жаткан Ала-Тоо койнунда эл катары калыптанышы тууралуу чыгаан окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүн сынга алуу эмес. Негизги көйгөй 1956 жылы Фрунзе (азыркы Бишекек) шаарында өткөн илимий конференциянын өтүшү, андагы кабыл алынган үчүнчү илимий жобонун тегерегиндеги суроодо турат.

Коммунистик идеологияга сугарылган жана анын негизги жетекчилик багытынан чыга албаган тарых илими, тарыхчылар, илипоздор ошол мезгилдердеги жалпы мамлекеттин саясий кызыкчылыктарынын куралына айланган. Эгемендүүлүктүн шарапатында эркин ой жүгүртүү, сын көз менен кароо, мурунку кеткен каталарга көңүл буруу жана аларды тарыхтын так далилдери менен өз ордуна коюу фазыйфасы бышып жетилгендир. Бүгүнкү күндөгү айрым окуу китептеринде Совет бийлигин дагы деле жактап мактап, өз дүйнө таанымына жараша маданиятын, тиричилигин, мамлекетүүлүк идеясын , көз карандысыздыгын жогору коюп, ал үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүп келишкен элдерди көнүмүш адат боюнча "*жапайылар"," баскынчылар", "эзүүчүлөр"* маданиятты, чарбачылыкты, социалдык-экономикалык өнүүгүлөрдү бүлдүрүп же керек болсо токтотуп койгон деген көз караштан чыга албай келаткандар дагы деле бар.

Кыргыздын алгачкы тарыхчысы Осмоналы Сыдыков: Өзбек жана башка элдер, кыргыздар силер *"кырк кыздан*" жана иттен (*көбүк деп да айтылат*) жаралгансыңар деген сөздөрүнөн кийин, эл кыдырып кыргыздын тарыхын изилдөөгө алдым" деп жазып жатат.

Өкүнүчтүүсү бул болбогон кептин дале болсо окуу китептеринде кездешип жатышында турат маселе. Санжыра кеп урук- уруулар, элдердин ортосундагы, биринен бирин жогоруу коюу, өз уруусун даңазалоо же бир урук-урууну кемсинтүү иретинде уламадан уланып келе берген.

Мындай чала сабат санжырачылардын кыска, бучук ойлоруна кыргыз урууларынын ичиндеги эң чоң уруулардын катарына кирген, керек болсо ысымдары башка урууларга караганда алда канча мурда тарыхта (*кыргыз урууларын бири болгон Азык уруусу – байыркы" **Аз"** уруусу (азы, асы, асык, азык), **"Саяк"** – сак, же сак уруу бирикмесине кирген **апасияк** (апсияк-апсаяк- саяк)* кездешкен уруулардын кабылышы, санжыра айтымдарын тарыхый чындык менен айкалыштыруу маселесин жаратат.

Санжыра боюнча бул эки чоң урууну Тагай бийдин *(үлүш бөлүштүрүп жаткан мезгилинде)* баласы Карачоро менен ээрчип келишкен эки жетим баладардан таркашкан деген санжыраны, кыргыз санжырасын окуган адам болсо ырастап бере алат.

Мындай көрүнүш албэтте, санжырачыларыбыздын тарыхты билбегендигинин жана ооздон-оозго өтүп келген санжыра кептердин чаташууларынын кесепетинен болгон чыгар деп ишенебиз, аны талдап тактоо алдыдагы иштер.

**Эми макаладагы негизги маселеге көңүл буралы, адегенде эле бизде мындай суроолор жаралат**: *1. Эмне себептен улам бул конференцияны өткөзүү зарылдыгы келип чыкты болду экен?*

*2. Кандай себептен улам конференция кыргыз элинин келип чыгыш тегине байланыштуу болуп жатат?*

*3. Чынап эле кыргыз элинин келип чыгыш тарыхын тактап берели деген ырайымдуулук жаралдыбы?*

*4. Муну өткөрүүнүн чындап эле зарылдыгы бар беле?*

*5. Эмнеге боордош казак, өзбек, таджик элдеринин тегине арналбады?*

*6. Эмнеден улам конференция, окумуштуу А. Н. Бернштамдын эмгектерин негиз кылып алды?*

*7. Эмнеге улуу окумуштуу А.Н. Бернштам ооруп жатканына карабастан археологиялык экспедицияга аттанды экен?*

*8. Балким, улуу окумуштуунун иштеринен ар кандай кыйкымдарды таап, анын окумуштуулук даражасына шек туудурган Сталиндик каралоолордон, өзүн актап чыгуунун эң ыңгайлуу учуру экенин түшүндүбү?*

*9. Же окумуштууга жогортодон көрсөтмө берилдиби?*

Мына ушуга окшогон түмөн ойлор конференциянын кандайдыр бир илимий нуктан да башка сыры жаткандыгына окурманды күмөнсүндүрөт, бирок ушул кезге чнйин бул конференцияга терең баа берип кайра талдоо жүргүзүү ниетин билдирген окумуштуулар чыга берген жок.

Демек бул жерде илимий изилдөөлөрдөн сырткаары кандайдыр бир саясый да маселелердин кызыкчылыгы тургандай сезилет, маселени ушул өңүттөн карап көрөлү. 1953 жылы Сталин дүйнөдөн өткөндөн кийин АКШ жана башка европа өлкөлөрүнүн лидердери СССР мамлекетинин жетекчилигинде бир катар группировкалардын ортосунда күрөш башталат, анткени советтик партиялык жеткечиликте Сталинге теңдеш лидер жок, ошондуктан дүйнөлүк коммунистик кыймылдын лидерлиги Кытай эл республикасынын лидери Мао Цзедунга өтөт, бул деген эки ири коммунистик державалардын ортосундагы конфликтке алып келет деп ойлошкон.

1950 жылдардан кийин эле Кытай мамлекети Мао Цзедундун жана анын мураскор башкаруучу лидерлеринин эрки менен – Советтер союзуна, социалистик өлкөлөргө жана дүйнөгө улам барган сайын кастыгы арткан күчкө айлана баштайт.

Маоистик программа көп жылдардан бери өлкөнүн калкына системалуу түрдө Кытайдын мурда Улуу держава экендигин, жаңы доордун (*социалистик*) келиши менен, кытай өзүнүн көптөгөн ээликтеринен ажырап калгандыгын туюндуруп келишет.

Ошол учурлардагы басылмалардан чыгарылган карталарда жана атластарда Кытайдын *“мурунку”* аймактары катары Корея, Лаос, Ветнам, Бирма, Непал жана бир катар түштүк-чыгыш Азия өлкөлөрү белгиленип көрсөтүлөт.

Улутчулдукка делөөрүгөн Пекиндин жетекчилиги аймактык доомattарын Индия, Монголия жана Советтер Союзуна да арта баштайт. Советтер Союзу Кытай империясына таандык жерлерди *“басып алган”* деген жалган, ыплас ыкмаларды колдонуулар менен кытай элинин аң-сезимин бурмалап киришет.

Муну менен эле токтоп калбастан маоистер Кытайдын түндүк-батыш чек арасы Балхаш көлү аркылуу өтүп, Казахстандын, Кыргызстандын, Өзбекстандын, Тажикстандын кеңири аймактары Кытайга таандык катары түшүрүлгөн карталар менен мекетеп окуучуларын окутуп, алардын аң-сезимдерин уулайдырып башташат.

Айрым бир тарыхый эмгектерде манжур-циндик династиянын күч алып турган мезгилинде анын батыш чек аралары Балхаш көлү болуп, анын чыгыш жана түштүк аймактарында “*Кытайдын улуттук азчылыгын”* түзгөн (кыргыз, казак ж.б. улуттар) элдер жашашкан, ошондуктан Кытайдын “*тарыхый”* ээликтери катары каралган аймактардын тизмесин түзү зарылдыгын ачык эле жазып чыгышат. Ал аймакка бүтүндөй Кыргызстандын да аймагы кирген.

Көп убактардан бери эле маоистер Советтер союзуна болгон аймактык доомattарын чагылдырган жалпы эсептери маалымат каражаттарына байма-бай басылып келет. Алардын эсеби боюнча бул 1,5 миллион квадрат километрди түзөт, ага Ыраакы Чыгыш, Казахстан жана Орто Азия жерлери кирген

Акыркы жылдары Кыргызстандын чек ара райондорунда мамлекеттик чек араны бузуу акциялары маоистердин карапайым малчыларды – короо койлору, үйүр топоздору менен чек арадан өтүп *(өз ээликтери)* кетүүгө шыкактоолорунун аркасында болуп жатты.

Чек ара мыйзамын бузуучулар ачыктан эле мурда Кытайга таандык болгон аймактарды кайтарып берүүнү талап кылышкан. Кытайдын маалымат каражаттары барган сайын Советтик пропаганданы кеңейтип, Советтер Союзунун тышкы саясатына көө жаап башташат. Ошол мезгилдерде Кытайдын борбордук жана провинциялык басылмалары барган сайын СССРге карша жалган жалаа жапкан материалдарды тез-тез чыгарып турушкан.

Өзгөчө кытайдын белгилүү эле окумуштуу тарыхчылары ар тараптуу бурмалаган эмгектери менен тарых илиминин мыйзамдуу эрежелеринен (*далилдер*) тайып, улутчулдук көз карашка баса жамынып алышты.

Акыркы мезгилдерде айрым кытай тарыхчылары Советтик Чыгыш республикаларына болгон маоистердин аймактык доомattарынын “*конкреттүү”* тизмесин түзүүгө өтүшөт. Алсак, **“Лиши яньцзю”** журналынын беттерине “*биздин Балхаш көлүбүз”,* “*биздин Тэмурту (Ысык-Көл) көлүбүз*”, “*биздин дарыябыз Чу”* деген сөздөр көп кездеше баштайт. Кытай эл республикасынын пропагандасы жана айрым бир кытай тарыхчылары акыркы убактарда Советтик Памирге өзгөчү көңүл бурушууда.

Бул аймак, Чжен Шинин **“Лиши яньцзю”** журналынын беттерине жарыялаган макаласында, “*Синьцзяндын батыш бөлүгү”* кылымдар бою Кытайдын аймагы болуп келген деген эсептейт.

Орто Азия элдеринин Россия империясынын курамына киришин кытай пропагандисти Си Да минтип жазат, *"Россиянын агрессивдүү күчтөрү биздин мамлекеттин аймагына, Чу дарыясынын алабына жана Тэмурту (Ысык-Көл) көлүнө чейин басып кирищти"*. Си Да албетте, эч кандай шилтеме кылбастан *"орустардын мындай аракеттери биздин кыргыз элинин катуу каршылыгын жаратты"* деп сүрөттөйт.

Кытай тарыхчылары Цинь империясынын Памирде жашаган, башкача айтканда *"Улуу Кытай улутунун чоң үй бүлөөсүнүн бир мүчөсү"* катары эсептеген кыргыздар менен менен болгон өз ара мамилелерин катуу идеалдаштырышат. Чындыгында, манчжур-кытай аскер бөлүктөрү мезгил-мезгили менен кыргыздардын жерлерине каракчылык, баскынчыл жоортулдарын жасап турушкандыктарын эске алгылары келишпейт.

Кыргыз элинин тагдыры бүгүн Борбордук Азия жана Орто Азия элдеринин маоистик фальсификаторлордун көңүлүнүн обьектиси болуп калган окуяларга тигил же бул жагынан байланыштуу болгондуктан, Кыргыз элинин тарыхынын айрым маселелерин атайын карап чыгуу зарылдыгы пайда болот.

Бул, дагы бир жолу Кытайдын тарых илиминин Советтер Союзуна карата таза эмес пропагандалык максаттарда колдонууга аракет кылып жаткандыгын айгинелейт. Кытай менен чектешкен көп улуттуу Кыргызстандын кеңири коомчулугу, Бээжиндин шовинисттеринин жана гегомонистеринин Советтер Союзуна карата абсурддук аймактык дооматтары үчүн "*аргументтерди* " табуу максатында Борбордук жана Орто Азия элдеринин, анын ичинде Кыргызстан элдеринин тарыхын одоно бурмалап жаткан экскурссияларына кайдыгер карабайт. Куру дооматтарын коюп Улуу Хань династиясынын империялык өкүмзарлыгын бетке кармашып, бул аймактар "*биздин ээлик"* деген жалган дооматтарын бир гана кылым карыткан кыргыз элинин тарыхы оздуктай алмак.

Мына ошондуктан Советтер Союзу менен КНРдын ортосундагы бул талаш аймактарда эзелтеден эле азыркы Кыргызстандын калкын түзгөн кыргыз элинин тарыхына кайрылуу менен гана далилдөөгө мүмкүн болуучу.

Мындай саясий кырдаал курчуп турган кезде Административдик-буйрукчул системадагы партиялык жетекчилик, советтик окумуштууларга атайын көрсөтмө бериши мүмкүн беле деген суроо туулат. Албетте, бул сессия илимий багытты көздөөдөн мурда саясый багытты алдыңкы, негизги катарга койгондугу көрүнүп турат.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Бартольд В.В. Кыргыздар. [Текст] / В.В.Бартольд //Тарыхый очерк // Кыргыздар. 2-Т. - Б.: 1993. - 126-184-бб.

2. Бернштам А.Н. Историческое прошлое киргизского народа [Текст] / А.Н.Бернштам. – Фрунзе: 1942.

3. Бернштам А.Н. Археология [Текст]: Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалган чыгармалар / А.Н.Бернштам. - I-II Т. - Б.: 1997-1998.

4. Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я.Бичурин. - Т.1-3. – М., -Л.: 1950-1953. – Т.1. -1950, -379 с., Т.2. – 1950. – 332 с.; Т.3. – 1953. – 327 с.

5. Бутанаев В.Я. Киргизско-хакассие этнокультурные связи [Текст] / В.Я.Бутанаев // Историко культурные связи народов Южной Сибири. – Абакан: 1988.

6. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений в 5-ти томах [Текст] / Ч.Ч.Валиханов // Отв. Ред. А.Х.Маргулан . – Алма-Ата: Гл. Ред. Каз. Сов. энциклопедии, 1984-1985. – Т.1. – 1984. – 431 с.

7. Георги, Иоганн Готлиб. Описание всех обитающих в Российском государстве народов: их житейских обрядов, обыкновений, одежд, жилищ, упражнений, забав, вероисповеданий и других

достопамятностей [Текст]: часть вторая, о народах татарского племени / И.Г.Георги. – СПб.: 1799. – в 4 т. – 2 том.

8. Грум-Гржимайло Г.Е. Западная Монголия и Урянхайский край [Текст] / Г.Е. Грум-Гржимайло // Т.2. Исторический очерк этих стран в связи с историей Средней-Азии. – Л.: 1926. 9. Джамгерчинов Б.Д. Значение и задачи изучения проблемы этногенеза.

* * *

***Сулайманов Эртабылды Жолдошевич, Исаков Болотбек Мухтарович***

## ТУУГАНДЫК СИСТЕМАСЫНДАГЫ АВУНКУЛАТ - “ТАЙЛАР ЖАНА ЖЭЭНДЕР” МАСЕЛЕСИ

***Сулайманов Эртабылды Жолдошевич, Исаков Болотбек Мухтарович***

## ПРОБЛЕМА АВУНКУЛАТА - “ТАЙЛАР И ЖЭЭНДЕР” В СИСТЕМЕ РОДСТВА

***Suleymanov Ertabyldy Zholdoshevich, Isakov Bolotbek Mukhtarovich***

## THE AVUNCULAR PROBLEM IS “UNCLE AND NEPHEW” IN THE KINSHIP SYSTEM

***УДК. 397.4***

***Аннотация.*** *Туугандык, биологиялык түшүнүктөгү эмес, социалдык түшүнүктөгү, тагыраак айтканда, тарыхый-этникалык түшүнүктөгү кубулуш. Туугандык системаны изилдөөдө биринчи орунда туугандардын ортосундагы туугандык аталыштарынын чектерин жана топторун аныктаган негизги компонент болгон туугандык түзүмдүн өзөгүн жана туугандык түзүмдүн мазмунун чагылдырган маселелер каралат. Туугандык терминдери, жашоодогу күнүмдүк тилдик мамиледе бир адамдын экинчи бир адамга кайрылуусу, же болбосо баарлашууда кайсы бир үчүнчү адамды атоо үчүн колдонулат. Туугандык системасындагы авункулат–таяке менен жээн ортосундагы мамиле өзөктүү түшүнүктөрдөн болуп эсептелет. Туугандык терминдердин ичинен “ата”, “эне” терминдери менен бир катарда авункулат-“таяке-жээн” туугандык терминдери өтө маанилүү орунду ээлейт. Макалада таяке менен жээн ортосундагы өзгөчө мамиле анализденди. Кыргыз элинде ошондой эле түрк тилдүү элдерде таякенин орду, маанилүүлүгү көңүлгө алынып, изилденди.*

***Негизги сөздөр***. *Туугандык системасы, туугандык мамилелер, бир тууган, эки бир тууган, туугандык терминдери, авункулат, таяке, жээн, кандаш туугандык, классификациялык система, сүрөттөөчү система, жээнчер, тогончор.*

***Аннотация.*** *Родство, явление не в биологическом понимании, а в социальном, точнее, явление в историко-этническом понимании. При изучении системы родства в первую очередь рассматриваются вопросы, отражающие ядро структуры родства и содержание структуры родства, которые являются основным компонентом, определяющим границы и группы родственных имен между родственниками. Термины родства используются для обозначения отношения одного человека к другому в повседневных лингвистических отношениях в жизни или для обозначения любого третьего лица в разговоре. Авункулат–отношения между дядей и племянником являются основными понятиями в системе родства. Среди родственных терминов наряду с терминами “отец”, “мать” очень важное место занимают родственные термины авункулата-“дядя-племянник”. В статье анализируются особые отношения между дядей и племянником, были учтены и изучены значимость дяди у кыргызов и у тюркоязычных народов.*

***Ключевые слова.*** *Система родства, родственные отношения, родство, свойство, термины родства, авункулат, дядя, племянник, кровное родство, классификационная система, описательная система, жээнчер, тогончор.*

***Annotation***. *Kinship is not a phenomenon in the biological sense, but in the social, more precisely, a phenomenon in the historical and ethnic understanding. When studying the kinship system, first of all, the issues reflecting the core of the kinship structure and the content of the kinship structure, which are the main component determining the boundaries and groups of related names between relatives, are considered. Kinship terms are used to refer to the relationship of one person to another in everyday linguistic relationships in life or to refer to any third person in conversation. Avunculate–the relationship between uncle and nephew are the basic concepts in the kinship system. Among related terms, along with the terms “father”, “mother”, a very important place is occupied by related terms of the avunculate-“uncle-nephew". The article analyzes the special relationship between uncle and nephew, took into account and studied the importance of uncle among Kyrgyz and Turkic-speaking peoples.*

***Key words.*** *Kinship system, kinship relations, kinship, property, kinship terms, avunculate, uncle, nephew, consanguinity, classification system, descriptive system, geencher, togonchor.*

Этнографиялык адабияттарда туугандык системасы түшүнүгү дегенде, демейде, туугандык мамилелерди атоо үчүн колдонулган терминдердин топтомун түшүнүү кабыл алынган [1.16]. Бул аныктама, туугандык түзүмү менен туугандык терминдер ортосунда бирдей теңдик, окшоштук бар экендигин айгинелейт. Туугандык терминдери, жашоодогу күнүмдүк тилдик мамиледе бир адамдын экинчи бир адамга кайрылуусу, же болбосо баарлашууда кайсы бир үчүнчү адамды атоо үчүн колдонулат.

Туугандык түзүмдү изилдөөгө мындан жүз элүү жылдан ашуун мурда башат койгон окумуштуу, бул албетте, атактуу америкалык этнограф Л.Г.Морган болуп эсептелет (Морган,1871;1877;1934). Кийинки мезгилдерде бул ишмердүүлүктү У.Риверс, Р.Лоуилер уланткан. Орусияда Моргандын эмгектери менен биринчилерден М.М.Ковалевский таанышкан. Андан кийинки Моргандын окууларына берилип колдонгондордун бири, Л.Я.Штернберг болду. Туугандык системасын, андагы өзгөчөлүктөрдү окумуштуулар А.М. Золотарев (1940), Д.А.Ольдерогге (1951), М.В. Крюковдор (1968; 1972; 1979) изилдеп, коомчулукка тартуулаган. Кыргыздардын туугандык системасына Н.П. Дыренкова (1927) А. Джумагуловдор (1960, Чүй жана Нарын областтарындагы элдин туугандык терминдери) өз эмгектерин арнашкан. Кийинки мезгилдерде бул маселеге Исраилова-Харьехузен(1999) ж.б. бир топ окумуштуулар кайрылып, илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Атактуу кыргызтаануучу С.М.Абрамзондун “Кыргыздар жана алардын этногенетикалык, тарыхый-маданий байланыштары” аттуу эмгегинде, кыргыз коомунун уруулук-коомдук башаты патриархалдык кандаш туугандыктан башат алгандыгын, кийинки мезгилдерде, бул туугандык байланыштар уруу башчыларынын тегерегинде болуп, отурукташкан обшиналык топтордун түзүлгөндүгүн белгилеген. С.М. Абрамзон андан ары Н.А. Аристов, Г.С. Загряжский, А. Соколовдор бул маселеге кайрылып, урук-уруулук түзүмүнүн калыптануусу жөнүндө маанилүү көз караштарын айтып кеткендиктерине токтолот [2.19].

Жогоруда аты аталган авторлордун көз карашында, учурдагы кыргыз коомундагы уруулук топтор убагында тарыхый кандаш туугандык бирикмелер болгон болсо, кийинки мезгилдерде алар чарбалык негизде жана С.М. Абрамзондун толуктоосу боюнча саясий кызыкчылыктары негизинде куралган коомчулукка айланган. Бул топтор “баатырдык заманда” калыптанып, өзөгүн (ядросун) бир нече кандаш тууган үй-бүлөлөр түзгөн. Мына ушул урук-туугандык коомдук уюштуруу кыргыздарда жана башка элдерде уруу-уруктарга бөлүнүүнү жана белгилүү туугандык терминдердин сакталуусун камсыздаган.

Туугандык системасынын терминдерин окуп үйрөнүү, түрк тилдүү элдердеги, анын ичинде кыргыз элиндеги терминдер тыкыр изилдөө ишмердүүлүгүн талап кылат. Изилдөөдөгү мындай кыйынчылык, туугандык системасындагы өзөктүү түшүнүктөрдөн болгон, “үй-бүлө формасынын туугандык системасына караганда тез өзгөргөндүгү менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан кийинки мезгилдерде туугандык мамилелердин байыркы замандан бери сакталып келе жаткандыгын жана ошол эле учурда, жаны үй-бүлө формасын байкап жатабыз. Ушундай кубулуш учурдагы түрк элдеринде да кездешет” [3.11].

Ал эми кийинки мезгилдерде кыргыздардагы урук-уруулук түзүм башка элдердегидей эле реалдуу коомдук түзүмдү чагылдырбай, “урук”, “уруу” түшүнүктөрү шарттуу түрдө

колдонулуп калды. Ошентсе да, традициялуу чыгыш коомунда уруулук негиздеги коомдун социалдык-экономикалык жашоосун уюштурууда “урук”, “уруу” алгачкы уюштуруу формасы иретинде күчүн жоготкон жок. Бир уруктун, бир уруунун ичиндеги туугандык мамилелер кылым карытып, туугандар ортосундагы мамилелерди кайсыл бир денгээлде аныктап келди. Кыргыз элинде башка түрк тилдүү элдердегидей туугандык системасындагы туугандык терминдердин мааниси боюнча өзгөрүүсү коомдук мамилелердин өнүгүүсү менен коштолуп отурган. Кыргыз элиндеги туугандык системасында терминдер классификациялык жана сүрөттөөчү абалда кездешүүсү байкалат. *Бардык туугандык системаны Морган, классификациялык* (классификациялык эки вариантта, малай жана туран-гановандык, Түндүк Американын, Океаниянын аралдарындагы жана Азиянын көпчүлүк аймактарындагы жергиликтүү элдерде жайылган), *жана сүрөттөөчү* (описательные, арий, семит жана урал элдерине мүнөздүү), - *деп бөлгөн.* Классификациялык системага ал “ата”, “эне”, “уул”, “кыз” түшүнүктөрүн кошуп, бул түшүнүктөр бир эле сүйлөп жаткан тараптын өзүнүн гана жеке ата-эне бир туугандарын эмес, бүтүндөй бир катар муундагы улуу жана кичүү муундагы туугандарына да тиешелүү топторго жайылаарын айтып кеткен.

Кыргыз коомунда да, туугандык терминдер, мисалы, “чон ата” термини жеке бир индивиддин, сүйлөп жаткан тараптын чон атасы жөнүндө болушу мүмкүн, ошол эле учурда жалпы кайрылууда “чон атасынын агасы” же “чон атасынын инисине” карата айтылышы мүмкүн. Бул көрүнүш кыргыз коомундагы терминдер бир эле учурда классификациялык системага ошондой эле сүрөттөөчү системага тиешелүү болуусу мүмкүн экендигин айгинелейт.

Бул маселеде С.М. Абрамзондун “О некоторых терминах родства в тюркских языках”, - деген макаласына кайрылабыз. Улуу түрктаануучу окумуштуу, бул эмгегинде кээ бир түрк элдериндеги туугандык системасына тиешелүү болгон бир катар терминдерди байыркы түрк жазуу эстеликтериндеги сөздөр менен салыштырып анализдегенин көрөбүз. Ал өз сөзүндө, “В одной из моих работ уже ставился вопрос о необходимости пересмотра точки зрения А. Н. Бернштама, утверждавшего, что у племен, входивших в Восточнотюркский каганат, существовала *описательная система родства”* - деп, А.Н. Бернштамдын, “ЧыгышТүрк каганатындагы элдерде “сүрөттөөчү” терминдер болгон” – деген көз карашын өзгөртүү керек экендигин айтат [4].

С.М. Абрамзондун көз карашы боюнча, жогоруда аталган аймактагы түрк тилдүү элдердин туугандык системасынын өзөгүн классификациялык система түзгөндүгүн билебиз. Окумуштуунун айтуусунда, түрк тилдүү элдердин жазма эстеликтеринде көп учурда авторлор (жазма эстеликтин авторлору) чоң бир топко тиешелүү, же болбосо көпчүлүккө карата айтылган, жалпылык терминдерди колдонгондугун баса белгилейт. Ушул жазма эстеликтердеги терминдер жана изилдөө учурундагы терминдерди салыштыруу менен, түрк тилдүү элдердин басымдуу көпчүлүгүндө классификациялык система болгондугу аныкталган. С.М. Абрмазон андан ары, келечекте бул маселе окумуштуулардын тыкыр изилдөөсүнө муктаж экендигин, ошентсе да, Л.А. Покровскаянын байыркы түрк лексикасын учурдагы түрк тилдериндеги туугандык номенклатурасы менен салыштырууга аракеттенгендигин белгилөө менен, изилдөөсүнүн киришүүсүндө [5] Н.П.

Дыренкова тарабынан анализденген кыргыздар боюнча материалдын негизинде [6], "түрк туугандык системасынын" өзгөчөлүктөрүнө токтолуп кеткендигин айтат.

С.М. Абрамзондун изилдөөлөрү жана башка маалыматтарга таянуу менен биз түрк тилдүү элдерде, анын ичинде кыргыздарда туугандык терминдердин дифференциацияланууcу негизинен жаш өзгөчөлүгүнө жана жыныс өзгөчөлүгүнө жараша тиешелүү болгондугун байкайбыз. Эгерде кээ бир окумуштуулар терминдердин улуу-кичүүгө жана жынысына карата айтылуусун анализдөө менен чектелген болсо, кийинки мезгилдерде туугандык системасынын маанилүү бөлүгү болгон эне линиясы да изилдене баштаган. Мурда көчмөн жана жарым көчмөн болгон түрк тилдүү элдердин (алтайлыктар, тувиндер, хакастар, кыргыздар, казактар ж.б.) күнүмдүк жашоосунда *туугандык (родство) жана эки бир туугандык (свойство)* жакынкы мезгилге чейини эле чоң роль ойногон. Жогоруда аталган элдерде бул система менен нике нормасы да тыгыз байланышта болгон. Демек, байыркы түрк элдеринде эне линиясы да маанилүү болгон.

С.М. Абрамзон өзүнүн макаласында, В.В. Радловдун белгилүү сөздүгү боюнча эне линиясы түздөн-түз эске алынуу менен туугандык система жашагандыгын айтат. Конкреттүү мисал катарында биз кайрылган таяке-жээн маселеси келтирилген.

Туушкандыктын терминдери кыргыз тилинин негизги сөз байлыгына таандык. Туугандык системасына байланыштуу терминдерди изилдөөдө биз "Байыркы түрк сөздүгүнө", К.К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүнө жана  Ф.А. Фиельструптун кыргыздар боюнча этнографиялык эмгектерине кайрылдык. Туугандык терминдердин ичинен "ата", "эне" терминдери менен бир катарда авункулат - "таяке-жээн" туугандык терминдери өтө маанилүү экендигин баса белгилеп кеткибиз келет. Жогоруда аталган сөздүктө (Древне-тюркский словарь) "тага-таяке - дядя опора (687-б.), тай - родство по материнской линии (688-б.), тайы - приносить жертву, поклоняться,тайынуу- поклонение" – деген терминдерге кеңири түшүндүрмөлөр берилген [7].

"Байыркы түрк сөздүгүндө" тайлар, таяке-жээн ортосундагы мамилеге байланыштуу терминдерди көрөбүз:

TAY I - тоо, гора (tay taiga gavusmas, kisi kisiga gavusar - гора с горой не сходятся, человек с человеком сойдутся. МК III 153);

TAY II - үйүр, стадо;

TAYAJ III - таяке, дядя (МК III 238);

TAYAM IV - чатыр, үйдүн чатыры, крыша;

TAY V - кулун, жеребенок, (tay atatsa at tinur, oyul eragsa ata tinur. МК I 206).

TAYANG VI - таяныч, опора, (munumga tayangim - [ты] моя опора)[8].

Тай сөзүнүн эски түрк тилиндеги мааниси биз байкагандай, (биринчи маанисинде) тоо түшүнүгү менен байланыштуу, (экинчи маанисинде) жээни үчүн таякеси (үчүнчү маанисинде) тоодой таяныч – (бешинчи маанисинде), коргоочу жана колдоочу болоорун билдик. Туугандык системасындагы таяке журтунун жээндерге жакындыгы, аларга кам көрүүсү "авункулат" традициясы менен түшүндүрүлөт. *(Авункулат (лат. avunculus — «энеси жактан тууган, тайы, таякеси», — традициялык коомдо энесинин бир тууганы-таякеси менен жээни ортосундагы өз-ара өзгөчө мамилени жараткан социалдык институт).* Бул мамиле таяке менен жээн ортосундагы өтө жакындыкты шарттаган. Таякеси баланын атасына караганда көбүрөөк кам көрүү менен жээнине мурас калтырууда,

коомдук статусун өткөрүп берүүдө чон роль ойногон. Жээни үчүн ал эч нерсесин аяган эмес. Короодон жээнине төрт түлүк малдан энчи (белек) берүүгө милдеттүү болгон. Жээни жагып, көзү түшүп калган төрт түлүктү таякеси сатып, же союп жок кыла алган эмес, себеби “жээни тандаган малды жок кылса короого чон жоготуулар келет” - деген ишеним болгон. Бул ишенимге байланыштуу Н.П. Дыренкованын эмгегиндеги маалыматтар боюнча түрк тилдүү элдерде өткөн мезгилдерде, “Жети бөрү жегенче жээнге берейин, жээн алсын” – деген сөз айтылып келгенин билебиз. Кийинки заманда аталган сөз “Жээн келгенче жети бөрү келсин” – деген өзгөрүүгө учураган. Бул маселеге карата маалыматтар Н. П. Дыренкова тарабынан Алтайдагы түрк тилдүү элдердин мисалында кеңири берилген[9]. Ушул жерден биз, “Эр тагайын тартат” – деген эл оозундагы учкул сөздү да кошуп, чечмелеп кетүүнү туура көрдүк. Бул сөздүн маанисинде, жээндин тайларына таянуусу, аларды ыйык тутуусу, алардан ар дайым колдоо күтүүсү байкалат. Ошондой эле, бул учкул сөз көптөгөн кылымдардан бери түрк тилдүү элдерде жана кыргыздарда таяке-жээн ортосундагы мамиле тууганды мамилелердин өзөгү болуп келгендигинен кабар берет. Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө бул маселеге тиешелүү төмөнкү ойду кезиктиребиз: “gadas gyma uruk, ogdas oru tartar” – ата жагынан туугандар ачууга алдырып мушташаар, эне жагынан туугандар бир тулпарга учкашаар.

Авункулатты түшүндүрүүнүн эки өзгөчөлүгүн окмуштуулар атап кеткен:

• авункулат - энелик филиациянын жөнөкөй жыйынтыгы, мында «бир тууган» (таякеси, тагасы) аялдын жана анын балдарынын жакын тууганы;

• авункулат - матрилокалдуу отурукташуунун жыйынтыгы, мында, үй-бүлөдө бир тууганды энеси башкарып турган учурда, эч кандай матриархатсыз жана матрилиниялык филиациясыз эле, «эрдин»-«атанын» көз каранды абалын түзөт. Авункулатта, үй-бүлө эненин кандаш туугандарынан турган социалдык топту чагылдырат: ага-иниси, эже-карындаштары жана алардын балдары. Этнографиялык материалдар күбөлөгөндөй, үй-бүлөлүк обшина патрилокалдуу никеде болуп, аялы күйөөсүнүн үйүнө көчүп барып жашаган учурда деле, аялдын балдары өзүнүн же болбосо аялдын атасынын тобуна таандык болгон. Алар кээ бир учурларда жаш бала чагынан эле өзүнүн эне үй-бүлөлүк тобуна жакын болуп, тагыраак айтканда аялдын бир тууган акесинин, балдардын таякесинин тобуна, өзүнүн эне линиясы боюнча топко өтүшкөн. Баланын эң жакын жана эң аксакал тууганы өз күйөөсүнүкүнө жашоо үчүн кеткен аялдын агасы, же болбосо карындашы менен кандаш агасы болгон. «Бул, өзүнүн эне линиясына тиешелүүлүк такыр номиналдуу эмес, ал бир гана келип чыгуусун аныктоодо же болбосо, ат коюда гана эсепке алынбастан, реалдуу, факт түрүндө реалдуу, чарбалык, коомдук, идеологиялык өз уруусуна тиешелүүлүгүн билдирген[10].

Ал эми жээн термини боюнча ошол эле “Байыркы түрк сөздүгүндө” берилген. Бул маселеге С.М. Абрамзон да кайрылып: “В качестве конкретного примера возьмем термины, приводимые в ДТС: jegiin (с. 252), jegin (с. 253) и tayaj (с. 526). - терминдери боюнча өзүнүн ойлорун айтат. Окумуштуу өз эмгегинде, жээн термини биринчи “jegiin” – *жегиин* жана экинчи “jegin” - *жегин* маанилеринде учурдагы “жээн” түшүнүгүн бергендигин, үчүнчүдө – “tayaj” *таяке* маанисинде айтылаарын мисал келтирген. Бул түшүнүк боюнча С.М. Абрамзон, С.Е.Маловдун, Н.П. Дыренковалардын көз караштары бар экендигин жана алар да бул терминдер бир эле учурда индивидуалдык жана сүрөттөөчү системага тиешелүү

экендигин, жээн термини кыргыздарда жана башка түрк тилдүү элдерде “жээнчер”, “тогончор” терминдери менен уланаарын айтып кеткен. Жээн-“туугандык” термини, жээн-небере, чер-сөзү (уменшительный) – кичинекей жээн дегенди билдирген. Тогончор – сөзү (то§-родиться, доган ), - тууган маанисинде, (чор) кичинекей тууган маанилеринде берилген.

Жыйынтыгында айтсак, таяке-жээн мамилеси кыргыз коомундагы негизги жашоону камсыздоочу, шарттоочу социалдык институттардан экендиги айкын болду. “Байыркы түрк сөздүгүндө” таяке-жээн мамилесине тиешелүү терминдер жөнүндө маалыматтан башка, бир топ туугандык системасына тиешелүү болгон сөздөр орун алган. Мисалы: taya-прислонять, tayan-опора, доверяться, надеяться ж.б. Алардын ичинен бизди көбүрөөк кызыктырган маселе, тай сөзүнүн алгачкы мааниси (TAY I - тоо, гора) -“ТОО” түшүнүгү болду. Аталган сөздүктө тоо сөзүнө байланыштуу “тагылдыр тоо” сөзүнүн келип чыгуусу да (анын ыйык тоо, деп которулуп келе жатканына карабастан) келечекте тилчилер, тарыхчылар аныктоосу зарыл болгон сөздөрдөн деп эсептейбиз.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Крюков М.В., 1972, с. 3; Семенов Ю.И., 1974, 16-б.
2. ошонун эле. 19-б.
3. караныз.: А б р а м з о н С.М . Формы семьи у дотюркских и тюркских племен Южной Сибири, Семиречья и Тянь-Шаня в древности и средневековье. — В кн.: Тюркологический сборник 1972 М., 1973, 300-б.
4. Бернштам А.Н. Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI-VIII веков. М.; Л., 1946. 94-б.
5. караныз.: П о к р о в с к а я Л. А. Термины родства в тюркских языках. — В сб.: «Историческое развитие лексики тюркских языков». М., 1961, 25—26 беттер
6. Дыренкова Н. П. Брак, термины родства и психические запреты у киргизов. — В кн.: Сборник этнографических материалов № 2 Л .,1927
7. Киргизско-русский словарь. В двух книгах. Около 40 000 слов/Сост. К.К.Юдахин.- Ф.:Главная редакция Киргизской Советской Энциклопедии,1985. Кн.1.А-К. 504 бет
8. Древнетюркский словарь. Издательство “Наука” Ленинградское отделение. Ленинград 1969. 526-690 беттер
9. Дыренкова Н. П. Пережитки материнского рода у алтайских тюрков, 21—33беттер
10. Бернштам А.Н. Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI-VIII веков. М.; Л., 1946. 94-б.

* * *

***Мусаев Өмүрбек Мамаюсупович***

## КОКОН ХАНДЫГЫНДАГЫ ИЧКИЛИК КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭЭЛЕГЕН ОРДУ ПРОБЛЕМАСЫН ИЗИЛДӨӨНҮН КЭЭ БИР АСПЕКТИЛЕРИ

***Мусаев Омурбек Мамаюсупович***

## НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ИССЛЕДОВАНИЯ ПРОБЛЕМЫ ПОЛОЖЕНИЯ ИЧКИЛИКСКИХ КЫРГЫЗОВ В КОКАНДСКОМ ХАНСТВЕ

***Musaev Omurbek Mamayusupovich***

## SOME ASPECTS OF THE STUDY OF THE PROBLEM OF THE ICHKILIK KYRGYZ IN THE KOKOND KHANATE

***УДК. 94 (574)***

***Аннотация.*** *Макалада Кокон хандыгындагы ичкилик кыргыздарынын ээлеген орду маселесинин тарыхнаамасы талдоого алынат. Анда алгач Борбордук Азия аймактарында Орусиянын чалгыноо максатында жүргүзгөн изилдөөчүлөрүнүн эмгектери, хандыктын тарыхчыларынын жана кийинки*

*мезгилдеги окумуштуулардын эмгектери ар тараптуу иликтенген. Ичкиликтердин хандыктагы ээлеген орду канчалык деңгээлде илимий эмгектерде ачылып берилген деген суроонун алкагында ой жүгүртүү макаланын өзөгүн түзөт. Падышалык Россия өз мезгилинде аскердик-чалгындоо максатында биздин аймакка бир катар илимий-аскердик экспедицияларды уюштурган. Жарыяланган эмгектерде аймактагы мамлекеттердин коомдук турмушу, экономикалык, аскердик дарамети, элдердин маданияты боюнча бир топ баалуу материалдар камтылган. Макалада акыркы мезгилдеги окумуштуулардын эмгектери да талдоого алынып, маселенин канчалык деңгээлде изилденгендигине илимий мүнөздө баа берилет.*

***Негизги сөздөр**. Кокон хандыгы, аскердик-чалгындоо иштери, ичкилик кыргыздары, Фергана чөлкөмү, Түркстан, экспедиция, социалдык-экономикалык абал, геосаясий кырдаал, тышкы саясат, дипломатия. Алымкул аталык.*

***Аннотация.** В статье рассматривается историография вопроса о роли кыргызов-ичкиликов в Кокандском ханстве. Всесторонне исследованы труды русских исследователей Среднеазиатского региона, труды кокандских историков и ученых позднего периода. В статье акцентируется внимание на том, как раскрыты в научных трудах роль и влияние кыргызов-ичкиликов в ханстве. В свое время царская Россия организовала в наш регион ряд военно-научных экспедиций с разведывательными целями. В результате были опубликованы работы, содержащие много ценных материалов об общественной жизни, экономическом и военном потенциале, культуре народов государств региона. Автор также проанализировал работы современных ученых и дал научную оценку изученности проблемы.*

***Ключевые слова.** Кокандское ханство, военно-разведывательная деятельность, ичкиликские кыргызы, Ферганская область, Туркестан, экспедиция, социально-экономическая ситуация, геополитическая ситуация, внешняя политика, дипломатия. Алымкул аталык (регент).*

***Annotation.** The article examines the historiography of the issue of the role of the Kyrgyz-Ichkiliks in the Kokand Khanate. The works of Russian researchers of the Central Asian region, the works of Kokand historians and scientists of the late period have been comprehensively studied. The article focuses on how the role and influence of the Ichkilik Kyrgyz in the Khanate are revealed in scientific works. At one time, Tsarist Russia organized a number of military-scientific expeditions to our region for reconnaissance purposes. As a result, works were published containing a lot of valuable materials about social life, economic and military potential, and the culture of the peoples of the states of the region. The author also analyzed the works of modern scientists and gave a scientific assessment of how well the problem has been studied.*

***Key words.** Kokand Khanate, military intelligence activities, Ichkilik Kyrgyz, Fergana region, Turkestan, expedition, socio-economic situation, geopolitical situation, foreign policy, diplomacy. Alymkul atalyk (regent).*

Кыргызстан тарыхындагы Кокон хандыгындагы ичкилик кыргыздарынын ээлеген орду маселесин иликтөөдө сөзсүз түрдө хандыктын тарыхын, ошол мезгилдеги эл аралык мамилелерин, кырдаалдуу объективдүү чагылдырган жергиликтүү жана чет элдик тарыхчылардын эмгектерин талдоого алуу зарыл. Каралып жактан маселе боюнча эмгектерди жалпысынан үч топко бөлүп карoo талапка ылайыктуу: 1. Кокон хандыгы жана Орус падышачылыгы доорундагы 2. Совет бийлиги үстөмдүк кылып турган учурдагы 3. Постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр.

XVIII к. экинчи жарымында Фергана өрөөнүндө Бухара хандыгынан бөүнгөн көз карандысыз мамлекеттин негизделиши аймактагы геосаясий кырдаалды кескин түрдө өзгөрткөн. Бул мезгилде азыркы Кыргызстандын түштүк аймагындагы жергиликтүү кыргыздар жана коңшу элдер бирдиктүү Кокон хандыгынын бийлик системасына тартылып, аймактын бардык элдерине таандык болгон орток мамлекетти башкарууга жигердүү катыша баштаган.

Борбордук Азия, анын ичинде Фергана чөлкөмү жана аны мекендеген элдер, кыргыздар жөнүндө маалыматтар орто кылымдагы араб, перс булактарында кездешет. Ал эми орус изилдөөчүлөрү XVIк. аягы – XVII к. баш ченинде эле көңүл бура башташкан. Орусиянын Түркстан хандыктары (Хива) менен дипломатиялык, тышкы саясий мамилелерди түзүү аракети Петр I учурунда башталган. Орус бийлигинин башкы максаты түштүк аймактарга: жалпы Борбордук Азия, Персия, Кытай жана Индияга жол ачып, соода-сатык алакаларын, соода-кербен каттамдарын ачууга аракеттенишкен.

Белгилей кетчү жагдай XVI к. биридиктүү Орус мамлекети түзүлгөндө түрк элдеринин Казан, Астрахан хандыктары басылып алынып, кийнчерээк Ногой хандыгы толук талкаланган. Натыйжада, орустар азыркы татар, башкыр, ногой, кавказдагы түрк тилдүү элдердин жерлерин басып алып, Түркстандын аймактарына көз арта баштаган. Бул мезгилде Орусия азыркы Казакстандын бүт аймактарын басып алып, Кокон, Хива хандыктарынын чек араларына жакындап калган эле.

Изилдөөчү П.И.Рычков орус тарыхнаамасында алгачкылардан болуп Борбордук Азия жөнүндө кызыктуу материалдарды өз эмгегинде жазып кеткен [12]. Ал Кокон мамлекетинин Ташкент, Хожент, Наманган, Анжиян, Маргалан шаарларын кыдырып, калктын жашоо-турмушу, хандыктын саясий, социалдык-экономикалык абалы, жарым көчмөн кыргыздар жөнүндө маалымат калтырган. Ал Ала-Тоо кыргыздары саныжагынан көп жана күчтүү эл экендигин айткан [12].

XVIII к. экинчи жарымында орус аскери Ф.С.Ефремов Түркстан аймагында туткунда жүргөн убакта орус бийлиги үчүн эң баалуу маалыматтарды чогултуп, өз көзү менен көргөн, билгендерин кагаз бетине түшүрүп, илим үчүн кайталангыс, ал эми Орус бийлиги үчүн баа жеткис маалыматарды чогулкан. Ал өз эмгегинде Фергана аймагы жөнүндө өтө так маалыматтарды берет жана эс тутумунда сактаган шаарлардын, айылдардын координаттарын кагазга түшүргөн. Ал Ош менен Маргаландын аралыгын, андан сырткары, Ош шаарына эки чоң дарбаза аркылуу киргүгө болоорун жана шаардын борбору аркылуу дарыя агып өтө тургандыгын, ал эми аталган шаардан Чыгыш Түркстандын борбору Кашкарга чейин аралык канча күндүк жол экендиги так жазылган. Ф.С.Ефремов тоолук кыргыздар кыргыз-кайсактардан айырмаланган өзүнчө эл экендигин жана алар

Оштон Кашкарга чейинки тоолуу аймактарды мекендеп турушкандыгын басабелгилеген Ф.Ефремовдун эскерүүлөрүндө бир катар этнографиялык жана географиялык баалуу маалыматтар камтылган, ал өз кезегинде Түркстан аймагынын тарыхын изилдөө процессинде зор мааниге ээ булак экендиги анык [15].

Кыргызстан тарыхынын тарыхнаамасында Падышачылык Орусиянын мезгилиндеги эмгектер расмий багыт катары каралат. Анткени Түркстан аймагын изилдеген бардык авторлор (окумуштуулар, саякатчылар, дипломаттар, аскер адамдары ж.б.) орус бийлигинин атайын тапшырмасы, көрсөтмөсү аркылуу иш алып барышып, алардын эмгектери, биринчи кезекте, чалгындоо максаты үчүн пайдаланылган. Тагыраак айтканда, орус бийлиги Түркстанга жөнөткөн бүт өкүлчүлүктөр Орусиянын геосаясий кызыкчылыгы үчүн иштешкен. Ошондуктан, биз азыр пайдаланып жаткан эмгектердин баары чалгындоо максатында жүргүзүлгөн жана аймактагы мамлекеттердин аскердик дараметин, экономикалык абалын, тышкы дүйнө менен байланыштарын кылдаттык менен изилденген жана бул материалдар кийин Орусиянын агрессиялык саясатын ишке ашырууда баалуу курал катары пайдаланылган.

Демек, Орусия Түркстан аймагына түрдүү экспедицияларды жөнөтүү менен (элчилик, изилдөө топторун ж.б.) алдыдагы аскердик баскынчылык пландарын ишке ашырууга бел байлап турган. Мындай маалыматтар өз кезегинде аймакты жеңил мүнөздө басып алууга шарт түзгөн. Анткени, чалгынчылар аймактагы мамлекеттердин абалын, ички карама-каршы топтордун күрөшүн, алардын алсыз жактарын мыкты билишкен. Орус бийлиги алдын ала аймакка кандай багытта кирип, кайсыл жерлерди басып алуу керек, баарын этап-

этабы менен ишке ашырууда атайын пландарды иштеп чыккан. Ошондуктан белгилүү изилдөөчүлөр: Ч.Ч.Валиханов, Н.А.Аристов, И.Э.Фишер, А.И.Левшин, В.П.Наливкин, Н.Ф.Ситняковский, Н.И.Гродеков ж.б. изилдөөлөрүндө, баарыдан мурда, Орусиянын аймакта жүргүзгөн саясаты ашыкча даңазаланып, бул саясаттын туура экендиги баса белгиленип, бир эле мезгилде аргессиялык-баскынчылык аракеттери колдоого алынган [16,8].

И. Фишер, А.И. Левшин калмактардын кыргыздарга каршы агрессиялык саястын, баскынчылык жортуулдарын баяндаган. Калмактардын баскынчылык саясатынан улам ири масштабдагы кыргын болгону, кыргыздардын чарбасы бүлгүнгө учураганы, элди ачарчылык каптаганы А.И.Левиндин эмгегинде кенен берилген.

В.П.Наливкиндин эмгегинде (1886-ж.) хандыктын саясий түзүлүшү, аймактагы элдердин тарыхы, жашоо-турмушу ар тараптуу иликтенген. Анын эмгегинин баалуулугу элдик оозеки булактарды, чыгыш авторлорунун эмгектерин орундуу пайдалангандыгында турат [9]. Аталган эмгекте Кокон хандыгынын саясий абалы, андагы элдердин өз ара мамилелери, ичкилик кыргыздарынын төбөлдөрүнүн мамлекеттин бийлик түзүмүндөгү ордуна баа берилет. Бир эле мезгилде хандыктын калыптануу процессинде ичкилик кыргыздарынын аскердик дарамети, бийлердин жаңы мамлекетти башкарууга тартылышы кеңири баяндалган.

Н.Ф.Ситняковскийдин «Перечисление некоторых родов киргиз обитающих в восточной части Ферганской области» аттуу китебинде кыргыздардын уруулук бөлүнүшү, айрыкча ичкиликтер (Ферганалык кыргыздар) жөнүндө жазган**.** Н.А.Аристов ичкилик кыргыздарынын курамы жат элементтерден куралгандыгын, себеби бул бутакта кыргыздардын негизги уруктары кездешпегендигин, кыргыз урууларына сырттан кыпчак, найман жана кытай уруулары кошулушуп жуурулушкан деген пикирин калтырган.

Ч.Ч.Валиханов өз эмгектеринде Ферганада жашаган элдер, анын ичинде ичкилик кыргыздары тууралуу маалыматтарды калтырып кеткен. Анда аталган аймактагы кыргыздар жер иштетип, дыйканчылык менен алектенишкендиги, дан азыктарын өздөрүнүн муктаждыктарына жараша өндүрүшө тургандыгын, алар байырлаган жерлер мол түшүмдүүлүгү менен айырмаланаарын, анда жасалма сугат системасы колодонулаары баяндалат [5].

В.В.Бартольд өз изилдөөлөрүндө каралып жаткан мезгилдеги Борбордук Азиядагы саясий, социалдык-экономикалык кырдаалды талдоого алып, анын өнүгүү тенденциясына баа берген [2]. Ал түрдүү булактарга, изилдөөлөргө таянып бир катар илимий жыйынтыктарды жасаган.

Падышалык Россиянын изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде Борбордук Азиядагы реалдуу кырдаал ачык, даана каралган. Өз кезегинде орусиянын аскердик чалгындоо максатында жүргүзүлгөн экспедицияларынын жыйынтыктары, окумуштуулардын изилдөөлөрү азыркы учурда өзүнүн кайталангыстыгы менен айырмаланат. Анткени, бул эмгектерде аймактагы элдердин тарыхы, чарбасы, маданияты жана жашоо-турмушу жөнүндө бир топ баалуу маалыматтар камтылган.

Совет мезгилинде Кокон хандыгынын тарыхы идеологиялык нукта, таптык көз караште каралып, ага тенденциялык мүнөздө баа берилип келинген.

П.П.Ивановдун эмгегинде кыргыздардын, алардын төбөлдөрүнүн (Мисалы, Кубат, Ажы бий ж.б.) хандыктын башкаруу системасына тартылуусу, анын түптөлүшүндөгү орду ачылып берилген [7].

А.Х.Хасанов, А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, Б.Жамгерчинов ж.б. изилдөөлөрүндө да кыргыз төбөлдөрүнүн Кокон хандыгындагы ролу, кыргыздарды, айрыкча ичкиликтердин коомдук-саясий турмушка катышуу процесстери кеңири иликтенет [18].

В.М.Плоских «Киргизы и Кокандское ханство" деген эмгегинде Кокон хандыгынын тарыхын изилдеген. Анда автор кыргыз төбөлдөрүнүн бийлик системасындагы ордун талдоого алган. Бир эле мезгилде кыргыздардын коңшу элдер менен өз ара байланыштары, саясий, социалдык-экономикалык абалы, аскердик иштерге тартылуусу ар тараптуу изилденген [11]. Бирок, анын эмгектеринде Кокон хандыгы артта калган, аймактагы элдердин жашоосунда терс роль ойногон мамлекет катары бааланат. Ал эми анын прогрессивдүү жактары ачык эле четке кагылып, тарыхый окуялар бурмаланып берилген.

Казакстандык чыгыш таануучу Т.К. Бейсембиев өз изилдөөсүндө Кокон хандыгынын этникалык курамын, социалдык-экономикалык өнүгүүсүн иликтеген [3]. Анда хандыктагы элдердин жашаган аймактары жөнүндө да сөз болот, мисалы, тоолуу аймактарды байырлаган кыргыздар, анын ичинде жарым отурукташкан ичкиликтер жөнүндө да айтылган. Аталган окумуштуу өз эмгектеринде Кокон хандыгынын тарыхы боюнча тарыхый булактарды анализдеп, системага салган. Анда Кокон, андан сырткары аймактагы мамлекеттердин өкүмдарларынын генеалогиялары, болгон окуялардын так датасы, кайсыл булактарда көрсөтүлгөндүгү, хандыктагы түрдүү кызматтарды ээлеген адамдар, алардын ким тарабынан качан дайындалгандыгы, кайсыл жерлерде кызмат кылышкандыктары, этникалык курамы, кожо, саиддер, эшендер тууралуу мааылматтар, алардын түрдүү кызматтарга тартылышы, эң негизгиси хандыктагы башкаруучу династиянын (Миң) келип чыгуусу жана алардын санжырасынын ырааттуу түрдө берилиши жөнүндө баалуу материалдарды алууга болот. Мисалы, автор Алымкулдун Шадман-Кожо менен Ташкентти курчоого алуусу, алардын Анжиянды колго алуусу, Султан-Сайид-бектин хан жарыяланышы жана иш жүзүндө Алымкулдун мамлекетти башкарып калуусу, орустардын хандыктын шаарларын басып алуусу ж.б. бир топ кызыктуу окуялар жөнүндө жазган. Анын баалуулугу түрдүү араб, перс, чагатай тилдериндеги эмгектерди, нарративдик булактарды пайдалангандыгында турат. Ал дасыккан чыгыш таануучу катары бир топ окуяларга тарыхнаамелик, тарыхый булактарга кол жазмалардын негизинде илимий түрдө анализ берип, терең иликтөөгө алган [3].

Белек Солтоноевдун чыгармалары каралып жаткан маселени изилдөөдө тарыхнаамалык жана тарыхый булактык ролду аткарат [14.]. Бир эле мезгилде сынжыра материалдары да маселени изилдөөдө зор көмөк көргөздү. Анткени, жазма маалыматтар жок же сакталбай калган коомдордо оозеки булактар, айрыкча санжыра чоң мааңге ээ. Анткени анда элдин өтмүшү, болгон окуялар факт аркылуу бекемделбесе дагы, өткөндү калыбына келтирүү жараянында, жазууда маанилүү ролду аткарат.

Белгилүү болгондой Энесай Кыргыз Дөөлөтү кулагандан кийин миң жылдан ашуун убакыт аралыгында кыргыздар түрдүү этно-территориалдык биримдиктердин курамында болуп, өз мамлекетин негиздей алышкан эмес. Фергана өрөөнүндө пайда болгон Кокон саясий бирикмесине 1760-жж. гана кыргыз эли да тартылып, мамлекеттүүлүктүн кийинки

этабына өтүшүп, жаңы чарба жүргүзүү мүнөзүн башынан кечире башташкан. Кокон хандыгы аймактагы бардык элдердин бирдиктүү, орток мамлекети болгон жана алардын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүүсүндө зор роль ойногон.

Изилдөөчү Нурбек Турандын эмгегинде оозеки материалдардын жана тарыхый булактардын негизинде каңды уруусунан чыккан Байдөөлөт датканын, Жакыпбек аталык жана Кокон хандыгындагы ичкиликтерден чыккан миң башы, паңсад, даткалардын ишмердүүлүктөрүн изилдөөгө алган [10.]. Эмгектин баалуулугу Чыгыш Түркстандагы Жетишаар мамлекетин курууга аракеттенишкен саясий ишмерлер жөнүндө иликтөөлөрдүн жүргүзүлүшүн атоого болот. Автор түрдүү булактарга таянып орустардын Кулжа аймактарын басып алууга жана Кашкардагы абалга таасир тийгизүүсү, алардын Кытай бийликтери менен кызматташуусу, Жетишаар мамлекетинин жетекчилигинде хандыкты сактап калууга аракети, алардын Осмон түрк мамлекетинин туусу астында саясат жүргүзүүсү жана алардын жалпы исламдык күрөштү жетектөөсү ж.б. бир катар алгач каралбаган проблемалар көтөрүлгөн. Эмгекте орус, кытай жана жергиликтүү булактарга, атайын изилдөөлөргө таянып каралып жаткан маселеге ар тараптуу анализ берүүгө аракеттер жасалган. Н.Турандын эмгеги нукура илимий мүнөздө болбогондугуна карабай, өзүнүн көлөмү, мазмуну жана окуяларды баяндоо, аларга берилген баасы боюнча өзгөчөлөнүп турат.

2018-ж. 17-майында Анжиян шаарында “Алымкул Лашкер башынын өмүрү жана ишмердигине” боюнча өткөрүлгөн илимий-тажрыйбалык жыйындын материалдары боюнча Т.Кененсариевдин жетекчилиги астында “Алымкул Амир Лашкар”, Бишкек, 2019 (344 б.) аттуу макалалар жыйнагы жарык көргөн. Анда Алымкулдун өмүр жолу, мамлекеттик ишмердиги, орус баскынчыларынан мамлекетти коргоо саясаты, хандыктын ошол мезгилдеги абалы ж.б. бир катар маселелер камтылган. Анда Алымкул боюнча тарыхый булактар: Мулла Юнусжан Муншинин кол жазмасы, Мулла Халбек Ибн Муса Анжияни, Алымкулдун салгылашууларынын баяны, Молдо Нияздын санаттарынан үзүндүлөр келтирилген. Ж.Алымбаевдин, Т.Кененсариевдин, Б. Абытовдордун Алымкул аталык жөнүндө изилдөөлөрү – маселенин тарыхнаамеси боюнча аталган эмгектеги макалалары чоң кызыгууну жаратат. Авторлор түрдүү булактарга, изилдөөлөргө таянып Алымкул жөнүндө жазылган эмгектерди анализдеп, алардагы материалдарга баа берип, түрдүү ыкмаларды колдонуп аскер башчынын ишмердүүлүгүн ачып берүүгө аракеттенишкен.

К.Молдокасымов Алымкул аталыктын дипломатиясына көңүл бурат. Анда автор орустар Кокон хандыгын басып ала баштаганда Алымкул Осмон империясына, Ооганстан аркылуу Индияга (Англия бийлигине), аркалык кыргыздарына кайрылып, биригип, мамлекетти сактап калууну сунуштаганы, чет элдик мамлекеттердин ага болгон реакциясы терең талдоого алынган.

Р.Шамсутдинов, П.Равшановдун Алымкул жөнүндөгү макалаларында хандыктагы саясий-экономикалык абал, Алымкулдун бийликке тартылуусу, анын мамлекетти коргоо үчүн аракеттери, Олуя-Ата, Чымкент, Ташкент үчүн салгылашуулар, орустардын баскынчылыгы жергиликтүү архивдик материалдарын жана нарративдик булактардын негизинде иликтөөгө алынган.

Жалпысынан алганда бул жыйнакта көптөгөн авторлордун Кокон хандыгындагы ири саясий ишмерлер, айрыкча Алымкул жөнүндө ар тараптуу жүргүзгөн изилдөөлөрү

чагылдырылган, ал материалдар өз кезегинде жогоруда айтылган конференцияда талкуууга алынып, ар тараптуу баа берилген [1].

Жарыяланган эмгектерде Кокон хандыгындагы коомдук турмуш, кыргыздарынын экономикалык, аскердик дарамети, маданияты боюнча орус окумуштууларынын жана акыркы мезгилдеги окумуштуулардын эмгектери да талдоого алынып, маселенин канчалык деңгээлде изилденгендигине илимий мүнөздө баа берилди.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. Алымкул Амир Лашкар. - Бишкек, 2019.
2. Бартольд В.В. История культурной жизни Туркестана. М.,1927.
3. Бейсембиев Т.К. “Тарих-и Шахрухи” как исторический источник -Алма-Ата, 1987.
4. Бейсембиев Т.К. Кокандская историография: исследование по источниковедению Средней Азии XVII–XIX вв. -Алматы, 2009.
5. Валиханов Ч.Ч. Сведения о войне кокандцев с Китаем в Кашгаре в 1830 г./ Собрание сочинений в пяти томах. Том II. - Алма-Ата, 1985.
6. Галицкий В., Плоских. Старинный Ош. –Ф., 1987.
7. Иванов П.П. Очерки истории Средней Азии (XVI в. – середина XIX в.). М., 1958.
8. Левшин А. И. Описание киргиз-казачьих, или киргиз-кайсацких, орд и степей. Ч. I. Спб., 1832.
9. Наливкин *В*. Краткая история Кокандского ханства. Казань, 1886.
10. Нурбек Туран. Байдөөлөт датка. -Б: “Турар”, 2016.
11. Плоских В.М.«Киргизы и Кокандское ханство» -Ф., 1977.
12. Рычков П.И. «Топография Оренбургской губернии» -М., 1762.
13. Ситняковский Н.Ф., 1900. Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области // Изв. Туркестанского отдела Рус. геогр. об-ва. –Ташкент. 1900 Т. II. Вып. I.
14. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. –Б., 2003.
15. Фишер И.Э. Сибирская история с самого открытия Сибири до завоевания сей земли Российским оружием, сочиненная на немецком языке.-Сактпетербург.1774 //https://cyberleninka.ru/article/n/sibirskie-knizhnye-redkosti-istoricheskiy-zhurnal-dmitriya-kornilieva
16. Халфин Н.А. Присоединение Средней Азии к России (60-90-е годы XIX в.). -М., 1965.
17. Хасанов А.Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства. -Ф., 1977.


* * *

***Назаров Иван Иванович, Айтбаев Тажибай Акматович***

## ОБ ИЗУЧЕНИЕ ТРАДИЦИОННОЙ КУЛЬТУРЫ В РАМКАХ МЕЖДУНАРОДНОЙ ЭТНОГРАФИЧЕСКОЙ ЭКСПЕДИЦИИ «БОЛЬШОЙ АЛТАЙ: ОТ АЛТАЯ ДО АЛАЙКУУ»[1]

***Nazarov I.I., Aitbaev T.A.***

## ABOUT THE STUDY OF TRADITIONAL CULTURE WITHIN THE FRAMEWORK OF THE INTERNATIONAL ETHNOGRAPHIC EXPEDITION "GREAT ALTAI: FROM ALTAI TO ALAIKUU»

***УДК. 397.4***

***Аннотация:*** *В данной публикации приведены результаты изучения традиционной кыргызской культуры в рамках международной этнографической экспедиции «Большой Алтай: от Алтая до Алайкуу». В ходе реализации многолетнего проекта этнографы из России и Кыргызстана провели исследования в*

*восточной части Кара-Кульджинского района Ошской области, в долине реки Алайкуу. Основу хозяйства местного кыргызского населения составляет скотоводство. В ходе экспедиции зафиксированы сведения о сохраняющихся традициях в хозяйственной деятельности, материальном производстве и обрядовой сфере. Экспедиционные материалы дополняют представления об особенностях хозяйства кыргызов высокогорий восточной части Памира-Алая. Особый интерес для науки представляет практикующиеся здесь разные формы охоты, которые демонстрируют наибольшую устойчивость древних хозяйственных практик и верований, получивших в Алайкуу свою специфику, связанную с суровой природной средой.*

***Ключевые слова.*** *Этнография, экспедиция, кыргызы, Кыргызстан, Алайкуу, традиционная культура, скотоводство, юрта, войлок, охота, образ волка.*

***Annotation.*** *This publication presents the results of a study of traditional Kyrgyz culture within the framework of the international ethnographic expedition "Greater Altai: from Altai to Alaikuu". During the implementation of the long-term project, ethnographers from Russia and Kyrgyzstan conducted research in the eastern part of the Kara-Kulja district of the Osh region, in the Alaikuu River valley. The basis of the economy of the local Kyrgyz population is cattle breeding. During the expedition, information was recorded on the preserved traditions in economic activity, material production and the ritual sphere. The expedition materials supplement the ideas about the peculiarities of the economy of the Kyrgyz in the highlands of the eastern part of the Pamir-Alai. Of particular interest to science are the various forms of hunting practiced here, which demonstrate the greatest stability of ancient economic practices and beliefs, which received their specificity in Alaikuu, associated with the harsh natural environment.*

***Key words.*** *Ethnography, expedition, Kyrgyz, Kyrgyzstan, Alaikuu, traditional culture, cattle breeding, yurt, felt, hunting, image of a wolf.*

В июле 2024 г. международный коллектив этнографов из России и Кыргызстана продолжил свои полевые работы в Ошской области Кыргызской Республики. Экспедиционные работы в Кыргызстане были поддержаны исследовательским проектом Ошского государственного университета «Этнографические исследования в южных регионах Кыргызстана (на материалах экспедиций в Ошской, Джалал–Абадской и Баткенской областях)».

Экспедиция 2024 года продолжила цикл предпринятых в предыдущие годы работ в рамках исследований Научно-образовательного центра алтаистики и тюркологии «Большой Алтай» по сравнительному изучению сохраняющихся традиций алтайцев и кыргызов, результаты которых были отражены в серии научных публикациях [1-10]. Районом работ была выбрана высокогорная долина Алайкуу, расположенная в Алайской горной системе в пределах Кара-Кульджинского района Ошской области. В этой связи экспедиция 2024 года получила название «Большой Алтай: от Алтая до Алайкуу».

В настоящей работе ставится цель введения в научный оборот зафиксированных в ходе экспедиции сведений по традиционной кыргызской культуре. Целью этнографических экспедиций проекта «Большой Алтай» на территории Кыргызстана является фиксация сохраняющихся традиций кыргызов в хозяйственно-бытовой сфере и ремеслах, а также в области культуры жизнеобеспечения, аспектов социо-нормативной культуры и народных знаний для последующего сопоставления с аналогичными явлениями других народов Южной Сибири и Центральной Азии. В состав экспедиционного отряда вошли этнографы, этносоциологи и лингвисты из Российской Федерации и Кыргызской Республики. В ходе экспедиции этнографы провели работу в следующих айылах: Кок-Арт, Кан-Коргон, Сай-Талаа, Кайын-Талаа, Коо-Чаты, Ой-Тал и Кондук.

Долина Алайкуу относится к числу высокогорных, которая отделяется высоким Кара-Кульджинским хребтом. На протяжении длительного времени в XX веке Кара-Кульджинский район является приграничной территорией. Высокогорный и труднодоступный характер этой сельской местности, способствовал тому, что здесь

сформировалось моноэтничное кыргызское население, которое в силу изолированности и отдаленности этих мест в больше степени сохранило традиционные черты своей культуры.

Основу экономики кыргызов Алайкуу составляет отгонно-пастбищное скотоводство, при котором скот летом содержится на высокогорных пастбищах, а на зиму спускаются в долину. Основным кормом для животных зимой является специально заготавливаемое сено, которое из-за большого снега и преобладающих ветров в зимнее время укладывается в высокие стога, а само сено при раздаче скоту нарезают сверху стога вниз, не нарушая структуру уложенной травы, специально изготовляемыми резаками, наподобие лопат. В зимнее время по глубокому снегу местные жители передвигаются с помощью снегоступов (*жапкак*). Они имеют овальную или каплевидную форму обода и ступательную площадку из кожаных ремней или капроновых веревок.

Зажатые высокими горами долины в Алайкуу имеют ограниченные площади для выпаса, сенокошения и земледелия. На небольших огородах, располагающихся прямо на усадьбах, местные жители размещают посадки картофеля, пшеницы, ячменя, редко встречаются небольшие грядки с овощами и зеленью. По большинству айылов проложены арыки, по которым вода с гор спускается к рекам. Эта вода используется для полива и хозяйственных целей.

В июле, когда проходила экспедиция в долине Алайкуу, значительная часть работоспособного населения находилась за пределами айылов, на летних пастбищах, где паслось скот, либо занималась покосом трав на окрестных сенокосах. Расстояния от айылов до высокогорных летних пастбищ, расположенных на значительном удалении от населённых пунктов, жители преодолевают на вездеходах УАЗ или на верховых лошадях и ослах. Многие домохозяйства располагают несколькими автомобилями УАЗ, которые служат основным транспортным средством для передвижения по труднопроходимым маршрутам в Алайкуу.

В течение всего летнего пастбищного сезона скотоводы устанавливают лагерь на выпасе, где размещают свои жилища (например, войлочные юрты или палатки) и хозяйственные сооружения для хранения продуктов и инвентаря, а также выгулы для скота. Постоянная связь с родным айылом играет важную роль, и многие скотоводы регулярно возвращаются домой, чтобы пополнить запасы или привезти с летнего пастбища молочные продукты, такие как курут, сары май и кымыз.

В данной местности основным строительным материалом является красная глина, которую дополняют галечником. При возведении стен раствор из глины, камней и травы укладывается в опалубку и оставляется для затвердевания. После этого укладывается новый слой до нужной высоты. В этой технике построены большинство современных домов с похожей планировкой, а также хозяйственные постройки и заборы. В холодное время года в данной местности основным топливом служит овечий навоз (кизяки, тезек, гум), который заготавливают летом на стоянках и айылах. Суровые зимы и нехватка других источников топлива привели к специфической тактике обогрева: не все комнаты дома отапливаются. Для зимовки выбираются лишь две смежные комнаты, отделенные от остальных. Печь обогревает только эти две комнаты, в которых и зимуют люди.

В долине Алайкуу сохраняются традиции изготовления войлочной юрты (боз үй), используемой как летнее жилище на скотоводческих стоянках. Размеры юрты могут

варьироваться. Ее устанавливают во дворе дома во время ключевых обрядов жизненного цикла, таких как свадьбы и похороны. Процесс изготовления юрты зависит от мастера (жыгач усте), который создает деревянный остов жилища. Современные мастера помогают в изготовлении войлочных элементов для жилищ и их украшений. Они часто окрашивают свои изделия и декорируют интерьеры, включая войлочные ковры, сделанные в технике шырдак. В населенных долинах можно встретить несколько мастериц, специализирующихся на создании войлочных ковров, известных под местным термином жерге салмай (кийиз шырдак). Мастера по войлоку изготавливают ковры не только для юрт, но и для формирования обязательной части приданого невесты. Мастерство ремесленниц оценивается местными жителями по размерам, качеству и технологии изготовления ковров, а также по способности проектировать и воплощать на войлоке сложные орнаментальные мотивы, которые и составляют основу комбинируемых разноцветных поверхностей ковров – шырдаков.

Экспедиционные данные демонстрируют, насколько важна охота для современных жителей кыргызов Алайкуу и как она тесно связана с сохраняющимися традициями и убеждениями. Охота продолжает выполнять вспомогательную функцию, обеспечивая людей мясом диких копытных животных, таких как горные козлы и бараны, что способствует разнообразию зимнего питания. Шкуры от отстрелянных животных используются для пошива одежды, а рога копытных находят применение в изготовлении изделий или в качестве украшений. Сезон охоты обычно проходит с сентября по декабрь, до тех пор, пока не наступят серьезные зимние снегопады. Охотники отправляются на промысел на лошадях, охотясь небольшими группами по 2-3 человека или в одиночку. По глубокому снегу на горных склонах передвигаются пешком используя при этом деревянные шесты (*таяк*) длиной до полутора метров. При охоте на копытных прибегают к тактике засад, когда загонщик спугивает животное в сторону притаившегося в засаде стрелка (*мергенчи*).

Охота играет важную роль в регулировании популяции хищников, которые наносят существенный ущерб скотоводству каждую зиму. Зимой идет активная охота на волков, когда крупные стада скота собираются на ограниченных участках пастбищ, и волки становятся особенно активными. Для отлова волков используются ловушки, а также они отстреливаются с помощью огнестрельного оружия. Прочный снежный покров в сочетании с характерным ландшафтом, включающим глубокие долины и крутые скалы, затрудняет перемещение охотников и делает охоту на волков менее эффективной. Однако такие условия весьма благоприятны для неожиданных нападений волков на скот. По сообщениям наших собеседников – охотников из айыла Кондук в течение сезона им удается убить только 10 волков, тогда как хищники за это же время успевают нанести значительный урон – зарезать до 50 голов лошадей и до 200 голов овец.

У местных охотников охотничьи собаки (*тайган*) являются редкостью, так как содержание тайгана достаточно дорого. Кроме того использование тайганов на охоте по глубокому снегу малоэффективно в охоте на волков.

В айыле Кок-Арт для предотвращения внезапного нападения волков сооружаются сплошные изгороди по периметру селения, укрепленные колючей проволокой. В случае

нападения волков все местные охотники – 10-15 человек выходят на зверя. В случае успешной охоты выплата за волка делится между всем охотниками поровну.

По традиции охотники берут себе от убитого ими волка клыки, когти, альчики и селезенку. Клыки, когти и альчики используются как обереги, их подвешивают на детской колыбели от сглаза. Селезенку волка используют для лечебных целей. Ее дают пососать младенцу, чтобы он быстрее начал разговаривать. С помощью селезенки волка лечат кожные заболевания.

В некоторых случаях охотники берут переднюю лапу волка с когтями (*каржилик*), которая хранится в доме или в сарае как оберег от волков. В случае покраснения кожи, например на руках, человек гладит пораженный участок кожи волчьей лапой произнося фразу «Аллах шыпаа берсин!» (букв. Пусть Аллах вылечит!). В некоторых усадьбах в сараях хранит черепа волков, оберегающих хозяйство от нападения хищников.

Охотники Алайкуу соблюдают целый ряд обрядовых действий. Здесь, как и других районах Кыргызстана считается, что нельзя выезжать на промысел в пятницу. Перед отправлением на охоту охотники читают благословение (*бата*). В случае удачной охоты охотники готовят на промысле особые блюда из внутренностей добытых горных коз (*киик*). Одно из таких блюд готовится в промытом желудке животного, который наполняется на половину водой, жиром и мелко нарезанным мясом с горловой части шеи животного. Подготовленный таким образом желудок подвешивается на трех палках и тушится над горячими углями. Второе блюдо из нарезанных тонкими слоями печени, почек и жира горных коз жарится на раскаленных камнях.

При возвращении с промысла охотники соблюдают обряд *шыралга* – делятся своей добычей со встречным человеком. При этом если охотник с добычей встречает аксакала, то дает ему кусок мяса из самой лучшей части туши с подвздошной костью (*жанбаш*), если же встречает молодого человека, то может выделить тому менее престижный кусок мяса. После возвращения с удачного промысла охотники обязательно устраивают угощение для соседей и родственников. Для этого готовят блюдо *кара-куурма*, которое представляет собой жареное мясо с луком.

Не смотря на то, что охота носит вспомогательную роль в хозяйстве населения Алайкуу, фигура охотника в местном социуме наделяется особым статусом. Это подчеркивается в рассказах местных жителей, что в голодные годы именно охотники своей добычей, которая делилась с жителями во время обряда шыралга и церемоний угощений для соседей, помогали всему айылу выживать. Во всех поселениях долины, в которых мы побывали во время экспедиции, на сельских кладбищах были обнаружены захоронения охотников, отличающиеся от других наличием на памятнике черепа архаров с рогами. Это уникальная сохранившаяся здесь старинная традиция - оставлять череп архара на памятнике охотнику. В большинстве случаев производится установка черепа того животного, которое было добыто охотником при жизни.

Сведения, представленные в данной работе – это лишь малая часть информации, которая была собрана в ходе экспедиции. Она демонстрирует высокую степень сохранности элементов традиционной культуры населения, оказавшегося в труднодоступной, удаленной и отчасти изолированной местности. Эта информация показывает устойчивость некоторых

явлений кыргызской культуры, которые более или менее успешно адаптировались к экстремальным природным условиям Алайкуу.

**СПИСОК ИСТОЧНИКОВ И ЛИТЕРАТУРЫ:**

1. Айтбаев Т.А., Назаров И.И. О результатах международных этнографических экспедиций «Большой Алтай» на юге Кыргызстана в 2022-2023 гг. // Полевые исследования в Верхнем Приобъе, Прииртышье и на Алтае (археология, этнография, устная история и музееведение). 2023 г.: Вып. 18: сборник научных трудов / под ред. М.А Демина, Т.К. Щегловой, Н.С. Грибановой, Н.Н. Головченко. Барнаул: АлтГУ, 2023. С. 202- 208.
2. Асанканов А.А., Назаров И.И. Алтайско-кыргызские этнокультурные параллели по материалам международных этнографических экспедиций // Этнография Алтая и сопредельных территорий: материалы 11-й Международной научной конференции (Барнаул, 26-28 октября 2023 г.) «Этнография Алтая и сопредельных территорий в дискурсе новационных и традиционных подходов: антропологическое измерение региональной истории культуры народов» Вып. 11. Под ред. Т.К. Щегловой. Барнаул: АлтГПУ, 2023. С. 320-323.
3. Асанканов А.А., Назаров И.И., Октябрьская И.В. Об итогах первой международной этнографичсекой экспедиции «Большой Алтай: Россия-Кыргызстан, 2021» // Тюрко-монгольских мир Большого Алтая: историко-культурное наследие и современность: материалы II международного алтаистичсекого форума. Барнаул, 2021. С. 58-62.
4. Назаров И.И. Алтайско-кыргызские этнографические параллели в контексте экспедиционного изучения // Алтайские корни тюркской цивилизации. Материалы международной научной конференции. Барнаул, 10 ноября 2022. Барнаул: Изд-во Алт. гос. ун-та, 2023. С. 171-179.
5. Назаров И.И. Алтайско-кыргызские этногенетические связи и этнокультурные контакты как объект изучения международной этнографической экспедиции «Большой Алтай» // Социальная интеграция и развитие этнокультур в Евразийском пространстве. Сборник статей. Барнаул, 2022. Т.1. № 11. С. 188-192.
6. Назаров И.И. О работе международной этнографической экспедиции «Большой Алтай» в Кыргызстане и на Алтае в 2022 году // Полевые исследования в Верхнем Приобъе, Прииртышье и на Алтае (археология, этнография, устная история и музееведение) 2022: Вып. 17. Сборник научных трудов под ред. Т.К. Щегловой и др. Барнаул: АлтГПУ, 2022. С. 222-230.
7. Назаров И.И. О сравнительном изучении этнической культуры алтайцев и кыргызов в рамках экспедиционного проекта «Большой Алтай» // Единство славянских и тюркских народов в истории и современности: материалы III Международного алтаистичсекого форума. 18-20 октября 2023 г. / под ред. С.В. Землюкова. Барнаул: Изд-во Алт. Ун-та, 2024. С. 217-219.
8. Назаров И.И., Абдиева А.М. Кочевая культура кыргызов в фокусе международной этнографической экспедиции «Большой Алтай» //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. № 2. С. 159-164.
9. Назаров И.И. Бикбулатова А.Р. О работе первой международной этнографической экспедиции «Большой Алтай» в Кыргызской Республике // Полевые исследования в Верхнем Приобъе и на Алтае: археология, этнография, устная история и музееведение, 2020-2021 гг.: сборник научных трудов. Барнаул, 2021. С. 238-243.
10. Nazarov I.I. Büyük Altay ve Orta Asya bölgelerindeki türk nüfusunun etnografik incelenmesine ilişkin uluslarasi proje üzerine // Türk tarihi ve kültürü üzerine incelemeler / Hazırlayan Gülnisa Aynakul. Ankara, 2023. S. 27-38.

* * *

*Нуридинов Турдали Камбарович, Исломов Абдулазиз Латиф угли*

## НАЦИОНАЛЬНЫЙ СОСТАВ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ В КОНЦЕ XIX - НАЧАЛЕ XX ВЕКА

**Nuridinov T.Q., Islomov A.L.**

# NATIONAL COMPOSITION OF THE FERGHANA VALLEY AT THE END OF THE 19TH AND BEGINNING OF THE XX CENTURY

***УДК: 94(575.146)***

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются вопросы этнической ситуации в Ферганской долине в конце XIX начале XX века. Национальный состав Ферганской долины постоянно изменялся с образованием Кокандского ханства. В начале 18 века минги из узбекского рода образовали здесь независимое ханства. Во время первых ханов государство расширяется за счет земель Ферганской долины. Во время правления Алимхана в состав ханства присоединяется земли Ташкента и эта политика продолжается во время правления Умархана и Мухаммад Алихана. Таким образом с конца XVIII века Кокандские ханы предъявляли серьёзный интерес на эти территории. Во время правления Алимхана, Умархана, Мухаммад Алихана территория ханства расширяется до границ Коштепа. В результате расширилась территория Кокандского ханства на западе от Акмачета до границ Восточного Туркестана. Этот процесс влиял и национальный состав ханства. В данной статье мы старались освещать национальный состав коренных народов Ферганской долины. Этнические группы узбеки, киргизы, таджики были самыми многочисленными народами Кокандского ханства.*

***Ключевые слова.*** *Кокандское ханство, Алимхан, Мадалихан, исследования, расширение ханство, влияние русской колонизации на этническую ситуации.*

Интересно было наблюдать, как быт, и в особенности язык, изменились в соответствии со средой, в которой жили те или иные группы кыргызов. Так, например, тарбагатайские кыргызы, живущие среди превалирующего населения казахов, переняли многие элементы их культуры, правда, мало отличающейся от кыргызской, и говорят они в основном на казахском языке. Более того, антропологический тип этих кыргызов имеет свои отличия от внешнего типа кыргызов других областей. Тарбагатайские кыргызы единственные, кто в отличие от кыргызов других районов, считают район своим местом проживания издавна, т.к. помнят более 300-летнюю историю своего пребывания в этих местах. Но, возможно, что они являются и одними из коренных жителей региона, если учесть, что кыргызы проживают и на территории западной Монголии и, что с древности это был одним историко-культурным регионом, как было отмечено выше. Возможно поэтому, тарбагатайские кыргызы сохранили свою традиционную веру, являясь буддистами-ламаистами, и в своей повседневной жизни придерживаясь ритуалов, характерных для ламаизма. Но возможно, это является результатом сложных перипетий их исторической судьбы, связанных с временами Джунгарского нашествия XVII-XVIII вв., а также сложного процесса их этногенеза, как считают историки. (см. Сапаралиев, 1995, с. 27-37; Асанканов, 2010, с. 342-345). Но примечательно то, что небольшая по численности группа тарбагатайских кыргызов, в окружении превалирующего большинства мусульманского населения, сохраняет свою веру и обычаи, при этом проявляя абсолютную лояльность к тем, с кем соседствует по месту проживания, в данном случае к казахам. Казахи же называют кыргызов-ламаистов кяфирами (иноверцами), но все они добрососедствуют и участвуют в семейных мероприятиях друг друга.

Нам повезло, и мы имели возможность наблюдать ритуалы и этнографические параллели на свадьбе у тарбагатайских кыргызов, где эти веротерпимые и добрососедские отношения имели яркое проявление. Поскольку большинство соседей, приглашенных на свадьбу, были казахами мусульманами, то скот (корова) для угощения гостей были зарезаны по мусульманскому обычаю, посредством кровопускания, в то время как ламаисты умерщвляют скотину, нанося рану в сердце животного или же через аорту, оставляя всю кровь внутри животного. Близкие же родственники хозяев приходя, проводили ламаистские ритуалы, сначала очищая и подкармливая духов дома окроплением спиртным напитком, а затем преподнося подарки хозяевам свадебного торжества. За свадебным дастарханом сидели все вместе, ламаисты и мусульмане, но отдельно мужчины и женщины.

В это же время, во дворе и прилегающей территории, проводились традиционные кыргызские развлечения в виде улак тартыш (козлодрание), байге, в которых принимала участие только молодежь. Поколение постарше танцевали современные бальные танцы на манер китайцев. Ведь кто бывал в Китае, тот имел возможность наблюдать, как население вечерами, в любую погоду собирается на площадях, под музыку делает зарядку, танцует бальные танцы.

Необходимо подчеркнуть, что тарбагатайские кыргызы (мужчины и женщины) заключают браки только с кыргызами, т.к. с казахами они являются иноверцами.

В Илийской области заметно влияние уйгурской культуры на кыргызов. Однако, здесь имеются автономные села, где основным населением являются кыргызы, которые сохранили наиболее чистые формы материальной культуры и языка кыргызов. Такие села в

основном располагаются в горной местности и природный ландшафт абсолютно идентичен ландшафту, в которых проживают тянь-шаньские кыргызы. Порой казалось, что мы путешествуем где-то в глубинных районах Тянь-Шаня или Алая. (Фото 1).

Родовой состав синьцзянских кыргызов содержит те же подразделения, что и у тяньшанских кыргызов. Особенно распространены роды мундуз и сарыбагыш. Надо отметить, что кроме тарбагатайских кыргызов, все остальные кыргызы связывают время своего переселения на территорию СУАРа с трагическими событиями 1916 года, называя его «мунт» и не имея объяснений, что это слово означает. Широкое распространение этого слова среди кыргызов всех районов Синьцзяня, осенило меня, что слово «мунт» означает русское «бунт», каким-то образом попавшее в среду вынужденных переселенцев в искаженном виде и прочно сохранившееся в их памяти и лексике.

У илийских кыргызов мы наблюдали ритуал положения младенца в колыбель на бешик тое со всеми полагающимися приговорами, прибаутками, песнями и т.д., которые в общем-то были схожими с ритуалами тянь-шаньских кыргызов.

Жители сел показывали нам свой быт и хозяйство, результаты домашних промыслов по выделке кожи, обработке дерева, изготовлению уздечных наборов и других предметов домашнего обихода. В селе Моюнтай мы видели интересный деревянный инструмент *талкуу* для выделки телячьей кожи. (Фото 3). Из выделанной кожи – изготовленные различные ремни для конского убора. Очень богаты и красочны предметы, изготовленные женским трудом – ала кийизы, ширдаки, вышитые панно, покрывала на подушки, кровати и т.д. (Фото 4, 5, 6).

В большом селе Коктерек, имелись две кыргызские школы, начальная и средняя. В средней школе обучалось 525 учеников, которым давали знания 60 учителей. Обучение велось на кыргызском языке, в качестве обязательного преподавался китайский язык. Других иностранных языков в программе обучения не предусматривалось. В программе обучения достаточное внимание уделяется кыргызской литературе, затем русской, немецкой, английской и, конечно, китайской литературе. Однако, думается, что в скором времени, национальные школы в СУАРе постепенно утеряют свое значение, так как для того, чтобы поступить в ВУЗ или на государственную службу, требуется отличное знание китайской письменности и языка. В связи с этим, многие представители национальных меньшинств, озабоченные будущим своих детей, естественно, отдают их в китайские школы.

В южных районах Хотана и Кашгара влияние уйгурского языка, быта и обычаев на язык и жизнедеятельность кыргызов более сильно. Материальная культура кыргызов этих районов также более схожа с уйгурской. Хотя в горных районах и здесь имеются автономные села, где проживают в основном кыргызы. Но в этих южных районах обучение в школах в основном происходит на уйгурском, что оказывает сильное влияние на ментальность местных кыргызов. (см.: Асанканов, 2010).

В ведении животноводческого хозяйства нас поразила очень четкая и строгая регламентация всех его составляющих, начиная с количества скота, которое зависело от состава каждой отдельной семьи, с учетом различных его видов, и до сроков кочевания на весенние, летние, осенние и зимние пастбища. Каждая семья имеет определенное количество овец, коз, коров, лошадей, которое зависит от состава семьи. Ежегодный

прирост молодняка сбывается посредством продажи. Каждый скотовод знает и озвучивает точную дату, когда он должен откочевать на весенние пастбища, когда на летние, затем на осенние и зимние стойбища. Задержка от сезонных перекочевок с пастбищ хоть на один день грозит штрафами. Только такая очень строгая регламентация количества скота и использование пастбищ, дает возможность сохранять все вегетативные свойства пастбищных угодий.

В сельском хозяйстве принята та же строгая регламентация. Каждой семье в зависимости от ее количества, вне придомного участка полагается определенный надел земли для выращивания зерновых или овощей. При этом, также строго регламентируется какие виды овощей или зерновых выращивать на каждом участке, т.е. каждой семье делается предписание, что и на какой площади своего надела выращивать. Такое планирование сельского хозяйства, с одной стороны, обеспечивает население разными видами овощей и зерновых, которых в Китае большое количество, в отличие от наших центральноазиатских стран. С другой стороны, обеспечивает стабильность производства разнообразной сельскохозяйственной продукции, минуя скачкообразные явления, которые нередки в наших хозяйствах.

В своих поездках мы встречались со многими интересными людьми, учеными, преподавателями ВУЗов и школ, писателями, сказителями, деятелями культуры, любителями санжыры и просто рядовыми тружениками, которые делились с нами интересной информацией по истории и культуре синьцзянских кыргызов.

В общей сложности наша группа проехала более 50 000 км по СУАРу в различных ландшафтных условиях: пустыне, степи, горной зоне и поэтому успели пожариться под горячим солнцем Такла-Мкана, померзнуть на холодном ветру Алтайских и Тянь-Шаньских гор, побывать под снегом на горных перевалах, и, конечно, любоваться степными просторами и долинами. Если учесть, что мы посетили и Тибет, этот заоблачный, очень своеобразный, удивительно интересный край, то километраж будет намного больше.

Мы посетили множество музеев, пещерных буддийских комплексов на территории Турфанского оазиса. Но самым впечатляющим было посещение грандиозного комплекса Магао в Дуньхуане, что расположен на самом западе пустыни Такла-Макан и, который является самым крупным пещерным буддистским храмом. (Ташбаева, 2007, с. 2-7).

Нами были сняты видеофильмы по этнографическим данным, сделаны около 5000 фотоснимков, получено огромное удовольствие от увиденного и услышанного во время экспедиции.

**ИСПОЛЬЗОВАННАЯ ЛИТЕРАТУРА:**

1. Асанканов А., 2010. Кыргызы Синьцзяня КНР – Бишкек
2. Сапаралиев Д., 1995. Взаимоотношения кыргызского народа с русскими и соседними народами в XVIII в. – Бишкек
3. Ташбаева К.И.,2006. Международная экспедиция МИЦАИ в СУАР // Вестник МИЦАИ, вып. 4. С. 2-6
4. Ташбаева К.И., 2007. Международная экспедиция МИЦАИ 2007 года // Вестник МИЦАИ, вып. 6. С. 2-7
5. Ташбаева К.И., 2007б. Кыргызы Синьцзян-Уйгурского автономного округа КНР // Вопросы истории Кыргызстана. Вып. 2 – Бишкек. С. 91-94

6. Ташбаева К.И. Культура ранних кочевников Тянь-Шаня и Алая (I тыс. до н.э.) – Бишкек, 2011.
7. Ташбаева К.И. Полевые дневники экспедиционных работ в СУАРе.



***Фото 1. Река Или и ее просторная долина***



***Фото 2. Каменные изваяния древних тюрков долины р. Или***



*Фото 3. Село Моюнтай. Инструмент для выделки кожи талкуу.*



*Фото 4. Демонстрация технологии изготовления ширдака*



*Фото 5. Разновидности ала кийизов*



***Фото 6. Использование вола в хозяйстве***

*    *    *

*Тагаева Кулпинай Муродиловна*

**«МАНАС» ЭПОСУНА ТАРЫХЫЙ БАА БЕРҮҮНҮН УРУНТТУУ УЧУРЛАРЫ (А.Н. Бернштамдын мисалында)**

*Тагаева Кулпинай Муродиловна*

**ОСНОВНЫЕ МОМЕНТЫ ИСТОРИЧЕСКОЙ ОЦЕНКИ ЭПОСА «МАНАС» (на примере А.Н.Бернштама)**

*Tagaeva Kulpinai Murodillovna*

***THE MAIN POINTS OF THE HISTORICAL ASSESSMENT OF THE EPIC "MANAS"***

**(using the example of A.N. Bernshtam)**

***УДК. 316***

***Аннотация.*** *“Манас” эпосуна тарыхый баа берүүнүн урунттуу учурлары аталышындагы илимий макаланын актуалдуулугу катары эпосту изилдөөлөрдүн толук аяктай электиги саналат. Ошондуктан бул теманы илимий коомчулукка алып чыгуудагы негизги максатыбыз, А.Н.Бернштамдын изилдөөлөрүнүн мисалында “Манас” эпосун илимий өңүттө талдоо саналат. Анткени “Манас” эпосу бул дүйнөлүк шедевр, дүйнөлүк деңгээлдеги чыгарма. Ошондуктан, “Манас” эпосун, Манас тарыхын изилдөөгө эмгегин арнаган инсандардын, окумуштуулардын илимдин тарыхындагы ордун коомчулукка сунуштоодогу негизги милдеттердин бири көңүл сыртында калган илимий мүчүлүштүктөргө салым кошуу болуп саналат. Илимий макаланын изилдөө объектиси болуп, “Манас” эпосуна тарыхый баа берүүнүн урунттуу учурлары саналса, негизги предмети болуп, А.Н.Бернштамдын “Манас” эпосун изилдөө багытындагы илимий пикирлерин талдоо эсептелет. Илимий макаланы даярдоодо принципиалдуулук, тарыхый объективдүүлүк, системалуулук, ачык-айкындуулук принциптери толук сакталып, илимий иш жазуунун негизги медоддору эрежеге ылайык колдонулду. Айрыкча анализ жана синдез, теориялык анализ жасоо, индукция жана дедукция, аналитика, компаративизм, герменевтика, диалектика усулу, жалпылоо усулу, логикалык жыйынтык ыкмалары өз ирээти менен колдонулду. Жыйынтыгында А.Н.Берштамдын мактоого татыктуу эмгектери анализденип, ал тарабынан сунушталган манас концепциясы, учурда дагы актуалдуу экендиги, келечекте бир катар илимий изилдөолөр жүргүзүлөөрү белгиленди.*

***Негизги сөздөр.*** *“Манас” эпосу, А.Н.Бернштам, яглахархан теориясы, руханий маданият, тарыхый баа берүү, анология, Б.Солтоноев, М.Ауэзов, тарыхый көрүнүш, хунндар.*

**Аннотация.** *Изюминкой исторической оценки эпоса "Манас" является то, что исследования эпоса еще не завершены, как и актуальность научной статьи под названием. Поэтому нашей основной целью при вынесении этой темы в научное сообщество является анализ эпоса “Манас” с научной точки зрения на примере исследований А.Н.Бернштама. Потому что эпос "Манас" - это мировой шедевр, произведение мирового уровня. Поэтому одной из основных задач при представлении общественности места в истории науки личностей, ученых, посвятивших свой труд изучению эпоса "Манас", истории Манаса, является внесение вклада в упущенные из виду научные недостатки. Объектом исследования научной статьи являются основные моменты исторической оценки эпоса “Манас”, а основным предметом-анализ научных мнений Бернштама в направлении изучения эпоса "Манас". При подготовке научной статьи в полной мере соблюдались принципы принципиальности, исторической объективности, систематичности, прозрачности, применялись основные принципы написания научной работы. В частности, поочередно использовались методы анализа и синдеза, теоретического анализа, индукции и дедукции, аналитики, компаративизма, герменевтики, диалектики, метода обобщения, логического вывода. В результате были проанализированы заслуживающие похвалы работы А.Н.Берштама и отмечено, что предложенная им концепция Манаса актуальна и в настоящее время, что в будущем будет проведен ряд научных исследований.*

***Ключевые слова:*** *Эпос "Манас", А.Н.Бернштама, теория яглахархана, духовная культура, историческая оценка, антология, Б.Солтоноев, М.Ауэзов, историческое явление, хунны.*

***Annotation.*** *The highlight of the historical assessment of the epic "Manas" is that the research of the epic has not yet been completed, as well as the relevance of the scientific article titled. Therefore, our main goal in bringing this topic to the scientific community is to analyze the epic “Manas” from a scientific point of view using the example of A.N. Bernshtam's research. Because the epic "Manas" is a world masterpiece, a world-class work. Therefore, one of the main tasks in presenting to the public the place in the history of science of personalities, scientists who have devoted their work to the study of the epic "Manas", the history of Manas, is to contribute to the overlooked scientific shortcomings. The object of the research of the scientific article is the main points of the historical assessment of the epic “Manas”, and the main subject is the analysis of Bernstam's scientific opinions in the direction of studying the epic "Manas". When preparing a scientific article, the principles of principle, historical objectivity, systematicity, transparency were fully observed, and the basic principles of writing a scientific work were applied. In particular, the*

*methods of analysis and syndesis, theoretical analysis, induction and deduction, analytics, comparativism, hermeneutics, dialectics, generalization method, logical inference were used alternately. As a result, the commendable works of A.N.Bershtam were analyzed and it was noted that the concept of Manas proposed by him is relevant at the present time, and that a number of scientific studies will be conducted in the future.*

***Key words.*** *Epic "Manas", A.N.Bernshtama, theory of yaglakharkhan, spiritual culture, historical assessment, anthology, B.Soltonoev, M.Auezov, historical phenomenon, Huns.*

**Киришүү.** Ааламдашуу жараянына тушуккан өлкөлөрдүн жашоосунда бир катар өзгөрүүлөр болууда. Айрыкча, демократия өлкөсүнө айланган кыргыз коомунда, батыштын таасирлерин өтө сиңирүү, башка өлкөлөрдүн идеологиясына сугарылуу, башка өлкөнүн саясатын колдоо, интолеранттуулук сыяктуу көрүнүштөр да жок эмес. Башка сөз менен айтканда ар бир улуттун өзүнө гана тиешелүү баалуулуктарын ааламдашуу жараяны оп тартып, жалмап бараткандыгы да жашыруун эмес. Кыргыз элинин дүйнөлүк шедеври болуп саналган "Манас" эпосу дагы ааламдашуунун алкымына кептелип, кээде негативдүү көрүнүштөрдү баштан кечирип, кээде баркталып турган учуру десем жаңылбайм. "Манас" эпосунун баалуулугун сактап калуу үчүн илимдин бардык тармактары өз багытында илимий анализден өткөрүп, анын ар бир сабын талдоодон өткөрүп келишет. Албетте бул аракетти өтө жакшы жетишкендиктердин бири катары баалоого болот. Ал эми "Манас" эпосуна тарыхый баа берүүнүн урунттуу учурларын илимий талдоодон өткөрүүдөгү негизги *максат*, эпостун көңүл сыртында калган жактарын иликтеп, илимге кийирүү болуп саналат.

**Материалдар жана изилдөө методдору.** "Манас" эпосуна тарыхый баа берүүнүн урунттуу учурларын сунуштаган бул илимий макалада Ата Мекендик жана чет өлкөлүк теориялык эмгектер, илимий пикирлер, баяндамалар, илимий-популярдуу китептер, көркөм стилдеги китептер, эпостун варианттары анализдөөдөн өткөрүлгөндүктөн, натыйжада жыйынтыктуу пикирлер келип чыкты. "Манас" эпосунун илимий өңүттө чечмелениши илимий чөйрөнүн уникалдуу идеяларынан көз каранды. Ошондуктан эпосту изилдөөгө бир катар илимий усулдарды пайдалануу максатты ишке ашырууга жакындан жардам берет. "Манас" эпосун изилдөөдө гуманизм принциптерине таянууга болот, ал эми аны жеткирүү ыкмасы болуп, герменевтика пайдаланылат. Андан сырткары тарыхый салыштыруу ыкмасын туура колдонуу маселени жыйынтыктуу ишке ашырат. Жыйынтыгында логикалык бүтүм ыкмасы менен тыянактарды алууга жана корутундулоого болот.

**Тыянактар жана талкуулар.** Жогоруда белгилеп өткөндөй, "Манас" эпосуна тарыхый баа берүүнүн урунттуу учурларын илимий чөйрөгө сунуштоодогу негизги максат А.Н.Бернштамдын иликтөөлөрүнүн натыйжасындагы жыйынтыктарды жарыялоо болуп саналат. Анткени, А.Н.Бернштам Манасты изилдөөгө өзгөчө көңүл бөлүп, алгачкы изилдөөчүлөрдүн бири болгон. Тарыхчылардын пикирине ылайык, А.Н.Бернштам кыргыз элинин келип чыгуусун изилдөөдө Манасты тарыхый булак катары колдонгон. Анын изилдөөлөрүндөгү көпчүлүккө белгилүү болгон өзгөчөлүк Яглахар хан концепциясы.

Тарых барактарында "Манас" эпосун изилдөөчүлөрдүн арасында биринчи кыргыз тарыхчысы Белек Солтоноевдин ысымы да кездешээрин белгилей кеткен автор: "Б.Солтоноев эпостун тамырын бир нече окуялар менен байланыштырат. Биринчиси – хунндардын басып алуу мезгили, экинчиси – хунндардын мамлекетинин ыдырашы, үчүнчүсү – түрк-огуздардын үстөмдүгү. Төртүнчүсү – араб же Караханийлер каганаты, бешинчи доору – кыргыз залкарларынын доору жана алтынчы доору кара-кытайлар басып

алган мезгил жана Тимур доору деп, А.Н.Бернштам Б.Солтоноевдин чыгармаларын колдонгон болсо керек” [1] – деген пикирин айтат.

А.Н.Бернштамдын өмүр таржымалына саресеп салсак, өз доорунун ири окумуштууларынын бири катары белгиленип, өтө көп илимий эмгектери менен белгилүү болгон. Белгилей кетсек, бир катар археологиялык казууларды, нумизматикалык изилдөөлөрдү, социологиялык анализдөөлөрдү, байыркы жазмаларды чечмелөөлөрдү, эпиграфиялык табылгаларды талдоолорду ишке ашырган [2]. Айрыкча Кыргызстандын тарыхын тактоого чоң салым кошкон. Мисалы “Байыркы Кыргызстандын маданияты” [3.1-25] деген аталыштагы эмгеги да биз сөз кылып жаткан руханий баалуулуктардын тарыхынан кабар берип турат. Демек, А.Н.Бернштам бир катар олутту изилдөөлөрдү ишке ашыргандыктан, анын эмгектерин колдонуу, талдоо жаатындагы аракеттердин саны да арбын экендигин белгилей кетейин. А.Н.Бернштамдын илимий божомолдору, теориялары башка иликтөөчүлөр менен шайкеш келген учурлары жана кайчылаш көз караштары көп эле кездешет. Айрыкча Манасты изилдөө жаатын мисалга алууга болот.

Жогоруда белгиленип өткөн автордун пикирине ылайык: “М.Ауэзов жана А.Н.Бернштам Манастын атын чечмелөөдө эпос манихей менен байланыштуу жана 840-жылдан эрте эмес калыптанган деп эсептешкен. О.К.Караев, И.Б.Молдобаев и Р.Сарыпбеков, А.Х.Маргулана жана башкалар А.Н.Бернштам тарабынан датаны колдошкондугу” [1] баса белгиленет.

Илимий айдыңда А.Н.Бернштамдын тыянактарына каршы пикирде же сын көз караш менен карагандары да жок эмес. Мисалы, кыргыздардын эпикалык чыгармаларын изилдөөчүлөрдүн бири И.Б.Молдобаев А.Н.Бернштам ири окумуштуулардын сап башында экендигин, эмгектери баалуу экендигин, ошентсе да “Манас” эпосун идеалдаштырууга жол бергенин жазат [4.6].

Ал эми А.Н.Бернштам болсо: “”Манас” баатырдык эпосу өзүнүн эң байыркы бөлүгүндө кыргыз элинин чыныгы тарыхын чагылдыруу болуп саналат...»” [7.5] – деп Манас тарыхын кыргыз тарыхына тутумдаштырууга аракет жасаган десек жаңылбайбыз.

Кандай гана сын пикирлер айтылбасын А.Н.Бернштам кыргыз элинин руханий мурасы болгон “Манас” эпосун түпкүлуктүү элдин келип чыгуу тарыхы менен тутумдаш караган. Окумуштуулардын пикирине ылайык, ал эпостун маалыматтарын түпкүлүктүү элибиздин тарыхы, археологиясы, этнографиясы менен байланыштыруу аракетин жасагандыгы ачык байкалаарына, бул бир жагынан А.Н.Бернштамдын кеңири масштабдуу ишмердүүлүгү жөнүндө, экинчи жагынан, советтик Кыргызстанда тарыхый жана археологиялык илимдин калыптануу мезгили тууралуу айтып тургандыгана [5.5-9] маани берилген.

А.Н.Бернштамдын эмгектерине кызыгуучулардын бири катары Р.З.Кыдыртаеваны айтууга болот. Ал “Манас” эпосундагы А.Н.Бернштам тарабынан жазылган хунндар тууралуу фактылардын кокустук эместигине ынанат [6.99]. Бирок, кэ бир окумуштуулардын (Е.Малов, С.Кляшторный ж.б.) кайчы пикирлери А.Н.Берштамдын яглахархан теориясын жокко чыгарган учурлары да кездешет [1].

Ошентсе да А.Н.Бернштам “Манас” эпосун тарых барактарына киргизди, манас темасынын алкагындагы полемикага шарт түзүп берди, тарыхтагы так эместиктерге далилдерди кошумчалады. “Манас” эпосу кыргыз элинин энциклопедиясы деген аныктамага чоң салым кошту. Манастагы окуялардын сүрөттөлүшүнүн өзү тарыхый

окуялардын, тарыхый жараяндын жүрүшүнөн кабар берип турган. Ошондуктан А.Н.Бернштам аны тарыхый булак катары пайдаланып, өзүнүн изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Анын изилдөөлөрүндөгү кээ бир так эместиктер ошол доордогу тарыхый табылгалардын, маалыматтардын болбогондугунан, сакталбай калгандыгынан кабар берип турат десек болот.

**Корутунду**. Жыйынтыктап айтканда, “Манас” эпосу бул түпкүлүктүү кыргыз элинин тагдыры, тарыхы жана энциклопедиясы. Эпосту изилдөө маселеси бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келет. Аны изилдөөгө келечекте дагы канчалаган илимий эмгектер арналып, күч аракеттер жумшалат. Биздин да аракетибиз “Манас” эпосун изилдөөчүлөрдүн бири А.Н.Бернштамдын эмгектерин илимий коомчулукка жеткирүү максатында болду. Анын алкагында А.Н.Берштамдын өмүр таржымалына, илимий, тарыхый эмгектерине саресеп салынды. Ал тарабынан сунушталган яглагархан теориясына маани берилди. Илимий өңүттөгү талаш-тартыштарга, кайчы пикирлерге карабастан, А.Н.Бернштам кыргыз элинин көлөмдүү эпосу “Манасты” дүйнөлүк маданияттын үлгүсү экенин, келечекте илимдин бардык тармактарынын кызыгуусун жаратаарын, дүйнөлүк мааниге ээ чыгарма экендигин өз кезегинде белгилей алган окумуштуулардын бири экендигин айта кетели. Өз учурунда А.Н.Бернштам тарабынан сунушталган “Манас” концепциясы илимийлүүлүгү менен өзгөчөлөнүп, андан бери канча убакыт өтсө дагы манас темасы илимий изилдөө өңүтүнөн түшпөй, өз актуалдуулугун жоготпой келет. Ошондуктан “Манас” эпосун тарыхый өңүттө изилдөөчүлөрдүн бири катары А.Н.Бернштамдын тарыхтагы, илимдеги орду өтө чоң.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. https://expeducation.ru/ru/article/view?id=12078
2. https://ru.wikipedia.org/wiki/
3. Бернштам А.Н. Культура древнего Кыргызстана. – Фрунзе, 1942. – С. 25.
4. Доолатбек кызы Марям Гипотеза А.Н.Бернштама о происхождении и развитии эпоса «Манас». – Бишкек, 2025. – С.20.
5. Жантелеева Н.Г. МАНАС В ИССЛЕДОВАНИЯХ А.Н. БЕРНШТАМА // Международный журнал экспериментального образования. – 2022. – № 3. – С. 5-9.
6. URL: https://expeducation.ru/ru/article/view?id=12078 (дата обращения: 11.10.2024).
7. А.Н. Бернштам. Эпоха возникновения великого киргизского героического эпоса «Манас». Фрунзе 1946. С. 5.

* * *

*Темирова Сайкал Мамадовна, Авазов Эрнис Абдыманапович*

# ОМОР СООРОНОВ - ФОЛЬКЛОРДУК ЖАНА ЖАЗМА ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДЫН ТАРЖЫМАЛЫН АЧКАН ААЛЫМ

*Темирова Сайкал Мамадовна, Авазов Эрнис Абдыманапович*

# ОМОР СООРОНОВ – УЧЕНЫЙ, ОТКРЫВШИЙ ИСТОРИЮ ФОЛЬКЛОРНЫХ И ПИСЬМЕННЫХ ИСТОРИЧЕСКИХ ИСТОЧНИКОВ

# OMOR SOORONOV –SCIENTIST WHO DISCOVERED THE HISTORY OF FOLKLORE AND WRITTEN HISTORICAL SOURCES

***УДК. 947, 083 (043.3).***

***Аннотация.*** *Кыргызстандын тарыхын үйрөнүүдө фольклордук жана жазма булактардын мааниси зор.Бул багытта изилдөөчүлор тарабынан белгилүү тарыхый окуялар жана инсандар боюнча азырга чейин даректүү тарыхый булактар колго алынып келүүдө. Макалада О.Соороновдун Кыргызстандын тарыхынын булактаанусуна кошкон салымын чагылдырууга аракеттер жасалды.Автордун XIX кылымдын акыркы чейрегиндеги Фергана өрөөнүндөгү тарыхый окуялар жана ага катышкан инсандар тууралуу булактарды колго алуудагы ролу талдоого алынды. 1898-жылдагы Анжыян көтөрүлүшү менен тагдырлары байланышкан Т.Сатылганов, Зиябидин Максым, Умарбек датка сыяктуу инсандардын тарыхый бейнелерин ачып берүүдө О.Сооронодвун изилдөөлөрүнүн ордуна баа берилди. Молло Нияздын «Санат дигарастар» XIX кылымда Фергана өрөөнүндө болуп өткөн тарыхый окуялардан учкай да болсо кабар берген тарыхый булак катары көрсөтүлдү. Акындын маданий коомчулукка маалым кылууда автордун салымы зор экендиги белгиленди.Жыйынтыгында О.Сооровдун изилдөөлөрүнүн булактаануучулук мааниси ачып берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *О.Сооронов, фольклор, жазма булактар, таржымал, изилдөө, аалым.*

***Аннотация*** *Большое значение в изучении истории Кыргызстана имеют фольклорные и письменные источники. В этом направлении исследователями до сих пор продолжается изучение документальных исторических источников об известных исторических событиях и личностях. В статье предпринята попытка отразить вклад О. Сооронова в развитию источнковедению истории Кыргызстана. Проанализированы исследования автора по историческим источникам о событиях, произошедших в Ферганской долине в последней четверти XIX века, и людях, принимавших в них участие. Даны оценки исследованиям О. Сооронова в раскрытии исторических образов таких личностей, как Т. Сатылганова Зиябидин Максыма, Умарбек датхи, судьбы которых были связаны с Андижанским восстанием 1898 года. «Санат Диграстар» Молло Нияза был представлен как исторический источник, дающий некоторые представление об исторических событиях, происходивших в Ферганской долине в XIX веке. Отмечено роль автора в ознакомлении общественности наследием кыргызского поэта. В результате показано источниковедческие значение исследований О.Сооронова*

***Ключевые слова:*** *О. Сооронов, фольклор, письменные источники, история, исследования, ученый.*

***Abstract.*** *Folklore and written sources are of great importance in the study of the history of Kyrgyzstan. In this direction, researchers are still continuing to study documentary historical sources about famous historical events and personalities.The article attempts to reflect O. Sooronov's contribution to the development of the source history of Kyrgyzstan. The author's research on historical sources about the events that took place in the Fergana Valley in the last quarter of the 19th century and the people who took part in them is analyzed. An assessment is made of O. Sooronov's research in revealing the historical images of such personalities as T. Satylganova Ziyabidin Maksym, Umarbek Dathi, whose fates were connected with the Andijan uprising of 1898. "Sanat Digrastar" by Mollo Niyaz was presented as a historical source, giving some insight into the historical events that took place in the Fergana Valley in the 19th century. The role of the author in familiarizing the public with the heritage of the Kyrgyz poet is noted. As a result, the source study significance of O. Sooronov's research is shown.*

***Key words:*** *O. Sooronov, folklore, written sources, history, research, scientist.*

Эгемендүүлүктүн отуз жылы аралыгында Фергана тургундарынын орток хандыгы болуп саналган Кокон хандыгы менен тагдырлары байланышкан инсандар боюнча илимий конференциялар уюштурулуп, бир топ эмгектер жаралды. Ушул багытта улам жаңы булактарды таап, инсантаануу багытында изилдөөлөрдү жүргүзүп келе жаткан изилдөөчүлөрдүн бири болуп акын, адабиятчы жана сынчы, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, III даражадагы "Манас"орденинин ээси. Жусуп

Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Ардактуу профессору Омор Сооронов эсептелет. Белгилүү аалым О.Соороновдун изилдөөлөрүнүн кыргыз элинин азаттык күрөштөрүнүн тарыхын изилдөөдө булактаануучулук жана инсантаануучулук ролу зор. Аалымдын Мамыр Мерген уулу, Токтогул Сатылганов, Зиябидин Максым сыяктуу инсандардын өмүр-таржымалдары жөнүндөгү изилдөөлөрү кыргыз тарыхынын инсантаануу багытынын өсүшүнө салым кошту. Кыргызстандын тарыхынын жаңы доордогу булактарын изилдөө, аны илимий айланпага кийрүү актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Андыктан макалада аталган автордун бул багыттагы ишмердүүлүгүнө токтолууну туура көрдүк. Изилдөөнүн жылнаамаалык мезгили XIX кылымдын акыркы чейрегин кучагына алат.

Автордун тарыхый багыттагы изилдөөлөрүнүн арасында ушул өңүттө эң ириде 1873-1874-жылдары Кокон ханы Кудаярдын эзүүсүнө каршы көтөрүлүштүн Эки-Суу арасы жана Көк-Арт аймагындагы жетекчилеринин бири айтылуу Мамыр Мерген уулуна багышталган тарыхый фольклор булакнаамалык сереп салууга арзыйт. Алсак аталган автордун бул багытта "*Хан кунуна татыган баатыр", "Кол жазмалар жөнүндө сөз", "Мамыр баатыр"* аттуу эмгектери бар. "Орус бийликтери тарабынан абакка алынган Мамыр 1877-жылы энесинин сураныччы менен тымызын көзөмөлдөнүп туруу шарты менен өз жерине кайтып келген. 1878-жылы хан насилине кирбеген к өтөрүлүшчүлөрдүн тобу пайда болуп, алар өздөрүн «Жетимхандар» деп аташкан. Ушул окуя Мамыр Мерген уулунун тагдырына чекит койгон окуя б олгондугун булактардан көрүүгө болот. Жетим хандын көтөрүлүшүнөн улам, анын тагдыры кейиштүү аяктагандыгын 1879-жылдын 18-январында Маргалан шаарында чыгарылган Анжияндык кыргыз Мамыр Миргиниевди (Мамыр Мергеновдун орус тилдүү булактардагы аталышы- А.Э.) асуу менен өлүм жазасына тартуу жөнүндө Аскер сотунун Фергана областынын кошундары боюнча №31 буйруктан көрө алабыз" [1, 6].

Омор Соороновдун 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө байланышы бар Токтогул Сатылганов [2], Зиябидин Максым[3] сыяктуу инсандардын өмүр-таржымалдары жөнүндөгү изилдөөлөрү кыргыз тарыхынын инсан таануу багытынын өсүшүнө салым кошту десек жаңылышпайбыз. О. Сооронов- тарыхый бейнелерди тактап илимий коомчулукка гана эмес калк арасына аны жайылткандыгы менен айырмаланып турат. Бул багытта ал тарабынан XIX кылымда жашап өткөн жазгыч акын Молло Нияздын «Санат Дигарастар» [4] аттуу чыгармасы жарык көргөн. Бул тууралуу тарыхчы Э.Авазов: "XIX кылымда жашап өткөн жазгыч акын Молло Нияздын «Санат Дигарастар» аттуу чыгармасы улуттук жазма адабиятыбыздын көч башы катарында гана саналбастан өз доорундагы тарыхый окуяларды баян эткен, таанымал инсандардын таржымалдарынан кабар берген тарыхый булак да болуп саналат. Акындын инсандык жүзүн, санаттарын коомчулукка маалым кылууда белгилүү изилдөөчү О.Соороновдун салымы зор экендиги белгилүү. Ошондон улам аталган чыгарма улуттук жазма адабиятыбыздын көч башы катары өз ордун тапты десек жаңылышпайбыз" [5], - деп таасын белгилеген. О.Соороновдун даректүү маалыматтарын пайдалануу менен Э.Авазовдун "Зиябидин Максым", "Өмүрбек датка жана 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү", "Бейдарек инсандар бейнеси же көтөрүлүштүн көмүскөдөгү жетекчилери кимдер? " деген аталыштагы макалалары жарык көргөн.

Чыгарманы тарыхый талдоого алган изилдөөчүлөр анда бир топ тарыхый маалыматтар катылып жаткандыгынан кабардар болот. Санаттарда Анжиян көтөрүлүшүнүн

уюштуруучулары болуп саналышкан Зиябидин Максым, Өмүрбек датка ж.б. инсандар тууралуу маалыматтар берилген. “1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүн уюштуруучулары катары Өмүрбек датка менен белгилүү акын Токтогул Сатылганов да өзүнүн бир топ жердештери менен айыпталып Сибир аймагына сүргүнгө айдалгандыгы белгилүү. Алгач өлүм жазасына тартылган айыпкерлер тагдырдын буйругу менен сүргүнгө чогуу айдалышкандыктары тууралуу маалыматтарды тарыхый документалдык булактар менен катар белгилүү акын Токтогулдун ырларынан да кездештирүүгө болот. Жогоруда Молдо Нияздын санаттарында эскерилген жашы бир топко барып калган Өмүрбек датка бир өмүрлүк мөөнөттөгү сүргүнгө айдалган” [1.5-9].

Анжиян көтөрүлүшүнүн “жаны” деп аталган Зиябидин Максымдын кол жазмасы тарыхчы А.Мокеев тарабынан 1992-жылы Стамбул университетинин китепканасынан табылып, алынып келинген. Аталган кол жазма О.Сооронovдун катышуусу менен которулуп эмгек болуп чыккан. МоллоНияздын «Санат-Дига-расттар», Зиябидин Максымдын “Фаргана хандарынын тарыхы” эмгегин арап арибиндеги эски чагатай тилинен кыргыз тилине которууда Молдо Сабыр Досбол уулунун эмгегинин чоң экендигин белгилөөгө болот. Молдо Сабыр Досбол уулу кол жазмаларды фарсы, арап, түрк, чагатай Молло Нияздын санаттарынын тарыхый таржымалын чечмелөө менен акын өз заманындагы тарыхый окуяларды, элдин абалын санатка салып жазгандыгына, өз заманынын таасирдүү инсандарынын тагдырларынан кабардар болгондугуна ынанууга болот. Андыктан Молло Нияздын санаты жазма адабияттын башаты гана болбостон XIX кылымда Фергана өрөөнүндө болуп өткөн тарыхый окуялардан учкай да болсо кабар берген тарыхый булак болуп саналат. Санаттардагы маалыматтарды Алымкул аталыктын тагдырына байланышкан изилдөөлөргө колдонууга болот.

Омор Сооронов тарабынан Анжиян көтөрүлүшү тууралуу Токтогул Сатылгановдун өз оозунан Николай Ладушев аттуу агроном 1928-жылы жазып алган, мурда белгисиз колго алынуусу акын жана көтөрүлүш жөнүндө жаңы фактыларды ачыктады. Кол жазманын негизинде автор Токтогулдун Анжыян көтөрүлүшүнө чейин эле бул окуядан кабары бар экендигин белгилеген. Аалым белгилегендей акындын өз оозунан айтылган бул маалымат тек жерден айтылбаган. Бул жерде тоолук кыргыздардын арасына Дукчи эшендин өз адамдарын жиберип, элди көтөрүлүшкө үндөө боюнча тымызын аракеттердин жүргүзүлгөндүгүн көрүүгө болот. Кол жазманын негизинде автор Токтогулдун Анжыян көтөрүлүшүнө чейин эле бул окуядан кабары бар экендигин байкоо мүмкүн. Албетте бул жагдай менен эле Токтогул Анжыян көтөрүлүшүнүн түздөн түз катышуучусу болгон деп бүтүм чыгаруу туура болбой калат. Ошол эле учурда «Бактыяр Рыскулбеков тарабынан каршылаштарынан өч алуу максатында даярдалган жалган жалаа менен эле Токтогул Сатылгановду 1898-жылдагы боштондук күрөштүн каарманы катары алып чыгуу илимде бир жактуу болуп калат» [6, 25], - деген К.Молдокасымовдун оюнда да негиз бар.Соңку убактарда да К. Молдокасымовдун Т.Сатылгановдун абактагы кечирген турмушун баяндаган архивдик материалдардын негизинде жазылган макалалары жарыяланып келүүдө. Токтогулдун 150 жылдык маарекесин өткөрүү иш чараларынын алкагында К.Молдокасымовдун жетекчилигинде Орусиянын Сибрь аймагына архивдик

маалыматтарды жыйноо боюнча илимий сапар уюштурулуп жаңы табылгалар - Токтогулдун абак мөөнөтүн өтөгөн жылдары, анын жүргөн жерлери боюнча даректүү маалыматтар алынып келинген. Анын негизинде автордун даректүү макаласы атайын жыйнакта жарыяланган.

Жыйынтыктап айтканда Омор Сооронов илимий журтчулукка эмес калктын кенири катмарына таанымал болгон сыймыктуу аалым, фольклордун баба дыйканы.О.Сооронов-инсан таанууну илгерилеткен изилдөөчүлөрдүн бири болуп саналат. Анын эмгектеринин булактануучулук мүнөзгө ээ экендигин төмөнкүдөй таризде кароого болот:

- О. Сооронодвун изилдөөлөрүнүн кыргыз элинин азаттык күрөштөрүнүн тарыхын изилдөөдө булактаануучулук жана инсан таануучулук ролу зор;
- Аалымдын Мамыр Мерген уулу, Токтогул Сатылганов, Зиябидин Максым сыяктуу инсандардын өмүр-таржымалдары жөнүндөгү изилдөөлөрү кыргыз тарыхынын инсантаануу багытынын өсүшүнө салым кошту;
- Молло Нияздын «Санат дигарастарын» XIX кылымда Фергана өрөөнүндө болуп өткөн тарыхый окуялардан учкай да болсо кабар берген тарыхый булак катары кароого болот. О.Сооронов аркылуу Молло Нияз жазма адабиятыбыздын баштоочусу катары сыпатталууда десек ашыкча болбойт;
- “Фергана хандарынын тарыхы” кол жазмасы нарративдик булак болуп саналат Аны интерпретациялоо менен О.Сооронов Зиябидин Максымдын тарыхый, инсандык бейнесин ачууга зор салым кошту;
- Жогорудагы булактарды басып чыгаруу ишине жана аны коомчулукка тартуулоодо аталган аалымдын көп эмгек жараткандыгы маалым.
- Токтогул Сатылгановдон жазылып алынган «Подготовка к Андижанскому восстанию Суусамырской волости” кол жазмасы Анжиян окуясы боюнча тарыхый булак болуп саналат. Кол жазмадагы маалыматтар эске алынып Т.Сатылгановдун абак жылдары боюнча тактоолор, жаңы маалыматтар тарыхкка, адабиятка киргизилиши керек деп ойлойбуз.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Авазов Э. Кыргыз элинин боштондук кыймылдарынын арман, кошок жана жоктоо ырларында. ОшМУнун Жарчысы, 2020//Гуманитардык илимдер сериясы – №3. 5-9.
2. Сооронов О. Биз билген жана биз биле элек Токтогул: Даректүү баян. – Бишкек: Турар, 2014.
3. Сооронов О. Магзуни (Зиябидин Максым). Фаргана хандарынын тарыхы. Б., “Турар” басмасы, 2007
4. Сооронов О. Молдо Нияз. Санат дигарасттар. Б.”Учкун”, 1993.
5. Авазов Э.Молло Нияздын «Санатдигарастары» тарыхый булак катарында//Наука. Образование. Техника. Ош КУУ.- 2006.- №4.7-9-б.
6. Молдокасымов К. Токтогул Сатылгановдун сүргүн жылдары: тактоолор, жаңы маалыматтар // Тоо булбулу Токтогул: Кыргыздын залкар демократ акыны Т. Сатылгановдун 150 жылдык мааракесине арналган илимий жыйындардын жана макалалардын топтому. – Бишкек, 2014. – 25 -б.

* * *

***Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна, Шерматов Абдыжапар Орунбаевич, Умарова Мээргүл Калдарбаевна***

# ЭР СОЛТОНОЙДУН БААТЫРДЫК ЖАНА ИНСАНДЫК САПАТТАРЫ

***Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна, Шерматов Абдыжапар Орунбаевич, Умарова Мээргүл Калдарбаевна***

# ГЕРОИЗМ И ЛИЧНОСТНЫЕ КАЧЕСТВА ЭР СОЛТОНОЯ

***Toktogulova Guljamal Tynybekovna, Shermatov Abdyzhapar Orunbayev, Umarova Meergul Kaldarbaevna***

# *HEROISM AND PERSONAL QUALITIES OF ER SOLTONOY*

***УДК 94. (575.2)***

***Аннотация.*** *Илимий макалада Эр Солтоной темасы тандалып алынып, анын баатырдык жана инсандык сапаттары илимий талдоодон өткөрүлдү. Аталган теманы тандап алуудагы негизги максат Эр Солтоной таануу темасынын алкагында баатырдын инсандык жана баатырдык бейнесин ачып берүү менен илимге салым кошуу. Илимий макала даярдоодогу жылнаамалык чек XVIII кылымдын биринчи жарымын өз ичине камтыйт. Ал эми изилдөө объектиси катары инсан таануу багыты белгиленет. Тарыхый фактылар катары окумуштуулардын жазган илимий эмгектери, жана башка тарыхнаамалык жана булакнаамалык материалдар колдонулду. Эр Солтоной темасындагы илимий макаланы даярдоодо универсалдуу жана жеке тарых изилдөө илиминде колдонулуучу илимий ыкмалар пайдаланылды. Эр Солтоной таануу темасынын алкагындагы илимий маалыматтар топтоштурулуп, теориялык анализ жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Эр Солтоной жашап өткөн доор кыргыздар менен калмактардын ортосундагы күрөштөрдүн курчуп турган мезгилине туура келгендиги, эл ичинен чыккан башка баатырлар сыяктуу эле Эр Солтонойдун баатырдык бейнесинин өзгөчөлүгү, анын эрдиктери тууралуу изилденген тарыхый фактылардын аздыгы, келечекте Эр Солтонойдун тарыхын тактоону колго алуу зарылдыктары белгиленди. Макаланы даярдоодо объективдүүлүк, системалуулук, жалпы байланыш, өнүгүү жана тарыйлуулук принциптери толук сакталып, маалыматтарды иргөө, тарыхый салыштыруу ыкмасынын натыйжасында тарыхый маалыматтарды анализдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү. Герменевтика ыкмасынын алкагында “Эр Солтоной” эпосу тууралуу айтылып жүргөн маалыматтарга көңүл бурулуп, жыйынтык чыгарылды. Ошондой эле анализ жана синтез, индукция жана дедукция, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү ыкмалары колдонулуп, жалпы жыйынтык чыгарылды.*

***Негизги сөздөр.*** *баатыр, инсан, ойрот, калмак, жунгар, адилеттүү, мекенчил, адамгерчилик, калыстык, айбат.*

***Аннотация.*** *В научной статье была выбрана тема героизма, проведен научный анализ его героических и личностных качеств. Основная цель при выборе данной темы-внести свой вклад в науку, раскрывая личность и героический образ героя в рамках темы Эр Солтоноя ведение. Хронологические рамки в подготовке научных статей охватывают первую половину XVIII века. Объектом исследования является познания личности. В качестве исторических фактов использовались написанные учеными научные труды, а также другие историографические и источниковедческие материалы. При подготовке научной статьи на тему Эр Солтоной были использованы научные методы, применяемые в науке об универсальной и частной истории. Были собраны научные данные и проведен теоретический анализ в рамках темы Эр Солтоноя. В результате проведенных исследований было отмечено, что эпоха, в которой жил Эр Солтоной, совпала с периодом обострения борьбы между кыргызами и калмыками, особенностью героического образа Эр Солтоноя, как и других героев из народа, является малое количество изученных исторических фактов о его подвигах, необходимость в дальнейшем заняться уточнением истории Эр Солтоноя. При подготовке статьи были полностью соблюдены принципы объективности, систематичности, всеобщей связи, развития и историзма, что позволило проанализировать исторические данные в результате применения метода сортировки данных, исторического сравнения. В рамках герменевтического подхода были подведены итоги, в которых обращалось внимание на сведения, содержащиеся в эпосе” Эр Солтоной". Были также использованы методы анализа и синтеза, индукции и дедукции, перехода от абстрактности к конкретности, чтобы сделать общий вывод.*

***Ключевые слова.*** *герой, личность, ойрат, калмык, джунгар, справедливость, патриотизм, человечность, справедливость, воля.*

***Abstract.*** *The topic of heroism was chosen in the scientific article, and a scientific analysis of his heroic and personal qualities was carried out. The main goal in choosing this topic is to contribute to science by revealing the personality and heroic image of the hero within the framework of the theme of Er Saltonian conduct. The chronological framework for the preparation of scientific articles covers the first half of the XVIII century. The object of the study is the cognition of personality. Scientific works written by scientists, as well as other historiographical and source*

*materials, were used as historical facts. In preparing a scientific article on the topic of Er Saltona, scientific methods used in the science of universal and private history were used. Scientific data were collected and theoretical analysis was carried out within the framework of the theme of the Saltonia Era. As a result of the conducted research, it was noted that the era in which Er Saltona lived coincided with the period of intensification of the struggle between the Kyrgyz and Kalmyks, the peculiarity of the heroic image of Er Saltona, like other heroes from the people, is the small number of historical facts studied about his exploits, the need to further clarify the history of Er Saltona. During the preparation of the article, the principles of objectivity, systematics, universal connection, development and historicism were fully observed, which made it possible to analyze historical data as a result of applying the method of data sorting and historical comparison. Within the framework of the hermeneutic approach, the results were summarized, which drew attention to the information contained in the epic ”Er Saltona". Methods of analysis and synthesis, induction and deduction, and the transition from abstraction to concreteness were also used to draw a general conclusion.*

***Key words:*** *герой, личность, ойрат, калмык, джунгар, справедливость, патриотизм, человечность, справедливость, воля.*

**Киришүү.** Кыргыз эли оңой-олтоң эле эгемен өлкө боло калган жок. Эгемен өлкө статусуна ээ болуу үчүн канчалаган оор күндөрдү, тагдырларды баштан кечиришти. Кулаалы таптап куш кылып, курама жыйып журт кылган күндөр каганат түптөө көрүнүштөрү менен алмашып, мамлекеттүүлүктүн пайдубалы түзүлүп келе жатканда, ошол мезгилдеги ааламдашкан саясаттын курмандыгына айланып, Орусиянын чеңгелинде да жашап келди. Коом деген өз алдынча өнүгүп туруучу жараян болуп саналгандыктан, өз мыйзамына ылайык алдыга карай илгерилеп баратты. Мезгил алмашып, 1991-жылы Кыргызстанда эгемендиктин таңы атты. Эгемен болуунун өзүнчө баа жеткис баалуулугу бар. Мындай баалуулуктардын сап башында илимий изилдөөлөрдү эркин жүргүзүү турат. Демек, постсоветтик мезгилден баштап, кыргыз элинин илим изилдөө багыты айрыкча тарых багытын изилдөө да эркиндикке чыгып, Ата мекендик тарыхтын бир топ актуалдуу маселелери изилденип, теорияга айланды. Өз элинин баатырлары да өз тарыхынын барактарынан орун алды жана изилдене бермекчи. Мына ошондой изилдөөнүн кезегин күтүп турган баатырлардын бири шарттуу айтканда XVIII кылымдын биринчи жарымында жашаган калмактар менен күрөш жүргүзгөн кыргыз баатырларынын бири Эр Солтоной Байсейит уулу. Анын өмүр баяны тууралуу маалыматты интернет тармактарынан табууга болот [1].

**Материалдар жана изилдөө методдору.** Эр Солтоной темасындагы илимий изилдөөнүн жылнаамалык чеги XVIII кылымдын биринчи жарымын өз ичине камтыйт. Негизги материалдар катары, окумуштуулардын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, пикирлери, сунуштары, архивдик маалыматтар, ошол мезгилди изилдөөгө алган авторлордун эмгектери, илимий тарыхый адабияттар, диссертациялар жана интернет сайттарынан алынган маалыматтар эсептелет. Эр Солтоной темасын изилдөөдө тарыхый объективдүүлүк, тарыхыйлуулук, системалуулук сыяктуу принциптерге таяндым. Негизи эле илимий эмгек жазууда илимий методологиянын объективдүү принциптерге таянган учурда гана тарыхый жараян туура изилденет. Ошондуктан, Эр Солтоной темасын изилдөөдө тарыхнаамалык, булакнаамалык, архивдик материалдарды конкреттештирүү, анализдөө, сынчыл ой-жүгүртүү, туура талдоо, жалпылоо, салыштыруу, анология, индукция, дедукция, логикалык бүтүм усулдары пайдаланылды.

**Талкуулар жана тыянактар.** Эр Солтоной тууралуу сөз кылууда 1635-1758-жылдардагы Жуңгар хандыгы Батыш монголдордун мамлекети болгондугунан баштоону туура көрдүм. “Жунгар” (монгол тилинде) – “оң кол” ал эми “барунгар” болсо сол кол дегенди билдирээри тарых беттеринен көп эле кездешет. Жунгарлар мамлекеттик жана

саясий бирикме болгондуктан, бул терминдин саясий мааниге ээ экендиги талашсыз. Ошондой эле жунгарлар Чыңгыз хандын тушунда монгол аскерлеринин оң канатын түзүшкөндүгү белгилүү. Жунгар хандыгынын аймагы чыгыш тарабы Хангай тоолорунун батыш кырка тоосу, түштүк жагы Гоби чөлү, батыш бөлүгү Моголистан, түндүк жагы Иртыш жана Енисей аймагы. Бул аймак Жунгария деп аталып, батыш монголдордун түрк тилдүү элдери “калмак” (“кал” деген сөздөн), кытайлар аларды “элют”, ал эми өздөрүн “ойрот” деп аташкан, бул “токой эли” дегенди билдирет. 1635-жылдан баштап бул бирикме өзүн Жунгар хандыгы деп атай баштагандыгы [2.7] тарых беттеринен кездешет.

Тарыхый маалыматтардан байкалып тургандай кыргыздар менен казактар жунгарлар менен кас мамиледе болушкан, анткени алар жашаган аймактарга байма-бай жортуулдар жасалып турган.

Демек, XIV кылымдын аягында батыш Монголияда ойроттордун (калмактар) ири феодалдык Жунгария мамлекети өсүп чыгып, калмактар Орто Азияда жашаган элдин көпчүлүгүн каратып, катуу эзүү жүргүзүп, алардын ичинде кыргыздар да XVIII кылымдын орто чендеринде калмактардын баскынчылык доорунда оор турмуш, кыйынчылыктарды башынан кечиришип, жер-жерлерде майда-барат көтөрүлүштөр чыгып, аны баскынчылар аёсуз басып, кеңири элдик күрөшкө айлана албай, эл кыйналып турган учурда эл арасынан кыргыздын мыкты чыгаандарынын бири Эр Солтоной [3]тарыхый аренада белгилүү болгон.

Эр Солтоной таануу жаатында бир катар илимий талдоолор да кезигет. Окумуштуу Ш.Б.Акмолдоева кыргыз элинин эпосторунун дүйнө тааным мазмунун философиялык өңүттө талдоо менен эпикалык маалыматтардын, ошондой эле фольклордун жалпы маалыматтарынын баалуулугу, алардан башка “далилдер” сакталбаган учурларда өзгөчө жогору экендигин баса белгилеп: “Эр Солтоной сыяктуу кыргыз элинин эпикалык чыгармаларында көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, тарыхый инсандар өз ордун тапты, ал эми бул чыгармалардагы окуялар кыргыздардын калмак-Жунгар баскынчылары менен күрөшүнүн тарыхый мезгилине дал келе” [4.77] тургандыгына токтолот. Андан сырткары Ш.Б.Акмолдоева эпикалык чыгармачылыктагы дүйнө тааным маселелерине токтолуп: “Чыныгы фактылар жана окуялар жаратылган эпостордо (мисалы, Эр Солтоной жана башка баатырдык эпостордо) айтуучулар каармандардын айрым эпизоддорун, жоруктарын, ойлорун жана тажрыйбаларын мүнөздөрдүн жана жагдайлардын логикасына таянуу менен божомолдошот. Эр Солтоной сыяктуу баатырдык эпостор XV-XVIII-кылымдардагы кыргыздар чет элдик баскынчыларга каршы күрөшкөн тарыхый окуялардын негизинде түзүлгөн. Эр Солтоной жана башка баатырдык эпостор – бул тарыхый окуялардын хроникасы эмес, өз жаратуучуларынын эң мыкты кыялдары менен идеалдарын камтыган элдик массанын көркөм чыгармаларынын шедеврлери” [4.85] экендигин так көрсөткөн. Коомдук жашоонун керектөөлөрүнүн өнүгүшүнө байланыштуу адамдын умтулуулары, кызыкчылыктары жана каалоолору аң-сезимдин аныктоочу компоненттерине айланат, ошондуктан эпикалык чыгармаларда билим берүүчү элементтен тышкары идеялык-тарбиялык жана социалдык-уюштуруучу учурлар басымдуулук кылат. Ушул себептен улам эпикалык чыгармадагы образдардын мазмуну коомдук турмуштун кубулуштарын басымдуу туюндурган белгилүү бир идеяга айланат. Ошентип, Эр Солтоной жана башка эпостордо баатырдык образдардын пайда болушу эркиндикти сүйгөн идеялар, улуттук боштондукка умтулуу менен шартталарын, элдин фантазиясы жараткан

баатырлардын образдары анын кыял-жоруктарын жана баатырдык, эрдик, күч жөнүндөгү түшүнүктөрүн өзүнө сиңирип алган. Эр Солтоной жана башка эпостордун борборунда-чоң коомдук көйгөй: ар-намыс жана кадыр-барк, тууган жерди душмандардан коргоо маселелери кеңири коюлат жана чечилет деген автордун пикири менен ынанууга болот[4.97].

Чынында туулган жерди коргоо-эпостун каарманы Эр Солтонойдун башкы шарты:

Солтонойдун дабышын,
Баатырлар тегиз уктуго,
Токойдой калың душмандын,
Тобун бузуп чыктыго [7]

Бул түшүнүктө мазмуну Мекен идеясы менен байланышкан патриоттуулук эпостордо изгиликтин, адамгерчиликтин эң жогорку критерийи болуп саналат, ал элдик массанын эң жогорку моралдык принциби болуп эсептелет. Эр Солтоной жана башка эпостордун жаратуучулары элдин психологиясын жана көз карашын билдирип, кыял-тилектери менен бардык кырсыктардан кутулууга, бардык мыкаачылыктардан арылууга болгон үмүтүн оруңдатышкан. Эр Солтоной жана башкалар-элдин эркиндиги үчүн чет элдик баскынчыларга каршы күрөшкө көтөрүлгөн биринчи баатырлар[4.118]. Автор эпикалык чыгармалардагы динге каршы мотивдер бар экендигин белгилеп келип, ислам мыйзамдары боюнча дин кызматчылары өздөрү ар дайым жана бардык жагынан адептүү болушу керек, бирок чындыгында алар - ар кандай абийир келишимдерине баруугa, бул үчүн сыйлык алууга даяр экендиктерин көрсөтүп: “Эр Солтоной” эпосунун каарманы исламдын ыйык кызмат кылуучулары чулгап кеткен жаман иштеринин жыйындысын, алардын сабатсыздыгын, эки жүздүүлүгүн, өзүмчүлдүгүн ачык жана таамай шылдыңдайт” дейт [4.134-135]. Эпостогу эстетикалык багытка токтолгон автор: “Эр Солтоной” эпосу, биз карап чыккан башка баатырдык эпостор сыяктуу эле, элдин чет элдик баскынчыларга каршы боштондук күрөшүн чагылдырат. Бул жерде бир гана баатырдын эрдиги эмес, Темиркан, Болоткан, Солтоной сыяктуу элдин сырткы душманга каршы баатырдык каршылыгы ырдалат” [4.146].

В.И. Шаповалов кыргыз элинин элдик эпосторун орус тилине которуу ишине салым кошкон илимпоздордун бири. Ал “Эр Солтоной” эпосуна да кайрылып: “Варианттары аз “Эр Солтоной” поэмасы (орус тилине котормосу жок), бир жолу басылып чыккандыгын” [5.196] белгилейт.

К.Ш.Дюшалиев кыргыздардын ыр маданиятына кайрылып, социалдык-тарыхый контексте талдап: “...кыргыздар чет жерлик баскынчыларга, монголдорго (1206-1250жж), калмыктарга (1620-1759жж), казахтарга (1760-1770жж), цин агрессиясына каршы (1814-1826-жж) күрөш жүргүзүшкөн. Аны тастыктоо үчүн эл арасында белгилүү эпикалык дастандарды, оозеки салттардын профессионалдык музыкалык-поэтикалык маданият чөйрөсүнө кирген поэмаларды атоо жетиштүү: алар Эр Солтоной ж.б. жана алгач бул эпостор кара сөз түрүндө болуп, кийинчерээк гана жазылып баштагандыгын” белгилейт [6.27].

Кандай болгон тагдырда да кыргыз элинин баатырларын, белгилүү инсандарын уюткулуу элибиз оозеки тилинде болсо да сактап, аздектеп азыркы муунга жеткирген. Мына ошондой формада сакталып калган эпос “Эр Солтоной”. Анда бир гана Эр Солтонойдун

гана эмес бир нече баатырлардын аты аталат. Алардан айырмаланып, Солтонойдун баатырдык сапаттары өзүнчө сүрөттөлөт:

Солтонойду бирөбү
Союл менен бир салды.
Солтоной ылдам ошонун,
Союлун жулуп колго алды.
Экөөнү жыга чапты эле,
Башкасы качып жөнөдү.

Солтоной, Шабек баш болуп,
Союп кирди четинен.
Солуткан далай калмакты
Солтоной, Шабек мыкты го.
Арканда Шабек, Солтоной
Арстандай балбаным [7].

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, кыргыз эпосторун талдоо түпкүлүктүү элдин социалдык-саясий, социалдык-этикалык, социалдык-маданий көз караштарын баалоого мүмкүндүк берет. Анткени, кыргыз элинин белгилүү эпостору өз өнүгүүсүндө бир топ татаал жолду басып өткөндүгү маалым. Белгилей кетүүчү нерсе, мурдатан эл оозунда айтылып, жашап келген эпостордо өз ордун тапкан айрым этикалык нормалар эскиргендиги айтпаса да түшүнүктүү, бирок көптөгөн жалпы адамзаттык баалуулуктар, тарыхый реалдуулуктар, тарыхый инсандар, тарыхый жараяндар бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу бойдон тургандыгы талашсыз чындык. Мындай актуалдуулук Эр Солтоной таануутга да тиешелүү болуп, кыргыздын мыкты чыкма баатыры тарых барактарынан өз ордун табуунун кезегин күтүп турган учуру.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. https://ky.wikipedia.org/wiki/. ӨРУМА, ф. Р-34, о-1, д. 1384, с-78.
2. Гуревич Б. П. Международные отношения в Центральной Азии в XVII - первой половине XIX в. /Б. П. Гуревич М. Наука 1983.-308с.
3. https://sputnik.kg/20170225/ehr-soltonoj-zhonundo-7-fakty-1031930121.html
4. Акмолдоева Ш.Б. Мировозренческое содержание эпосов киргизского народа// Дисс.на соискание канд.филос.наук. Фрунзе 1984.-с.168
5. Шаповалов В.И. Киргизская поэзия в русских переводах (30-6-е годы)// Дисс.на соискание доктора филол.наук. Бишкек 1992.-с.456
6. Дюшалиев К.Ш. Песенная культура кыргызов (проблемы жанровой типологии)// Дисс.на соискание доктора искусствоведения. Москва 1991.-с.384.
7. www.bizdin.kg.


* * *

***Токоева Гулдана Самидиновна, Кожоназарова Ырыскүл Мырзалиевна***

# ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ ЖАЙЛАРДЫ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ 3D МОДЕЛДӨӨНҮН ИЛИМИЙ-УСУЛДУК НЕГИЗДЕРИ

***Токоева Гулдана Самидиновна, Кожоназарова Ырыскүл Мырзалиевна***

# НАУЧНО-МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ 3D МОДЕЛИРОВАНИЯ В ИССЛЕДОВАНИИ ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНЫХ ПАМЯТНИКОВ

***Guldana Samidinovna Tokoeva, Yryskul Myrzalievna Kozhonazarova***

# SCIENTIFIC AND METHODOLOGICAL FOUNDATIONS OF 3D MODELING IN THE STUDY OF HISTORICAL AND CULTURAL MONUMENTS

**УДК: 351.853.1+908(575.22)**

***Аннотация.*** *Тарыхый-маданий жайларды изилдөө жана аларды 3D моделдөө заманбап изилдөө ыкмасы катары тарых илиминде актуалдуу маселе катары илимий чөйрөдө кызыгууну пайда кылууда. Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областынын аймагындагы тарыхый-маданий эстериктерге бай аймак катары изилдөөгө алынып, моделдештирүү иши жүргүзүлүп жатат. Санариптештирүү жана коммуникациялык технологиялардын өнүгүшү тарыхый-маданий мурас объекттерин калыбына келтирүүгө көңүл буруунун өсүшү менен мүнөздөлдү. Бул негизинен туризмдин жандануусу жана тарыхый-маданий жайларга болгон кызыгуунун өсүп жаткандыгы менен шартталат. Урбанизация процесстери салттуу маданий мейкиндикти ээлеп, тарыхый-маданий мурас объекттерин жана улуттук-маданий иденттүүлүктү сактоо маселесин актуалдаштырууда. Шаарлардын архитектуралык ансамблдери, археологиялык эстеликтер кайра курулууда. Тарыхый-маданий мурас объекттери согуштун жана бийликтин саясатынын натыйжасында толугу менен же жарым-жартылай жок болуп кеткен жагдайлар көп кездешет Ааламдашуу жана урбанизация процесстери тарыхый-маданий мурастарды изилдөөгө көңүл буруунун өсүшүнө гана эмес, аны реконструкциялоонун ыкмаларын жана технологияларын өнүктүрүүгө да өбөлгө түздү. Физикалык реконструкция менен катар заманбап маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген виртуалдык реконструкциялар да өз жолун тапты. Үч өлчөмдүү моделдөө технологияларын өздөштүрүү, изилдөөдө жана реконструкциялоодо алардын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо заманбап изилдөөлөрдө кеңири кодонууда.*

***Негизги сөздөр****: моделдөө, компьютердик моделдөө, тарыхый-маданий эстеликтер, 3D моделдештирүү, реконструкция, виртуалдык реконструкция, идеализациялоо.*

***Аннотация.*** *Исследование историко-культурных памятников и их 3D-моделирование как современный метод исследования вызывают интерес научного сообщества и является актуальная проблема исторической науки. Ввиду богатого историческими и культурными памятниками региона Джалал-Абадской области Кыргызской Республики проводятся исследования по моделированию. Развитие цифровизации и коммуникационных технологий характеризуется увеличением внимания к реставрации объектов историко-культурного наследия. В основном это вызвано возрождением туризма и ростом интереса к историческим и культурным памятникам. Процессы урбанизации захватывают традиционное культурное пространство и актуализируют вопросы сохранения объектов историко-культурного наследия и национально-культурной идентичности. Реконструируются архитектурные ансамбли городов и архитектурные памятники прошлого. Объекты историко-культурного наследия зачастую полностью или частично разрушаются в результате войн и политики государства. Процессы глобализации и урбанизации способствовали не только росту внимания к изучению историко-культурного наследия, но и разработке методов и технологий его реконструкции. Помимо физической реконструкции нашли свое применение и виртуальные реконструкции, основанные на возможностях современных информационных технологий. Освоение технологий трехмерного моделирования, определение их возможностей в исследованиях и реконструкциях широко закодированы в современных исследованиях.*

***Ключевые слова.*** *моделирование, компьютерное моделирование, памятники истории и культуры, 3D-моделирование, реконструкция, виртуальная реконструкция, идеализация.*

***Annotation.*** *The study of historical and cultural monuments and their 3D modeling as a modern research method is of interest to the scientific community and is an urgent problem in historical science. Due to the rich historical and cultural monuments of the Jalal-Abad region of the Kyrgyz Republic, modeling studies are being conducted. The development of digitalization and communication technologies is characterized by increased attention to the restoration of historical and cultural heritage sites. The development of digitalization and communication technologies is characterized by increased attention to the restoration of historical and cultural heritage sites. This is mainly due to the revival of tourism and growing interest in historical and cultural monuments. Urbanization processes are taking over traditional cultural space and updating the issues of preserving objects of historical and cultural heritage and national and cultural identity. Architectural ensembles of cities and architectural monuments of the past*

*are being reconstructed. Objects of historical and cultural heritage are often completely or partially destroyed as a result of wars and government policies. The processes of globalization and urbanization have contributed not only to increased attention to the study of historical and cultural heritage, but also to the development of methods and technologies for its reconstruction. In addition to physical reconstruction, virtual reconstructions based on the capabilities of modern information technologies have also found their application. Mastering three-dimensional modeling technologies and determining their capabilities in research and reconstruction are widely encoded in modern research.*

***Key words.*** *modeling, computer modeling, historical and cultural monuments, 3D modeling, reconstruction, virtual reconstruction, idealization.*

Компьютердик моделдөө тарыхый эстеликтерди, маданий жайларды, тарыхый окуяларды сактоонун жана калыбына келтирүүнүн, тарыхый гипотезаларга тактоо жүргүзүүнүн, текшерүүнүн, жаңы ойлорду жана көз караштарды иштеп чыгуунун учурдагы ыкмасы. Виртуалдык реконструкция тарыхый-маданий жайларды кайра түзүүнүн илимдеги бир тармагы. Моделдештирүү тарыхты изилдөөчүлөр жана тарыхый-маданий жайларга талдоо жүргүзгөн окумуштуулар үчүн изилдөөдөгү жаңы багыт. Чет өлкөлөрдө бир нече изилдөөлөр жүргүзүлүп, өнүгүү жолуна түшсө [1], биздин өлкөдө бул калыптануу жолунда [18-12]. Жалал-Абад мамлекеттик униывыерситетинде изилдөөчүлөр тобу “Жалал-Абад областындагы тарыхый-маданий эстеликтерди компьютердик моделдөө” илимий изилдөө долбоорунун үстүндө иштөөдө. Изилдөөнүн объектиси катары Жалал-Абад областындагы тарыхый-маданий жайларды компьютердик моделоо жана анын мүмкүнчүлүктөрүн талдоого алуу жүрүп жатат. Биздин бул изилдөөдө тарыхыйлуулук, идеализациялоо, индукция жана дедукция, ой аркылуу моделдештирүү сыяктуу теориялык изилдөө ыкмалары колдонулду. Тарыхый-маданий жайларды талдоого алууда абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү ыкмасы чоң мааниге ээ болду. Анткени абстракцияланган предмет кабылданып, түздөн түз карым-катнаш аркылуу туюлуп сезилет, объект ой жүгүртүүнүн предметине айланат жана ал тууралуу белгилуү бир жыйынтыктар пайда болот, көз караштар, ойлор, пикирлер конкреттештирилет. Абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү ыкмасынын жардамы менен компьютерик моделдөөнүн структуралык түзүмү талдоого алынды.

Изилдөөнүн материалдары катары заманбап илимде белгилүү болгон омпьютердик моделдөө боюнча теориялык эмгектер жана изилдөөлөр түздү [2,3], Изилдөөдө биздин өлкөдө, жакынкы жана алыскы чет мамлекеттерде жарык көргөн изилдөөлөр, интернет булактары колдонулду [4,5].

Изилдөө алынган жыйынтыктар катары Жалал-Абад областындагы тарыхый-маданий жайларды моделдештирүү эсептелет. Бул тарых илиминдеги алгачкы саамалык жана иштин жаңылыгы болуп саналат. Изилдөөдөгү негизги конструкциялык, технологиялык мүнөздөмөсү катары алгачкылардан болуп виртуалдук реконструкция аркылуу тарыхый жайларды моделдөөнүн жаңы ыкмаларын колдонуу эсептелет [6,7]. Бул моделдөөнүн жыйынтыктарын жогорку окуу жайларында, тарых адистигинде окуган студенттерге тиешелүү предметтерде колдонууга сунушталат.

Илимий изилдөөлөрдө тарыхый-маданий жайлар ар тараптуу талдоого алынып келүүдө. Айрыкча заманбап ыкма болгон компьютердик моделдөө кеңири колдонула баштады. Буга себеп болгон бир нече жагдайлар бар. Башкысы, Кыргызстандын аймагында көптөгөн тарыхый жана маданий эстеликтер курулуп, алардын баары сакталып калган эмес. Алардын кээ бирлеринин урандылары калса, башкалары жөнүндө уламыштар гана айтылып

калган. Ал уламыштар болсо байыркы эстеликтер жөнүндө бизге толук маалыматтарды бере албайт. Ошондуктан компьютердик моделдөөнүн жардамы менен тарыхый жана маданий эстеликтерди калыбына келтирүү абалдан чыгуунун жолдорунун бири болуп эсептелет. Компьютердик моделдөөнүн жетишкендиктеринин натыйжасында маданий виртуалдык мейкиндикти түзүүнүн мүмкүнчүлүгү пайда болду.

Тарых жана маданият таануу илимдерде маалымат-коммункациялык технологияга негизделип, комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылдыгы келип чыкты. Соңку мезгилде социалдык-гуманитардык багыттагы изилдөөлөр табигый-илимий жетишкендиктерге таянуу аркылуу багытын жана темпин өзгөртүүдө. Санарип технологияны тарыхый-маданий эстеликтерди изилдөөдө колдонуу жаңы методологиянын пайда болушуна мүмкүндүк ачты. Алардын бири тарыхый эстеликтерди компьютердик моделдөө болуп саналат. Компьютердик технологияны колдонуунун илимий натыйжасы катары тарыхый окуяларды виртуалдык реконструкциялоо эсептелет. Бул тарыхый окуяларды сактоо жана актуалдаштыруунун, тарыхый гипотезаларды верификациялоонун жолу. Тарыхый жактан караганда верификация – тигил же бул объктиге же тарыхый окуяларга жана эстеликтерге тактоо жүргүзүү, текшерүү, жаңы элестөөлөрдү, ойлорду, көз караштарды иштеп чыгуу. Верификация жасоодо виртуалдык реконструкция чоң мааниге ээ. Тарыхый изилдөөлөрдө үч өлчөмдүү технологияларды жана виртуалдык реконструкцияларды колдонуунун демилгечилери болуп тарыхчылардын, архитекторлордун, искусство таануучулардын, археологдордун жамааттары болушкан. Бул жаатта изилдөөчүлөрдүн саны 1990-жылдардын башында бир аз көбөйгөн, бирок анча-мынча өзгөрбөгөн бойдон калган.

Үч өлчөмдүү моделдөө программаларын колдонуу менен булактардын синтезине алгачкы ыкмалар 1980-1990 - жылдардын аягында археолог П. Рейли тарабынан бир катар макалаларда жана монографияда "Археология жана маалымат доору: глобалдык перспективалар" аттуу илимий макалада баа берилип, ал "виртуалдык археология" багытынын негиздөөчүсү болуп калды. Бул ыкмалар виртуалдык палеоантропологиянын жана "санариптик тарыхтын" колдонмо чөйрөлөрүнүн калыптанышына белгилүү таасирин тийгизди. Белгилүү изилдөөчүлөр сунуш кылган ыкмасы чыныгы артефактты үч өлчөмдүү моделге алмаштыруу аркылуу технологиянын 3-уячасын колдонууга негизделген. Натыйжада изилдөөчү компьютердик программада объекттин "санариптик" аналогуна талдоо жүргүзүүгө, виртуалдык реконструкцияны куруунун жүрүшүндө модель менен эксперименттерди коюуга мүмкүнчүлүк алды. Тарыхый-маданий эстеликтерди виртуалдык реконструкция жасоодо колдонулган методологияга чоң маани берилет. Компьютердик программанын жардамы менен тарыхый эстеликтерге анализ жана синтез жасоо методикасында спутниктен алынган карта да маанилүү ( Coogle Map, Yandex Map ж.б.). Графикалык редактордун жардамы менен архивдик булактардын моделдери түзүлөт. Ал эми сырткы келбетин, түзүлүшүн калыбына келтирүүдө 3D программасында жасоо практикаланып келүүдө. Изилдөөдөгү дагы бир кыйынчылык – тарыхый жайлардын сырткы көрүнүшү чийменин контуруна дайыма эле дал келе бербейт. Мындай учурда Adobe Photoshop графикалык редакторунун жардамы менен корректировка жасоо иштери жүрөт.

Тарыхый-маданий жайларды үч ченемдүү виртуалдык реконструциялоону түзүү тарыхый булак таануучулук изилдөө болуп саналат. Ошондуктан мындай тарыхый эстеликтерди изилдөөгө алууда тарыхчылардын заманбап инновациялык ыкмаларды жана

тарыхый изилдөөлөрдүн технологиясын билүүсү талап кылат. Бул кезегинде урап, жок болгон же жарым-жартылай урап калган, кээ бир бөлүктөрү сакталбай калган тарыхый-маданий эстеликтерди визуалдаштырууга гана эмес, тарыхый контекстин негизинде комплекстүү анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөдө компьютердик программалар тарыхый эстеликтерди анализдөөнүн жана синтездөөнүн бир бөлүгү болуп саналат.

Виртуалдык реконструкциялоодо илимийлүүлүк жана чындыкка жакындык өтө маанилүү. Ар кандай тарыхый объектини реконструкциялоо архивдик материалдарга же тарыхый булактарга таянууну талап кылат. Компьютердик моделдөөдө илимийлүүлүк жогорку сапаттагы визуалдаштыруу менен шайкеш келиши маанилүү. Ушул максатта Сибирь Федералдык университетинин гуманитардык институту, Харьков мамлекеттик университетинин кызматкерлери тарабынан тарыхый-маданий эстеликтердин колдонулган материалдары, жайгашкан орду, курулуш өзгөчөлүктөрүн аныктоодо виртуалдык реконструкциялоо инструмент катары болоорун белгилешет.

Изилдөөнүн методу катары болгон 3D моделдештирүү учурда өз алдынча илимий багыт катары калыптанды. Бирок мындай изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жалпы эмпирикалык жана теориялык изилдөө ыкмаларына да кайрылуу маанилүү. Анткени тарыхый-маданий жайлар таанып билүү объектиси катары компьютердик моделдөөгө алынып жаңыча көрүнүшкө ээ болууда. Компьютердик моделдөөдө байкоо жүргүзүү, салыштыруу сыяктуу изилдөөнүн эмпирикалык ыкмалары кеңири колдонулат. Эң алгач тарыхый жайларды окуп үйрөнүү жана маанисин билүү үчүн атайын багытталган максаттуу кабылдоо жүрөт. Анда таанылып жаткан объект эч кандай өзгөртүлбөстөн, кадимки абалында, кандай болсо, ошондой кабылданат. Бул компьютердик моделдөөдөгү эң алгачкы эмпирикалык ыкма болуп саналат. Мында түздөн түз визуалдык байкоо жүрөт. Экинчи кыйыр турдөгү байкоодо аспаптардын, аппаратуралардын жардамы менен байкалат. Изилдөөдө тарыхый жайлар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар алынат. Ушундай жагдайда алдын ала пландалган иш-чаралар болуусу шарт жана системалуулукту талап кылат. Мындан сырткары таанып билүүдөгү маанилүү ыкма катары салыштыруу колдонулат. Анткени салыштыруу аркылуу ошол объект жөнүндө так, кеңири маалымат алуу мүмкүндүгү жаралат. Салыштырууда төмөндөгүлөргө көңүл буруу зарыл: Биринчиден, тарыхый эстеликтерди башка аймакта жайгашкан жана ошол доорго таандык, же курулуш стилине окшогон объектилер менен салыштыруу жүрөт; мында объективдүү жалпылык чоң роль ойнойт. Экинчиден, салыштыруу өтө жалпы, маанилүү окшоштуктары, тарыхый доору, курулуш стили боюнча жүрөт; натыйжада аналогия боюнча жыйынтыктар чыгарылат.

Тарыхый жайларды эмпирикалык изилдөөдөгү маанилүү ыкмасы катары ченөөлөр чоң мааниге ээ. Анткени ченөөлөрдүн жардамы менен объект же тарыхый эстеликтер жөнүндө сандык маалыматтарды алууга болот. Ал так эсептөөлөрдү талап кылат жана объектини түздөн түз таануу, ченөө карым-катнашы аркылуу жүрөт. Тарыхый жайларды моделдөө – бул объектини ой аркылуу же материалдык жол менен ишке ашырылган окшоштукту түзүү же жаратуу; тарыхый жай кандай болсо, ошондой абалда же алгачкы абалында кайра түзүү; объектини идеалдаштыруу аркылуу жалпы белгилерин көрсөтүү жана чагылдыруу. Модель тарыхый жайдын алмаштыруучусу катары боло алат.

Ал эми илимде модель кеңири мааниде түшүндүрүлөт. Ал мейкиндеги объектилерге окшоштурулуп жасалган белгилер, символдор болушу мүмкүн. Алсак, ар түрдүү

геометриялык фигуралар, макеттер, муляждар, конструкциялар ж.б. Тарыхый жайларды моделдөөдө тигил же бул объектинин макети, формасы чагылдыруу табат.

Тарыхый объектилерди изилдөөдө теориялык деңгээлдеги изилдөө ыкмалары да колдонулат. Алардын маанилүүсү болуп абстракциялоо эсептелет. Бул метод тарыхый жайлардын урап, жок болуп калган учурда же жарым жартылай урап калган жайдайларды, айрым учурларда калдыгы гана сакталып калганда колдонулат. Реалдуулукта сакталып турбаган, материалдык буюм түрүндө көрүнбөгөн объектилер кайрадан ой аркылуу чагылдырылып берилет. Абстаркциялоо процесси тигил же бул жыйынтыкты алуу же объектини түзүү – абстракция кылуу максатында жүргүзүлөт. Бул анализ жана синтез ыкмасын колдонуу менен коштолот. Анткени тарыхый жайларды моделдөөдө анализ жана синтез чоң мааниге ээ. Тарыхый жайдын жалпы түзүмү, элементтери, бөлүктөрү, алардын аткарган кызматы, бири-бири менен болгон карым-катнашы талдоого алынат. Ар бир бөлүктүн маани-маңызы, турган турпаты, формасы, келбети аңдалып билинип, бир бүтүнгө бириктирилет жана анын жалпы маани-маңызы тууралу жалпы ой корутунду пайда болот.

Эң башкысы тарыхый жайлары изилдөөдө тарыхыйлуулук принциби чоң роль ойнойт. Бул ыкма тарыхый жай тарыхый объект катары болгондо колдонулат. Тарыхый-маданий жайларды моделдөөдө кайсы доорго таандык, ошол учурдагы социалдык-экономикалык өнүгүү шарттары, социомаданий процесстер изилдөөгө алынат.

Изилдөөчүлөрдүн тобу 2024-жылы Жалал-Абад шаарында бири нече моделдөө иштерин жүргүздү. Алсак шарадагы Барпы сейцил көчөсүндөгү Балпы Алыкуловдун эстелигин моделдөө иштерин жүргүздү





 

Ошондой эле Барпы айыл өкмөтүндөгү Барпы Алыкуловдун үй музейин да моделдөө иштери жүргүзүлдү. Бул компьютердик моделдөө ишетри кеелчекте музейди кайра жаңылоодо пайдасы деген ишеничтебиз.

 

 

Даярдалган моделдер 2024-жылдын 3-июнунда Барпы Алыкуловдун 140-жылдык юбилейине арналган илимий-практикалык конференцияда көргөзмөгө коюлду. Алгачкы жолу конференциянын катышуучуларына тааныштырылды жана илимий баяндамалар жасалды. Келечекте ушул жаатта иштер уланат деген ойдобуз. Бул изилдөөлөр боюнча

университетте илимий макалалар жарыкка чыга баштады [13]. Мындай компьютердик моделдөө иштеринин жыйынтыктарын окуу процессинде колдонуу менен тарыхый маданий жайларды ар тараптуу окуу-үйрөнүүгө кеңири мүмкүнчүлуктөр түзүлмөкчү.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. В. Румянцев, А. А. Смолин Р. А. Барышев, И. Н. Рудов, Н. О. Пиков Виртуальная реконструкция объектов историко-культурного наследия. – Прикладная информатика. - № 6 (36) 2011. – С. 62- 77.
2. Grellert M. Synagogues in Germany: a virtual reconstruction. Birkhäuser, 2004. — 159 p.
3. Ignatiev M. B., Nikitin A. V., Reshetnikova N. N. The Virtual Worlds in Culture and Education // Russian Digital Libraries Journal. 2001. Vol. 4. № 3. Режим доступа: http://www.elbib.ru/index.phtmlpage=elbib/eng/journal /2001/part3/INNR.
4. Коробейников А. В. Историческая реконструкция по данным археологии. Ижевск, 2005. — 180 с
5. Кальницкая Е. Я. Трехмерное моделирование как новый инструмент историка архитектуры. 2005. Режим доступа: http://conf.cpic.ru/upload/
6. Журбин И. В. Методика и технология геофизических исследований при сохранении и музеефикации памятников археологии // Круг идей: алгоритмы и технологии исторической информатики: Труды IX конференции Ассоциации «История и компьютер». М.: Барнаул, 2005. С. 223 – 240.
7. И.В. Журбин «Компьютерное моделирование археологических объектов: основные направления исследований (Труды КАЭЭ. Выпуск 6. Пермь ,2009. – С. 50-55
8. Батырбаева Ш.Д. «Источниковедческие проблемы виртуальной реконструкции средневековых архитектурных памятников на территории Кыргызстана» - Вестник КРСУ. 2015 Том. 15. № 12 – С. 19-22
9. Айдарканов И.Т. 3D-реконструкция средневекового городища Бурана / И.Т. Айдарканов // Материалы Международного молодежного научного форума “Ломоносов – 2015” / отв. ред. А.И. Андреев, А.В. Андриянов, Е.А. Антипов [Электронный ресурс]. М.: МАКС Пресс, 2015.
10. Мелис уулу Темирлан. 3D-реконструкция средневекового караван-сарая Мынакелди / Мелис уулу Темирлан // Материалы Международного молодежного научного форума “Ломоносов – 2015” / отв. ред. А.И. Андреев, А.В. Андриянов, Е.А. Антипов [Электронный ресурс]. М.: МАКС Пресс, 2015.
11. Ш.Д.Батырбаева, О.А.Солтобаев и Наркоз уулу Реконструкция средневекового городище Кошой-Коргон. «История и компьютер» 2014 г
12. Ш.Д.Батырбаева, О.А.Солтобаев и Наркоз уулу «Виртуальная реконструкция средневекового поселения – Кошой-Коргон – ставки ночевников на трассе Великого Шелкового пути» «История и компьютер» 2017
13. Токоева Г.С. Тарыхый-маданий эстеликтерди компьютердик моделдөө маселесине карата. Вестник ЖАГУ 2023 № 2. – С. 379-385 / file:///C:/Users/001/Downloads/2023.2-S.pdf


* * *

*Усенов Адилет Алимжанович, Мамытов Марат Исабекович, Бектурсунов Жанарбек Бектурсунович*

# ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН СТУДЕНТТЕРДИ СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАНА УКУКТУК КОШТООНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ФОРМАЛАРЫ

*Усенов Адилет Алимжанович, Мамытов Марат Исабекович, Бектурсунов Жанарбек Бектурсунович*

# ИННОВАЦИОННЫЕ ФОРМЫ СОЦИАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКОГО И ПРАВОВОГО СОПРОВОЖДЕНИЯ СТУДЕНТОВ С ОГРАНИЧЕННЫМИ ВОЗМОЖНОСТЯМИ ЗДОРОВЬЯ

*Usenov Adilet Alimzhanovich, Mamytov Marat Isabekovich, Bektursunov Zhanarbek Bektursunovich*

# INNOVATIVE FORMS OF SOCIO-PEDAGOGICAL AND LEGAL SUPPORT FOR STUDENTS WITH DISABILITIES

***УДК. 94. (575.2)***

***Аннотация.*** *Илимий макалада жогорку окуу жайларындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди социалдык-педагогикалык жана укуктук коштоонун инновациялык формалары боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары сунушталат. Макалада жогорку окуу жайларындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди социалдык-педагогикалык жана укуктук коштоонун инновациялык формаларынын маанилүү мүнөздөмөлөрү, аларды уюштуруунун өзгөчөлүктөрү жана функциялары, натыйжалуулук критерийлери түшүндүрүлөт. Жогорку билим берүү мекемелеринде майыптыгы бар студенттерди окутууну комплекстүү коштоону уюштуруунун максаттары жана технологияларынын аныктамалары белгиленет. Илимий макаланы даярдоодо илимий иш жазууда колдонулуучу объективдлк, салыштырмалуулук, системалуулук, илимийллк принциптери так сакталып, илимий ыкмалар катары анализдөө жана синтездөө, индукция жана дедукция, байкоо, кейс усулу, аңгемелешүү, сурамжылоо, герменевтика ж.б. колдонулду. Жыйынтыгында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге кам көрүү, шарт түзүү, көңүл буруу зарылдыктары белгиленди.*

***Ачкыч сөздөр.*** *жогорку билим, майыптыгы барлар, инклюзия, жаштар, комплекстүү коштоо, инновация, укук, социалдык иштер.*

***Аннотация.*** *В научной статье представлены результаты исследования инновационных форм социально-педагогического и правового сопровождения студентов с ограниченными возможностями здоровья в высших учебных заведениях. В статье разъясняются важнейшие характеристики инновационных форм социально-педагогического и правового сопровождения студентов с ограниченными возможностями здоровья в высших учебных заведениях, особенности и функции их организации, критерии эффективности. Устанавливаются определения целей и технологий организации комплексного сопровождения обучения студентов с ограниченными возможностями здоровья в высших учебных заведениях. При подготовке научной статьи четко соблюдаются принципы объективности, относительности, систематичности, научные принципы, используемые при написании научной работы, такие как анализ и синтез как научные методы, индукция и дедукция, наблюдение, тематические исследования, интервью, опрос, герменевтика и т. д. используется. В результате была отмечена необходимость заботы, создания условий, внимания к студентам с ограниченными возможностями здоровья.*

***Ключевые слова:*** *высшее образование, люди с ограниченными возможностями, инклюзивность, молодежь, комплексное сопровождение, инновации, право, социальная работа.*

***Annotation.*** *The scientific article presents the results of a study of innovative forms of socio-pedagogical and legal support for students with disabilities in higher educational institutions. The article explains the most important characteristics of innovative forms of socio-pedagogical and legal support for students with disabilities in higher educational institutions, the features and functions of their organization, and the criteria of effectiveness. The definitions of the goals and technologies of the organization of comprehensive support for the education of students with disabilities in higher educational institutions are established. When preparing a scientific article, the principles of objectivity, relativity, systematicity, scientific principles used in writing scientific work, such as analysis and synthesis as scientific methods, induction and deduction, observation, case studies, interviews, surveys, hermeneutics, etc. are clearly observed. As a result, the need for care, creation of conditions, and attention to students with disabilities was noted.*

***Keywords.*** *higher education, people with disabilities, inclusivity, youth, comprehensive support, innovation, law, social work.*

**Киришүү**. Постсоветтик мезгилдеги Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайлардын саны өсүп, ар бир областа талапка ылайык ачыла баштаган. Бул окуу жайларда бардык жаштар үчүн бирдей шарттар түзүлүп, келечек ээлерин тарбиялоого жоопкерчиликтүү мамиле жасагандыгы менен өзгөчөлөнөт. Тактап айтсам, ден соолугу мыкты жаштар менен катар эле ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер да бирдей билим алышат. Анткени, билим берүү мыйзамы баары үчүн бирдей сакталаары белгилүү. Ошентсе да мезгилдин алдыга жылышы менен жогорку окуу жайлардагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди социалдык-педагогикалык жана укуктук коштоонун инновациялык формалары өзгөрүп, жаңы ыкмалар менен толукталып келүүдө.

Соңку мезгилдерде жогорку окуу жайларындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн эффективдүүлүгү менен айырмаланган жана колдонулуп жаткан мындай ыкмаларды бардык эле окуу жайлар өздөштүрбөгөндүгүн **көйгөй катары** белгилөө менен аны чечүүнүн жолдорун сунуштай кетмекчимин.

Анткени, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жаштардын толук кандуу билимдүү болуусу учурдун **актуалдуу** маселелеринин бири болуп саналат. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жаштардын укуктары жана аларды коргоо, анын жашоосуна, өнүгүүсүнө, билимине жана тарбиясына кам көрүү маселеси бүгүнкү күндө жалпы адамзаттык, планетардык маселе болуп калды. Тактап айтканда, акыркы он жылдыктарда эл аралык коомчулук тарабынан кабыл алынган балдардын укуктарынын декларациясы (1959-ж.), БУУнун балдардын укуктары жөнүндө Конвенциясы (1989-ж.) [4], "Кыргызстандагы жаштар саясаты" программасы (2009-ж.) сыяктуу масштабдуу документтердин талдоосу далил болуп саналат. Дүйнөлүк саммит (1990) балдардын жашоосун, корголушун жана өнүгүүсүн камсыз кылуу боюнча дүйнөлүк декларацияны жана иш-аракеттер планын кабыл алган, бирок аларды ишке ашыруу, анда коомдогу балдардын укуктарынын артыкчылыгы жарыяланган жана ушул социалдык саясаттын эл аралык стандарттары негизделген. Ал эми жогорку окуу жайлары мына ошол стандарттарга негизденип, иш алып баргандыктан, жаштар коомдук жана укуктук жактан толук корголуп келет. Андан сырткары учурдагы жогорку окуу жайларында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди социалдык-педагогикалык жана укуктук коштогон бир катар норматиптүү-укуктук документтер бар экендиги маалым.

Бул макаланы илимий коомчулукка, кызыккан окурмандарга сунуштап жаткандагы **негизги максат**ым жогорку окуу жайларында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге болгон социалдык-педагогикалык жана укуктук кызматтардын комплексин жүргүзүү жолу менен жоголгон үмүттөрүн калыбына келтирүү, компенсациялоо жардамдарын берүү, алардын коомдошуусуна, жумушка жайгашуусуна жана үй-бүлөдө ийгиликтүү интеграцияланышына көмөк көрсөтүүнүн инновациялык жолдорун сунуштоо болуп саналат.

Мындай максатты ишке ашыруудагы **негизги маселелер** болуп, жогорку окуу жайларында социалдык-психологиялык борборлорду ачуу, комплекстүү реабилитациялык иш-чараларды сапаттуу өткөрүү, ошондой эле борбордо реабилитациялоо курсунан өтүү мезгилинде, сабактарды өздөштүрүү мезгилинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү.

Бул маселелерди ишке ашыруу үчүн бир катар **милдеттер**ди белгилей кетүүгө болот. Маселен, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жаштарды жогорку билимдүү болууга тартуу, окуу жайга кабыл алынган студенттерди каттоо, тиешелүү документтерин тактоо, тиешелүү кызматтарды көрсөтүү, аларга шарт түзүү, татыктуу билим берүү, жумуш менен камсыз кылуу ж.б. багыттарды туура түшүндүрүү, жеткирүү функциясын аткара турган педагогикалык-психологиялык клиника ачуу.

Илимий изилдөө жыйынтыкталмайын, божомол иретинде баяндалат. Демек, изилдөөнүн **гипотезасы**-мүмкүнчүлүгү чектелген жаштарды педагогикалык-психологиялык борбордун шартында тарбиялоо жана билим берүү натыйжалуу болот, эгерде, клиника эффективдүү иш алып барса [1]. Демек, жогорку окуу жайларында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер үчүн педагогикалык-психологиялык клиника ачуу темасын илимий өңүттө чечмелөө бул гипотеза гана болсо, анын теорияга айлануусу анын эффективдүү иштөөсүнөн көз каранды экендигин белгилей кетмекчимин.

Жогорку окуу жайларындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди социалдык-педагогикалык жана укуктук коштоонун инновациялык формалары боюнча советтик мезгилден баштап эле бүгүнкү күнгө чейин бир топ илим изилдөөчүлөр тартылып, илимий сунуштар берилип келген. Алардын пикирине ылайык, эл аралык уюмдар: буу, ЮНЕСКО, ЮНИСЕФ өз документтеринде адам укуктарын жана эркиндиктерин бекитүүдө маалыматтын жана агартуунун бул маанилүү ролун бир нече жолу баса белгилешкендигине токтолушат. Ошондой эле билим берүүнүн ар түрдүү чөйрөсүндө ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектерлен жарандарга кантип жардам берүү жолдорун да сунуштап келишет. Алардын пикирлерин эске алуу менен төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

1. Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерге педагогикалык шарттарды аныктоо жана андай студенттерди социалдык-укуктук коргоого тартууга көмөктөшүүчү социалдык же педагогикалык-психологиялык клиникасынын биргелешкен педагогикалык моделин иштеп чыгуу [1].

2. Жогорку окуу жайларындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү менен байланышкан студенттердин практикалык ишмердүүлүгүн окуу-тарбия жараянын менен байланыштыруу жана педагогикалык-психологиялык клиникада практика өтүүсүнө шарт түзүү [2. 21-24].

3. Педагогикалык-психологиялык клиниканын алкагында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди илим изилдөө иштерине тартуу [3].

4. Жогорку окуу жайларындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жаштарды колдоо үчүн инновациялык ыкмаларды колдонуу.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. https://www.dissercat.com/content/sotsialnaya-blagotvoritelnaya-klinika-kak-faktor-priobshcheniya-studentov-k-sotsialno-pravov

2. Абдулина О.А. Личность студента в процессе профессиональной подготовки //Высшее образование в России. 1993. № 3. -С. 21-24.

3. Гусев Г.А. Социальная адаптация и педагогическая реабилитация несовершеннолетних. М., 1993.

4. Конвенция о правах ребенка. Принята Генеральной Ассамблеей ООН 20 ноября 1989 г. Справочник. М., 1998.


* * *

*Халматов Кудрат Абдувахабович*
# ПРОФЕССОР Э.Ж. СУЛАЙМАНОВ ЖАНА АНЫН ЖАРАТКАН ЭМГЕКТЕРИ
*Халматов Кудрат Абдувахабович*
# ПРОФЕССОР Э.Ж. СУЛАЙМАНОВ И ЕГО ТРУДЫ
*Khalmatov Kudrat Abduvakhabovich*
# PROFESSOR E.ZH. SULAIMANOV AND HIS WORKS

***УДК. 394***

***Аннотация.*** *Үч миң жылдык тарыхы бар кыргыз эли жөн жай эле бүгүнкү күнгө чейин сакталып, жашап келе жаткан жок, анын себеби элдин байыркы салттуулугунда, улуттук баалуулуктарды ата мурас катары, баа жеткис байлык катары сактап келгендигинде. Бирок бүгүнкү күнгө келип Ата Мекенине, эл тагдырына кайдыгер караган муундун өсүп жатканы баарыбызды көп ойлонто турган суроого айланды. Ушул сыяктуу проблемаларды эмгектеринде ар тараптуу талкууга алган жана кенири журтка жайылткан профессор Э. Сулаймановдун кыргыз этнография илиминде орду чоң. Макалада Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин профессору Э.Ж. Сулаймановдун кыскача өмүр жолу, чыгармачылык илимий ишмердиги, жараткан эмгектери жана алардын өзгөчөлүтөрү жөнүндө маалыматтар берилген*

***Негизги сөздөр.*** *Этнография, этнология, үрп-аадат, каада-салт, улуттук баалуулуктар, традиция, келечек, ааламдашуу.*

***Аннотация.*** *Кыргызский народ, который имеет историю три тысячи лет, сохранился до наших дней, но это связано с тем, что народ сохранил национальные ценности как наследие предков, как бесценное сокровище. Но сегодня подрастающее поколение неравнодушних к Родине, судьбе народа стало вопросом, над которым мы все задумываемся. Большое место в кыргызской этнографической науке занимает профессор Е. Сулайманов, который всесторонне обсуждал и широко распространял подобные проблемы в своих научных трудах. Статья содержит информацию о короткой жизни профессора Джалал-Абадского государственного университета им. Б. Осмонова Э.Ж. Сулайманова, творческой научной деятельности, творческих трудах и их особенностях.*

***Ключевые слова.*** *Этнография, этнология, обряды, традиции, национальные ценности, традиция, будущее, глобализация.*

***Annaotation.*** *The Kyrgyz people, who have a history of three thousand years, have survived to this day, but this is due to the fact that the people have preserved national values as the heritage of their ancestors, as a priceless treasure. But today, the younger generation of those who are not indifferent to the Motherland, the fate of the people has become a question that we all think about. An important place in the Kyrgyz ethnographic science is occupied by Professor E. Sulaimanov, who comprehensively discussed and widely disseminated such problems in his works.*

*The article contains information about the short life of Professor E.J. Sulaimanov of B. Osmonov Jalal-Abad State University, creative scientific activity, creative works and their features*

***Keywords.*** *Ethnography, ethnology, rituals, traditions, national values, tradition, future, globalization.*

Жалпы дүйнө жүзүнө этнографиялык изилдөөлөрү жана эмгектери менен таанылган окумшутуулардын арасында Итс Рудольф Фердинандович, Гадло Александр Вильямович, Токарев Сергей Александрович, Бромлей Юлиан Владимирович, Фрэзер Джеймс Джордж, Леви-Стросс Клод, Боас Франц, Малиновский Бронислав Каспар, Миклухо-Маклай Николай Николаевич, Тайлор Эдуард Бернетт, Морган Льюис, Дюркгейм Эмиль, Мид Маргарет, Пропп Владимир Яковлевич, Бенедикт Рут, Б.А. Рыбаков, Г.Е. Марков, С.П. Поляков, Гиренко  Николай Михайлович ж.б. окумуштуулар бар экенин тарыхчы-этнографтар жакшы билишет.

Ал эми кыргыз этнографиясын жана этнологиялык маселелерин иликтөөгө айрыкча салым кошкон илимпоздордун арасында Белек Солтоноев, Н.А. Аристов, С.М. Абрамзон, Какен Мамбеталиева, Ө. Караев, Ю.С. Худяков, И.Б. Молдобаев, А. Баялиева, А. Асанканов, Реми Дор, Ху Чженхуа, Анвар Байтур, Астай Бутанаев, О.К. Каратаев, С. Кайыпов, Амантур Акматалиев, Т. Чоротегин, С.К. Алымкулова, А. Көчкүнов, Ч. Өмүрбеков, А. Жапаров, Б.

Чыныбаев, Б. Акмолдоева, Г. Жумакунова, А. Ботобекова, Гундула Салк жана башка ар кыл илимий адистиктерде эмгектенген окумуштуулар бар.

Жогоруда тизмеленген дүйнөгө таанымал болгон этнографтардан жетиштүү билим алган кыргыз этнографтарынын арасынан Э. Сулаймановдун жараткан эмгектери менен илимий тыянактарын баса белгилеп кетүү зарыл.

Убагында Сулайманов Эртабылды Москва шаарындагы жогорку окуу жайда окуп, С.М. Абрамзон, Б.А. Рыбаков, С.А. Токарев, Г.Е. Марков, С.П. Поляков сыяктуу белгилүү тарыхчы-этнографтардан билим алган. Агайдын баштапкы тарыхый-этнографиялык иликтөөлөрү, илимий чыгармачылыгынын пайдубалы ушул көрүнүктүү этнографтардын жетекчилиги астында башталган.

Сулайманов Эртабылды Жолдошевич, тарых илимдеринин кандидаты, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Тарых кафедрасынын профессору Жалал-Абад областынын Ноокен аймагында жарык дүйнөгө келген. Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайын, М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүтүргөн (1967-1974-ж.ж.). 1974-1977-жылдары СССР Илимдер Академиясынын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы Этнография институтунун аспирантурасында билим алып, 1983-жылы илимий диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Ошондон бери илим-изилдөө мекемелеринде жана жогорку окуу жайларда окутуучулук кесипте: ириде Кыргыз илимдер академиясында илимий кызматкер, кийинки жылдарда Ош мамлекеттик университетинде, Жалал-Абад мамлекеттик университетинде тарыхтан сабак окуп келет. Көптөгөн илимий макалалардын, тарыхый-этнографиялык китептердин жана окуу усулдук колдонмолордун автору. Үй бүлөлүү, улуу кызы Айнура сот тармагында кызматкер, кичүү кызы Элнура тарыхчы.

Ушул тапта тарыхчы-этнограф Сулайманов Эртабылды Жолдошевич 75 жашка келип, сүйгөн кесип жолунда үзүрлүү эмгектенүүдө. Кыргызстандын көз карндысыз мамлекет болушу анын илимий көз карашына кенири жол ачты. Этнографтын тайгак болуп турган тоталитардык заманда деле өз пикирин тайманбай айтканы менен анын жемиши анча болгон эмес. Этнография илими совет маалында идеологиянын такай көзөмөлүндө болуп, улуттардын байыркы тарыхы менен этнографиясын изилдөө ар тараптуу өнүгө алган эмес. Ушундай шартта кыргыз элинин байыркы, орто кылымдардагы, жаны жана совет дооруна чейинки улуттук үрп-аадат, каада-салт, элдик оозеки чыгармачылык жана башка нукура баалууулуктарын изилдөө жана анын дасыккан адиси болуу опурталдуу эле. Далай таланттуу тарыхчылар менен этнографтардын өз элинин өткөндөгүсүн иликтеген эмгектери текке кеткен, өздөрү болсо өткөндөгүсүн энсегендиги үчүн куугунтукка алынган [Кененсариев,1999]. Ошондуктан кыргыз илимпоздорунун дээрлик баары совет коомунун идеологиялык рамкасынын алкагында гана изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, жергиликтүү элдердин байыркы улуттук адеп-ахлак, каада-салт, үрп-адат, тамак-аш, кийим-кече жана башка баалуулуктарын өздөрү каалагандай денгээлде изилдей алышкан эмес. Анткени советтик идеология үчүн элдердин байыркы тарыхы менен этнографиясынын изилдениши, элдерди нукуралуулукка тартып, советтик идеологияга каршы иштелип жаткан чакырык катары кабыл алынып, бул келечектеги коммунизмди куруудагы эн чон тоскоолдуктардан деп эсептелген. Ошол доордогу изилдөөлөр негизинен советтик духтун алкагында учурдагы

саясий системаны жана анын идеологиясын бекемдөөгө жана аны андан ары өнүктүрүүгө багытталган десек жанылышпайбыз.

Эртабылды агайдын жаш кезинен эле кыргыздардардын байыркы тарыхына, элдик оозеки чыгармачылылыгына, улуттук баалуулуктарына кызыгуусу күчтүү болгон. Бирок совет доорундагы элдик салттардын унутулуп баратканы, бөтөн элдердин таасири менен келген жаны салттык көрүнүштөрдүн кыргыздардын нукура салттуу маданиятына аралашып баратканы ар дайым ойлонууну талап кылган. Анткени кыргыздарды байыртадан бери сактап келген мына ушул салттык баалуулуктары унутулуп кетсе, келечекте кыргыз элин кандай тагдыр күтөт деген суроо жүрөгүн өйкөп келген. Байыркы кыргыз элинин өткөндөгүсү, эзелки каада-салты, тарых-таржымалы жаш өспүрүм үчүн али бузула элек дын, аралап өткүс чытырман, акыл жеткис тунгуюк эле.

Ушул жерден этнограф Эртабылды агайдын өз кесиби тууралуу ой толгоолорун окурман алдына тарта кеткенибиз он болоор. Тарыхчы баарынан мурда чыныгы тарыхты өзү үйрөнүп чыгып, чындыкты жазуусу керек. Мына ушул чындыкты өзүнөн кийинки урпактарга калтырышы керек. Элдин түпкүрүндөгү тарых-таржымалын алып чыгып, кайра элдин өзүнө тартуулоо ошол элдин рухун бийиктетет, элди азыркы ааламдашуу шартында ар кандай сырткы таасирлерден коргойт. Ким элек, ата тегибиз ким болгон, биздин сыймыгыбыз менен нукуралыгыбыз эмнеде болгон, кайда баратабыз, кандай кылсак улутту сактап калабыз деген далай суроолордун үстүндө ой жүгүртүп, тиешелүү жоопторду алганга шарт түзөт.

Үч мин жылдык тарыхы бар кыргыз эли жөн жай эле бүгүнкү күнгө чейин сакталып, жашап келе жаткан жок, анын себеби элдин байыркы салттуулугунда, улуттук баалуулуктарды ата мурас катары, баа жеткис байлык катары сактап келгендигинде. Буга кошумча бүгүнкү күндө Ата Мекенине, эл тагдырына кайдыгер караган муундун өсүп жатканына эмне себеп деген суроо да агайды көп ойлонто турган суроого айланды. Себеби эле элдин өткөн тарыхын жакшы билбегендигинде. Учурда улуттук сыймыктын анча болбой жатышы элибиздин үч-төрт мууну совет эли деген жалпы тарбияда өсүп, баатыр бабаларыбыздын тарых-таржымалын билбей, кыргыз улуттук духун, эзелки салтуу маданият менен каада-салтты унутуп, ата-тектин рухунан ажырап калганынын натыйжасы десек болот. Учурда бизге кыргыз элинин байыркы улуттук нукура жашоосун үйрөтүү, бабалардын элдик мурасын сактап калуу, замандын талабына жараша, алардын керектүүлөрүн калыбына келтирүү зарыл. Мына ушундай ой-толгоолор агайдын жүрөгүнүн түпкүрүн ойуп келген. Ушул аспектилерден алып караганда агай бүгүн кыргыз элинин эзелки каада-салты менен үрп-адатын, кийим-кечеси менен тамак-ашын, турак-жайы менен кол-өнөрчүлүгүн, учурдагы этно-маданий процесстерин, жалпы эле кыргыз элин турмуш-тиричилигин бардык жактан такай иликтөөгө алып, өзүнүн этнографтык милдетин ак аткарып келүүдө.

Агайга кыргыз элинин нукура салтын алгач толук үйрөнүп чыгууга, анализдеп үйрөнүүгө, тарых кылып жазууга ынтызарлыгы, жан дилинен кызыгуусу ушул адистикти тандап алууга талтпынткан.

Сулайманов Эртабылды Жолдошевич 150 дөн ашык жарыкка чыккан эмгектердин автору. Алардын ичинде 10 дон ашуун монография, ЖОЖ студенттери үчүн окуулуктар, ондогон окуу-усулдук колдонмолор, илимий жыйнактар жана макалалар бар.

Агайдын окумуштуулук өмүрүн ачкан да, мезгилдин талабына карабай элдин эзелки тарыхын изилдөөгө баш уруп, тобокелге салган да эн алгачкы изилдөөлөрү менен эмгектеринин жаралышы 80-90-жылдарга туура келет.

1982-жылы агайдын алгачкы илимий эмгектери катары "Традиции обработки металлов у киргизов" [Сулайманов Э, 1982], ал эми 1988-жылы "Предметы конской сбруи киргизов – памятник народной культуры" [Сулайманов Э, 1988] деген көлөмдүү эмгектери жарык көргөн. Аталган эмгектерде автор алгачкылардан болуп кыргыз элиндеги металл иштетүүнүн традициялык ыкмалары менен усулдарын иили иликтөөгө алып, кыргыз элинин нукура салттык маданиятын, кол-өнөрчүлүгүн даназалаган. Бул болсо кыргыз тарых илиминде али изилдөөгө алынбаган, актай барак бойдон турган проблемалардан болчу.


***Abstract:*** *this article examines the use of mathematical data in economic education to prepare students for practical work, research and analytical tasks. This will enable them to be successful in the labor market and professional environment, and increase the accuracy of the models by testing and analyzing student results. In the modern economy, characterized by large volumes of information and high rates of change, mathematical information plays a key role in decision-making and analysis. The course covers basic mathematical concepts such as probability theory, statistical analysis, mathematical modeling and their practical application to economic analysis, forecasting and risk assessment. The purpose of the study is to determine the most effective methods of teaching mathematical methods that contribute to the development of analytical and critical skills of students. It also includes the method of adapting mathematical concepts to increase motivation and understanding of the subject by students-economists.*

***Key words:*** *economic education, mathematical methods, didactic methods, economic processes, new technologies.*

Экономикалык билим берүүнү жакшыртуу үчүн дидактикалык методдорду колдонуу абдан маанилүү. Бул методдор студенттердин билим алуусун активдештирип, практикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет. Аны ишке ашырууда проблеммалык окутуу методун колдоно алабыз. Мында студенттерди реалдуу экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө үйрөтөбүз. Бул метод практикада колдонулган кейстерди жана сценарийлерди талдоону өз ичине камтыйт. Ушул сыяктуу эле проектик окуттуу методун колдонсок болот. Мында студенттерге экономикалык темалар боюнча долбоорлорду иштеп чыгууга мүмкүндүк берүүсу керек. Бул командалык ишти, ишенимдүү чечимдерди кабыл алууну жана маалыматтарды изилдөөнү талап кылат [1].

Экономикалык теорияларды практикалык шарттарда колдонуу үчүн тренингдер же симуляциялар уюштурууга да болот. Мисалы, бизнес симуляциялары аркылуу студенттер рынокто атаандаштыкта иш алып барууну үйрөнүшөт. Экономикалык билим беруунун жакшыртууда интерактивдүү лекциялар дагы өзүнүн таасирин тийгизе алат. Тема боюнча лекцияларды интерактивдүү түрдө өткөрүү, суроолорго жооп берүү, топтук талкууларды уюштуруу, студенттердин активдүүлүгүн арттырат.

Жаңы технологияларды жана ресурстарды, мисалы, видео лекциялар, онлайн курстар, аналитикалык отчеттор жана башка маалыматтарды пайдаланууну киргизүү окуутуучулар учун өзүнүн темасын түшүндүрүүдө бир топ женилдикти жаратат. Ошондой эле «Кейс –методун» да колдонуу ынгайлуу, анткени бул метод реалдуу компаниялардын же экономикалык көрүнүштөрдүн мисалдары аркылуу студенттерге теорияны практикада колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Экономикалык билим берүүдө математикалык маселелерди чечүү маанилүү роль ойнойт. Ал математиканы экономикалык моделдерди, статистиканы, финансылык анализди жана прогноздоону колдонууга мүмкүндүк берет.

Математикалык методдорду колдонуу аркылуу студенттер:

1. Талдап чыгуу: Экономикалык маалыматтарды талдоодо математикалык статистиканы колдонуп, натыйжаларды интерпретациялай алышат.
2. Моделдөө: Экономикалык процесстерди модельдөө үчүн математикалык теңдемелерди жана функцияларды колдонушат.
3. Оптималдаштыруу: Ресурстарды оптималдуу бөлүштүрүү, өндүрүштү жана пайда алышууну максималдаштыруу үчүн математикалык оптималдаштыруу ыкмаларын колдонушат.
4. Прогноздоо: Математикалык методдорду колдонуп, келечектеги тенденцияларды болжолдоо жана экономикалык чечимдерди кабыл алууда негиз катары пайдалануу.

Экономикалык билим берүүдө математиканы үйрөнүү, студенттердин аналитикалык ойлошун өнүктүрүп, практикалык маселелерди эффективдүү чечүүгө жардам берет.

Экономикалык процесстерди моделдөө математикалык теңдемелерди жана функцияларды колдонуу аркылуу алгылыктуу натыйжаларга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындан сырткары, моделдөө экономикалык теорияларды практикалык шарттарда

тестирлөөгө, анализдөөгө жана өнүктүрүүгө жардам берет. Экономикалык процесстерди моделдөөдө төмөнкү аспектилерди кароого болот.

- Экономикалык функциялар: Мисалы, киреше функциялары (киреше чыгаруу жана өндүрүш факторлору арасындагы байланыш) же чыгаша функциялары (жумушчу күч, материалдар ж.б. боюнча) аркылуу моделдер түзүлөт.

- Теңдемелер системасы: Экономикалык системалардагы көптөгөн параметрлердин өз ара байланыштарын кароо үчүн теңдемелер системасын түзүү, маселен, камсыздоо жана суроо системаларын изилдөө үчүн колдонулат.

- Динамикалык моделдөө: Убактылуу аспекттерди карап, экономикалык процесстердин убакыт ичинде өзгөрүүлөрүн түшүнүү үчүн дифференциалдык теңдемелер колдонулат. Мисалы, экономикалык өсүүнү же инфляцияны моделдөө.

- Оптималдаштыруучу моделдер: Ресурстарды эффективдүү пайдалануу, чыгашаларды минималдаштыруу же кирешени максималдаштыруу үчүн оптимизация методдорун (мисалы, Лагранждын методун) колдонуу.

- Симуляциялар: Компьютердик симуляцияларды колдонуп, ар кандай сценарийлерди сыноо жана натыйжаларды салыштыруу, реалдуу экономикалык шарттардын татаалдыгын көрсөткөн моделдерди түзүүгө жардам берет.

- Моделдерди тестирлөө: Түзүлгөн моделдерди реалдуу маалыматтар менен текшерүү, аларды жакшыртуу же модификациялоо аркылуу натыйжалардын тактыгын арттырат.

Экономикалык моделдөө студенттерге жана изилдөөчүлөргө абдан комплекстүү жана динамикалык системаларды жакшыраак түшүнүүгө, ошондой эле реалдуу дүйнөдөгү экономикалык чечимдерди туура кабыл алууга жардам берет [2].

Экономикалык оптималдаштыруу ресурстарды эффективдүү бөлүштүрүү жана пайда алышууну максималдаштыруу үчүн маанилүү инструмент болуп саналат. Математикалык оптималдаштыруу ыкмалары бул процесстерди колдоо үчүн көптөгөн ар түрдүү моделдерди жана методдорду камтыйт. Мисалы: Сызыктуу оптималдаштырууда ресурстарды бөлүштүрүү, өндүрүш пландоосу жана чыгашаларды минималдаштыруу үчүн сызыктуу теңдемелер системасы аркылуу оптимизациялоо. Мисалы, "Simplex" ыкмасы кеңири колдонулат. Ошондой эле кошумча шарттар аркылуу модельдерди түзүүдө чектөө шарттарын (мисалы, ресурстардын чектелген саны, өндүрүш процессинин шарттары) эске алуу керек. Бул чектөөлөр натыйжалуу чечимдерди алуу үчүн маанилүү роль ойнойт. Ал эми квадраттык оптималдаштырууда максат функциясы квадраттык формада болсо, бул ыкма минимизация же максимизациялоо үчүн колдонулат. Мисалы, чыгашаларды минималдаштыруу үчүн колдонулат [3]. Ошондой эле динамикалык оптималдаштыруу колдонсок болот. Динамикалык программалоо ыкмаларын колдонуу аркылуу акыркы натыйжаларды ала алышат. Оптималдаштыруу аркылуу максимизацияда: Пайда, өндүрүш же башка экономикалык көрсөткүчтөрдү максималдаштыруу. Ар кандай варианттарды жана чечимдерди сынап көрүү үчүн симуляцияларды колдонуу, реалдуу шарттарда оптималдуу чечимдерди табууга жардам берет.

Биз практикада колдонулушун мисал келтирели:

- Өндүрүш пландоосу**:** компания өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу үчүн ресурстарды кантип бөлүштүрөрүн жакшы түшүнсө, чыгашаларды азайтып, пайдасын жогорулатат.

- Марткетинг стратегиялары: Продукттарды жана кызматтарды сунуштоодо, оптимизация натыйжасында рынокто жакшы орун алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат.
- Логистика жана камсыздоо: Транспорттук чыгашаларды минималдаштыруу жана товардын жеткирүү убакыттарын кыскартуу үчүн.

Математикалык оптималдаштыруу экономикалык чечимдерди кабыл алууда натыйжалуулукту жана эффективдүүлүктү жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

Математикалык экономикалык билим берүүнү дидактикалык методдорду колдонуу аркылуу жыйынтыктоодо бир нече негизги аспекттерди белгилөөгө болот. Студенттер математикалык концепцияларды, теорияларды жана ыкмаларды реалдуу экономикалык маселелерге байланыштуу колдонуу менен тереңирээк түшүнүшөт. Мисалы, статистикалык анализ аркылуу экономикалык маалыматтарды интерпретациялоону үйрөнүшөт. Ал эми проблемаларды чечуу учурунда дидактикалык методдор математикалык маселелерди чечүүдө аналитикалык жана логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жардам берет. Студенттер конкреттүү сценарийлерде математикалык моделдерди түзүп, чечимдерди сунуштай алышат [4].

Экономикалык билим берүүдө математикалык маалыматтарды колдонуу студенттерди практикалык иштерге, изилдөөлөргө жана аналитикалык тапшырмаларга даярдайт. Бул алардын жумушчу рынокто жана профессионалдык чөйрөдө ийгиликтүү болушуна шарт түзөт. Ошондой эле студенттер жыйынтыктарын тестирлөө жана анализдөө аркылуу моделдердин тактыгын жогорулатышат. Бул процесс, өз кезегинде, алардын билим алууну жана изилдөө жөндөмүн арттырат. Математикалык экономикалык билим берүүдө дидактикалык методдор иновациялык жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жардам берет, бул студенттерге экономикалык маселелерди уникалдуу чечимдер менен чечүүгө мүмкүндүк бере алат [5].

Жыйынтыгында дидактикалык методдорду колдонуу математикалык, экономикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатат, студенттердин теориялык билимдерин практикалык тажрыйбалар менен улантууга мүмкүндүк берет. Натыйжада, студенттер экономикалык чөйрөдө аналитикалык ой жүгүртүү, чечим кабыл алуу жана практикалык маселелерди чечүү жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. Бекбоев И.Б. Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар [Текст] / И.Б.Бекбоев.-Б.:Кыргыз билим берүү академиясы, 2006.
2. Экономикадагы операцияларды изилдоонун методдору жана моделдери. Жусупбаев А. Маматкадырова Г.Д., Ашырбаева А.Ж. - Бишкек 2008.
3. Раманкулорв С.Т Методы и модели исследования операции в экономике. – Бишкек, 2002.
4. Бурцева Л.П. Методика профессионального обучения: Учебное пособие / Л.П. Бурцева. М.: Флинта, 2016.
5. Волохова Е.А., Юкина И.В. Дидактика. Конспект лекций. Ростов н/Д: «Феникс», 2004.


* * *

*Воробьев А.Е., Торогелдиева А.Б., Воробьев К.А.*

**НАУЧНЫЙ АНАЛИЗ ЭВОЛЮЦИИ FINTECH**

*Vorobyov A.E., Torogeldieva A.B., Vorobyov K.A.*

# SCIENTIFIC ANALYSIS OF THE EVOLUTION OF FINTECH

**УДК: 3.45/52**

***Аннотация.*** *Представлен детальный научный анализ эволюции FinTech. В начале XXI в. традиционные финансовые учреждения стали менять свой подход к инвестированию в финансовые технологии. Для этого они разработали четкое видение будущего и создали хорошо изученные технологические стратегии своего развития. Даны определения и основные этапы развития FinTech. Описана эволюция концепции FinTech.*

***Ключевые слова.*** *FinTech, термины, эволюция, периоды, характеристики, анализ.*

***Abstract****: A detailed scientific analysis of the evolution of FinTech. At the beginning of the 21st. Traditional financial institutions are changing their approach to investing in financial technology. To do this, they developed a clear vision of the future and created well-studied technological strategies for their development. Definitions and main stages of FinTech development are given. The evolution of the FinTech concept.*

***Key words.*** *FinTech, terms, evolution, periods, characteristics, analysis.*

**Введение**. FinTech-индустрия прошла путь от простых цифровых банковских решений до сложных финансовых экосистем [1]. За последние 2 десятилетия FinTech-индустрия формировалась под влиянием роста и быстрого внедрения преобразующих технологий и приложений («apps»), которые они обеспечивают. Важным фактором развития этой отрасли являлось то, что общий уровень обслуживания клиентов в сфере финансовых услуг (включая сектор страхования) исторически был одним из самых низких, по сравнению с другими отраслями национальных экономик [2-4]. Ключом к успеху на этом пути стала способность FinTech-компаний быстро выявлять и устранять точки трения клиентов.

**Методы исследования**. В главу методологии работы было принято историко-правовое исследование, которое проводилось качественным методом.

**Целью** данной работы является понимание развития и эволюции FinTech.

**Термины и определения**. FinTech в общем случае, определяется как технологические инновации, позволяющие использовать различные бизнес-модели, которые могут способствовать отказу от посредничества, а также изменять то, как рынок создает и предоставляет ценность, решать проблемы конфиденциальности, проблемы регулирования и правоприменения, предоставлять новые пути для инноваций и создавать возможности для инклюзивного роста [6].

Решения FinTech внедряются в различных областях финансов, включая цифровые платежные сервисы для создания безналичного общества, цифровые валюты, упрощение мгновенных транзакций через мобильный банкинг, денежные переводы для осуществления международных денежных переводов, страховые услуги и т.д.

**История становления и развития Fintech**. Прошло много времени, прежде чем идиома FinTech стала такой популярной, какой её знают сегодня. В настоящее время FinTech часто рассматривается как новый союз финансовых услуг и информационных технологий. Однако эта взаимосвязь имеет довольно долгую историю и развивалась в течение трех различных временных периодов (табл. 1).

**Этапы развития FinTech** **Таблица1**

| **Дата** | **1866–1967 гг.** | **1967–2008 гг.** | **2008 г. - Текущее время** | |
|---|---|---|---|---|
| Этап | FinTech 1.0 | FinTech 2.0 | FinTech 3.0 | FinTech 3.5 |

| Ключевые элементы | Инфраструктура / Компьютеризация | Интернет | Мобильные устройства / Стартапы / Новые участники | |
|---|---|---|---|---|
| Технологии | Программирование | Оцифровка | Мобильная связь, гаджеты | Криптовалюта / Большие данные |

Современная цифровая эпоха (которой во много был обязан Fintech) была вызвана трансформацией Всемирной паутины в Интернет вещей.

С точки зрения периодической характеристики историю Fintech можно разложить на 3 периодические временные линии [9].

- Fintech 1.0 – это период, когда финансовый сектор все еще в значительной степени являлся аналоговой отраслью;
- Fintech 2.0 – это период, когда финансовый сектор принял существующие вычислительные и цифровые технологии для улучшения своей деятельности;
- Fintech 3.0 и 3.5 – это продолжающийся период, когда финансовые стартапы и крупные технологические компании (TechFins) практически полностью перешли на цифровые инновации.

Первый период Fintech 1.0 был отмечен прокладкой и началом функционирования трансатлантического кабеля между Европой и Америкой в 1866 г., до периода пока Barclays не изобрел в 1967 г. первый в мире банкомат.

В течение этого периода мировой финансовый сектор базировался на традиционных аналоговых технологиях (телеграфе, железных дорогах, каналах и пароходах), которые лежали в основе финансовых взаимосвязей через государственные границы, позволяя быстро передавать необходимую финансовую информацию, транзакции и платежи по всему миру [9]. Этот период также ознаменовал собой первое в мире использование, в качестве важного платежного инструмента, кредитной карты, что в последующих десятилетиях кардинально изменило ландшафт деятельности в платежной индустрии.

Период Fintech 2.0 использовался на практике для обозначения появления в деловом мире таких финансовых институтов, как банковские конгломераты и страховые компании.

В этот период (1998–2008 гг.) финансовый сектор уже начал использовать вычислительные технологии в своей основной деятельности: первая концепция цифрового кошелька была разработана компанией Confinity в 1999 г. Одновременно, с ростом доступности и принятия электронных устройств с выходом в Интернет финансовые услуги впервые стали цифровыми [10], предложив больше удобств и доступности для потребителей, устранив основные «болевые» точки. Онлайн-банкинг, кредитование и электронная коммерция (в частности, через такие торговые площадки, как Amazon и eBay) постепенно стали мейнстримом делового мира.

Инновацией этого периода является развитие системы электронного банкинга (e-banking) и электронных денег (e-money) [9].

Предоставляя прямой и практически неограниченный доступ к своим финансовым счетам через банкомат или другие каналы машинного интерфейса, такие технологии устранили необходимость для вкладчиков физически присутствовать в офисах банков для снятия своих средств или их пополнения.

Кроме того, ранее банки являлись единственными поставщиками финансовых услуг, но с развитием Fintech 2.0 появились различные небанковские финансовые стартапы, а

также крупные технологические компании, которые тоже начали активно функционировать в сфере финансовых услуг.

Необходимо отметить, что 2008 г. стал этапом перехода от Fintech 2.0 к Fintech 3.0 в Северном полушарии.

Fintech 3.0 (2004 – 2015 гг.) стал периодом принятия цифрового банкинга. Успех Fintech рос за счет предоставления цифровых решений с высокой степенью персонализации [10], а социальные сети и аналитика больших данных начали играть ключевую роль, позволяя финансовым компаниям собирать подробную информацию о своих и возможных клиентах.

Fintech 3.5 (2015 г. – настоящее время) явился периодом открытого банкинга, который основывается на том, что Интернет напрямую связан с электронной почтой и протоколами перевода финансовых средств.

Кроме того, открытый банкинг – это новый уникальный и безопасный способ для клиентов, что-бы взять под контроль свои финансовые ресурсы (данные о которых в настоящее время хранятся в банке), получить к ним безвременной доступ и поделиться ими с третьей стороной через интерфейсы специальных защищенных прикладных программ (API), состоящих из авторизованных или зарегистрированных Fintech-экосистем (включая финансовые учреждения, поставщиков регтех-услуг и другие небанковские организации, которые с согласия клиентов могут получать доступ к их финансовым данным для предоставления им лучшего альтернативного финансового решения).

Чтобы усилить конкуренцию и создать благоприятную среду для Fintech-компаний, страны выдвигают инициативы в разной степени облегчения в отношении Open Banking [12]. Это позволяет Fintech-компаниям использовать банковские данные для предоставления и расширения своих предложений клиентам банков.

Было выделено несколько различных подходов, применяемых регулирующими органами [12]:

• Великобритания стала пионером открытого банкинга, запустив инициативу в январе 2018 г., которая обязала 9 британских банков открыть их данные через набор защищенных интерфейсов прикладных программ (API).

• В ЕС была пересмотрена Директива о платежных услугах (PSD2), требующая от банков предоставления третьим лицам информации о счетах своих клиентов (с разрешения клиентов).

• В июле 2018 г. Гонконгский муниципалитет запустил проект фреймворка Open API, который установил сроки для финансовых учреждений, которым нужно следовать, и дал базовые рекомендации по конкретным протоколам и форматам данных. Также муниципалитет изложил свои ожидания относительно того, как банки должны развертывать Open API.

• MASI Сингапура поощряет финансовые учреждения принять Open API, как ключевой фундаментальный уровень для инноваций и совместимости.

**Ключевые факторы роста FinTech** [11]**.**

• Технологические достижения: Инновации в области ИИ, блокчейна и аналитики данных оказали значительное влияние на сектор финтеха. ИИ обеспечивает персонализированные финансовые услуги, а блокчейн обеспечивает безопасность и

прозрачность. Аналитика больших данных помогает в понимании поведения потребителей и управлении рисками.

• Изменения в поведении потребителей: Растет предпочтение цифровым и мобильным финансовым услугам. Потребители ищут удобство, более низкие цены и улучшенный пользовательский опыт, и финтех-компании имеют все возможности для их предоставления.

• Финансовая доступность: Fintech сыграл решающую роль в повышении финансовой доступности, особенно на недостаточно обслуживаемых и развивающихся рынках. Цифровые платформы предлагают доступ к финансовым услугам для тех, кто ранее не имел традиционных банковских услуг.

**Экосистема FinTech**. На внедрение и принятие решений FinTech влияют различные факторы. Так, уровень развития FinTech зависит от различных факторов: таких, как уровень цифровизации, развитие инфраструктуры, нормативные барьеры и объемы инвестиций в FinTech.

Такое состояние было обусловлено сложившей в мире экономической и технологической ситуацией. Так, в большинстве стран Азии количество владельцев мобильных телефонов существенно превышает количество населения, официально охваченного банковскими услугами (рис. 1).




***Рис. 1. Соотношение охвата населения телефонизацией и банковскими услугами [8]***

Экосистема FinTech базируется на четырех ключевых элементах дизайна: бизнес-среда/доступ к рынкам, государственная/регулирующая поддержка, доступ к капиталу и финансовая экспертиза.

Экосистема FinTech постоянно изменяется за счет роста числа применяемых инноваций и разнообразия сотрудничества между всеми участниками такой экосистемы (рис. 2).




**Рис. 2. Экосистема FinTech [6]**

Существуют действующие лица, традиционные финансовые учреждения, которые, несмотря на их устаревшую работу, находятся в центре экосистемы [6]. Это объясняется тем, что они по-прежнему являются основным поставщиком финансовых услуг, и другим игрокам в экосистеме FinTech необходимо взаимодействовать с ними на разных уровнях. Таким образом, традиционные финансовые учреждения остаются важными для надлежащего функционирования экосистемы FinTech. Стартапы FinTech – это претенденты, которые приносят на рынок улучшающие финансовые инновации. Категория посредников — это игроки, которые предоставляют аппаратные, программные и сетевые возможности, используемые экосистемой FinTech. Продукты и услуги, предоставляемые посредниками, необходимы для работы экосистемы FinTech, даже если они не вовлечены напрямую. Посредники – это группы, которые предоставляют платформу для участников экосистемы FinTech, чтобы они могли предоставлять свою ценность. Конечные пользователи – это стороны, которые получают выгоду от ценностей, созданных экосистемой FinTech.

Все участники вносят свой вклад в экосистему FinTech на разных уровнях и имеют важное значение для устойчивого состояния и развития всей экосистемы FinTech.

При этом экосистемы FinTech имеют решающее значение для развития технологических инноваций, необходимых для повышения эффективности финансовых рынков и систем, а также улучшения общего клиентского опыта [5]. Экосистемы FinTech открывают возможности для роста во многих секторах деловой финансовой активности, включая программное обеспечение, аналитику данных, платежи, платформы (например, кредитование и торговля между физическими лицами), мобильный банкинг и алгоритмические системы управления активами.

Более того, учитывая масштаб финансовых технологий, динамичная экосистема FinTech может стимулировать более широкую местную экономику, привлекая талантливых, амбициозных людей и становясь средоточием творческого мышления и деловой активности.

**Типология основных направлений деятельности FinTech**. Существующая типология основных направлений FinTech, соответствующая этапам развития этой технологии, представлена на рис. 3.




*Рис. 3. Типология основных направлений FinTech [6]*

За последнее десятилетие организации FinTech по всем направлениям привлекли свыше 500 млрд. долл. США финансирования. При этом на криптовалюту пришлось более 50 млрд. долл. США финансирования.

Необходимо отметить, что сектор FinTech весьма насыщен стартапами и компаниями на ранней стадии, которые соревнуются между собой за создание новых бизнес-моделей, продуктов и услуг (рис. 4). Сектор FinTech предлагает множество продуктов и услуг [7]: мобильные платежи, управление личными финансами, защита от овердрафта, защита от мошенничества, автоинвестирование, криптоинвестирование, денежные авансы, персональные кредиты и программы вознаграждений.




*Рис. 4. Глобальный ландшафт FinTech*

Во всем мире уже существуют тысячи стартапов FinTech [7], которые пытаются нарушить или дополнить традиционное предоставление финансовых услуг разными способами и с разным успехом.

Поэтому такой глобальный ландшафт FinTech неизбежно предполагает волну консолидации в ближайшем будущем [7]. Слияния и поглощения в сфере FinTech будут расти, чтобы удовлетворить потребительский спрос, поскольку финансовые учреждения покупают компании FinTech, чтобы добавить цифровые услуги к своим предложениям, а

конкурирующие компании FinTech консолидируются и приобретают другие FinTech, чтобы оставаться конкурентоспособными в финансовом секторе. Консолидация также позволит более устоявшимся игрокам FinTech расширить свое присутствие в других областях финансовых услуг.

Так, довольно быстрые изменения в поведении потребителей заставляют традиционные банки (особенно небольшие региональные и общественные банки) спешить улучшить свои мобильные банковские платформы и приложения. Аналогичные тенденции появляются в секторе страхования, где наблюдается распространение приложений и платформ, которые позволяют людям подавать заявки и покупать полисы онлайн. То же самое касается платформ потребительских инвестиций, которые позволяют отдельным потребителям получать доступ к сложным инвестиционным продуктам (таким, например, как опционы и деривативы).

**Заключение**. Процесс цифровизации всё еще продолжается и может соединить все точки в мировом финансовом секторе. В настоящее время появляются новые инновационные технологии (генеративный ИИ; открытая связь на основе API; DLT; квантовые и периферийные вычисления; а также встроенный аппаратный Интернет вещей и биометрия), но их влияние в финансовом мире ещё до конца не проявилось.

**ЛИТЕРАТУРА:**


1. Воробьев А.Е. Понятие и сущность «цифровой» экономики // Вестник Атырауского университета нефти и газа №3(47). Казахстан. 2018. С. 154-156.
2. Воробьев А.Е., Ибройева Л. Влияние инноваций на региональные экономики нефтегазовых районов // Материалы XII международной конференции «Ресурсовоспроизводящие, малоотходные и природоохранные технологии освоения недр» Москва (Россия) – Занджан (Иран). М., РУДН. 2013. С. 848-850.
3. Воробьев А.Е., Ибройева Л. Воздействие инноваций на региональные экономики // Сборник научных статей Республиканской научно-практической конференции “Современные проблемы рационального недропользования». Тошкент. ТГТУ. 2013. С. 84-86.
4. Воробьев А.Е., Чекушина Т.В. Национальная экономика и транснациональное недропользование // Ресурсы. Технологии. Экономика», №10. – М.: Наука и Технологии, 2005. С. 16-21.
5. Abdulkader Lamaa, Daniel Diemers. Developing a FinTech ecosystem in the GCC // chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/https://www.strategyand.pwc.com/-m1/en/reports/developing-a-fintech-ecosystem-in-the-gcc.pdf.
6. Abigia Hailu Balcha. The evolution of FinTech in emerging markets: the effect of fintech adoption on remittances. Copenhagen Business School. 2021. 55 p.
7. Donna Parisi. A snapshot of m&a themes and trends // chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/https://rise.barclays/content/dam/thinkrise-com/documents/fintech-m-and-a-insights-digital-2021.pdf. 2021. 44 p.
8. Douglas W. Arner. FinTech: evolution and regulation // Chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/https://law.unimelb.edu.au/__data/assets/pdf_file/0011/1978256/D-Arner-FinTech-Evolution-Melbourne-June-2016.pdf.
9. Kukuh Setiawan, Nadia Maulisa. The evolution of FinTech: a regulatory approach perspective // 3rd International Conference on Law and Governance. Volume 130. 2019. Pp. 218-225.
10. Nigel Morris, Frank Rotman, Matt Risley and Sahej Suri. Reimagining the future of finance. Global Fintech. 2023. 44 p.
11. Shivansh Gorty. The Global Landscape of Fintech companies: trends, challenges, and opportunities // file:///C:/Users/%D0%BC%D0%B2%D0%B8%D0%B4%D0%B5%D0%BE/Downloads/Global_Landscape_of_Fintech_Companies_Trends_Chall%20.pdf. 2024. DOI:10.58445/rars.1483.

12.Varun Mittal. FinTech ecosystem playbook // https://www.researchgate.net/publication/337971072. 2019.

* * *

*Джумабаева Акылай Номонжановна*

## МЕКТЕП ПРЕДМЕТТЕРИН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУ МЕНЕН ОКУУЧУЛАРДЫН ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИЛИМИЙ НЕГИЗДЕРИ

*Джумабаева Акылай Номонжановна*

## НАУЧНЫЕ ОСНОВЫ ФОРМИРОВАНИЯ ПРЕДМЕТНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ УЧАЩИХСЯ ПРИ ИНТЕГРИРОВАННОМ ПРЕПОДАВАНИИ ШКОЛЬНЫХ ПРЕДМЕТОВ

*Djumabaeva Akylay Nomonzhanovna*

## SCIENTIFIC BASIS OF FORMATION OF SUBJECT COMPETENCIES OF STUDENTS DURING INTEGRATED TEACHING OF SCHOOL SUBJECTS

***УДК 371.31***

***Аннотация.*** *Макалада табигый илимдер циклинин дисциплиналары аркылуу математиканы комплекстүү окутуу процессинде студенттердин предметтик компетенцияларын калыптандыруунун илимий негиздери талкууланат. Теманын актуалдуулугу дисциплиналар аралык талдоо жана математикалык маселелерди чечүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо үчүн ар түрдүү тармактардагы билимдерди интеграциялоо зарылдыгы менен шартталган. Долбоордук иш-аракеттерди, интеграцияланган сабактарды жана заманбап технологияларды колдонууну камтыган предметтик компетенцияларды өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү ыкмаларга басым жасалат. Ошодой эле, окутуунун комплекстүү мамилеси окуучулардын билимин тереңирээк өздөштүрүүсүнө жана көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөрүн изилдөөнүн натыйжалары көрсөттү, предметтик билим берүү чөйрөсүн түзүү жана окуунун активдүү ыкмаларын колдонуу сыяктуу комплекстүү окутууну ийгиликтүү ишке ашырууга көмөктөшүүчү педагогикалык шарттар да талкууланат. Иштин практикалык мааниси билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана окуучулардын заманбап дүйнөдө профессионалдык ишмердүүлүккө даярдоо.*

***Негизги сөздөр.*** *Предметтик компетенциялар, интеграциялоо, окутуунун ыкмалары, долбоордук иш-чаралар, интеграцияланган сабактар, математикалык моделдөө.*

***Аннотация.*** *В статье рассматриваются научные основы формирования предметных компетенций ученики в процессе комплексного обучения математике через дисциплины цикла естественных наук. Актуальность темы обусловлена необходимостью междисциплинарного анализа и интеграции знаний в различных областях для подготовки специалистов, способных решать математические задачи. Особое внимание уделяется методам, способствующим развитию предметных компетенций, включая проектную деятельность, интегрированные уроки, использование современных технологий. Так же результаты исследования показали, что интегрированный подход к обучению способствует более глубокому усвоению знаний учащихся и развитию их умений и навыков, которые способствуют успешной реализации интегрированного обучения, например, создание учебного предмета. также обсуждаются окружающая среда и использование активных методов обучения. Практическая значимость работы заключается в повышении качества образования и подготовке ученики к профессиональной деятельности в современном мире.*

***Ключевые слова.*** *Предметные компетенции, интеграция, методы обучения, проектная деятельность, интегрированные уроки, математическое моделирование.*

***Abstract.*** *The article discusses the scientific basis of forming the subject competencies of students in the process of comprehensive teaching of mathematics through the disciplines of the cycle of natural sciences. The relevance of the topic is due to the need for interdisciplinary analysis and integration of knowledge in various fields to prepare specialists capable of solving mathematical problems. Emphasis is placed on methods that promote the development of subject competencies, including project-based activities, integrated lessons, and the use of modern technology. Similarly, the results of the study showed that the integrated approach to teaching contributes to the deeper assimilation of students' knowledge and the development of their skills. Pedagogical conditions that contribute to the successful implementation of integrated teaching, such as the creation of a subject educational environment and the*

*use of active learning methods, are also discussed. The practical significance of the work is to improve the quality of education and prepare students for professional activity in the modern world.*

***Key words.*** *Subject competencies, integration, teaching methods, project activities, integrated lessons, mathematical modeling.*

Заманбап билим берүү окуучуларда дүйнөгө бирдиктүү көз караштарды калыптандыруу үчүн ар кандай окуу предметтерин интеграциялоо зарылдыгына туш болууда. Айрыкча, математика менен табигый илимдердин интеграциясы окутуунун маанилүү аспектиси болуп калат, анткени эки билим чөйрөсү өз ара байланышта жана бири-бирин толуктап турат. Бул предметтерди интеграциялоо процессинде окуучуларда предметтик компетенцияларды калыптандыруу критикалык ой жүгүртүүнү, аналитикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана билимди практикада колдоно билүүгө өбөлгө түзөт.

Предметтик компетенциялар – бул белгилүү бир чөйрөдөгү милдеттерди ийгиликтүү аткаруу үчүн зарыл болгон билимдердин, көндүмдөрдүн жана билгичтиктердин жыйындысы. Мында:

- Билим: математика жана табият таануу тармагындагы теориялык негиздер жана фактылар.

- Көндүмдөр: билимди практикада колдоно билүү, маселелерди чечүү жана эксперименттерди жүргүзүү.

- Билгичтик: критикалык ой жүгүртүүнү жана маалыматты талдоодо илимий мамилени өнүктүрүү.

Ошондой эле, предметтик компетенциялар теориялык билимдерди гана эмес, окуучулар реалдуу кырдаалдарда колдоно ала турган практикалык көндүмдөрдү да калыптагдырат. А.В Хуторской тарабынан сунушталган аныктамага ылайык предметтик компетенциялар үч деңгээлге бөлүнөт: мета-предметтик, предмет аралык жана предметтик [5].

Предметтик компетенциялардын ийгиликтүү калыптанышы үчүн тиешелүү уюштуруучулук жана педагогикалык шарттарды түзүү зарыл. Буга төмөнкүлөр кирет:

- Математика менен табигый илимдерди бириктирген окуу программасын иштеп чыгуу.

- Активдүү окутуу ыкмаларын колдонуу, мисалы, долбоордук иш-аракеттер жана изилдөө иштери.

- Өз алдынча билим алуу үчүн шарттарды түзүү, бул окуучуларга темаларды өз алдынча изилдөөгө жана алган билимдерин практикада колдонууга мүмкүндүк берет [2].

Мектепте «Математика» жана «Табият таануу» предметтери бир максатты - жалпы маданий, инсандык жана когнитивдик өнүгүүнү камсыз кылат, б.а. балага негизги көндүм – үйрөнүү, ойлонуу, талдоо, гипотеза коюу жана анын чечүү жолун табуу жөндөмдүүлүгүнө үйрөтүү болуп саналат. Ал эми буга ар бир окуучуну активдүү таанып билүү процессине тартуу мүмкүнчүлүгүн билдирген предметтер, интеграцияланган сабактар көмөктөшөт, анткени ар бир адам өздөрүнө жакыныраак чөйрөдө өзүн көрсөтүүгө жана алган билимдерин иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Дал ушундан улам мектепте ар кандай предметтерди окутууда интегративдик мамиле жөнүндө суроо туулат, ал билим системасын өнүктүрүүгө, мектеп окуучуларынын ар түрдүү предметтер үчүн жалпы идеялардын так көз карашына жана билимдин жаңы, интеграциялык жолун калыптандырууга өбөлгө түзөт [4].

Интеграциянын структурасында маанилүү орунду аны ишке ашыруунун деңгээлдери ээлейт. М.Н. Берулов [1] интеграциянын мындай деңгээлин сунуштайт.

Билим берүү мазмунун интеграциялоонун биринчи жана эң жогорку деңгээли бүтүндүк деңгээли болуп саналат, ал интеграциялык мүнөзгө ээ жана өзүнүн изилдөө предметине ээ болгон жаңы окуу дисциплинасын калыптандыруу менен аяктайт.

Билим берүүнүн мазмунун интеграциялоонун экинчи деңгээли – дидактикалык синтездин деңгээли. Бул деңгээлдеги билим берүү предметтерин интеграциялоо дайыма жүргүзүлүп турат.

М.Н. Беруловдун деңгээлдик сунушуна токтолсок, анда мектеп предметтерин интеграциялап окутууда экинчи деңгээлин колдонобуз, б.а. предметтерди интеграциялоо тынымсыз жүргүзүлүп турат.

Ошондой эле, интеграция билим берүүнүн каражаты катары окуучуга дүйнөнүн айрым бөлүктөрүнүн система катары байланышын чагылдырган билимди берип, баланы биринчи кадамдардан баштап дүйнөнү бардык элементтери өз ара байланышта болгон бирдиктүү бүтүн катары кабыл алууга үйрөтүшү керек.

Илимдердин интеграциясынын алгачкы этабынын мезгили билим берүүнүн мазмундук системасынын элементтеринин ортосундагы интеграциялык байланыштарды орнотууга да таасирин тийгизген.

Дидактикттер тынымсыз баса белгилешкен: «Окуу программасынын предметтик структурасы бүтүндөй анын айрым бөлүктөрүнүн көмүскөдө калышы, токойдун дарактардын артынан көрүнбөй калышы коркунучу көп. Мындай коркунучту болтурбоо үчүн билим берүүнүн мазмунунда бөлүктөрдүн синтезин, интеграциясын, бирдиктүү бүтүндүккө байланышын камсыз кылуу зарыл» [1].

Билим берүү системасындагы “интеграция” түшүнүгү эки мааниге ээ: биринчиден, бул окуучуну курчап турган дүйнөгө бүтүндөй көз карашын түзүү (бул жерде интеграция окуунун максаты, башкача айтканда, билим деңгээли катары каралат); экинчиден, предметтик билимдерди бириктирүү үчүн жалпы аянтчаны табуу (бул жерде интеграция – бул окуунун каражаты, башкача айтканда, ишмердүүлүк деңгээлиндеги интеграция).

Далингер В.А. “Математика жана табият таануу дициплиналарынын интеграциясынын теориялык негиздери” аталышындагы эмгегинде “Окуу процессинде интеграциянын мүмкүн болгон формасы интеграцияланган сабактар жана интеграцияланган тандоо курстары болуп саналат. Интегралдык сабактар жана факультативдик курстар окуучулардын билимин тереңдетүү, алардын көз карашын кеңейтүү, изилденүүчү предметтерге кызыгуусун ойготуу, дисциплиналар аралык байланыштарды тереңдетүү жана адамдын айланадагы дүйнө жөнүндөгү идеяларынын бытырандылыгын жоюу үчүн арналган”, [1] - деп билдирген. Мында предметтердин интеграциясын уюштуруу аркылуу ошол предметтердин ортосундагы ажырымды жоюга боло тургандыгын билсек болот.

Интеграциялоо процесси математика, физика, биология, химия предметтеринин темалары бири-бирине шайкеш келбегендигинен улам татаалдашат. Мындан тышкары, комплекстүү мамиле менен окутуунун методикасы мектеп окуучуларын өз алдынча чыгармачылык изденүүгө жана изилдөөгө багыттап, ар кандай илимдердин билимдерин жана ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын интеграциялоого мүмкүндүк берүүчү активдүү ыкмаларды жана формаларды колдонууга тийиш. Мындай методдор долбоорлоо

технологияларын колдонууну камтышы мүмкүн, математика жана табият таануу дисциплиналары долбоордук методду эффективдүү колдонуу үчүн кеңири мейкиндикти камсыздайт, бул өз кезегинде окуучу үчүн зарыл болгон билимдерди өздөштүрүү жана көндүмдөрдү калыптандырууга өбөлгө түзөт [3].

Долбоордук ишмердүүлүк – окууну интеграциялоонун эң эффективдүү ыкмаларынын бири. Предметтер аралык долбоорлорду иштеп чыгуу аркылуу окуучулар математикалык ыкмаларды табигый илимдерден маселелерди чечүү үчүн колдонушат. Ал эми, изилдөө долбоорлору, билимди практикалык колдонуу аркылуу предметти түшүнүүнү тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Мисалга алсак, "Математика жана табигаттагы физика" долбоорун 9-10-класстарда уюштурсак болот. Мында долбоордун максаты, математикалык методдорду колдонуу менен физикалык кубулуштарды изилдөө. Ошондой эле долбоордо төмөнкүдөй темаларды карасак болот:

- математикалык формулаларды колдонуу менен физикалык чоңдуктарды өлчөө жана аларды эсептөө.

- айлануу телолорунун көлөмүн эсептөө жана өз алдынча эсептөө ыкмаларын иштеп чыгуу.

Интеграцияланган сабактар математика менен табигый илимдерди чогуу окуутулат. Мында тематикалык сабактар, анда изилденип жаткан тема математикалык жана табият таануу аспектилерин камтыйт. Ошондой эле, окуучулар эки тармактын билимин колдонууну талап кылган предметтик тапшырмаларды аткарышат. Мисалы,

Тема: "Экологиялык көйгөйлөр" (математика жана география)

8-9-класс

Сабактын максаты: Статистикалык методдорду колдонуу менен экологиялык маалыматтарды талдоо.

Окутуу ыкмалары: Топтордо иштөө, маалыматтарды талдоо, графиктерди түзүү.

Сабактын түзүлүшү:

- айлана-чөйрөнүн булганышы боюнча маалыматтарды чогултуу.

- маалыматты визуалдаштыруу үчүн графиктерди жана диаграммаларды түзүү.

- алынган маалыматтардын негизинде экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун талкуулоо.

Интеграциялык окутуунун натыйжаларын баалоодо эки предметте билимдерди текшерүү, долбоорду коргоо, б.а. окуучулар өз изилдөөлөрүн сунуштап, турмуштук көйгөйлөрдүн чечимдерин табуу жолдор аркылуу жүргүзүлөт.

Интегралдык окутууну уюштурууда мугалим негизги ролду ойнойт, б.а. окутуунун жаңы ыкмаларын киргизүүгө даяр болушу жана түрдүү предметтер боюнча мугалимдердин кызматташуусуна шарт болушу керек.

Интеграцияны ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн мугалимдер окутуунун жаңы ыкмаларын тынымсыз үйрөнүп туруусу жана семинарларга жана конференцияларга катышуу аркылуу кесиптик өсүүсү зарыл.

Жыйынтыктап айтканда математиканы окутууда табият таануу циклинин дисциплиналары аркылуу интеграциялоо окуучулардын предметтик компетенцияларын өнүктүрүүнүн натыйжалуу ыкмасы болуп саналат. Бул ыкма критикалык ой жүгүртүүнү, аналитикалык көндүмдөрдү жана билимди практикада колдонуу жөндөмүн өнүктүрүүгө

өбөлгө түзөт. Билим берүүнүн жогорку сапатын камсыз кылуу жана окуучуларды заманбап дүйнөнүн чакырыктарына даярдоо үчүн окутуунун жаңы ыкмаларын изилдөөнү улантуу зарыл. Мындай ыкма ар бир дисциплинада билимди тереңдетүүгө гана жардам бербестен, бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүү профессионалдык ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон предмет аралык ой жүгүртүү жөндөмүн да өнүктүрөт. Азыркы коомдун талаптарына жооп бере турган окутуунун эффективдүү методдорун изилдөөнү улантуу жана ишке киргизүү маанилүү.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Далингер В.А. Теоретические основы интеграции математики и естественнонаучных дисциплин. Международный журнал экспериментального образования. – 2016. –№ 8 – С. 121-122

2. Леонидовна Г.Е., Формирование и развитие предметных компетенций у студентов в процессе самообразовательной деятельности по химии в медицинском вузе. Диссертация, 2016г. https://www.dissercat.com/content/formirovanie-i-razvitie-predmetnykh-kompetentsii-u-studentov-v-protsesse-samoobrazovatelnoi

3. Николаева Е. Н. Интеграция математических и естественнонаучных знаний в учебных проектах учащихся // Научно-методический электронный журнал «Концепт». – 2014. – Т. 20. – С. 2211–2215. – URL: http://e-koncept.ru/2014/54706.htm.

4. Семкин А.В., Ким А.О., Предметы «математика» и «естествознание» как компоненты развивающей функции обучения младших школьников, НАУКА И РЕАЛЬНОСТЬ / SCIENCE & REALITY № 4(8) 2021

5. Ходос О.С., Формирование предметной компетентности у студентов в контексте среды виртуальной реальности. Вестник бурятского государственного университета, 1(2)/ 2014. https://cyberleninka.ru/article/n/formirovanie-predmetnoy-kompetentnosti-u-studentov-v-kontekste-sredy-virtualnoy-realnosti

* * *

***Жумабек кызы Гүлкан, Апышова Базаргүл Токтосуновна***

# ЭТНОМАДАНИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ

***Жумабек кызы Гүлкан, Апышова Базаргүл Токтосуновна***

# ЭТНОКУЛЬТУРНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ

***Znumabek kuzy Gulkan, Apyshova Bazargul Toktosunovna***

# ETHNOCUITURAI EDUCATION

УДК:378.02.372

***Аннотация.*** *Аталган макаланын актуалдуулугу тарбиянын түгөнгүс көрөңгөсү катары эсептелинген этномаданий билим берүү аркылуу көп улуттуу калкыбыздын кылымдарды карыткан каада-салттары, үрп-адаттары, ырым-жырымдары, керемет элдик оюндары, майрамдары, кайталангыс коллоритке эгедер кол өнөрчүлүгү, билим берүүдө, таалим-тарбиянын соолгус булагы катары каралгандыгы. Ошондой эле анын өнүгүү багыттары, структуралык моделдери, аныктамалары, этномаданий компетенттүүлүктү балада калыптандыруу маселелери макалада негизги аспект катары таанылып, билим берүүдөгү этномаданияттын орду, билим менен маданияттын ортосундагы карым-катнаштар, ар кандай билим моделдеринин коомдук эволюцияга жараша өзгөрүүсү, этномаданий билимдин максат, мазмунунун жогоруда аталган талаптарга ылайык өсүп-өнүгүү маселелери каралат. Бул позициядан алганда, кыргыз адабияты сабагында өсүп келе жаткан жаш муундарга эзелтеден бери сакталып келе жаткан көп улуттуу элибиздин ишенимдерин, каада-салттарын, искусствосун этномаданий билим берүү аркылуу калыптандыруу аталган макаланын максаты болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *этномаданият, этномаданий билим берүү, таалим-тарбия, окутуу, билим, билимдин максаты, билимдин мазмуну, бала, адабият, каада-салт.*

***Аннотация.*** *Актуальность упомянутой статьи заключается в том, что через этнокультурное образование, которое рассматривается как неисчерпаемое проявление образования, многовековые традиции, обычаи, обряды, чудесные народные игры, праздники, неповторимые по колориту ремесла, в образовании, как неисчерпаемый источник образование. Также в статье основными аспектами признаны направления ее развития, структурные модели, определения, вопросы формирования этнокультурной компетентности у детей, место этнокультуры в образовании, взаимосвязь образования и культуры, смена различных моделей образования по В связи с социальной эволюцией цель и содержание этнокультурного образования рассмотрены выше. Вопросы роста и развития будут рассмотрены в соответствии с указанными требованиями.*

*С этой точки зрения цель данной статьи заключается в том, чтобы сформировать для молодого поколения, подрастающего на уроке кыргызской литературы, через этнокультурное образование.*

***Ключевые слова.*** *этнокультура, этнокультурное образование, образование, обучение, воспитание, цель образования, содержание образования, ребенок, литература, традиция.*

***Annotation.*** *The relevance of the mentioned article is that through ethnocultural education, which is considered as an inexhaustible manifestation of education, centuries-old traditions, customs, rituals, wonderful folk games, holidays, unique in color crafts, in education, as an inexhaustible source of education. Also in the article the main aspects are recognized as the directions of its development, structural models, definitions, issues of formation of ethnocultural competence in children, the place of ethnoculture in education, the relationship between education and culture, the change of various models of education according to In connection with social evolution, the purpose and content of ethnocultural education are considered above. The issues of growth and development will be considered in accordance with the specified requirements. From this point of view, the purpose of this article is to form for the young generation growing up in the lesson of Kyrgyz literature, through ethnocultural education.*

***Key words:*** *ethnoculture, ethnocultural education, education, training, upbringing, the purpose of education, the content of education, child, literature, tradition.*

**Киришүү.** Маданият – адамзаттын бардык жетишкендиктеринин жыйындысы катары жапайы жаратылыш дүйнөсүнөн айырмаланып, адам өзү жараткан «экинчи табият» катары каралат**.** Ал элдин руханий байланыштары катары улуттун, көп улуттуу маданияттын жана жалпы элдин басып өткөн тарыхый тагдырын бирдиктүү тыгыз байланыштырып, бириктирип турат. Англис тилинде маданият “cultros” “адат, салт, ишенимдер”деген маанини түшүндүрүп, маданият сөзү көбүнчө адамдардын белгилүү бир топторунун белгилүү бир мезгилдеги жашоо образы, жалпы үрп-адаттары жана ишенимдери, белгилүү бир доордун же элдин салттары, цивилизациялары, жетишкендиктери катары чечмеленет [1.119] Ал эми илимде маданият темасы көтөрүлгөндө “этнос” темасы да кошо көтөрүлөт. Анткени маданият этноско бириккенде гана өнүгүп-өсүп өзүнүн өзгөчө баалуулуктарын сактап калат. Академик Ю.В. Бромли этносту социалдык-маданий көрүнүш катары караган. Ал этникалык жамаатты бир аймакта тарыхый жактан калыптанган адамдардын туруктуу, көп муундуу жыйындысы катары мүнөздөп, ата-бабалардын байыркы теги, жалпы тарыхый тагдыры, жалпы салттары, маданияттары, жашоо өзгөчөлүктөрү, жалпы аймак жана тили боюнча биригип, маданияттын жана психиканын жалпы белгилерин гана эмес, салыштырмалуу туруктуу мүнөздөмөлөргө ээ болуусу, ошондой эле алардын окшоштуктарын жана башкалардан айырмасын атап көрсөткөн. Ал эми бул жагдайда орус этнологу С.В. Лури этноско төмөнкүдөй аныктама берет: “Этнос – бул дүйнөдөгү адамдын иш-аракетинин мүнөзүн аныктоочу спецификалык моделдер менен мүнөздөлгөн жана ар бир коом үчүн өзгөчө кандайдыр бир нерсени сактоого багытталган өзгөчө моделдерге ылайык иш жүргүзгөн социалдык жамаат. Узак убакыттан бери биргеликте өнүккөн, анын ичинде ири социалдык-маданий өзгөрүүлөрдүн жыйындысы» [2,34]. Бул жагынан алганда, С.В.Лури этнос менен маданиятты биргеликте карап, этнологиялык маданиятты коомду

кармап турган жана аны кыйроодон сактаган структура катары эсептейт. Этномаданият – «этнос» жана «маданият» деген эки сөздөн куралып, элдин маданияты жөнүдөгү илим деген маанини билдирип турат. Тактап айтканда этномаданият – коомдун өсүп – өнүгүүсүнүн белгилүү бир деңгээлин мүнөздөп көрсөткөн, адам коому тарабынан түзүлгөн материалдык жана руханий баалуулуктардын [5.10] катары каралат.

**Колдонулган метод:** Илимий теориялык

**Талкуу жана натыйжа**. Ар бир улут өзүнө гана тиешелүү материалдык жана рухий дөөлөттөргө ээ. Материалдык маданият катары ар бир элдин жашоого шарт түзүү үчүн муктаждыктан улам өз колу менен жасалган буюм-тайымдары, архитектуралык курулуштары ж.б. эсептелинет. Алар убакыт өткөн сайын улуттук дөөлөткө айланган мурастар, улам мезгилдин алмашуусу менен жаңыланып, оңдолуп, түзөтүлүп муундан-муунга сакталып келген баа жеткис байлыктар. Ал эми рухий дөөлөт же рухий байлык болсо, улуттун, элдин жашоо-турмушу менен кошо жашап, кошо өнүгүп, элдин ички кан-жанына сиңип калган салт-санаасы, үрп-адаты, тамак-ашы, улуттук ондары, музыкасы ж.б.у.с. маданияттардын жыйындысы катары, улутка таандык болгон асыл сапаттар болуп эсептелинет. Алар элдин жашоого болгон көз карашынан, ички терең ой жүгүртүүлөрүнүн негизинде пайда болот. Улуттук маданият өзүнүн маңызы жана бүтүндөй табияты боюнча улуттук психологияны, улуттук өзгөчөлүктөрдү, алардын адеп-ахлактык аң-сезимин жана ар улуттагы элдердин жекече сезимин ачык чагылдырууга жөндөмдүү. Этномаданиятты өз ара аракеттенүүнүн көп функционалдуу системасы катары аныктоодо жана структуралаштырууда анын предметинин өзүн жана аны коштоп жүрүүчү салттар, үрп-адаттар, баалуулуктар сыяктуу субсистемаларын бөлүп көрсөтүү зарыл. Этномаданият – этносту сактоого жана анын жашоо шарттарын кайра жаратууга багытталган аны өздөштүрүү үчүн этноско мүнөздүү болгон ыкмалардын жыйындысы [3,124]. Анын өсүп-өнүгүүсүнө маданий кабылдоо, ксенофобия, интернационалдаштыруу, социалдаштыруу процесстери салым кошот. Жогорудагы процесстерден өзгөчө баса белгилөөчү процесс социалдаштыруу процесси. Бул процесс адамдын коомдо маданий нормаларга ээ болуу менен инсан катары жетилишине өбөлгө түзүп, инсандын коомдук маанилүү белгилеринин комплексин камтыйт, ал адатта адамдын коомдогу жүрүм-турумунун жана иш-аракетинин ар кандай социалдык топтор менен байланышта болуусунун аспектилери катары каралат. Социологиялык көз караштан алганда инсандын эң маанилүү баалуулуктары катары каада-салттарды, адеп-ахлакты, ырым-жырымдарды кабыл алуусун жана өздөштүрүүсүн чагылдырган баалуулук багыттары сыяктуу инсандык сапаттар, ошондой эле коом үчүн зарыл болгон билимдердин, көндүмдөрдүн, адаттардын белгилүү бир жыйындысы болуп саналат. Ошентип, адам баласынын коомдо инсан катары калыптанышында социалдык чөйрөнүн жана этномаданияттын ролу зор мааниге ээ экендиги талашсыз..

Табият адамда жүрүм-турумдун айрым түрлөрүн гана сиңиргендиктен жеткиликтүү аң-сезимге, жүрүм-турумга ээ болуу жараяны ар кандай сырткы чөйрөнүн таасиринен улам ишке ашат. Ал эми коомдо активдүү иш-аракеттерди баштоодон мурун адам инсан катары калыптынышы керек, башкача айтканда тийиштүү чөйрөдө өзүн алып жүрүү, коомго аралашуу сыяктуу иш-аракеттер билим жана тарбиясыз ишке ашыруу мүмкүн эмес, атап айтканда инсанды окутуу жана тарбиялоо инсанды калыптандыруунун негизги элементи экендиги талашсыз.

Адатта билим берүүнүн зарыл структуралык компоненттери окутуу жана тарбиялоо болуп саналат, алар өз кезегинде инсанды калыптандыруунун негизги элементтерин түзөт. Баланы окутуп, билим берүүдө алдын ала белгиленген маалыматтарды, алардын касиеттерин, теориясын окуучуга сиңирүү менен чектелбестен, маданият анын бөлүктөрүн да стихиялдуу өздөштүрүүгө өбөлгө түзүү зарыл экендигин эске алуу керек. Баланын инсан катары өнүгүүсүнө тарбиянын субьектери катары аны курчап турган чөйрө аныктап айтканда, ата-энеси, достору, тууган-туушкандары, мугалимдери ал эле эмес адабий чыгармалардагы каармандар же кинодогу элестүү каармандар гана эсептелинбестен ошол улуттун каада-салты, үрп-адаттары, ойногон оюндары, ар кандай ишенимдеринин да ролу зор экендиги баарыбызга белгилүү. Аныктап айтканда адамдын коомдо активдүү инсан катары калыптанышынын негизги кыймылдаткыч күчү бул – этномаданият болуп эсептелинет. Этномаданият түптөлөт жана өздөштүрүлөт, аны өздөштүрүү билим алуу аркылуу ишке ашат.

Ар кандай улуттун кан жанына сиңген үрп-адаттары, каада-салттары, ишенимдери, өз алдынча баракка жазылбаса да мыйзам катары таасирдүү эрежелерди, улуттук дөөлөттөрдү өздөшүрүүнүн натыйжасында бала инсан катары калыптанат жана жүрүм-туруму жөнгө салынат. Этномаданияттын инсандын калыптанышына тийгизген таасиринин эң маанилүү фактору – этнопедагогика. Этнопедагогика муундан муунга элдин социалдык-экономикалык жана адеп-ахлактык тажрыйбасын алып жүрүү милдетин аткарат.

Элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын, эне тилинин тарбиялык маанисинин зор экендигин өткөн доордун чыгаан мугалими Коменский баса белгилеп, жогору бааласа, немистердин көрүнүктүү мугалими А.Дистервег “жалпы билим берүүнүн” жактоочусу болгондугуна карабай “Педагогикага маданий жактан калыптанган билим берүү принцибин киргизип, жалпы адамзатка баруучу жакыныраак жана жеткиликтүү жол этномаданияттын бөлүктөрү аркылуу ишке ашат” – деп эсептейт. Ал эми К.Д.Ушинский өзүнүн педагогикалык системасынын негизи катары улуттук тарбия берүү принцибинин негизин койгон. Ал улуттуулук бардыгы үчүн жалпы тубаса ык экенин, ага билим дайыма таяна алаарын айткан [4.71]. «Элдин педагогикалык маданияты» деген түшүнүктүн түпкү маңызын биринчи жолу академик Г.Н.Волков «Этнопедагогика» деген эмгегинде белгилеген. Ар кандай ыкмалардын жана каражаттардын инсанга таасир этүүсүнүн натыйжалуулугуна улуттук психологияны билүү менен гана жетишүүгө болот. Билим берүүдө улуттук психологияга, философияга, маданиятка таянуу инсанды өнүктүрүүдө жана калыптандырууда универсалдуу идея экендиги талашсыз. Жогоруда айтып өткөндөй ар бир элдин педагогикалык маданиятынын негизин этнопедагогика түзөт. Каада-салттардын жана үрп-адаттардын жардамы менен эл эмгектик, адеп-ахлактык, эстетикалык, физикалык, диний тарбиянын негиздерин жаратат. Каада-салт жана ырым-жырым, үрп-адат жана адеп-ахлак элдик педагогикалык көз караштардын мазмунун аныктайт. Анын пикири боюнча, «педагогикалык маданият – бул элдин материалдык жана руханий маданиятынын чөйрөсү, ал түздөн-түз билим берүү менен байланышкан [4.72] деп баса белгилейт. Жалпылап айта турган болсок жогорудагы айтылган пикирлер канчалаган доорлор алмашса да Калыгул айткандай: “Устаранын мизиндей курч заманда” да баланын инсан катары калыптануусундагы этномаданий билим берүү актуалдуу боюнча калууда.Этномаданий билим берүү бул – эне тили жана маданий салттарга үйрөтүү, ошондой эле дүйнөлүк

маданий салттарга байыр алдыруу аркылуу инсандын этномаданий адептүүлүгүн сактоо, өнүктүрүүнү көздөгөн таалим-тарбия. Азыркы коомдогу бирден-бир маанилүү маселелердин бири – руханий жана улуттук ан-сезимдин кайра жаралуусу [6.171]. Бул маселенин чечилиши билим берүү тармактарында этномаданий багыттагы билим берүү менен тыгыз байланышта каралат. Этномаданий билим берүүнүн мааниси жана негизги функциясы – жаштарды этномаданий жактан калыптандыруу болуп саналат. Кыргызстандын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде этнопедагогикалык билим берүү боюнча теориялык негиздемелер жана методикалык көрсөтмөлөр «Кыргыз мектептеринде предметтик билим берүүнүн концепциялары» (1994), «Маданиятка шайкеш таалим-тарбия» (1995) сыяктуу расмий документтерде орун алган. Аталган концепцияларга ылайык мектептеги, айрыкча гуманитардык багыттагы сабактардын окуу программалары, окуу китептери улуттук-маданий баалуулуктардын негизинде кайра иштелип чыккан [6,171]. Кыргыз Республикасында элге билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясынын максаты – бул илимди, маданиятты жана билим берүү процессин түрк элдеринин тарыхын, Чыгыштын, Орто Азия өлкөлөрүнүн жана Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин көчмөндүү маданиятын дүйнөлүк тарыхтын контекстинде дүйнө таануучулук синтездөөнүн негизинде жаш муундарды окутуп тарбиялоонун жогорку сапатын камсыз кылгыдай билим берүүнүн улуттук моделин калыптандыруу болуп эсептелет. Өсүп келе жаткан муундарды улуттук маданият, элдик каада-салт, ыймандык жана эстетикалык баалуулуктар менен тааныштыруу, ошол эле учурда аны жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштыра ишке ашыруу. Бул идея айрыкча башталгыч билим берүү, тил жана адабият, тарых, география жана башка предметтик концепцияларда кеңири чагылдырылган. [6.72].

Ал эми кыргыз адабияты сабагында этномаданий билим берүүдө улуу рух байлыктарын камтыган фольклордук бай казынабыз улуу “Манас” эпосу баш болгон, Арстанбек, Жеңижок, Токтогул сыяктуу төкмө акындарыбыздын ыр саптарындагы терең маанилүү санат-насыяттар, Карамолдо, Ниязаалы созолонтуп черткен залкар күүлөр, Боогачы, Мусалар созгон керемет обондор, ооздон-оозго айтылып жүргөн үрп-адатка толгон фольклордук чыгармалар, кыргыздын рухун, духун, психологиясын, философиясын өз чыгармаларында чагылдырган Чыңгыз Айтматов баш болгон Түгөлбай Сыдыкбеков, Аалы Токомбаев, Төлөгөн Касымбеков сыяктуу жазуучулардын чыгармаларын таалим-тарбиянын алтын кору катары алсак болот. Алсак кыргыз адабиятынын фондундагы кандай гана чыгарма, роман, драма, поэзия болобу баарында кыргыз элинин жарык дүйнөгө келгенден тартып, аны менен кош айтышканга чейинки турмушун коштоп жүргөн жашоонун ар кандай кырдаалдарында колдонула турган эрежелери: оозантуу, сүйүнчүлөө, азан чакырып ат коюу, жэнтек берүү, бешик той өткөрүү, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу, уул үйлөө, кыз узатуу, маркумду акыркы сапарга узатуу жана башка салттары чагылдырылат. Аталган ар бир салтар улуттун өзүнчө аткарылуучу жөрөлгөлөрдөн, ырым-жырымдардан жогоруда аталган жалпы элдик салттын аткарылышы катары ар бир адамдын ага карата болгон мамилеси менен туюндурулат. Дал ушундай улуу байлыкты жаш муунга сиңирүү, өнүктүрүүгө жол көрсөтүү кыргыз адабияты сабагында ишибиздин максатына ылайык каралды.

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, кыргыз адабияты сабагы аркылуу этномаданий негизде билим жана тарбия берүү окуучуларды өздөрү жашап жаткан өлкөнүн түпкүлүктүү

элинин тарыхый мурастары, көөнө салттары, байыртадан келе жаткан таалим-тарбия эрежелери менен ар тараптуу жана терең таанышууга мүмкүнчүлүк берет ошондой эле этномаданий негизге таянып билим берүү аркылуу кыргыз адабияты сабактарынын таасирдүүлүгүн, таалимдүүлүгүн арттырып, улуттук дөөлөттөрдү кастарлап сактоого, кыргыз тилинин мындан ары өнүктүрүүгө мындан ары жол ачат.

Кыргыз эли байыртадан маданиятка бай эл экендигине таянуу менен ал маданиятты келечек муунга бөксөртпөй өткөрүп берүү үчүн мектеп программасындагы гуманитардык бардык сабактар маданият менен интеграцияланып өтүлүүсү жана жада калса этномаданиятка багытталган ийримдердин көбөйүүсүн сунуштайбыз.

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. Аверкиева Ю.П. История теоретической мысли в американской этнографии. – М.,1979
2. Баллер Э.А. Преемственность в развитии культуры.- М.,1969
3. Верещагин Е.М., Костомаров В.Г. Язык и культура. – М.,1990
4. Кон И.С. Ребенок и общество. – М.,1998.
5. Кыргыз элинин этномаданиятынын совет доорундагы абалы Чыңгыз Айтматовдун көркөм иликтөөсүндө- Б.: 2011
6. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). - Б.: 2004


* * *


***Нажимидинова Асылкан Элчиевна, Абдумансурова Акылай Маматовна, Сейдалиева Орозгүл Усеновна, Жолубай кызы Атыргүл***


## ЭЛДИК ЖОМОКТОР, УЛАМЫШТАР ЖАНА МИФТЕР АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН МЕТОДДОРУ, ФОРОМАЛАРЫ


***Нажимидинова Асылкан Элчиевна, Абдумансурова Акылай Маматовна, Сейдалиева Орозгүл Усеновна, Жолубай кызы Атыргүл***


## МЕТОДЫ, ФОРМЫ ФОРМИРОВАНИЯ ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ ЧЕРЕЗ НАРОДНЫЕ СКАЗКИ, ЛЕГЕНДЫ И МИФЫ


***Asylkan Nazhimidinova, Orozgul Seydalieva, Zholubai kyzy Atyrgul, Abdumansurova Akylai Mamatovna***


## METHODS, FORMS OF FORMATION OF ETHNOPEDAGOGICAL COMPETENCE OF STUDENTS THROUGH FOLK TALES, LEGENDS AND MYTHS


***УДК. 37;378;378.937;398***



***Аннотация:*** *Адабий билим берүүнүн жалпы максаты - мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруу. Бул макалада балдар адабиятындагы кыргыз балдар фольклорунун ички мазмунундага улуттук руханий баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу менен бирге андагы чыгармалардын эстетикалык, тарбиялык, тематикалык өзгөчөлүктөрүн болочок мугалимдерге ачып берүү жана алардын этнопедагогикалык компоненттүүлүгүн калыптандыруунун формалары менен методдору жөнүндө баяндалды. Кыргыз балдар фольклорунун ички мазмуну тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу менен бирге андагы чыгармалардагы эстетикалык, тарбиялык, тематикалык өзгөчөлүктөрүн болочок мугалимдерге ачып берүү жана этнопедагогикалык компоненттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. Жогоруда биз көп ирет белгилеп өткөндөй кыргыз балдар адабияты предмети гуманитардык-педагогикалык ЖОЖдордо окутулат. Тактап айтканда педагогикалык факультеттерде жана кыргыз тили жана адабияты адистиктеринде.*



***Түйүндүү сөздөр:*** *адабий билим, көркөм адабияты, балдар фольклору, эстетикалык тарбия, тематикалык өзгөчөлүк, этнопедагогикалык компетенттүүлүк, улуттук баалуулуктар.*



***Аннотация:*** *Общая цель литературного образования-познакомить школьников с лучшим образцами*

*отечественной и мировой литературы. В данной статье, наряду с формированием представлений о внутреннем содержании кыргызского детского фольклора в детской литературе, раскрываются эстетические, познавательные, тематические особенности его произведений будущим педагогам. Наряду с формированием представлений о внутреннем содержании кыргызского детского фольклора, целью является выявление эстетических, воспитательных, тематических особенностей произведений кыргызского детского фольклора для будущих учителей и формирование этнопедагогической компонентности. Как мы неоднократно отмечали выше, предмет кыргызская детская литература преподается в гуманитарно-педагогических вузах. В частности, на педагогических факультетах и специальностях кыргызского языка и литературы.*

***Ключевые слова:*** *литературное образование, художественная литература, детский фольклор, эстетическое воспитание, тематические особенности, этнопедагогическая компетентность, , национальные ценности.*

***Annotation:*** *The general purpose of literary education is to acquaint schoolchildren with the best examples of their nation and world literature. In this article, along with the formation of concepts about the internal content of Kyrgyz children's folklore in children's literature, revealing the aesthetic, educational, thematic features of its works to future teachers. Along with the formation of ideas about the inner content of Kyrgyz children's folklore, the aim is to identify the aesthetic, educational, thematic features of the works of Kyrgyz children's folklore for future teachers and the formation of ethnopedagogic components. As we have repeatedly noted above, the subject of Kyrgyz children's literature is taught in humanitarian and pedagogical universities. In particular, at the pedagogical faculties and specialties of the Kyrgyz language and literature.*

***Keywords:*** *literary education, fiction, children's folklore, aesthetic education, thematic features, ethnopedagogical competence, national values.*

"Адабий билим берүүнүн жалпы максаты - мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп атуулдук адеп-ахлактык позициясын бекемдөө. Мындай максат милдеттерди аткаруу үчүн өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабиятынын мыкты үлгүлөрүн окуучуларга окутуп-үйрөтүү керек: окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылган билимин жана билгичтигин, көндүмдөрүн калыптандырып, адабиятты улуттук жана бүткүл адабияттык негизде кабыл алуусун иштеп чыгуу: инсандык личность катары эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искуствого болгон мамиле-жообун, социалдык калыптандыруу: адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезимдерин жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк көз караштарын өстүрүү: окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу: окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу" [1.206-207].

Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары: деп белгилегендей педагогикалык окуу жайларында билим алып жаткан студенттерге кыргыз балдар фольклорун окутуунун максаты: Кыргыз балдар фольклорунун ички мазмуну тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу менен бирге андагы чыгармалардагы эстетикалык, тарбиялык, тематикалык өзгөчөлүктөрүн болочок мугалимдерге ачып берүү жана этнопедагогикалык компоненттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. Жогоруда биз көп ирет белгилеп өткөндөй кыргыз балдар адабияты предмети гуманитардык-педагогикалык ЖОЖдордо окутулат. Тактап айтканда педагогикалык факультеттерде жана

кыргыз тили жана адабияты адистиктеринде.

Бирок бүгүнкү мезгилдеги илимий-технологиянын арасында жүрүп жаткан атандашуу доорунда мектеп окуучуларынан баштап ЖОЖдордогу студенттерге чейин көркөм чыгармага болгон кызыгуу начарлады. Коомдогу мындай негативдүү көрүнүштүн басымдуулугун жоюу үчүн эзелтеден бери муундан муунга чейин колдонулуп келген улуттук кор, көрөңгөбүздүн руханий асыл баалуулуктарын ЖОЖдун студенттерине, алар аркылуу бала бакчадан баштап, мектеп окуучуларына атайын кесипчилик орто окуу жайларына жеткирүү билим берүү системасындагы улуттук интеллегенциянын зарыл милдеттеринен болуп саналат. Анткени руханий-адептик тарбия-кыргыз балдар фольклорунун ички маани-манызында жатып, ал көөнөрбөс дөөлөттөр кыргыз балдар фольклору аркылуу педагогикалык адистиктеги ЖОЖдордо билим алып жаткан студенттерге жеткирилет. Алар бул предметти окуп үйрөнүү менен биринчиден, тилдик-коммуникативдик, экинчиден этномаданий, үчүнчүдөн этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрү калыптанат. Жогорудагы 1-бөлүмдөрүбүздө болочок адистерди этнопедагогикалык жактан тарбиялоо боюнча бир нече окумуштуулардын эмгектерин мисалга келтирип кеттик, бирок тилекке каршы бул проблема проблема каралган эмес.

Ошондуктан кыргыз элинин балдар фольклорунда ошонун ичинен жомоктор аркылуу балдарды тарбиялоо эн негизги ролду ойной тургандыгын улуу педагогдор өз эмгектеринде көрсөтүп, белгилеп келишкен. Маселен, К.Д. Ушинский: "жомоктор элдик педагогиканын эн алгачкы саамалыктары. Мындай алганда элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким тендеше албайт" десе ал эми улуу педагог В.А.Сухомлинский:" жомоктор-эл маданиятынын рухий байлыгы","бала жомокту окуп, аңдан түшүнүп жатып элдин турмушун жүрөгү менен туюп билет. Жомоктордогу сөздөр баланын аң-сезиминде дайыма жашайт. Фантастикалык көрүнүштөгү жомокту укканда бала өзүн унутуп коёт, мен окутууну жомок угуусуз жомок жаратуусуз элестете албайм" десе, Т.А. Волков жомоктор-адабий чыгарма, фольклор-элдик педагогиканын мурастары, дээрлик алардын баарында таалим-тарбиялык ойлор камтылган" дейт. Ал эми В.Г. Белинский орус жомокторунун элдүүлүгүн, аларда элдик мүнөздүн берилишин жогору баалап, кыялдагы нерселер менен ойдон чыгарылган окуялардын ары жагында реалдуу турмуш, социалдык маселелер турат" деген. Н.А.Добролюбов "эл тарабынан чыгарылган жомоктордо ошол элдин турмушка жана учурга мамилеси, психологиясы чагылдырылат, жомоктор- элдин тирүү физиономиясы" деп эсептеген. К.Д.Ушинский: "балдар жана жомоктор- ажыралгыс, алар бири-бири үчүн жаралган, андыктан аларды кеңири колдонуу керек [2.109].

Демек, " элдик жомоктордо адеп-ахлак, акыл-эс, эмгек, эстетикалык, дене-бойду өстүрүү, атуулдук, мекенчилдик, ж.б. тарбиянын баардык түрү ишке ашырылгандыктан, баланы ар тараптуу жетилген инсан даражасына жеткирүүдө жомоктордун мааниси өтө чоң. Ал эми ошол жомоктор жалпы эле дүйнөлүк балдар адабиятынын баа жеткис казынасы" [3.36]. Чындыгында бала бакчадан баштап ЖОЖдорго чейин жомоктор аркылуу улуттук баалуулуктарга тарбиялоодо жана ар бир муундун жан дүйнөсүнө бул касиет б.а. улуттук тарбия аркылуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүү негизги маселе. Анткени биринчиден ЖОЖдо окуган ар бир студент кыргыз элинин жомокторун үйрөнүп-окуу менен эртен өздөрү барган метептердеги окуучуларга өз билимин өткөзүп, ал жаш муундар ата-бабалардан келе жаткан бул фольклордук чыгармалар менен аларга тиешелүү руханий

байлыктарын сездирип билдиришсе, экинчиден бул фольклордун чыгармалар элдик каада-салт, үрп-адаттарды калыптандыруунун, таалим-тарбиянын эң биринчи негизги каражаты экендигин көрсөтүп билдиришет. "Элдик жомок-уламыштар аталардын баатырдык күрөштөрдүн өз эл-жерин сүйүүгө, коргоого, ага аталарча кызмат кылууга үндөө менен, улуттук сезим-туюмун, улут жандуулугун калыптандыруунун эң мыкты каражаты болуп берет жана социалдык активдүүлүгүн, моралдык этикалык жогорку сапаттарын калыптандырууга кызмат кылат" [4.112].

ЖОЖдордо жомокторду окутуу процесси лекцияларда, семинардык сабактарда ишке ашат жана алардын идеялык тематикалык сюжети аркылуу студенттердин компотенттүүлүгү калыптанып өсөт. Маселен жомоктор боюнча лекция өтүү аркылуу студенттердин компенеттүүлүгүн калыптандырууда адегенде жомоктордун тематикасына карай айбанаттар, турмуштук, сыйкырдуу-кереметтүү болуп бөлүнөөрүн жана алардын идеялык мазмунунда кыргыз элинин кылымдар бою оозеки жашап муундан муунга өтүп келе жаткан улуу фольклору жаштарды улуттук баалуулуктарга тарбиялап келген акылман философиялык көз караштарынын орду, ролу белгиленип өтүлөт. Андан соң айбанаттар жөнүндөгү жомокторго токтолуп, турмуштук, сыйкырдуу жомоктордон болгон айырмачылыгын жана жалпы идеялык окшоштуктары тууралуу маалымат берилет. Өзгөчө окуучулардын руханий адеп-ахлагын калыптандырууда ушул айбанаттар тууралуу жомоктордун ролу чоң экендиги белгиленип өтүлөт. Маселен "Каркыра менен түлкү” жомогу аркылуу түлкүнүн митаам, алдамчы, таш боор, туруксуз, жалганчы экендигин ошол эле мезгилде Каркыранын достукка бекемдигин, мээримдүүлүгүн, боорукерлигин, туруктуулугун, ишеничтүүлүгүн жомоктун сюжетине токтолуу менен студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырууга болот. Өзгөчө түлкүнүн образындагы терс мүнөздүк сапаттардын саналып өтүшү менен адам баласы мындай мүнөздүк сапаттарды өз мүнөздүк касиеттеринен алыстатуу сунушталат. Ушундай мүнөздөгү турмуштук жомоктордон болгон " Ак көнүл менен Кара көнүл" жомогу аркылуу да студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырууга болот. Маселен: Адам-1. Акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, өндүрүш куралдарын жасап жана эмгек процессин пайдалана билген жан, киши. 2. Жогорку моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө топтогон жакшы сапаттары бар киши. 3. Бой тарткан, акыл-эси, билими бар, колунан иш келген киши өспүрүм, жаш адамдарга карата айтылат [5.32.].

Демек, жогорудагы аныктамаларга таянсак адам - адамгерчилиги жогору инсан. Анткени коом ушундай мүнөздүк касиеттерге толо инсандар көптүгүнөн улам өсүп, өнүгүп олтурат. Ушул көз караш биз мисалга алган жомоктун идеялык мазмунун камтыйт. Анткени жомоктун сюжетиндеги Карасанатай өз досу Аксанатайдын адамгерчиликтүүлүгүнөн пайдаланып, колундагы күл азыгын, астындагы минип турган атын, акырында эки көзүн убадасына турбай, достук шертин бузуп тартып алды да ээн талаа, эрме чөлгө таштап кете берди. Анткени Аксанатай чындыгында ак көнүл адам, ак көнүл- деген көнүлүндө кири жок, арамдыгы жок, кишинин көнүлүн калтырбаган, оюна кек албаган, кекчил эмес адам. Ошол эле мезгилде Ак көнүл ак көрпө жайыл, башкача айтканда- пейили ниети таза, маанайы жарык, келишимдүү, билерман адам. Ошондуктан Кара көнүлдүн берген убадасына ишенип, оокатынан, азыгынан, эки көзүнөн ажырады.

Бирок элде ак көнүлгө Алла берет делинет. Ал эми жамандыктын арты кууш. Ошондон

улам Ак көңүл темселеп жүрүп отуруп, шаркырап аккан суунун боюна келип, бир аз суу ичип, чарчаган неме жата кетет. Бою талыкшыган неме бат эле уйкуга кирет. Уктап жатып түш көрөт, түшүндө туулган жеринде, туулган элинде жүрүптүр, алты саны аман экен. Эки көзү мурдагыдан да жакшы көрөт. Айланасына суктана карап жаткан кезде, кимдир бирөө "тур" дейт. Шак тура калса эч нерсе билинбейт, эки көзү мурдагыдай ордунда. Түшүндө көргөн туулган жери ага күч кубат берип, демденип калыптыр. Андан ары жолун улап, жээрге эч нерсеси жок ээн талаа эрме чөлдөн 5 күчүктүү канчыкка жолгуп, колунда болгон бир бир үзүм нанын берип жолун улап, кеч киргенде бир коргонго туш келип, ал жерден түн ортосунда ээн коргондун четине келип аңгемелешкен 9 баатырдын сырларын угуп, эртеси алар айткандай ошол коргондун артындагы 9 дилдесин жайган чычкандын дилдесин алып, андан ары Кунакун деген сарттын короосундагы алтын жамбыны 9 дилдесин берип сатып алып, ошол шаардын ханынын суранчы менен алтын казынасына 600 саржан аркан улаштырып түшүп алтынын ар дайым алып чыгып берип отуруп, ошол шаардын чоң байы атыгып, катын-балалуу болот.

Ошол мезгилде Каракөңүл тентиреп жүрүп отуруп жайылган малга туш болот, аны сураса "Ак көңүлдүкү" дешет. "Тигил алтын чатыр кимдики десе "Ак көңүлдүкү" дейт малчы. Ошондо өз кылыгын сезген Кара көңүл кечирим сурап, Ак көңүлдүн алдына кулдук уруп келет. Ак көрпө жайыл Ак көңүл анын жамандыгын кечирип, сыйлап кийит кийгизип узатат. Ушул даражага кантип жеткендигинин сырын ичине жашырбай айтып берет. Дагы эле ичи ириген Кара көңүл баягы Ак көңүл конгон коргонго келип жатат. Жаман оюнда Ак көңүлдөй байлыкка жетем деп ойлойт. Аны сезген баягы 9 баатыр баардыгынан айрылдык, бирөө ошондо угуп калган окшойт, эгер бүгүн аны тапсак өлтүрөбүз дешип жабыла чуркап издешет. Кара көңүлдү төбөсү түшкөн коргондун ичинен сүйрөп чыгышып, өлтүрүп, күнүн көккө сыгырып жиберишет. Ошондо улам элде: “Бирөөгө ор казсан терен каз, балким өзүн түшүп калаарсын” деген накыл кеп бар, Анткени Кара көнүл дегендин өзү кыялы терс, таш боор, кыянатчыл, адамга жакшылык кылбаган, кара санатай, ою бузук, ниети жаман, катаал, уятсыз дегенди билдирет.

Демек жогорудагы жомокторду студенттерге түшүндүрүп жатып, билгичтиктерин өнүктүрүп, компетенттүүлүккө тарбиялайбыз. Анткени болочок кесип ээси, эртенки жаш муундарына өз билимдерин элдик педагогиканын казынасы, жомоктор аркылуу жеткирүүгө мүмкүнчүлүгү бар анткени “аларда педагогикалык идеялар камтылган” [6.34].

“Жомоктордун балдарга тарбиялык таасири - кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун адам баласы аларды жене алат, акыры чындык, актык адамды бакытка бөлөйт деген ойду синдире алгандыгында” [7.128].

Ошентип бул жерде жомокторду окутуу аркылуу студенттерди компетенттүүлүкө үйрөтүү мүмкүн эместей корүнүнүшү ыктымал. Бирок эгер студент каалаcа ал предметтердин билим, билгичтик, көндүмдөрүнөн өздүк жүрүм-турумдарынын түрдүү моделдерин табуу жана аны ар бир сабактарда аппробация-презентация жасоо менен студенттин көнүлүнө жаккан, өзүнүн эстетикалык табитине шайкеш келген адеп-ахлактык жактан ылайыктуу багытты тандап алса да болот. Анткени компетенттүүлүк индивиддин жеке мүнөздүк касиети катары түрдүү формаларда маселен, өзүнүн үстүнөн иштөө, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу ыкмасында да болушу мүмкүн. Себеби, компетенттүүлүктүн табияты-окутуунун продуктусу, студенттин өзүн-өзү чыгармачылык

активдүүлүгүн өркүндөтүүсүнөн келип чыгып, окутуунун технологиясына караганда чыгармачылык өсүү менен чыгармачыл кесипкөйлүктүн (ишмердүүлүктүн) жалпылыгынан көбүрөөк пайда болот. Анткени компетенттүүлүк-студенттин өзүн-өзү өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн иш жүзүндөгү натыйжасы, катары ар бир ЖОЖдун студенти өзүлөрүнүн Кыргыз балдар фольклору боюнча алган билимдерин мектеп окуучуларына натыйжалуу өткөрүп берүү менен компетенттүү окуучуларды мамлекетке даярдап бере алат.

Элдик жомоктор, уламыштар жана аныз кептер аркылуу студенттер этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда кесипкөй педагогдун ролу чон. Анткени студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүнүн калыптанышында ЖОЖдордун окутуучуларынын иш билгилүүгү негизги ролду ойнойт. Бул аспектиден алганда белгилүү педагог,п.и.к., А.Касымов окутуучунун (иш билгичтиги) компетенттүүлүгүн төмөнкү багыттар боюнча аткарылаарын белгилейт: 1 педагогикалык, кесиптик иш билгилик. 2 окутуу-үйрөтүү процессин уюштура билгичтик. 3. Инсандык психологияга аяр мамиле жасай билгичтик. 4. Билим денгээлинин жетиштүүлүгү, тармактык билимдин бекемдиги. 5. Мугалимдик кесипке берилгендик, педагогдук ишмердүүлүктү аркалоо. 6. Окуу программалары боюнча түшүнүк, кабардарлык денгээли. 7. Коммуникабелдүүлүк. 8. Билимди, билгичтикти жана көндүмдү баалай алуу, баалоо критерийлерин билүү. 9. Квалификацияны жогорулатуу, мыйзамдуулукту билүү. [8. https://ky.wikipedia]

Негизинен келечектеги компетенттүү мугалимдер жогорудагы тогуз багытты ЖОЖдордо окуп, билип, үйрөнүп чыгуусу керек. Ал үчүн жогоруда көрсөтүлгөн “ кесиптик иш билгилик” ишке ашырылуусу абзел. Бул билгилик 1-кесиптик билгиликтен, 2-педагогикалык ишмердүүлүккө даярдыктан турат. **Биринчисинде** болочок мугалимдердин көз алдында өтүлө турган теманын технологиялык картасы даана, так элестеп туруусу керек. Башкача айтканда студентге бере турган билими, билгичтиги, көндүмдөрү жалпы компетенциялар менен бирге, окуу процессинде кайсы методдор колдонулары, алар кандай формада аткарылаары дайын болуусу шарт. Экинчиден окутуучу- студент өзү окуткан балдар фольклорунун ички мазмунун, ар бир жанрдагы көркөм чыгармаларды, аларга тиешелүү теориялык аныктамаларды эн жөнөкөй жатык тилде түшүндүрүп бере алуусуна жетишүүсү керек. Ал эми “педагогикалык ишмердүүлүккө даярдыкта” мугалимдин берген билими канчалык денгээлде студентге жетти, эгер түшүнбөй калса, кандай ыкмада кайрадан жеткирүү керектигин алдын ала ойлонуштуруу абзел. Ошондуктан берген билимге студенттин физиологиялык, психологиялык, социалдык жактан өнүгүүсү да себеп болоорун андап билүү зарыл. Себеби, студенттин бул өзгөчөлүктөрүнө ылайык окутуунун технологияларын колдонуусуна туура келет.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары: -Б 2006. -206,-207 -б.
2. Волков Т.Н Этнопедагогика. - М: АКАДЕМА, 2000. -109 б.
3. Абдраева Н.Э. Элдик жомоктор-баланын калыптануусунун башкы каражаты.- Ош. Ош университетинин жарчысы. №4-2015 3-чыгарылыш. 36-б.
4. Рысбаев С.К. "Педагогикалык технологиялар" кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы-Б: 2014.№1 112-бет.

5. Кыргыз тилинин сөздүгү. 1-бөлүк.-Б: "AVPASYA PRESS"-2011. 32-бет.
6. Жахангиров Т. Узбек балалар фольклору.- Ташкент 1975. 34-б.
7. А.Муратов, Б.Тажикова, К.Акматов. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-китеп. Ош 2015. 128-б.
8. https://ky.wikipedia.

*　　*　　*

***Сакиева Сайипжамал Салайдиновна, Капарова Нургуль Абийбилаевна***

## БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ (“МЕН ЖАНА ДҮЙНӨ” ПРЕДМЕТИНИН МИСАЛЫНДА)

***Сакиева Сайипжамал Салайдиновна, Капарова Нургуль Абийбилаевна***

## ПРОБЛЕМЫ ИНТЕГРИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ (НА ПРИМЕРЕ ПРЕДМЕТА «Я И МИР»)

***Sakieva Sayipzhamal Salaidinovna, Kaparova Nurgul Abiybilaevna***

## PROBLEMS OF INTEGRATED LEARNING IN PRIMARY EDUCATION (USING THE SUBJECT “ME AND THE WORLD” AS AN EXAMPLE)

***УДК. 502.504:37.03***

***Аннотация.*** *Акыркы мезгилде башталгыч класстарда комплекстүү окутууга өзгөчө көңүл бурулууда. Билим берүүнүн баштапкы этабында предметтерди бирдиктүү бүтүндүккө интеграциялоо эң натыйжалуу болот, анткени кенже мектеп окуучусу курчап турган дүйнөнү бүтүндөй кабылдайт жана ал үчүн предметтердин ортосунда чек болбошу керек. Интегративдүү окутуу бул баланын ар тараптуу өнүгүшүнө жана тереңирээк билим алышына шарт түзөт. Интеграциялык мамиле гумандаштыруу жолу менен өнүгүп келе жаткан заманбап билим берүүнүн актуалдуу муктаждыгы катары барган сайын таанылууда. Макалада башталгыч мектепте интеграцияланган сабактарды уюштуруунун маселелери, башталгыч жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары каралды. Ошондой эле интеграцияланган окутуу окуучуга өзүнүн инсандыгын жана максаттарына жетүү жолдорун ачуу үчүн түрдүү формаларды жана мүмкүнчүлүктөрдү берүүчү форма экендиги талкууланды.*

***Негизги сөздөр.*** *башталгыч мектеп, интеграция, интеграциялап окутуу, интеграцияланган сабак, комплекстик окутуу, компетенттүүлүк, сабактардын системасы*

***Аннотация.*** *В последнее время особое внимание уделяется интегрированному обучению в начальных классах. На начальном этапе обучения интеграция предметов в единое целое наиболее эффективна, поскольку младший школьник воспринимает окружающий мир как единое целое, а для этого не должно быть границ между предметами. Интегративное обучение позволяет обеспечить всестороннее развитие ребенка и более глубокое образование. Интегративный подход все чаще признается острой необходимостью современного образования, развивающегося посредством гуманизации. В статье рассмотрены вопросы организации интегрированных уроков в начальной школе, требования государственного образовательного стандарта начального общего образования. Также было обсуждено, что интегрированное обучение – это форма, предоставляющая учащимся различные формы и возможности для раскрытия собственной личности и способов достижения своих целей.*

***Ключевые слова.*** *начальная школа, интеграция, интегрированное обучение, интегрированный урок, интегрированное обучение, компетентность, система уроков*

***Abstract.*** *Recently, special attention has been paid to integrated learning in primary grades. At the initial stage of education, the integration of subjects into a single whole is most effective, since a junior schoolchild perceives the world around him as a single whole, and for this there should be no boundaries between subjects. Integrative learning allows for the all-round development of this child and a deeper education.The integrative approach is increasingly recognized as an urgent need for modern education, developing through humanization. The article considers the issues of organizing integrated lessons in primary school, the requirements of the state educational standard of primary general education. It was also discussed that integrated learning is a form that provides students with various forms and opportunities to reveal their own personality and ways to achieve their goals.*

***Keywords.*** *primary school, integration, integrated learning, integrated lesson, integrated learning, competence, lesson system*

Кыргызстандагы башкы маселелердин бири билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, мамлекеттин келечегин түптөө, бакубат экономикалык өнүгүүгө жетишүү, өз коомунун

келечек муундарына татыктуу билим жана тарбия берүү болуп эсептелет. Андыктан өлкөбүздүн экономикалык деңгээлин эске алуу менен билим берүү тармагында келечек муундарга татыктуу тарбия жана сапаттуу билим берүү үчүн кенже окуучуларын функционалдык сабаттуулуктарын, негизги жана предметтик компетенттүүлүгүн түптөө учурда актуалдуу маселе болуп эсептелинет. Мен жана дүйнө предмети кенже мектеп окуучуларынын дүйнө таанымынын илимий көрүнүшүн калыптандыруу жана себеп-натыйжа байланыштарын түзүүдө маанилүү орунду ээлейт. Ушул маселенин негизинде интеграциялап окутуу башталгыч окутууда бир топ жакшы натыйжа берет деп ойлойбуз. Интегралдык сабактарда балдар оңой иштешет жана кеңири материалды кызыгуу менен кабыл алышат. Алынган билим жана көндүмдөрдү кенже мектеп окуучулары өздөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө гана колдонбостон, чыгармачылыктын жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрдүн көрүнүшү үчүн да мүмкүнчүлүк болушу да маанилүү.

Билимдерди интеграциялап берүүнүн дидактикалык маани-маңызы тууралуу ой-пикирлер, идеялар байыркы мезгилдерде эле айтылып, изилдөө, окутуу иштеринде колдонула баштаган. Педагог-окумуштуу Э. Мамбетакунов бул проблеманын татаал жана көп кырдуулугун, анын башаты илимдерди жана илимий билимдерди интеграциялоодон башталып, проблеманын өзү байыркы ойчулдардын эмгектеринде чагылдыргандыгын өз эмгектеринде белгилеп келет. Предмет аралык байланыш, интеграциялап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери Эл мугалими И. Бекбоевдин эмгектеринде, айрыкча Э. Мамбетакуновдун өткөн кылымдын 70- жылдарынан бери жарык көргөн бир нече эмгегинде кеңири талдоого алынган.

Педагогика илиминде «интеграция» «предмет аралык байланыш» түшүнүгү менен биримдикте каралат. Эгерде билим берүү, окутуу процессинде эки же андан көп предметтердин өз ара байланышы-катышы толук ачылып, ал окутуу ишине көмөк көрсөтө алса, окуучуларга ал предметтердин өз ара байланышы, алакасы, өз ара аракеттенүүлөрү толук түшүнүктүү болсо, ал сабак интеграцияланган сабак болуп эсептелет [1].

Мектепте окуучулар, адатта, жеке предметтерди окуп, дүйнө бир жана толук экенин көрүшпөйт. Математиканы, орус тилин, мен жана дүйнөнү, сүрөт искусствосун жана башка предметтерди үйрөнүп жаткан учурда балдар бир предмет боюнча алган билимдерин жана билгичтиктерин башка предметте колдонууга боло тургандыгын түшүнүшпөйт. Интегративдүү окутууда предметтердин ортосундагы тыгыз байланыштан бала (эркисизден) өзүн кызыктырган предмет боюнча гана эмес, башкаларды да кызыктырбаган билимдерди жана көндүмдөрдү алууга үйрөнөт [2].

Комплекстүү окутуу ар бир адамга өзүнүн инсандыгын жана максаттарына жетүү жолдорун ачуу үчүн ар кандай типтерди жана мүмкүнчүлүктөрдү берет. «Интегративдүү окутуу» түшүнүгүнүн өзү жалпы тема жана максаттар менен бириктирилген сабактар системасы катары каралат. Ар бир предмет боюнча алган билимдерин айкалыштыруу менен бала изилденип жаткан предмет же кубулушту комплекстүү түшүнөт. Интегративдүү сабакты куруу үчүн тандалып алынган жалпы билим берүүчү дисциплиналардын темалары жаңы маселелерди жана маселелерди чечүү үчүн дисциплиналар аралык билимдерди кылдат тандоону талап кылат.

Мектепке келген балдардын темпераменти, эс тутумунун түрлөрү менен айырмаланат. Интеграцияланган окутуу – балдардын жакшыраак ачылышына жардам берген технологиялардын бири.

Константин Дмитриевич Ушинский ошондой эле интеграциянын элементтери жөнүндө (бул терминди атабастан), өзүнүн сабактарын иштеп чыгуу менен айтып өткөн, мында кандайдыр бир темага же иш-аракеттин бир түрүнө байланыштуу ар кандай предметтердин ортосунда терең байланыш бар экендигин белгилеген [2].

Интеграциянын милдети – мугалимдерге жана окуучуларга курчап турган дүйнөнү ар түрдүүлүк менен көрүүгө, аны кандай болсо, ошондой кабыл алууга үйрөтүү.

Интеграция – билим берүүнүн сапаттык жаңы деңгээлинде дисциплиналар аралык байланыштарды ишке ашыруунун жогорку формасы. Интеграция предметтик системаны өркүндөтүп, анын кемчиликтерин жоюуга жардам берет жана субъекттердин ортосундагы байланыштарды жана өз ара көз карандылыкты тереңдетүүгө багытталган.

Интеграциянын ар кандай ыкмалары бар. Биринчиден, башталгыч класстарда бизге белгилүү болгон бир предмет ичиндеги интеграция (ар бир сабакта тереңдетүү жана кайталоо), андан тышкары, сабактарда бардык (же дээрлик бардыгы) негизги темалар жөнүндө сүйлөшөт.

Экинчиден, интеграцияланган билим берүү предметтерин түзүү, мисалы: «Мен жана дүйнө», «Кеп жана баарлашуу маданияты» («Риторика»), «Математика», «Музыка» жана башкалар [3].

Үчүнчүдөн, мазмуну боюнча окшош эмес интеграцияланган сабактарды түзүү: англис тили – мен жана дүйнө, музыка – математика жана башкалар.

Интеграциялык сабактарды пландаштырууда бул сабактарга карата санитардык-гигиеналык талаптарга да көңүл буруу керек:

үзгүлтүксүз сабактар 1 – 2 физикалык мүнөт жана 1 мини-тыныгуу менен 60 мүнөттөн ашык эмес;

эгерде 60 мүнөттөн кийин интеграцияланган сабак уланса, анда же динамикалык саат же таза абада сейилдөө талап кылынат.

Теманы кеңири жана терең үйрөнүү үчүн эки сабакты катары менен өткөрүү максатка ылайыктуу. Кээде мындай сабактарга бир жума мурун даярданабыз. Мисалы, «Токой – жаратылыш коомчулугу» деген темада сабакка даярданууда балдар өзүнчө дептерге материал чогултушат. Токой жөнүндө макал-лакаптарды, аңгеме, ыр саптарын жазышты, ошондой эле бир өсүмдүктүн, бир жаныбардын мүнөздөмөсүн жазышат. Алар бул билимин жана шык-жөндөмүн адабий окуу сабагында колдонушкан.

Интеграцияланган сабактар бала иштин максатын, милдеттерин жана натыйжасын ачык мисал аркылуу көргөндө, тереңдетилген окутуу үчүн кырдаалды түзөт. Заманбап мектепте предметтерди интеграциялоо учурдун реалдуу талабы, ар тараптуу өнүккөн инсанды калыптандыруунун жолдорунун бири.

**«Мен жана дүйнө» предметин «Адабий окуу» менен интеграциялап окутуунун артыкчылыктары.**

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын түзүүдөгү жалпы принцип - компетенттүүлүккө негизделген мамиле. «Мен жана дүйнө» предметинин стандарты окуучуларда өзүн, жаратылышты жана коомду түшүнүүгө багытталган түйүндүү жана

предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптанышын камсыз кылууга тийиш. Ошондой эле предметтин эң маанилүү милдеттеринин бири – предметтин куралдары менен критикалык ой жүгүртүү, чыгармачылык, коммуникация жана кызматташуу көндүмдөрүн, эмпатияны жана жалпысынан эмоционалдык интеллектти калыптандыруу [1]. Демек, ар бир мугалимдин кыялы – өз алдынча ой жүгүрткөн, өзүнө суроо берип, ага жооп таба алган, көйгөйлөрдү коюп, аны чечүүнүн жолдорун издеген билимдүү окуучуну тарбиялоо. Интегративдик сабактарды киргизүү мугалимге окуучунун окуунун алгачкы кадамдарынан баштап баланы курчап турган дүйнөнү бир бүтүн катары элестетүүгө үйрөтөт. Балдарды өнүктүрүүнүн жолу катары башталгыч мектепте интеграцияланган сабактарды өткөрүү тажрыйбасы классикалык педагогиканын идеяларына негизделген.

Заманбап мектепте предметтерди интеграциялоо окуучуларга эффективдүү жана интеллектуалдык таасир көрсөтүү максатында педагогикалык чечимдерди активдүү издөөнүн багыттарынын бири болуп саналат. Башталгыч класстын мугалиминин ишинин өзгөчөлүгү – ал жалгыз балдарды бир нече дисциплиналар боюнча окутат. Интегралдык сабактарды киргизүү мугалимге бул программалардын кыйынчылыктарын жеңүүгө мүмкүндүк берет жана билим берүүнүн алгачкы кадамдарынан тартып баланы дүйнөнү бир бүтүн катары элестетүүгө үйрөтөт. Интеграция – бул белгилүү бир чөйрөдөгү жалпыланган билимдердин бир окуу материалына терең кирүү, бириктирүү. «Интеграция» түшүнүгү эки мааниге ээ болушу мүмкүн: мектеп окуучуларында курчап турган дүйнөгө бирдиктүү көз карашты түзүү (окуу максаты); билимди бириктирүү үчүн жалпы аянтчаны табуу (окуу куралы) [3]. Интегративдүү сабак салттуу ыкмалардын алкагында ишке ашыруу кыйын болгон бир катар маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет. Алардын кээ бирлери төмөнкүлөр:
− стандарттуу эмес сабак формасына байланыштуу окуу ишинин мотивациясын жогорулатуу;

− ар кандай предметтик чөйрөлөрдө колдонулган түшүнүктөрдү кароо; − акыл ишмердүүлүгү менен максаттуу ишти уюштуруу: салыштыруу, жалпылоо, классификациялоо, анализдөө, синтездөө ж.б. жана башкалар; − дисциплиналар аралык байланыштарды жана аларды ар кандай маселелерди чечүүдө колдонууну көрсөтүү. Интегративдик сабактарда балдар оңой иштешет жана кеңири материалды кызыгуу менен кабыл алышат. Алынган билимдер жана көндүмдөр окуучулар тарабынан стандарттуу билим берүү кырдаалдарында практикалык иш-аракеттеринде гана колдонулбастан, чыгармачылыкка жана интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөргө жол ачышы да маанилүү [3]. Бардык мектеп дисциплиналары уникалдуу интеграциялык потенциалга ээ, бирок алардын айкалыштыруу жөндөмдүүлүгү жана интеграциянын эффективдүүлүгү пландаштырууда эске алынышы керек болгон көптөгөн шарттардан көз каранды. Биринчи кезекте белгилүү бир класстагы окуучулардын даярдыгынын деңгээли талданат. Алардын билим берүү ишмердүүлүгүндөгү кыйынчылыктар интеграциялык ыкманы колдонуунун себептеринин бири болушу мүмкүн. Бирок интегралдык сабактарды ишке ашырууда кыянаттык менен пайдалануу мүмкүн эмес, анткени сабактын бул формасын өтө тез-тез колдонуу терс натыйжага алып келип, изилденүүчү предметтер боюнча окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүнүн төмөндөшү мүмкүн. Интеграцияланган сабактар бир иштин түрүнөн экинчисине өтүү аркылуу окуучулардын чарчоосун жана ашыкча чыңалышын бошотот. Бирок, мектептеги биринчи эки жылда интеграцияга өзгөчө көңүл бурбоо керек, анткени

балада билимдин чоң запасы жок, грамматикалык, эсептөө жана техникалык көндүмдөр калыптана элек. Интеграцияланган сабак мугалимден кошумча даярдыкты, чоң эрудицияны, жогорку кесипкөйлүктү талап кылат. «Мен жана дүйнө» академиялык дисциплина өзүнүн маңызы боюнча, ар кандай дисциплиналар аралык байланыштарды түзүүнү камтыган жана башталгыч класстарда интеграцияны камсыз кылган академиялык дисциплинанын классикалык үлгүсү болуп саналат. Мен жана дүйнө табигый, гуманитардык жана көркөм циклдердин ортосундагы байланыш [4]. Ар түрдүү багыттагы дисциплиналар менен дисциплиналар аралык байланыштарды түзүү дүйнөнүн бир бүтүн картинасын, баланын дүйнө таанымын калыптандырууга мүмкүндүк берет. Эффектти күчөтүү үчүн аны башка окуу дисциплиналары менен айкалыштырууга болот. Албетте, идеалдуу түрдө интеграцияланган 4 дисциплинанын айкалышы болсо болмок: Адабий окуу, Сүрөт искусствосу, Технология жана Музыка. Бирок 45 мүнөттүк сабакта окуу материалдарынын мындай айкалышы дээрлик мүмкүн эмес. Ошондуктан, 2 дисциплинага токтолуп, дисциплиналар аралык интеграцияны курстар аркылуу ишке ашырууга болот: **Мен жана дүйнө менен Адабий окуу.** Бир катар сабактардын жалпы темасы окуу предметтеринин мазмуну менен бизди курчап турган дүйнө менен байланыштарды түзүүгө жардам берет. Курчап турган дүйнө жөнүндөгү сабактарда окуучулар курчап турган жашоонун предметтери жана кубулуштары, жаратылыш жөнүндөгү түшүнүктөрдү топтоп, байытып, системалаштырат. Ал эми окуу сабактарында бала дүйнөнү образдуу көркөм сүрөттөөдө көрөт. Поэтикалык образ окуучулардын жаратылыш жөнүндөгү илимий маалыматтарды жакшы кабыл алуусу жана жаттоосу үчүн кызмат кылат. Мен жана дүйнө сабагындагы интеграция адабий материал менен бекемделген курчап турган дүйнө жөнүндө алынган билимдердин, ошондой эле окуучулардын бул билимди колдонуудагы конкреттүү практикалык иш-аракеттеринин ортосундагы байланышты түзүүгө, ошону менен окуучулардын талаптарынын бирин ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Мен жана дүйнөдөн алынган сабактар окуучулардын кебин өнүктүрүүнүн эң жакшы каражаты болуп саналат, анткени кептин өнүгүшү окуучулардын жаратылыш объектилерине болгон кызыгуусунун негизинде эркин шартта жүрөт.

**Жыйынтык.** Жогоруда айтылгандай интеграция бул калыбына келтирүү да, толуктоо да болуп, баланын ар тараптуу өнүгүшүнө жана тереңирээк билим алышына шарт түзөт. Мен жана дүйнө ар түрдүү предметтер менен интеграциялана алат. Алардын ичинен Адабий окуу предмети менен интеграцияланса баланын көркөм адабиятка сүйүүсү ойгонот, сөз байлыгы өсөт, сүйлөө жөндөмү жакшырат. Адабий чыгармалар окуучулардын жаратылыш жөнүндөгү илимий маалыматтарды жакшы кабыл алуусу жана жаттоосу үчүн кызмат кылат. Мен жана дүйнө сабагындагы интеграция адабий материал менен бекемделген курчап турган дүйнө жөнүндө алынган билимдердин, ошондой эле окуучулардын бул билимди колдонуудагы конкреттүү практикалык иш-аракеттеринин ортосундагы байланышты түзүүгө, ошону менен окуучулардын талаптарынын бирин ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы – Бишкек, 2003-жылдын 30-апрели № 92

